Скырг
С 89

Жыргал Сулайманов

# Багажник



Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ. выдач

13.11.25.

25000

Формуляр книги

87594

манов Н.

Скырг
С 89

Жыргал Сулайманов

# БАГАЖНИК

Роман



Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487594

«Улуу Тоолор»
Бишкек – 2025

УДК 821.512.154-34
ББК 84 (5Кир)-442
С 76

*Демөөрчүлөр:* ***Гапаров Ниязбек Орозалиевич***
***Боронбаев Калысбек Арзибекович***

С 76 **Сулайманов Жыргал.**
**Багажник. Роман.** – Б.: Улуу Тоолор, 2025. – 268 б.

ISBN 978-9967-29-756-2

Жазуучу Жыргал Сулайманов жаңы «Багажник» аттуу романында 21-жаштагы Таабалды Тиртеевдин бир күндүк өмүрү сыноого туш болуп, анын адеп-ахлагы, кулк-мүнөзү тараза ташына түшөт. «Тиртеевдердин» үй-бүлөсүнүн призмасында – корпоративдик кызыкчылыктар, ааламдашуу, ыңгайлуулук, конфессия жаатында адамзаттын алдындагы болуп жаткан кубулуштарды жазуучунун палитрасында көркөмдөп, сүрөттөгөн.

*Мукабадагы сүрөттүн автору:*
***Мамарайимов Кубанычбек Жолдошович***

УДК 821.512.154-34
ББК 84 (5Кир)-442

ISBN 978-9967-29-756-2

© Сулайманов Ж., 2025

Балалыгың – таң нурундай элесте,
Жалын жаштык – тээ кырдагы белесте,
Кутман курак – бышты аттай кишенеп,
Карылыгың – тез таарынган наристе.

Жашоо-белдин катаалдыгын сезбепмин,
Ашуулары кырдуу экен мээнеттин,
Дүйнө сырын өз ичине камтыган,
«Багажникте» не болорун билбепмин? –

деп «Багажниктеги» Тиртеевдердин окуясынан соң жазылган саптар.

«Көрүнгөн тоонун ыраагы жок» дегендей «Багажник» менен Тыртай атадан тараган «Тиртеевдер» жөнүндө баян кылуунун сааты эми чыкты. Экөө бири-бири менен түз да, кыйыр да байланышта. Демейде маанилүүлүгү боюнча буларды акыркы орунга коюп, атүгүл, кол манжага илешпегенин эстесем, уялам. «Колдо бар алтындын баркы жок» дегенге дагы бир жолу ынандым. Багажниктин жансыз экендигине шек болбосо деле, кээде жаны бардай туюлчу. Атүгүл, күнүмдүк жашоомдо маани бербей, эзелки кайдыгер мамилеме жаным кашайчу. Албетте, мындай тыянак «Тиртеевдердин багажниктеги окуясынан» кийин гана тастыктады.

Багажниктин негизги аткаруучу кызматы буюм-теримди, кой жаныбарды той-топурга, өлүм-житимге, алды-саттыга жеткирүү болсо керек деген балалык пикирде жүрчүмүн. Тарых деген кашкайган неме, өткөн чакты шоона кылбагандай «багажникти» баалаган инсандарга деле туш

болдум. Алардын багажнигинде дайыма сакталуучу машине күлүчтөрүнүн топтому, кошумча дөңгөлөк, кайырмак, казан ж.б.у.с. баарын кошуп айтканда өзүнчө эле бир кең дүйнө батып кете берет десем түк жаңылышпайм.

– Ээ балам, багажниктин бейнесин ачып кирдиң. Анда ошол Тиртеевдерден сүйлө, узун жолду кыскарталы, – деди Бишкектен Ошко командировкага бараткан Исраил аттуу шеригим. Жалгыз кетпей жолго шерик болсун деп «Батыш» вокзалына келсем, кылдыректүү кырмызы чемоданын сүйрөп, экинчи колунда кара портфель көтөргөн, чачын бубак басып, кебетеси кызматкердей, жашы элүү-алтымыштын оро-парасындагы тыкыйган жолоочуну алып, жолго аттандык. «Эмнеге бир эле адам алдың?» – деп сураганынан, тергөөчүдөн «суракка чакыруу» келгенинен шашып бараткнымды айттым.

– Кандай сурак? – деп бүйүрү кызып, кайра собол таштаганда:

– Акыреттеги сурак, – деп адегенде тамашалап алган соң, – «Кандай сурак?» деп айтаарыңызды сезгем, анда кеп нугун ошол жакка бурайын. Ток этери, борбор калаада «Көкөтөйдүн ашындай, Кожомкулдун ташындай» той баштаган бир тууган агам Тагай Тиртеевдин уулунун үйлөнүү үлпөтүнө чакыруу катты алган кандаш туугандарымдын, кашташ зурияттарымдын: «Бишкекке ким кантип барат?» – деген соболу сөз чордонуна айланганы өөн учураган жок. Анткени жол узак, татаал, ары кан жол. Аралыгы бери дегенде жети жүз чакырымды чапчыйт. Ашуулары, өрөөндөрү, серпантиндери, аска-зоолору менен бирге берметтей жаркылдап, көздүн жоосун алган Нарын дарыясы менен таанымал. Салабаттуу аш-тойлордун көркү болгон аксакалдарыбыз, даткадай энелерибиз жана орто жаш курактагылардын чөнтөгүндө акчасы толо болгондор учак менен кетүүсү дароо чечилди. Мага окшоп айлыктан айлыкка тырмышып оокат



өткөргөн кембагалдар менен «короосунда малы, ороосунда даны бар» ортозаар байлар жаратылышка суктанып, балык жеп, эс алганча унаа менен бармай болдук. Кошумчабермейди «ийри отуруп – түз кеңешип», мурунку-кийинки аласа-бересени эске алып, баалар асманга, кой эти көккө көтөрүлгөнүн эстеп, акыры «Өгүз өлбөсүн, араба сынбасын» сыяктуу бир чечимге токтолдук,– деп жооп кайырдым.

– Чырымың жаш көрүнгөн менен, чоң атамдай сүйлөйт экенсиң, каерде иштейсиң? – деп сурады Исраил мырза чачын артка тарап.

– Банкир болуп иштейм.

– «Вампир» дейсиңби, ия! Жо-ок, тамашалайм. Банкир турбайсыңбы. Жашың канчада?

– Жыйырма бирде, атым Таабалды. Тиртеевдердин эң кенжесимин. Үй-бүлөлүүмүн, колуктумдун аты Айсулуу, жашы он тогузда, өткөн күздө коломтобуздун оту жанды,– деп жооп бердим, баары бир үй-бүлөлүк абалым, жубайым тууралуу сурарын сезип.

– Түшүнүктүү, баяныңды ула.

– «Кеңешип кескен бармак оорубайт» болуп, тойго – Жеймс Картер аттуу чоң жездемдин беш орундуу кроссовери менен бармай болдук.

– Ай, токточу, ал эмне америкалыкпы?

– Ооба, так ошондой. Элүүнүн ашын ашап калган улуу эжем Цзинцзин Тиртееванын күйөөсү.

– Эжеңдин теги кыргызбы, аты кытайча го?

– Кыргыз. Эмнеге кытайча коюлганын, америкалык Жеймс Картер экөө кантип баш кошконун алдыда баяндап берем.

– Макул, уланта бер.

– Шопурдун жанындагы алдыңкы орунга кырктын кырын ашкан кычыраган Иван Фитин жездем жайгашмак болду.

– Бул жездең оруспу?

– Болгондо да теги Питердик интелегенттүү, илимдүү-билимдүү орустардан.

– Түй ат-тааа! Интернационал үй-бүлө турбайсыңарбы.

– Туура айттыңыз, өткүн жаандан кийин чыкчу түстүү асан-үсөндөйбүз.

– Иван Фитиндин аялынын аты да кыргызча эмес деп, олуя болуп алдын ала айта берейин.

– Маекке ынтаа коюп, маани бергениңизден оюма оюңуз төп келди. Союз, Космос, Съездбек, Замира деп советтик идеологиялык ысымдар пайда болгондой, соңку кездежегич аткаминерлер элге жаман көрүнүп, молдокелердин сөзү өтүмдүү болуп, араб маданияты элге сиңгенге азыркылар балдарына Айша, Хадиче, Мухаммед деп арабча ысым берип жатышпайбы. Андай ысымдардан биз да куржалак калбаппыз. Иван Фитиндин аялы – менин бир тууган карачечекей эжемдин аты Лакшми Тиртеева.

– Индиялыктардын ысымы го.

– Так ошондой.

Жашы отуздун ак боз атын минген Лакшми, чоң эжем Цзинцзин жана Айсулуу Тиртеевалар унаанын арткы орундугуна жайгашуусун чечишип алдык.

– Рулга унаа ээси америкалык жездең олтурса, алдыңкы орундукту орус жездең ээлесе, арткы орундукта эки жежең менен колуктуң болсо, сен эмне машиненин куйругун кармап кеттиңби? – деген Исраил мырза кыткылыктап, өзүнүн сөзүнө өзү ыраазы болуп чын дилинен жыргап алды.

– Мурда макулдашылган боюнча мен «багажникте» кетмей болдум.

– Анча эмне азап болду? – деп мени кылыя, шектүү тиктеди.

– Алиги атың өчкүр «Ковид» илдети каптап алган соң баарынын жүрөгүн түшүрүп, дегеле кете турган түрү жок, жыйырманчы жылдын ала-шалбырттаган жаз айы болуп



жатпайбы. Бейтааныш такси менен кетсең – оору жугузуу тобокелчилиги жогорулайт имиш. Бассак-турсак антисептик себинип, бет маска, кол кап тагынып, учурашпай, аралыкты сактап, караңкалгыр десе, атүгүл чогуу тамактанбай калбадыкпы. «Багажникте кантип кетем?» деген тынчсызлануу болбоду. Кооптонуп, боз кашканын багажниги менен бир саам таанышып койсом, сизге маек кылган баян айтылбай, тергөөчүнүн жүрөктүн үшүн алган «сурак чакыруусун» албай, тынч отурмакмын. Ага эми бармак тиштеп өкүнүүнүн, дил оорутуп сөгүнүүнүн кажети жок. «Бейиштен түшкөн койчолук жокмунбу?» деп менменсинип койгом. Кой жаныбар ошончолук топук, ошончолук момун экендигин багажникке жайгашканда гана сездим.

Айлана сокур түнгө жамынып, атчу таң шашпагандай төрт менен бештин арасы. Бакалар бакылдап, иттер абалап, асманда төөнүкүндөй өркөчтөнгөн булуттар бир жакка жөнөшкөндөй. Бишкекке жөнөө үчүн шаар астанасынын кыябында жашаган Жеймс Картер менен Цзинцзин Тиртееванын үйүнөн кездешмек болдук. Иван Фитин менен Лакшми Тиртеева ошол жерден түнөк тапканын, келинчегим менен короз кыйкыргыча, таң супа салгыча чек араны коргогон жоокерлердей айтылган саатта тыкыйып туруп калышыбызды шартташканбыз. Андыктан, уйкум бышпай, ылдый тоголонгон боюнча түшүмдү түйүнчөккө, уйкумду көз уугума сайып, чоң эжемдикине жетип бардык. Сыртта чоң жездемдин Бишкекке жөнөөчү боз машинеси кирдеген кишидей бозала. Ашууда кар, тоң болушун эске алганбы, кышкы дөңгөлөктөрү «тиштерин» арсайтып турат. Короодо Иван жездемин ак боз атынын тери катып, тердиги чечилбей кожоюнун күткөндөй бул деле «жер чапчыйт». Ичкериде табити тартса-тартпаса да ысык чайдан ооз күйгүзө ууртап жатышыптыр. Чайга кысташты эле, түн менен таң ортосунда кекиртектен чай өтмөкпү, сындырылган нандан ооз тий-

дик. Баарыбыз шаша-буша сыртка чыгып, макулдашкандай жайгаша баштадык. Болгону уйкум бышпай, түшүм соңуна чыкпай калганга кабагыма каар жаап, көңүлүм ачылбай, желкем тырчып турган. Аңгыча Жеймс жездем унаанын арт жагына өтүп, багажникти ачты эле, арткы орундуктагы Тиртеевалар биз жакка баштарын бурду. Жеймс жездем:

– Өзгөнгө чейин токтомой жок. Барчу жериңерге барып алдыңарбы? – деп кайрылды. Алар тойго аттанган ачык маанай менен жөн гана:

– Кхе, – деп ооба дегенсип, күрсүнүп коюшту. Жеймс Картер мага үңүлүп:

– Жаңы үйлөнгөндөй эмне мойтоёсуң? Чык, жолду арбыталы, – деди.

Тар багажникти көргөндө көмөкөйүмө нандын ушагы келип, какап кеттим. Бул жер мен ойлогондой болбой чыкты. Бутумду сунуп, чалкалап кетем дегем, балээсинеби. Багажниктин төр жагынын төрттөн бир бөлүгүн сүйрөп жүрчүжуп дөңгөлөктүү жашыл чемодан ээлептир. Анын үстүндө, сыдырмалуу биздин кара спорт сумке карын майдай тырсыят. Сол тарапта сүдүрөмөй пушту чемодан какаят. Бери жагында али май жыты кете элек маргарин салчу агыш-күрөң түстүү коробканын ичи: алма, анар, нан-боорсокко толуптур. Багажниктин эшик жагына жакын жерде ак жазуусу бар көк пакеттер буюм-теримге жык-жыйма. Ушунун баары унаанын шыбын тиреп турат. Мен отурчу жер – багажниктин жарымы гана болгондуктан арандан зорго үч бүктөлүп: «А-аа», – дегиче Жеймс Картер багажникти жапты. Жогору мен үстүртөн санап өткөн буюм-тайымдар жана оокат-аштар менен орун талаша багажникке тыгылганда, айланам капкараңгы боло түштү. Капаска түшкөн парандаын кейпин кийгенге, байкуш жүрөгүм казанга кууруганнын кейпин кийгенге, байкуш жүрөгүм казанга кууругандай «чыз-ззз, чыз-ззз» этип, ачышып кетти. Төбөм шыпка такалганга башым эңкейип, омурткам бүкүрөйүп, таманым



чемоданды тиреп, тизем бүгүлүп мурдума такалды. Төрткө бөлүнгөн жүрөгүмдүн үстүнө оор контейнерди жүктөп койгонсуп жанчылганга сыгылып-сыгылып кеттим. «Минтип Бишкекке жете албайм», – деп догурунайын десем, бир туугандарымды карай да албайт экенмин. Денемди, моюнду бурганга мүмкүнчүлүк жок. Дөңгөлөк жүргөн темир тетиги багажниктин ич жагына дөмпөйүп, жонума такалды. Темирдин үстүнөн кебез капталганы менен утуру жолдун оңкул-чуңкуруна түшкөндө, белим табылгыдай «ийрең» этип кайрылганда, ооруксунуусунан жаным көзүмө көрүнүп жатты. Белим түртүлгөнгө тизем мурдумдун кемирчегине катуу тийип, каңылжаарым жарылчудай, мээм атылчудай, айламды алып, шаштымды кетирди. Моюн-башымды, белжонумду жана буту-колумду темир тетиктери менен кошо жүктөлгөн жүк ыңгайсыздантып, ар тараптан кысып, ансайын бут коёрго жер, баш жөлөгөнгө шарт жок экендиги шаабайымды суутту. Баяраак «Өзгөнгө чейин токтобойбуз», – деген Жеймс Картердин сөзү: «Сүргүндө он жыл жүрөсүң» деген «Өкүмгө» тете болуп, тээ Гибралтар кысыгындай алыс туюлду. Тоотпой жүргөн багажник заматта өз дүйнөсүнө мыжып, бардык тарабымдан кысып, мүңкүрөтүп салды. Бу кезге чейин багажникке койлорду ушинтип тыгып келсем, эми койдой тыбырчылап, думугуп бараттым. «Ач багажникти!» – деп догурунуп, арткы орундукка кысылсам болмок. Бирок, бир апта мурунку тууган отуруштагы Жеймс жездемин сөздөрү кулагыма жаңырды: «Эй, Таабалды, сен «Ковидди» шылтоо кылба, өлбөйсүң. Бизчилеп аскерде кызмат өтөбөдүң, багажникке чыдай албайсың. Катыныңды ээрчитип, жөн эле такси менен кете берсеңчи. Бирок, билип турам, биз менен бака-шака болуп чогуу кеткиң келип жатат», – деп азил-чыны аралаштырып соккон. Ошондогу Жеймс Картердин туздалган сөзү, мылжыйган жүзү, андан сырткары, жолго жөнөр алдында анын оозунан буркураган

арактын ачуу деми, жана жанараак эле караңгыдагы элес-булас байкалбаган көз карашы менен багажникти жапканы кайра көз алдыма тартылды. Пысып калдым. Ала шалбырт, март айынын башы болгондуктан, эшик суук, унаа ичи деле анчейин жылуу эмес, бардыгыбыз куртка-тончонбуз. Төбөмдөн ылдый «гүү» деген үн кулагыма куюлуп, саратанда чапкы чапкандан бешбетер бүт денемден кара тер кетип, бир шумдук болуп кыйналып чыктым. Баяраак Цзинцзин Тиртеева эжемдин: «Чай ич, козучак», – деген жалбарган көз карашы жана үстүнөн булоо чыккан чай куюлган көк түстүү пияла көзүмө жагымдуу тартылды. Шилекейим менен суусунумду кандырбасам да кургаган тамагымды нымдап алайын деп жутундум, конок ээсине делген коробкадагы алма, анарларга кол салганга даабадым. «Козучак» деп эркелетип айтканына мурун маани бербей жүргөн болсом, багажниктеги койдун ордун ээлеп бараткандымды аңдаганга, эжем билгендей эле эркелетип жүргөн экен деп, тан бердим.

Унааны токтотуп, масканы беш кат тагып, Айсулуу экөөбүз такси менен кетүүгө белсендим. Бул ойду айтуу үчүн салонго кулак салсам, арткы орундуктагы Тиртеевалар жыргап, сонун маекке кирип алышыптыр. Такси менен эле кете бербей деп сыгылган жүрөк дагы эски пластинкамды кулакка жаңыртты. Кана эми мурунку тынч заман болсо унаама эки-үч кардар алып, келинчегимди отургузуп, атымды чапкылап Төө-Ашууну ашмакмын. 2020-жылдын кыш айларында башталган «COVID-19» пандемиясы баарыбызды мусаапыр кылып, жашоо ыргагы менен кошо тартибин да такыр өзгөрттү. «Жукпайт! Жугат! Фармация мафиясы. Чоңдордун оюну. Акча айласы. Арденке», – дешип башты деле айлантып бүтүштү. А-бу дешкенинен «туугандын турпаты алтын» деп багажникте кетүүгө макул болгом. Аны-муну ойлогон башым чыңалып чыкты, качан жарылып кетет экен деп бушайман жейм, ойлор болсо орошон



болуп, тоо жылгаларынан буркан-шаркан аккан дарыядай күргүштөйт. Сыгыла берип сууга түшкөн чычкандай шүмүрөйүп, атүгүл, чүнчүгөнүмдөн жөөлүй баштадым. Же эжелерим, же жезделерим бир ооз: «Ээ, Таабалды, кандай баратасың? Кыйынчылык жокпу? Суу-пуу ичпейсиңби?» – деп сурап коюшпайт. Мейли алар сурабасын, Айсулуучу? Ал деле үндөбөйт. Койду жүктөп бараткында койдун тыбырчылап тепкиленгени салонго угулса деле унчукпай кете берчүбүз. Козучакка айланган мени баары унутуп, кудум койго мамиле кылгандай баратышат. Болгону кой тыбырчылаганын сыртка чыгарса, менин быкшыганым жан дүйнөмдү тарактатып, нары апарып, бери апкелип атты. Ичтеги шоркулдак эже-жездемдерге балээге угулабы. Кайра эле ажалга окшоп айланчыктаган баягы «Багажникке эмнеге ынадым?» – деген ой мээмди тоңкулдактай кагып салды. Же сырт жарык болсо гана? Көчөнү көрүп, көңүлүм ачылып, алаксыйт белем? Азыр болсо Жеймс жездемдин боз унаасы «Титаникке» окшоп мухиттеги туңгуюкка бараткандай караңгылыкты жиреп баратат. Ошол океандагы көк киттей ойлор мени жеңдиби, же айласыздык убактылуу жүрөгүмдү сыкканын токтоттубу, айтор, көзүм илинип кетти. Канча уктаптырмын, билбейм, бир кезде багажникке толгон жагымсыз жыттардан өпкөмө таза аба жетпей, уйкум умачтай ачылды. Айлана дагы деле көрдөй караңгы. Тердеп-тепчиген жезделеримдин, атыр-упаларга чыланган Тиртеевалардын жана бактан урган бензин жыты, айтор баары аралашып багажникке топтолуптур. Салондогулардын айнегин ачып желдеткен жели быякка жетсечи. Буту-колум кабышканы – бир азап, жонум дөңгөлөктүн темир айбанчасына такашып талыганы – эки азап, жүрөктүн сыгылганы – үч азап болсо, эми жагымсыз жыт эле мага жетишпей турду эле. Жанареки арак балакеттен эки жүздү урган кишидей башым кеңгирей түштү. Кой байкушка ыракмат дедим, жанымда болсо

бетинен өөп-жыттамакмын. Бишкек быякта турсун, Өзгөнгө чейин дагы кыйла бар. Жолдуката багажниктин темир тетиги жонумду тиреп, теримди өйүткөнүнө чыдап келатсам, таңкы муздак жел багажниктин темирине өтүп, андан денеме өткөн сыз – багажникте эмес муз үстүндө дырдай жылаңач жаткандай туюлуп, жели чыккан топтой каат-каат болуп, тырышып-бырыштым. Далымдын сыздатканы жанагы атың өчкүр «сыздооктой» талытканын айтпаңыз. Атүгүл, ошол багажниктин алдынан соккон муздак шамал далымдан өтүп, өпкөмдөн чыккандай шуулдайт. Же берки ныптама оодарыла алсамчы, кудум буту тушалган койдой «кың» эткенге дараметим жетпейт. Эптеп Өзгөнгө чейин чыдамак болдум, жол боюнда ким көп, «Бишкекке» деген таксичилер көп, ошолорго отурам деп өзүмдү сооротумуш эттим. Караңгы суюлуп, жапжарык жайга жеткенде «кыйыч» деген тормуздун үнү кулагымды кужулдатып, унаа дөңгөлөктөрүнүн асфальтка жышылган жагымсыз жыты таноомду аралады. Чамасы, май куюучу жайга токтоду окшойт, суюктуктун курулдаганы угулуп, бензиндин сасык жыты багажникке урду. Жонума унаа тетигинин сызы өткөнү өпкөмдү кысып, эми чыйрыгууну пайда кылып, жүнүн жулган тооктун терисиндей денемди майда томпокчолор каптады. Кысылып-сыгылганданбы, бензин жытынанбы, чыйрыкканданбы, же үшүгөндөнбү, кулагым тунду. Ажал көзүмө көрүнүп, жанымды оозума тиштеп, калчылдап киргенде ала шалбыртта той баштаган агама наалып: «Үркүндөгүдөй үркүтпөй, Уу-Саздагы чаар бакалардай удургутпай, оо, кой семирип, үркөр чыкканда той кылсаңыз болбойт беле?» – деп той ээсинин дарегине жөөлүп коём. Багажникте эмес, акуланын алкымына такалгандай бараттым. Жөөлүткөн бензин жыты бейм, анткени эски чыт кездемедей жыртылганы калсам да, төккөн жаанга эзилген топурактай көңүлүм баткактаса да, баарына чыдап келе жатпадым беле?



Бу бензин жыты көңүлүмдү айлантканга кусуп жиберейин десем, ашказан бош болгондуктан, алиги жашыл түстүү зилге окшош ачуу даамы тамагыма келип, кайра ашказанга кайтты. Унаа май куюуга токтоп турганынан пайдаланып, эптеп Айсулуунун мүрүсүн түрткүлөп, ойготкондой болдум. Ал кыжыры келип:

– Эмне?! – деп уйкусурап корс жооп берди. Мен болсо:

– Абжемдер ойгонуп кетпесин, секин сүйлө, – деп нымтырадым.

– Эмнее?

– Такси менен кетеличи?

– Кантип?!

– Өзгөнгө жеткенде түшүп калалы, – деп шыбырадым. Багажник менен салон жүргүнчүсүнүн «статусу» бөлөк экенин жубайымдын өйдөдөн ылдый тиктеп, шыбырабай көтөрүңкү сүйлөгөнүнөн байкадым. Балким багажникте эзилип, козучакка айланган мен бечарага ошондой туюлдубу? Мага жалооруган мамилесин күтсөм, гүлгө конгон көпөлөк кумурскага каяша айткандай:

– Өзүң кете бер. Эжемдер менен кетем, – деп заар тили менен төбөмө кепкир менен ургандай «каңк» этти. «Өздү жаттай сыйласаң, жат жанынан түңүлөт» болуп, муну уккан эжемдердин оозу «Ошту» карады. Буга таң калган Лакшми Тиртеева «Келин бирди көргөнү калыптыр», – деп күбүрөндү. Оозум жап болду. Жөнүнөн эле Айсулуу минтип жооп берген жок. Тагай Тиртеев тойго чакырганын укканда эле «масилетке маасы кийгизип», эжемдер менен кетебиз, мен багажникте кетем деп Айсулууга угуздум. «Кой, жинди болбо. Бөлөк кетебиз» – деп Айсулуу караманча каршы чыккан. «Эже-жездемдер менен чогуу кетем» деп жок жерден таарынышып, акыры Айсулууну араңдан зорго көндүргөм. Эми минтип тентиген Телибайга окшоп жатканымды көрүп, бу тетири сүйлөп калган кербези болчу, андыктан эжемдер да

кычып киргенде сөздү ырбатбай, өзүмдү тыйып, үнүмдү оңдоп:

– Койсоң, жүр дегенде жүрө бербейсиңби, же эжемдер менен жашамак белең? – деп айлам кеткенде аны арына келтиргенге аракет кылсам, ал агынан жарылды:

– Жездем «бензинге» деп акча сурады эле, бердим.

– Мейли. Такси менен кете берели, Бишкекке жеткенде жол акысын чечем.

– Эркексиңби?

– Эмне, күмөнүң барбы?

– «Эжемдер менен кетебиз» деп мени ынаткан ким эле? Унутуп калдыңбы?

– Ооба, ошенткем.

– Анан...

– Эй, түшүнсөң, жүрөгүм сыгылып кетти.

– Чыда! Чыдаган чыт киет.

– Эй, арыма тийбе. Ачуума тийсең Өзгөнгө жеткенде кетип калам, – деп кыжың-кужуң арбып, ал дагы ачуусун тыйбай:

– Кете бер! Бирөө сенин колуңдан кармап жатабы? – эжем, жездемдер угуп калбасын деп менин шыбыраган, анын үнү бийик чыккан, кажы-кужубуз уланып жатты.

– Кеталбайт дейсиңби, кете берем, – деп тултуюп калды. Ушинтсем аяп мени менен бирге кетет деп кадырымды ортого койдум. Багажникте бараткан менин кадырым тараза ташына салмак кошо албады. Таарынычым таранчынын сайроосундай абага сиңди. Жубайым эч камаарабай:

– Иши кылып аман-эсен жетсең болду. Кийимиң менде, барганда алмаштырып аласың, – дегенин укканда биротоло ындыным өчтү. Муну байкаган Лакшми Тиртеева мен жакка бурулуп:



– А Таабалды, апам сага канча жолу айтты эле го, эч кулак салбадың?

– Эмне деди эле? – деп чүнчүгөн абалда собол салдым.

«Жаман катын алгыча,
Жабырына калгыча,
Жакшы ат минип ойноп күл,
Моюнуңду толгоп, бойдок жүр», –

дебеди беле, эстедиңби?

– Абже, отко бензин чачпаңызчы, сиз эле жетишпей жаттыңыз эле, – деген ыйкы-тыйкыбызды жезделерим угушса да укмаксан болушту. Үмүтүм кыйрап, Өзгөнгө жетээрим менен булардан бөлүнүп, бөлөк кетүүнү чечтим. Аңгыча коңур үндүү Жеймс Картер:

– Өзгөнгө келдик. Түшкүлө, тазалыкка барып алгыла, – деп даректан түшкөн алмадай «коңк» этти. Тиртеевалар ушуну эле күтүп турушканбы, бийик имараттын ортосундагы жол аркылуу даараткананы көздөй зуу коюшту. Өлүп калчудай чыдамым кетип, муунгандай думчукканымды туйбаган жездем алгач эжемдердин эшигин ачып, шашпай аркаңкы эшикке келгенин байкадым. Астейдил багажниктин эшиги жогору көтөрүлдү. Эшик дале болсо таарынган адамдай күңүрт. Жеймс жездем эч этибар салбастан тамекисин тартып, анын коюу түтүнүн паровоздун морунан айдагандай бейгам. Мени билинер-билинбес ууртунан жылмая, көзү жалжылдап тиктеди. Унаа дөңгөлөгү менен пластинкадай тегерене берип, талыган көзүм жездемдин көзүнө урунду.

– Багажник жаккан окшойт ээ, сүткө тойгон күчүктөй момураясың. Түш! Буту-колуңду жазып ал, – деди. Ичимден: «Багажникти желкем көрсүн» дедим да, сыртымда үндөбөдүм. Үнүм «багажникке» чыкканда эле өчкөн. Ага кошулуп жолдо келе жатканда «ындыным» өчкөн, ал эми үнүмдүн апкыт-сапкыты жубайым менен акыйнек айтышуубуз-

да ада болду. Жүктөрдү кир кылып албайын деп этияттап жерге түштүм. Байкуш космонавттарды космостон жерге түшкөндө майып сыңар замбарга салып бараткандарына күлгөн элем. Мага күлгөнгө адам табылбады. Бүктөлүп отурганга денем пружина сымал жыйрылып калган экен, жазып алайын деп дааратканa эмес, тээ XI кылымда караханиддер салган «Өзгөн Мунарасына» жөнөдүм. Эмне эле асман түнөрүп, унаа ичи караңгы десе, көрсө, күн ай менен чатакташкандай бүркөө болуп, эми гана бирин-серин жылдыздар сур булуттарды түрткүлөп көрүнө баштаптыр да. Мунара үстүндө төгөрөк ай кудум Фаберже жумурткасын кондургандай кокоёт. Ушул жерден ушунча жолу өтүп бир саресеп салбаган чийки башымды тоңкулдатсам аздык кылат. Ушунча кылымды сиңирип алган мунара жанареки багажниктеги кысылган-сыгылганымды көлөкөсүнө сиңирип, жанымды магдыраткан тынчтыкты тартуулады. Бүт баары бир саамга унут болуп, айлана куруттай катып калгансыды. Табияттын ушул кереметине эсеңгиреп турган тынчтыгымды телефонумдун коңгуроосу бузду. Телефонум бар экенин өзүм деле унутуп калыпмын, олдоксон кармаганга, түшүрүп жибердим. Кудай жалгап айнеги асманга караган бойдон жерге жамбаштады.

– Этияттасаң, – деген күн күркүрөгөндөй каардуу доош жаңырды. Тээ бала кезде жылга ичинде кой кайтарып жүргөндө, күн күркүрөгөндөн чыккан жаңырыкка чочулап, паанек издеп бытырап калчубуз. Дал ошондогудай сезим келгенге, жанараак эле ал тарапта ай менен менден бөлөк эч ким көрүнбөсө анда ким болду экен деп айраң болдум. Кылчайып эки жагымы тиктесем эч ким көрүнбөйт. Маңдайымдан кимдир бирөөлөр теше тиктегендей туюлганга мунара тарапка көз чаптырсам; бойлору шатыдай, ыраңы капкара, орсойгон тиштери канга боёлуп, коюу узун чачтары жер чийип эки караан турат. Көздөрү чагылгандай



жанып, үстүнө кара чапан кийип, күмүш куруна китеп кыпчып, түк баскан колдоруна чоң темир айбалтаны көтөргөн эгиз козудай опокшош эки жолоочуну көргөндө коркконумдан жүрөгүм оозума кептелип калды. Таң каракчыда, ээн жерде жалгыздап басканыма бушайман жедим. Эңкейип телефонду алып, кайра мунара тарапты кароо өлүмгө тете болду. Калчылдап, кара тер баскан абалымда кайрадан тиктесем тигилердин карааны караңгыга сиңип кетиптир. Коркконго кош көрүнөт болдубу, же «Багажникте» эзилип калганга «Мунара ээси» мага көрүндүбү, балким караханиддер ушундай болушканбы, айтор, шашып-бушуп телефонду жерден алдым, сынбаптыр. «Иван жездем» деген жазуу монитор бетин ээлеп, жашыл төгөрөк менен кызыл төгөрөк бири-бирине ашыгып секирип жатышат. Жездемдин атын көргөндө гана той эске түштү. Кыязы «Кайниңди жер жутуп кеттиби?» дешкендир. Жоопту бассам, ары жактан кичүү жездемдин кыргылданган үнү:

– Э, Таабалды, ажатканага түшүп кеттиңби? Чыкпайсыңбы!

– Ал жерде эмесмин.

– Каердесиң?

– Мунаранын түбүндө.

– Ал жерде эмне кылып жүрөсүң?

– Таңыркап отурам.

– Кызык экенсиң го. Сени келет деп, бул жакта ай караган текедей күтүп отурбайбызбы.

– Жезде, «Ай» силер жакта эмес, мобу мунараны минип олтурат.

– Койчу, Таабалды, тамашаңды токтот. «Кар жаап, туннель жабылып жатат» деп таң атпай чыкканыбыз эмнеси да, сен мунараны таңыркап жүргөнүң эмнеси? Ичип алдыңбы?

– Бирөө куюп берсе ичеби?

– Какшыгыңды түшүндүм, сапарды уланталы.

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана ИНВ № 487394

– Жезде, багажникте кысылып кеттим.

– Пайсал кылып тур, анан алмашабыз.

– Жок! Мен такси менен кетем, – деп телефонду өчүрдүм. Ылдыйыраак бастап, таксиге отурдум. Аңгыча жоо кубалагансып Иван жездем менен Тиртеевалар «жарганаттай учуп» келишти. Багажникте жатканда мынча жабалакташпады эле, төртөөнүн көзү унаа терезесине кадалды. Кайрадан багажникке киргизип коёт деп чочуладым окшойт, айнекти көтөрүп, эшиктин ачкычын басып, култанып алдым.

– Эй, чык бул жакка!

– Сага не жин тийди? Бир жакшына келаттың эле го!

– Ой, тооба, буга эмне болгон? – деген Тиртеевалар Айсулууга кайрылып. – Күйөөңдүн мындай пейилин түк көрбөппүз. Же кеп тыңшабаса, же тил албаса, ушунча да кежир болобу, – деп эже-жезделерим жубайыма сүйлөп жатышты.

– Багажникте жүрөгүм сыгылып кетти. Такси менен кетем, – дедим.

– Кой эми, Таабалды. Жолго чогуу чыктык, бирге кетели. Чынында жүгүң оор болуп жатат. Жарымын салонго алалы, жүр, – деди. Тымпыйып, отурган жеримде куруттай каттым. «Көрсө унаа салону багажниктеги жашоого караганда алда канча ыңгайлуу турбайбы» деп кыялданганымча:

– Түш, түш жерге, – деген эже-жезделерим унаа айнегин жаандын мөндүрдөй такылдатып жатышты. «Кайыштай чоюлуп, турнадай созулуп», ары тарт, бери тарт болуп, туугандарым менен кеп учунда тарткылаштык, бирок, кыл чайнашпадык, акыры тандырдагы жеңче оттун табына туруштук берсе, мен да туугандарыма опоңойунан жеңилип бердим. Анын үстүнө адамдын жүзү ысык тура. Секидей болгон Иван жездемин, аттай болгон Тиртееваларддын саресеп сөздөрүн, жанар оттой көздөрүн, дилинде жылып калган дилдерин жерге таштабай, «уядан учуп чыккан чымчыктай» таксиден атырылып чыккан өзүмө тан бербеске аргам



да, айлам да калбады. Көңүлчөөк окшойм, кайрадан баягы тар багажникке «сөлпөң этип» келдим, бу жагы ууга жарабаган итти моюнунан жетелегенге барабар болду. Бирок, бу сапар менин дүйнөмдү тарыткан, буту-колумду талыткан багажниктеги жүктү чогуу бөлүшмөк болдук. Мен да бош келбедим, кайра багажникке кирүү үчүн балээдей болуп шарт койбодумбу, атаңгөрү. Алгач, жанагы; жазуусу бар ак аралаш көк пакеттер салонго өттү, алиги; пушту чемодан Иван Фитиндин апарык балтырына тыгылды. Жанагы; ичине боорсок, алма салынып, маргарин жыттанган коробканы түзүнөн эмес кыйгачынан койдук, ал эми кылдыректүү жашыл сумкени чыканагымы такай тургандай, жөлөнө тургандай кылып ыңгайлаштырдык. Биздин тысырайган кара сумкенин ичиндеги күрөң токума жемпирди Айсулуу жанына алып, аны капталынан жайгаштырдык. Алдыма салондогу төшөктү төрт каат кылып калыңдап, сумке ичинде кийитке деген арча өңдөнгөн күңүрт жашыл драп пальтону башыма жаздандым. Лимузиндин салону быякта калсын, тимеле учактын бизнес классында бараткандагыдай ыңгайлуулук түзүлдү. Багажниктин арткы айнеги эмне эле караңгылашып, күңүрттөнөт десе, ал жерге бир эли кир топтолуптур. Аны жеңим менен сүртүп, күзгүдөй тазаладым. Патиңкемди чечсем, байпагымдан баш бармагым «Ассалом алейкум» деп баш бакты эле, согончогумдан өйдө тартып, аюуну чээнге киргизгендей кымтыдым. Патиңкемди пакетке тыгып, жыңайлактандым. Чачын алдырган кишинин башы эс алгандай бутум жыргай түштү.

– Болот экен го, – деди рулда «шеф» милдетин аткарып кирген Жеймс Картер тырышкан маңдайы жазыла.

– Болбой анан, – деп мурдумдун таноолору шеңиреңдеген бойдон бутумду жазып, колумду жаактанып, жамбаштадым. Мурунку кысылуу, сыгылуу, чүнчүү муз эригендей жоголду. Эмелеки сезимдер, эмелеки өлүмсаңги – «козучак»

урукка койгон кочкорго айланды. Клинтон ак үйдө өзүн кандай сезсе, так эле президенттей ыракаттана чалкаладым. Асман, ай-жылдыздарга кол сунсаң – баары алаканда. Жашап кетүү рефлекси өлүү абалынан ойгонгондой эле боло түштү. Жонумду жоруган унаа дөңгөлөгүнүн үстүндөгү ийрейген жарым төгөрөк темирге жашыл драп пальтону такап койгонго сыз өтмөй да «лып» токтоду. Ал эми багажниктин тазаланган айнеги дубалга илинген жандуу «плазма телевизорго» айланды. Салондогулар: «Кардың ачып, ичиң курулдаса, коробкадагы даамдардан оозуңду кыбырата бер, түгөтүп коймок белең?» – дегенге, ойноктогон колум ийреңдеп, бирде маргарин жыттанган боорсоктон оозума соймоңдотуп, кээде алманы бырсылдаткан тиштеримдин моокуму канып, жыргап калбадымбы. Дагы эмне керек? «Сурап-сурап Меккеге жетиптир» дегендей, мындай кайрат менен Гималайды багындырып, Мариан чуңкуруна барганга тете эрк менен кубаттандым! Бала болуп башыма түк чыккандан бери «ыңгайлуулук», «ыңгайсыздык» деген түшүнүктөрдү эми гана жон терим менен сездим. Жеймс Картерге окшоп көйрөңдөнүп, жүргүнчүлөргө жаман көрүнүп; рулду башкарып «нерв» коротмой жок, салондогу эжелеримдей; денең-денеңе жармаша түрткүлөшүү, терденген териң денеңе сиңишүү жок. Түнкүдөй бир ныптаң тырышып, бир ныптаң кабышып, жаның көзүңө, оозуң өпкөңө кептелмей жок. Каалаласам чалкаман, каалаcам көмкөрөмөн, каалаcам оң-сол ныптама капталдайм. Бутумду жазып, бүктөп, каалаcам колдорумду өйдө көтөрүп ай жарыгына жанырлардын көлөкөсүн түшүрмөй. Жыргап калбадымбы. Ушинтип борборго жетем деген жыргаган абалымды «Шефтик» кылып «Руль» башкарган Жеймс Картердин телефон коңгуроосу бузду. Жездем өзү уйкудан калып, чарчап-чаалыгып турса да, шеф-кейпинде:

– Ало, – деп камаарабай жооп берип, музыканын үнүн басаңдатты. Ары жактан:



– Бажа, кандайсың! Жакшы келе жатасыздарбы? – деп саламдашты го бир болсо.

– Шүгүрчүлүк, шүгүрчүлүк, ажыкем, – деп жооп узатты жездем. Таксыр дегенине караганда бу алиги молдо бажасы окшойт деп божомолдодум.

– Кайсы жерге жеттиңер? – дегендей өктөмдүү үн каңырыш угулду.

– Дабанга чыктык, эми пастайбыз, – деп чептей кебелбей жооп берди Жеймс Картер.

– Курорттон чай ичип кеткиле, – деди окшойт телефон чалган адам. Курорт дегени Жалал-Абад курорту деп божомолдодум, анткени, Кочкор-Атадагы курортко бараткан жолдо дабан жок.

– Шашып жаттык эле, – дегенине карабай, нараактан чалган адам, «Бышкан ашты таштабагыла», – деп безилдеп ийди чамасы. Мурунку кысылган абалым болсо «Кудай жалгады» демекмин, соңку ыңгайлуу шартта баратканыма «Кап, жолду кыскарта берсек жакшы болмок», – деп ойлондум, жанараак эле жүрөк сыгылып, денем кысылган, желкем тырчып, мурдум чүйрүйгөн абалымды заматта унутуп.

«Чоңдор» эмне эле «креслого» ач кенедей жармашат десе, көрсө, көр пенде «Ыңгайлуулукка» абдан бат көнөт турбайбы. Ал жерге жүздүк мык менен кагып койгонсуп, казыктай кагылып калганыма бушайман жегенге эми кеч болуп калды. Кашайган чындык канчалык көзгө сайса да, мунумду моюнга алуум абзел болгон – мен, эми нак «багажникчи» болуп калбадымбы, атаңгөрү-үү. Ушуерден тура калчу болсом, ордума бирөө жарым отура кала тургансып кызганган сезимим; ичимди тилип, туз сээп, ачыштырып, от кылып өрттөп, кызаңдатты. Ыңгайлуу шарт түзүп алган «Багажникти» таштап кетмек түгүл, нары кылчайсам Цзинцзин эжем, бери кылчайсам Лакшми эжем, атүгүл, унааны каалагандай калчаган Жеймс жездем ээлеп ала тур-

гансып, толгоо тарткан аялдай онтолоп, жумуртка баскан тооктой үрпөйүп багажниктен бир карыш жылгым жок. Же ушул бугумду айттырбай билген адам болсочу? Жанараак эле темирдин тетиги денемди кабыштырып, сыз өткөн муундарым титиреп, өзүм пластилиндей үч бүктөлүп, тизем тумшугумду тиреп, бензин жытына уугуп, кадимкидей тумчуга багажниктен иренжип, туугандарды жек көрүп, башталганда «биерди бетим эмес, итим көрсүн» деп таштап каччудай болбодум беле. Даттанарга адам таппай, жөлөнөөргө жөлөк таппай, өгөй атасына өчөшүп, аны өлтүрүүгө диттенген Гамлеттин кейпин кийип калбадым беле. Анда балким, багажникке көнүшпөй жаткан окшоймм? Биерге бүт шартты түзүп, чиренип жаткан кезимде чыкпаган кирнедей болуп, каяктан дагы телефон чалган адам курортко чакыра калды. Тынч эле жолубузду илгерилете берсек болбойт беле? Ушу өңдүү соболду Жеймс Картерге узатсам:

– Бышкан ашты таштаган болбойт, – деп жолду эмес кыйырды тиктеп, түшүнүксүз үн катты. Уйкусурап бараткан Тиртеевалар кулактарын түрүп, көздөрүн тез-тез ирмеп:

– Жолду арбыта берели, – дешти ныксырап бараткан денелерине кан жүгүрүп. Жеймс Картерде реакция нөл. Салон ичинде күбүр-шыбыр башталды. Чай кайнам болгончо Жеймс Картер көпчүлүктүн пикирин эске албай, ат тизгинин күн чыгыш тараптагы курорт жакка шарт бурду, боз унаа ач кулун бээге умтулгандай өйдөгө өрлөдү. Бир кезде дүйнөнү дүңгүрөткөн курорт жолуна сыпсыйда кылып жаңы асфальт төшөлүп, жол тимеле зыңгырайт. Жеймс жездем унааны ушу жерге чейин канчалык катуу айдаса да, оңкул-чуңкурга төбөбүз менен сайылсак да, чыдап келе жаттык эле. Ал эми бу курорттун кыйма-чийме, «кууш бурумдуу» жолуна түшөөр замат өпкө-боорубузду кекиртегибизге такалта айдаган жездебизге наразы боло: «Рулду жөндүү башкарбайбы, ушинтип жинге тие берсе, машинени



Иванге башкартабыз!» – деген унаа ичиндеги Тиртееваларга Иван жездем кошулуп, Жеймс жездемдин унаа башкарганына ичтери чыкпай, наараэычылык күчөй берди. А балким, Жеймс жездемдин ашказаны демделген ашты күсөгөн сыңар. Кантсе да чоң жезде ийри-буйру жолдо жулкулдата айдап, көйрөң шопурдун кейпин кийип, «унаадагылардын» пикирине белим же бетим дебей, чымын чакканчалык этибар салбады. «Наарaзычылык акцияны» кулагы каңырыш укса да, жүрөгүнүн каалгасы жабык окшойбу, көз ирмеп, кирпик каккан жок. Кабагы күн нуруңдай ачылып, жүзү жайган камырдай жазылып, бир нерсени кыялдангансып, анысы унаа ичиндеги узунунан келген төрт бурчтуу күзгүдөн бизге чагылышып дапдаана көрүнүп турду. Чамасы «Наарaзычылыгыңар наабайчынын тандырынын күлү», сыяктуу эч тоотподу. Тоотпогон кожоюнду тоголото сүзчү кочкор жок дедиби? Айтор, оюу башка жакка бурулуп, рулду ары-бери тескеп баратты. Минтип, ыракаттана айдагандан өзү маашырланып баратканы бештен белгилүү болду. Дүлөй кейпин кийген шефибиз – Жеймс Картерге үнүбүз соолуган булактай какыраганда, көзүбүз жан-жакадагы табийгатка айласыздан бурулду. Жолдун эки тарабы өңү боз, гүлүн ачууга камданып, бүрдөп калган бадам менен листелер жайлоого жайган койдой башы көрүнсө, этеги көрүнбөйт. Гүлдөгөнү жомок өңдүү көздүн жоосун алган «бадам менен листе шашпай апрелде гүлүн ачат» деп уккан жайым бар, азыр март эмеспи. Март айы март болчу эле ызылдап, чаңдаткан аарынын деле үнү дым, карааны «Кореяга кеткен мигранттай» көрүнбөйт. Кууш бурулуштарда дөңгөлөктүн «чиийк» деген куйкаңды курушттурган ачуу үнү гана чыгып жатты. Курортко эмей, асманга такалган көпүрөдө кыл чайнап, тозоктун тегирменинде жанчылгандай бараттык. Бадам, листе сээлдеп, бак-дарактын көлөкөсүнө жетип, унаа тык токтоду.

Курорт алды, ичинде эл жык-жыйма. Административдик боз имараттан халатчан келаткандарды чылк тер басыптыр, чамасы ушу жерде дарылоо курсун алып жаткандар. Ал эми ичимдик көтөрүп, күпүлдөп жаткан, спорт кийимчен жүргөн жамаат алыс-жакындан бир эки күнгө эс алганы келгендей сыягы. Кийингени бул жердегилерден башкачараак, өңү-түсү да жергиликтүү калктан айырмаланып ак-сары жүздүү, көк көз, шаптай эркек-ургаачылар чет элден келген туристтер кыязы. Ушулардын арасында тыпыйып бою бир карыш, молдочулук жайы бар Кубаныч жездеу уурту кулагына жете жылмайып, бизди кучак жая тосуп чыкты. Жеймс Картер ээрден түшүп, бажасын бир кылым көрбөгөнсүп далысын таптап, коё бербей кыйлага дейре кучагына кысты. Жээлерим учактын тепкичинде ирээтке тургандай учурашууну күтүп, ал эми мен – унут болгон баягы эле Таабалды Тиртеев багажникте былчыйып жатам. Сырттагыларды кино көргөндөй тамаша кылганым менен, молдо жезде менен саламдашууну мен дагы күзгү жалбырактай саргая күттүм. Алардын ашказаны «тамак» деп тызылдап ачышса да, тан бербестен каадаланып, ооз учунда калп эле сурашкан болот. Сурашпаган «үй коруган ити менен баштын канын соргон бити» калды. Кээ биринин гана чындап дидары толо сурашканына ыза болгонго чайнектин кайнаган капкагындай терезени тарактаттым. Жүзүндөгү жылмаюсу кетип, көзүндөгү нуру жоголуп, заматта чагып алчу чаар жыланга айланган Жеймс Картер багажникти ачып:

– Эмне курттап жатасың?! – деп аңырая тиктеди. Мен болсо буйдалана:

– Эл катары Кубаныч жездем менен учурашайын дедим эле, – деп сыпайы жооп бергенге аракет кылдым. Ары жактан пайда болгон молдо жездем мен жакка келип, таңыркап:



– Кумда актангансып, жылаңайлаксың го? – деди эле, маанайым ачылып, эргүү пайда болуп, төкмө акындардай:

– «Биерди багажник деп коёт,
Жамбаштап, буттарды чоёт,
Даам татып, чериңди жазып,
Чарчаган адам уйкуга тоёт», –

деп ыр болуп төгүлдүм.

– Бали! Таппасаң сыйпалап кал, – деп багажниктеги ордума көз таштап, колумдан тартып, түшүрүп жатып: – Фуу! Эмне балээ себинип алгансың? Маргаринге чыланып калыпсың го! – деди эле, Жеймс Картер:

– Ээ, бажа, ушинтип какайып тура беребизби? Бирдеңкең барбы, жүр дебейсиңби? – деди.

– Ай, мына бул жүвармектин жыты жинди кылмак болду. Жүргүлө, туш тарапка баскыла, – деп ашкана жакка жаңсады.

Ашкананын сырты-ичинде адамдар өлдү-өлдү. Туристтердин, эс алгандардын, дарыланганы келгендердин деле градусу көпкөн жердей жогору экендиги алардын бакашакасынан билинип турат. Кантсе да, сегизинчи март майрамы жакындап калган, бир жагы жаз келип элдер кышкы чээнден чыккан жаныбарлардай бугун ушу жерден чыгарып жаткандай. Бизге сырттагы төгөрөк жыгач сөрүгө орун даярдаптыр. Даамдар жайнаган хан столго уй мүйүз тартып отурдук. Жаактар кыймылдап, кулкулдаган суулар ичегилерди аралап, курсактын ачтыгынан жыйрылган ашказан бөдөнөнүн бөтөкөнөсүндөй тырсыйды. Унаа жүргүнчүлөрүнүн баары ыраазы: курсак кампайды, көз тойду, сөз сүйлөнүп, кулактын кычуусу канып, жаак талып, мээ жибиди. Бажалар бакылдап, эжелер шакылдап, моокум кана тилдер буудай кууруйт. Сөрү үстүндө жамбаш майы жазылды. Өзгөндө Мунара кыдырып жүрүп тазалыкка барбай калганга табарсык «Фудзияма вулканындай» чыңалды. Шашып-бу-

шуп түндүк-чыгыш тараптагы даректардын арасында жайгашкан ажатканага бет алдым. Кадимки аял жана эркек сөлөкөтү илинген эки эшиктүү жыгач ажаткана. Эркек каанасын тартсам жабык, түрткүлөсөм да жабык. Өлүп кетсин деп аялдар ажатканасынын эшигин тарткыладым, ал жер деле жабык. «Уйга жүгөн салабы, үйрөнгөн адат калабы» дегендей ажаткананын астындагы желим идиште суу турган экен, ошону көтөрүп, ажаткана артынан далдоораак жер издедим. Бак-дарактуу, чөптүү жерди аралап, жоондугу машине рулунун айланасындай кара талга жетип, ошол жерге заара ушаттым. Бет маңдайдагы кара талда чоң чыныдай чымчыктын уясында эми эле тукум жарган балапандардын чыйпылыктагандарын көрүп, жерге амал кирип, келгин куштар келип, балапан чыгарган турбайбы деп ойлонуп жатып шымдандым. Шымданып жатып талдын түбүндө жансыз жуп ала чыйырчыкты көрүп зээним кейиди. Чамасы жырткыч кушпу же жаныбарбы, ала чыйырчыктарды жулмалагандай. Ал эми тиги уядагы балапандары тамак сурап, чыйпылыктап турушат. Балапандардын курсагын тойгузуу максатында жака-белге көз жүгүртүп «Эмне берсем экен?» – дегиче, уяга башка жуп ала-чыйырчыктар оозуна таш-уйгак тиштеп келгенин көрүп, таң калуум менен байкоону уланттым. Таш-уйгакты балапандардын оозуна салып тамактандырып киришти. Ата-энеси эмес жат экендигин аңдаган балапандар алардын берген азыгын жебей, аларга баш бербей чыйпылыктап, тыбырчылагандарын баамдадым. Ошентсе да, тиги экөө балапандардын оозуна таш-уйгакты мажбур менен салып киришти. Курсагы ач немелер таш-уйгакты бүкүлү жутуп, көп узабай эси ооп, уядан ылдый кулай баштады. Кээ-бирлерин уядан ылдый түртүп жатышты. Ылдый кулаган балапандардын жемсөөсүн карасам таш-уйгак тырсыйып тээп турат, кекиртегин аймап, күм-жан болуп, жаны асманга учуп кетиптир. Ушул көрүнүшкө аябай зээним кейип, жаман болдум. Үмүт менен балапандарды дагы кармаласам, мерт кетиптир. Жерде жаткан жуп ала-чыйырчыктарга көз жүгүртсөм дем алып жаткандай туюлду. Астейдил колума алсам, экөө тең тирүү экен, жандалбас кылып суу сурап жаткандай. Колумдагы желим суунун капкагына суу куюп тоссом, суусуну кангыча ичишип, жандалбасташты. Жерде жансыз жаткан балапандарын көрүп, булар да өлүп тынышпасын деп, балапандарды жерге көмүүнү ойлодум. Жер чукуганга аспап жок, эки жакка көз жүгүрттүм. Капталдагы кара талдын астындагы чоң кара ташка көзүм түштү. Тартсам омоктуу эмес, жакын арада бирөөнүн колу тийгендей. Бут кийимдин учу менен нары тепсем, алдындагы ылайланган топурак буттун изи менен ныкталып-тапталганы көзгө комсоо көрүндү. Жанымдагы кара талдын бутагын сындырып, казып кирдим. Бутактын учу шатыр-шутур этип шылдыраган пакетке урунду. Жөнөкөй эмес табышмактуу экенин түшүнгөндө ала чыйырчыктар заматта унут болуп, сырдуу пакетти чукуп алууга шашкалактадым. Формасы кырдуу келип, «малевичтин квадратындай» кара түстүү, төрт бурчтуу экенин көргөндө, этияттап, чекесин кол менен имерип, акыры пакеттин түбүнө колум жетти. Аны сыртка алып чыгардан мурун жакшылап эки жагымды карадым. Эч ким көрүнбөйт. Сууруп, тизелеп олтурган абалымда эки санымдын ортосуна кысып, «Бирөө-жарым көрүп калбадыбы?» деп шекшинип, дагы эки жакка көзү жүгүрттүм. Ажаткана ичиндегилерге көрүнүп калбайын деп, талга обочолонуп, артымы салып олтурдум. Ылдый тиктеп, оозу байланган кара пакетти көргөндө негедир таманымдан төбөмө чейин тер басты. Байламын чечип, пакет ичине үңүлдүм. Алигиндей акча ташуучу, оозу байланган, жашыл түстүү, акча салган инкассатордук сумка экен. Кинолордон мындай сумкелердин далайын көргөм. Демейде анын ичинде жык-жыйма

акча болчу. Кызыгуум андан бешбетер ашып-ташып, чөп чапкансып демим күшүлдөп чыкты. Астейдил эки жагымды дагы карансам; кирди-чыкты жок, баягы эшиктер дале жабык. Өпкөмү басып, терең дем алдым, көз тунжурап, кулак тунду. Инкассатордук сумканын оозу пластик лента менен байланып, пломба басылып турат. Талдын бутагы менен пластик лентаны чырт үздүм. Оозун ачып, сумке ичин көргөндө оозум кургап, жүрөгүм опкоолжуп, кан мээме тепти. Сумка ичи таңгакталаган акчага жык экен. Көргөн көзүмө ишене албай көзүмдү ушалап, сумканы жаап, кайра ачтым. Түйүн ичиндеги кыры чыккан неме чындап акча экендигин көзүм гана көрбөстөн мурдумдун таноолору акча жытын искеди. Ковидде жыт сезбей калган таноолорума күмөн сала кармаладым. Тыкыйып таңгакталган неме колго даана сезилди. Ичи пачке-пачке акча экендигин аңдаганга, алдастаганымдан тамагым кургаганын сезип, шилекейим акча даамданып, жутуп-жутуп ийдим. «Кимдин акчасы болду экен? «Ээси келсе, бээсин бер» деп милицияга кайрылсамбы?», – деген ой келгенде ала чыйырчыктарга жан кирип, алар да кудум менин оюмду колдогондой чырылдап калышты. Алар мерт кеткен балапандарын көрүп чырылдап жатыштыбы же, оюмду кубаттап чырылдап жатыштыбы, айтор, булардын үнүн укканда балапандарды жерге көмүүнү кайра ойлодум. Таңгакталган акчанын бош ордуна балапандарды көөмп, колго илешкен ылайды чапкылап, колду жуудум. Оюма кайра акча келди. Мурунку, «Бул акчаны ээсине кайтарып берем деген оюмдан чегинип, «Бул акча эми меники» деген пикир жаралып, өзүмө иштетүүгө болгон каалоом күчөдү. Бул пикир биротоло оюма нык отурганда, акча таап алганым аң-сезимге селкинчек тээп жатты. Алгачкы оюм: «Айсулуунун контрагын төлөп, Бишкектен бардык жасалгасы менен заманбап квартираны сатып алуу максатымды тойдун эртеси ишке ашырам. Кыял-



данып жүргөн алтын жалатылган аппак түстүү «Лексус» маркасындагы, кымбат баадагы жапжаңы жапан авто унаасын алмак болдум. Өмүрүмдө бутум басып барбаган, бирок, кыялданган – Стамбул, Париж, Лондон, Нью-Йорк, Токио жана жер жүзүндөгү бүт кооз шаарларга сапарга чыгууну ишке ашырам», – деп таттуу кыялга сүңгүгөн кезде жанагы жуп ала чыйырчыктар суусуну канып, кыйла кубаттанып калышкан экен, бирөө үркүткөнсүп шатырап учушту эле, ажаткананын жылчыгынан бирөө-жарым аңдыгандай туюлганга, акчамды бирөө тартып ала тургансып жүрөгүм дүкүлдөй баштады. Жуп ала чыйырчык көрүнбөй калганда, айлана тымтырс болуп калды. Терең дем алдым, жагымдуу кыялдарым оюмду дагы кытыгылады: «Ушул элеби, ушуну менен эле чектелемби? Кудай мага ушундай белегин берип жаткандан кийин деп, эми оюма кошунабыз эске келди. Баласы аттан жыгылып, башы жарылып, илдети сакайбай жүргөнүн угуп, кабар алганы баргандыз. Байкуш бала сыз үйдө, таңылган башынын каны сыртка тээп, кареги муңга, көзү ыйга толуп турганын көргөндө каңырыгыбыз түтөгөн. Кошуналар азыноолак кол-кабыш бергенибиз чет жакта жасалуучу операциясына делген акчага жетмек түгүл жакындаган эмес. Ошол муктаж үй-бүлөгө эртең эле акча котормок болдум. Ушуну ойлогондо жан дүйнөмдө кубануу пайда болду. Бир эле балага жардам беремби? Акча көптөй көрүнөт. Сатарбай аяш атам балдар үйүнө бир койдун этин жеткирип, кайрымдуулук кылган экен. Эжекеси тамак-ашка ыраазы болуп: «Балдар ойноочу аянтчабыз көп жылдан бери каралбай калган, – деп кареги муңайып, – мурунку көк майсан; ылайга ботала болуп, ашмалтайы чыгып, ал эми балдар ойноочу тетиктер бузулуп иштебей турат, ушуну оңдотуп бере аласызбы?» – деп сураганда «Жүйөөлүү жооп айта албай кайттык», – деген Сатарбай аяш атамдын кеби эске келип, ошол өтүнүчтү ишке ашыруу кыялым бүйүрүм-

ду кызытты. Багажникке киргениме башта зыркырасам, азыр миң мертебе ыраазы болдум. Кошуна инимдин башындагы каны сиңген таңуусу чечилип, маанайы ачылып, ууртунан күлкү төгүлүп, так текедей секирип ойногону көз алдыма тартылды. «Балдар үйүндөгү» таштандыга толгон балдар аянтчасы көк майсанга айланып, таштанды болгон жаш балдар жапжаңы ойномо тетиктерде ойноп жүргөнүн, алардын жүздөрүндөгү кубанычты элестетип, алар менен бирге кубандым. Айсулуум менен аппак түстүү машинемде чалкалап баратканыбызды элестеткенде жаным ыракатка балкыды. Ушул кыялдарым менен чатымдагы пакетти катуу кыскандыктан сандарым ооруксунуп, акчаны кайра тиктеп оор улутундум. Тапалагымды курорттон алып чыгып кетүү оюу маземди алып, башым чыңалып чыкты. «Бирөө-жарым көрүп калбадыбы? Аңдып турбайбы?» деп эки жагыма кайра-кайра алаңдап карадым. Айлана тымтырс. Ыраактагы адамдардын шарактаганы менен жазгы мелүүн шамалга дарак бариктеринин билинер-билинбес шуудураганы жана ала чыйырчыктардын чырыктаганы угулганда көзүм умачтай ачылды. Астейдил сумканын оозун бууп, курткама ороп, колтукка кыстым. Ушу кезде жанагы оозу бекик болгон ажаткананын эшиктери «шарак» ачылды. Жанараак Өзгөн мунарасын таңыркап турганда пайда болуп кайра көздөн кайып болгон; бойлору шатыдай, ыраңы капкара, орсойгон тиштери канга боёлгон, коюу чачтары жер чийген эки жолоочу турат. Көздөрү «чагылгандай чартылдап», үстүнө кара чапан кийип, күмүш куруна китеп кыпчып, түк баскан колдоруна чоң темир айбалтаны көтөргөн, эгиз козудай опокшош эки жолоочуну кайрадан көргөндө ток тепкендей «зырт» эте чочуп кеттим. Канжарынан күңүрт кызыл кан таамп турат. Тооба, ажатканада бирөө-жарымды күм-жан кылганбы деген бүдөмүк ой басты. Өзгөндө буларды чындап көргөн экенмин да деп, тиги тапкан байлыгыма кенедей жармашып, кара талга жашынып, ас-



тейдил көз кырымды салдым. Эмелеки таап алган акчамды экөөлөп алып койбогудай эле деп чочуладым. Экөө тең алоолонгон оттой көздөрү менен мен жакты тикирее тиктешти эле; «Байкап калыптыр, акчамды тарттырып жиберемби эми?» – деп коркконумдан калчылдаган титирек каптап, кайра көл-шал болуп тердей баштадым. Эгерим байкап калып, изиме түшчү болсо бак аралап качып, элден жардам сурап кыйкырып, акчамды сактап калуу амалын ойлондум. Бактыма алар ордунан козголбоду. Кансыраган канжарларын куруна тыгып, эмненидир божурашып, колтугундагы дептерине бирдемелерди жазып, ары басып, көздөн кайым болушту.

– «Үү-үфффф» – деп кууган жоодон кутулгандай маңдайым жазылып, сыгылган жүрөгүм коё берди. Ушу кезде телефонум шыңгырады, алсам:

– Таабалды, каяктасың? – деди Иван Фитин.

– Ажатканадамын – деп кадимкидей болбой, толкундаганым билинип жатты. Жездем аржактап:

– Ажатканага түшүп кеттиңби? Бол тез.

– Макул, баратам, – деп элпектене жооп бердим да, артка жөнөдүм. Кап, унаа ачкычы менде болсочу, көргөзбөй багажникке жайгаштырып коёт элем. Же ушу жерге бекитип койсомбу? Жок, анда мага окшош дагы бирөө таап алат. Жоголгон акча жөн эле жерде жатат эле да. Муну бекитип, үстүн таптап, таппай калбайын деп таш бастырган турбайбы. Демек бул – бекитилген акча. Ким бекитти экен? Эмнеге бекитти? Из дагы жаңы, ашып кетсе бир-эки күн. Андай болсо акчасын издеп сөзсүз келет. Бекиткен жалгыз адамбы же көппү? Көп адам болсо буттардын изи болот эле. Из бир адамдыкы. Акчасын тапмайын издөөсүн уланта берет. Муну Бишкекке жеткенге чейин жанымда алып кете берейин. Туугандарым: «Колуңдагы эмне?» – деп сурагыласа акча деп айтамбы? Антип айтчу болсом: «Кимден алдың?

Каерден алдың? – дешип, – акчаны ээсине беребиз», – дешсечи. Жеймс Картер менен Иван Фитиндики белгилүү, алар дароо «Бөлүп алабыз» деши мүмкүн. Цзинцзин Тиртеева демейдеги түптүз чынчылдыгына, таразадай тактыгына салып «Курорттун администрациясына тапшырып, тойго тынч кетели» деши бештен белгилүү. Айсулуум деле андан өтөт. Лакшми Тиртеевачы? Ал «Акчаны мага бергиле, кийин берем» деп коёндун сүрөтүн тартып, колун куушуруп, оюндан чыгып кетсечи? Ка-ап. Кандай шылтоо айтам? Тааныштарга жолугуп калдым, китеп берип жиберди деп айтсамчы? Жеймс Картер: «Кандай китеп? Автору ким? Кел көрөлүчү», – деп сураса өлдүм. Ушул өңдүү түркүн ойлорду талдап көрдүм. Бычакка сап болчу ой чыкпай айламды курутту. Бу быша элек башыма ынанымдуу жооп келсе экен. Ачкычты алып албапмын. Мен мынча акча таап аларымды кайдан билейин. «Атам өлөрүн билгенде – бир кап саманга сатып жиберет элем» деген макал аргасыз эске түштү. Жалал-Абаддан башка таксиге отуруп кетели, кысылып жатабыз десемчи? Анда, кийин-соңу бул акчаны издеп калышса дароо күмөндүүгө айланам. Эч ким шек албагыдай кылышым керек. Эптеп багажникке кирип алсам, калганын ошо жерде ойлонот элем. Эң оболу – ал жерге жетүү тозоктундеп, кусуп каччудай болуп жаттым эле, эми багажник мен үчүн баш калкалап, акыл калчай турган эң ишеничтүү жайга айланганына тан бердим. Багажникке жетип алсам, акчаны кучактап кетет элем. Эмне акчаны кучактаганымды булар көрмөк беле? Кучактаган бойдон уктап калсамчы? Дароо күмөн санашат. Тынчыраак эле башыма жазданып уктайын. Туура ошентем. Ал жерге жеткичекти туугандарга бирдемке деп ишенимдүү жүйөө табышым керек. Эң башкысы алар пакетти текшербей турган шылтоону табуум



абзел дегиче дагы телефонум шыңгырап калды, мунусунда Цзинцзин Тиртеева экен:

– Таабалды, каяктасың?

– Абже, мына келатам, – деп шаша-буша жооп берип телефонду өчүрүүгө шаштым. Ушундайда шаштырып калышат. Оюмда баягы эле ишенимдүү шылтоо табуу. Демейде башыңда кычып жүргөн шылтоолор ушундайда келбей калат. Таптым. Жалал-Абаддык досторумдун шеринеге келишкенин көрүшкөн. Кутүүсүздөн аяш энемди көрүп калдым, дем алууда экен. Уулуна «аманат» берем деп даярданып жатканда, Бишкекке бара турганымды угуп, кубанган бойдон кармата салды дейм, «Эмне аманат?» – деп сурашса: «Окуу куралдары, дептерлери», – дейин. Мына! Эми окшошту. Окуу дептерлери эч кимдин бүйүрүн кызытпайт, пакетти тыткылап, аңтарып тинтүү эч кимдин оюна да келбейт, туурабы? Окуу, кайталоо, жаттоо, маселе чыгаруу, үй тапшырмасын аткаруу деген баарыбызды тажаткан неме. Болду, ой бышты. Эми тезирээк барайын.

Барсам арпа жеген аттардай күшүлдөп, табактагы ашты ооздун керегесине апкирип жаткан кез экен. Билгизбей катарга кошулуп калайын деген ниетим ойрон болду. Жеймс Картердин тырчыганы жазылып, кирген дайрадай шарактайт, чамасы шараптан дурус жуткандай, тили булдурап:

– Тааке, ажатканага жеңил кетип, оор келдиң. Белек берип жатат окшойт ээ? – деп кычыды да, – Колтугуңдагы эмне? – дегенде акчаны билип калса тартып алат деп коркконумдан көзүм алаңдап, жүрөгүм лакылдап, күйпөлөктөгөнүм бетиме тээп, бушайман жедим.

– Ыраңың бозоруп, серт боло түштү. Чамасы алтын таап алган окшойсуң? – дегенде башыма базган менен ургандай көзүм караңгылашып, кыйналып-кысталып кеттим. Бир болсо билинип калды окшойт, берки аяш энем жөнүндөгү жөө жомокту коюп, болгонун болгондой айтып, таап алган

таңгакталган акчаны ортого коюп, тынч оокат кылайын деп жатканда жашы элүү бештер курактагы, орто бойлуу, курсагы чедирейип салаңдаган, кыймыл аракети шыпылдаган, таз баш киши колуна бир шише арак менен ширин суусундук көтөрүп, биздин үстөлгө келип:

– Кап этпейсиздер! Ынтымактуу божурашып олтурганыңыздарды көрүп аябай суктандым. Чамасы бир тууган окшойсуздар, – деди шыпылдап. Иван Фитин кызганган тейде, ачуусу менен:

– Сенин ишиң эмне? – деди эле.

– Атаганым бар эле, – деп колундагы арак менен ширин суусундукту үстөл үстүнө койду. Жеймс Картер аракты көргөндө өлүп калган чоң атасы көрдөн тирилгендей уурту кулагына жете сүйүнүп:

– Шүк турчу, бажа. Кычый бербечи. Аштан алыңыз, – дегенин уккан жанагы шыпылдаган киши аракты ачып, бир тегеретип, нары басты. Бу шыпылдаган кишинин келгени мага чоң жардам болду. Бу келбесе таңгакталган акчаны ортого койгонго жүз пайызга даяр болдум эле. Цзинцзин Тиртеева мага үңүлүп:

– Курткаңы эмне чечтиң, ооруп каласың. Кысылып калдың го, же алмашасыңарбы? – деди.

– Жок, абже. Багажникте кете берем, – деп жибердим да билдирип койдумбу деп, чочулагандан көзүм алаңдай түштү. Качан гана башымды өйдө көтөрүп, абжемдин жароокер көзүн көргөндө гана жазыла түштүм. Ошентсе да акчамды бирөө-жарым тартып ала тургансып санымa басып олтурдум. Тамактан жегеним менен оюм оомал-төкмөл болуп, даамы билинбейт. Жеймс Картер жөн турбай мени эрмектегенин койбой:

– Ээ, Тааке. Эгер айтпасаң, жаныңа барып бекиткен немеңи ачам, – деди эле, какап кеттим. Лакшми Тиртеева жонумдан таптап:



– Жезде, коюңузчу эми сурагылай бербей. Таабалдынын курсагы ачты. Азыр өзүм эле ачып көргөзөм, – деп илбериңки болуп курткага колун сунду эле, оозумдагы аш толо болгонго тилим булдурап, кепке келе албай, эжемдин колун имерип:

– Ай....ш энн-нем, досума.... аман-....нааат бер----ип жи..... бер.....ди, – дедим.

– Шашпай, оозуңдагыны жутуп туруп, айтчы. Жоо кубалап жатса да, – деди Лакшми Тиртеева боор ооруган тейде. Бир жагы туура айтты, толкунданганым жүзүмдө бадырайып турат. Чулдурап сүйлөгөнүм түшүнүксүз. Жанараак коркконумдан болгонун болгондой кылып чындыкты чыркыратам дебедим беле. Жанагы чедирейген курсакчан, шыпылдаган таз баш кишинин коползугу менен наадандыгы мага дем берип койгон, сыягы. Демек кээде наадандык, карөзгөйлүк да керек турбайбы, булдурап жатып, аяш энем деп жалганды ышкыртып жиберип, эми биротоло ушул вариант боюнча кетмей болдум. Чындыкты айтуудан апкаарып турдум эле, эми калпты айтууда адамгерчиликтен тайып, жүзү жок боло баштадым. Наадандар кантип жүзү жоктук кылат десе, көрсө жамандыкка ооп кетүү секунддук иш тура! Ал эми тазалыкты сактап калуу, абийирдүү, ыймандуу болуу алда канча машакаттуу, алда канча оор экенин жон терим менен туйдум. Оюмда бул чечимим боюнча өзүмдү-өзүм актап кирдим: бирөөнү карактап, тоногонум жок. Коррупция жолу менен мамлекеттик казынага кол салып, салык төлөөчүлөргө баш паанек кылып, жаап-жашырып байыганым жок, же жол куруу, имарат куруу иштериндеги акчалардан кымтып алганым жок, бажыдагы товарларды өткөрүүдө бекитип, уурулук кылганым жок. Же болбосо көптөгөн эпчилдер кызматка коюуда, балким тендерлерге уруксат берүүдө, балким чек арадан контрабанда кылып, койчу, толгон-токой одоно мыйзам бузуу жолдор

менен эле тиричилигин өткөзүп жатышпайбы? Арам оокат эч жукпайт дегени менен, аларга жукмак турсун, куп жарашып, ой жеткис кымбат унааларды теменедей уул-кыздары жыргап минип жүрүшпөйбү. Ошондойго барганым жок. Мага бул пачкелеген акчаны Кудай өзү алаканыма салды. Эмнеге мен кызарып-татарып уялышым керек, туурабы? Ушинткен сайын бозоргонум ары кетип, кызыл каным бетиме жайнап, киртейген көзүм бажырайып калганын өзүм да, туугандарым да байкаганга, бетаарчым менен оозумду арчып:

– Ааш энеме жолугуп калдым, – деп табитим ачылып тамактан жегенче баян салдым.

– Ии-иии...

– Бишкекке баратканыбызды айтсам, досумдун кышкы каникулда үйүнө алып келген китептери, конспектилери калып кеткен экен. Ошолорду алганча баруумду суранды.

– Ошол китептерди, конспектилерди жанында даярдап жүргөн бекен? – деп күмөндүү сурады Жеймс жездем. Тол кундануум кетип, бетим деп койбой ышкыртып жатсам, эми «Джаз» музыкасынын ритмине түшүп, саксафон чертип, тимеле Павороттидей болуп обонго салып созолонттум:

– Бирге эс алып жаткан шериктери «Кетебиз» деп айтканынан курортко алдырып, даярдап койгон экен. Мени көргөндө ошол оюна келиптир.

– Логикалуу. Чындыкка дал келди. Бажа арактан калдыбы, куйчу! – деп Иван жездеме кайрылды.

– Жезде, мас болуп калдыңыз? МАИ кызматкерлери тосуп, жолдо калып кетпейли? – деди Лакшми Тиртеева.

– Балдыз, кам санаба! Жүз грамм, анан болду. МАИге өзүм жооп берем, – деп Жеймс Картер арактан дагы урду. Цзинцзин эжемдер күбүр-шыбыр болуп, молдо жездеме кайрылып:



– Жезде, сыйыңызга чоң ыракмат, бизге уруксат бериңиз, – деди.

– Отургула. Кой союп берем. Бир келип калыпсыңар.

– Тойго кечигебиз, билесиз го – деди Цзинцзин Тиртеева. Молдо жездем сакалын сылап:

– Ооба. Бизде да той чыгып калды. Карындашым кыз берип жатат. Эжеңер ошол жерде болот, түштөн кийинки рейс менен учат. Мен бул жактагы тойду башкарып бермек болдум. Экиге бөлүнбөсөк болбойт.

– Шартыңыздарга карайсыздар да, – деди Цзинцзин Тиртеева. Кубаныч жездем Жеймс Картерге кайрылып:

– Ээ бажа, сегизинчи март болуп калбадыбы! Анда мынабу кыздардын майрамдыгы, балмуздак алып берип кой, – деп Сүймөнкүл Чокморов албууттуу тиктеген кычыраган беш миңдикти Жеймс Картерге карматты. Ал сөрүнүн төшөгүндө жаткан күрөң түстүү барсеткасына салып:

– Албетте бажа, албетте. Жөн койсоң деле болот эле, – деди.

– Кантип жөн коём. Майрамды майрамдай өткөрүү керек, туурабы? – деп балдыздарына тиктеди эле, алар жалпы:

– Туура, туура – дешти Цзинцзин, Лакшми Тиртеевалар. Кубаныч жездем менен Жеймс жездем бирдемкени шыбырашып калышты, чамасы Жеймс Картер дагы жүздөн экөөнө куй деди окшойт. Кубаныч жездем молдо болгону менен Жеймс жездем менен даталуу күндөрү «символика» катары жүздү алып коёт. Илгерки «бөтөш» досу эмеспи. Кубаныч жездем башын чайкап арактан бир стаканга куйду. Ат тезегин кургатпастан Жеймс Картер түк көтөрдү. Ушуну жактырбаган Тиртеевалар молдо жездеге карап алакан жайып, шаштырып, бата кылалы деп ишаарат кылышты эле, ал дагы колун көтөрүп, алакан жайды:

– Келгиле, биринчи дасторконго бата кылалы, – дегенинен Жеймс жездем кекиринип, мурдун тырыштырып, туздалган бадырандан сугунду да, жамаат менен кошулуп алакан жайды. Молдо жезде:

– Жолуңар шыдыр, жолдошуңар кызыр болсун. Оомийин! – деп бата берди, биз молдо жездеме ыраазычылык билдирдик. Менин коркконум пакеттин ичиндеги нерсеге кызыгып, дагы сурап кыжаалат кылышат бекен десем, Жеймс Картер рулда баратып ичип алганга элдин көңүлү ошол жакка ооп, баарынын кыжырын кайнатты. Тойдо ичсе бир жөн, Бишкекке чейин жол узак. Курортту көздөй шуулдатып, жолдун ой-чуңкуруна карабай айдаганда кыйла наразы болушкан. Бир болсо азыр машине ичинде деле ошону сөз кылышат. Мас адамга рулду башкартуу – өмүрүңү баш кесерге тапшырганга тете эмеспи деген ой машинедегилердин мазесин алды. Ал эми мени түйшөлткөн ой – эч кимге күмөн туудурбай, пакеттеги акчаны багажникке жеткирүү. Калганын көрө жатаарбыз деп унаага жөнөдүм. Кимдир бирөө артымдан аңдыгандай болуп, эки жагымды карасам: дарыланганы деле, эс алганы деле, туристтер деле – бардыгы өздөрү менен алек. Санаам басаңдап, сөрүдөн беш-алты кадам жылган кезде, артымдан бирөө басып келатканы угулду. Чыканагымдан кармап, нукуганда селейе түштүм. «Колго тийген акчаны эптеп алып кете албаган бир байкуш экенмин. Кантип? Кайсы жерден билдирип койдум?» деп териме батпай бушайман жедим. Артымды бурулуп кароо канчалык оор болсо да, аргасыз кылчайсам, жашы элүү бештер курактагы орто бойлуу, курсагы чедирейип салаңдаган, кыймыл аракети шыпылдаган жанагы арак куйган таз баш киши экен:

– Иним, мынабу сөрүдөн силер турдуңарбы? – дегенде бутум чалыштай түштү. Болду-болбоду жанагы акчаны бе-



киткен ушул экен да деп, «ак же көк» дебей, тилим булдурап калды:

– Эмне дудуксуңбу, ушул жерде олтурдуңарбы деп жатам? – деп такып сурады эле, айлам куруп, акчаны тартып албаса экен деп:

– Ооба, – деген жооп оозумдан араң чыкты.

– Мынабу барсетка силердикиби? – деп Жеймс Картердин барсеткасын көрсөттү эле, үстүмдөн үйдөй жүктү алгандай:

– Үх, – десем,

– Издеп жаткан окшойсуң? Үхүлдөбөй эле кой, мэ! – деп колума ыргытты. Чочкодой семиз болуп орой көрүнгөнү менен ушуну менен экинчи жолу чукул кырдаалдан куткарып жатат. Жеймс Картердин барсеткасын көтөрүп, лыпылдаган бойдон машинеге жөнөдүм. Чоң жездеме үндөбөстөн колуна карматтым.

– Ии-й энеңди, дагы унтуп калыпмын. Акчага тийбедиңби? – деди Жеймс Картер аракка өлө тойгонго мени мыйыгынан тиктеп.

– Коюңузчу, жезде. Бирөөнүн акчасына тийгенден, Кудай сактасын, – дедим да уялып кеттим, бирөөнүн бир пакет акчасын мал уурдагансып алып кетип жатканымды ойлоп. Мас болсо да адамдын ички кыжаалатчылыгын аңдап жүргөн жездем, ажык кыздай ырсаңдап:

– Эмнеге бозоруп кеттиң? Эсептейинби? – деди, баары бир ичип алган да, соо болсо мага мындай мамиле кылбайт эле дедим ичимден ызаланып. «Сиздин акчаңыз өзүңүзгө насип кылсын. Менин таңгакталган акчамдын алдында сиздин бир барсетке акчаңыз суу кечпейт» деп ойлоно калып:

– Эсептеңиз. Кайдан дагы барсеткаңызды бере салдым? Курортто калып кетсе жаман көрүнбөй тынч кетмек экенмин, – дедим. Жеймс Картер текшерип убараланбады, тамтуң басып рулга олтурду. Муну көргөн Иван Фитин:

– Рулга мен олтурайын. Сиз эс алыңыз, – деп өтүнгөнү рулду талашкандай кабыл алган Жеймс Картер: ачуусу келип, тер баскан мурдун эмшейтип, тили менен «шык» этти. Цзинцзин, Лакшми Тиртеевалардын да айткан кебине түк кулак салбай, багажниктин эшиги толук жабылгыча эле маарага жулунган Жеймс Картердин «боз аты» бирденкеден куржалак калгандай атырыла алдыга жүткүндү. Мен болсо пакеттеги акчаны курорттон аман-эсен алып чыгып кеттим деп, күнүм түшкөндө гана эстеп жүрчү Кудайга миң мертебе жалынып-жалбарып: «Миллиондоп акча бер» деген үнүмдү угуп, бул максатымды өтө чебер ишке ашырган Кудайдын чындап бар экендигине эми гана биротоло ишендим. Эң кызыгы, кудуреттүү Кудайды өзүмкү көрүп «Сен» деп кайрылып, сенсиреп алганыма өзүм да аң-таң калдым. Жатында жаткан түйүлдүктөй бужүрөйүп, дилимде жанган, тилиме салган сөздөрдү шурудай тизмектеп, Жаратканга эсепсиз ыраазычылыгымды шыбырап-күбүрөндүм. Ыраазычылыгым ушунчалык жан дүйнөмдөн чуурулуп чыккан экен, дилим жумшарып, жүрөк бошошуп, көзүм нымшыды.

Ичине арак кирип калган жездем камандын кейпин кийип, бурумдарда чокчоңдотуп, ылдыйышта озондотуп айдады. Ары-бери бурулганда багажниктин тетиктерине башым, буту-колум урунуп, ооруксунганына деле чыдап, пакетти катуу кучактап; таттуу ойлорум, жүгөнсүз кыялдарым эми ишке ашуусуна толук ишенип бараттым. Таңгак акчаны кучактаганың «музаңы» кучактаганга тете сезим турбайбы. Бу кезге чейин деле жараткан эчен ирет каалоолорумду ишке жарым-жартылай ашырып келген, бирок, мынча акчаны; балким отуз-кырк же элүүнү аттаганда берсе керек деп божомолдочумун. Курорттон бир аз алыстагандан кийин пакетти кучагымдан бошотуп, кайра дагы бир жолу ичин текшерүүнү эп көрдүм. Бул долларбы, юанбы же сом бекен? Эсеби канча? Анысын биринчи тапканда



кайдан аңдайсың? Эми шашпай карасамбы? Машине алибери токтобойт. Бензин куюлган, курсагыбыз ток. Ажатканага шаштырып, же суу-пуу керек болуп калбаса эле, башка жерге токтой турган жөнүбүз жок. Андыктан коркпой-үркпөй ачып карасам болчудай. Кайра ойлондум. Акчаны аңтарып жатканым багажниктин айнегинен салонго чагылып көрүнүшү толук мүмкүн. Мен деле салондогуларды ушул телевизорго окшогон айнектен анча-мынча карап жатпаймынбы. Демек, акчаны азыр ачып кароом шек туудурат. А балким, телефонумду жандырып, нары бурулуп карасамчы? Жок, антпейм. Акча аз болсо да, көп болсо да меники, туурабы? Же мени бирөө шаштырып жатабы? Миллион долларбы, миллион юанбы насибинче дегиче, кудум мен айткандай болуп, Жеймс Картер машиненин күзгүсү аркылуу багажникке үңүлгөнүн байкадым. Атүгүл, көздөрүбүз чагылыша түштү. Ушул замат унаанын ылдамдыгы да басаңдай баштады. Дагы көзүбүз чагылышып, оозун кыбыратты, ичинен сөгүп жатканы байкалды. Эмне үчүн сөгүндү? Түшүнбөдүм. Бир балээни сезгендей кучактаган пакетти курткама орогон бойдон башыма жаздандым. Бак-дарак суюлуп бадам, пистеге жеткенде Жеймс Картер күтүүсүздөн унааны тык токтотту. «Эми өлдүм, максаттар кыйрады» дедим ичимден, ал эми Тиртеевалар, Иван Фитин, Айсулуу «Эмне болуп кетти? Же жеген-ичкен немеси аш болбой шефти шаштырып калдыбы?» деп, баарыбыз ичибиздеги түкшүмөлдү жандыра албай жатсак, түкшүмөлдөгөнүм дал келип, Жеймс Картер багажникти ачып:

– Акча, сендеби?! – деп күтүүсүздөн чарт этти. Акча дегени баягы акчаны айтып жаткан турбайбы деп, чартылдаган жездемдин ачуу кеби душмандын уу жебесиндей көкүрөктү ачыштырып, ооруксунтту. Балким пакеттеги акчаны кучактап жатканымды көрүп калды бекен деп сөзүм онтолоп араң чыкты:

– Эмне, кайсы акча? – деп билсе дагы бирдеңке болор деп, бет тырмачылыкка салдым.

– Чокуң, түш бул жакка! – деген Жеймс Картер оолугуп алыптыр. Баяраактагы шайдоот абал жок, көңүлү кирдеп, өңү серт. Төбөсүндөгү суюлган чачы бешиликке сайылган суйдаң чөптөй жазгы муздак шамалга илең-салаң желпилдейт. Чач алдындагы башы узак өмүрүндө эмнелерди гана өткөрбөгөн, эми – айдала элек жазгы дың жердей одуралабыдырала. Ошончону баштан өткөрүп, анан эмелеки мен таап алган акчаны аңдап калып, Жеймс жездемдин колуна тийбей, багажникте жаткан менин коюнумда бараткан акча – бу баштын ичинде уктап жаткан мээнин тамырчаларын чыңалтканга, чыңалган мээ унаанын тормузун тептирип, үрпөйгөн суйдаң чачтары ток тепкендей титиреп турганын көргөн жаным оозума кептелип, көзүм алактады. Ал эми саргымтыл бетиндеги бырыштар дипломатиялык өмүрүндө канча адамдар менен жүздөшкөндүгүн өздөрү эле айтып тургандай, ооз ичиндеги кашка тиштер бирин-бири кычырата тиштеп тургандыгын жаагынын титирек баскан булчуңдары кабарлап турду. Жай турмушта-казармада эс алып, ал эми «душман келатат» деген чукул кабарга катар тизилген аскерлердей кабак үстү, ортосу каат-каат болуп бырыша түштү. Жеймс Картердин мындай көзүн биринчи ирет көрүшүм, демейде биз көргөн, биз көнгөн семиз койдой токчулуктун белгиси, шайыр-куудулдардай шайырлыктын шааниси, Айкөл Манастай айкөлдүктү символ кылган көз унаада калып кеткендей. Кыязы, бул карекке дипломаттардын дөөсү Генри Киссинджердин көзүн алмаштырып койгондой. Байкуш эжем мындай көздүн карегине миң жолу тумчугуп, миң жолу тегеренсе керектир, мага кадалган бир саам тиктем мени бир кылымга карытып, козучак көзүмдү караңгылатты. Бу көздүн ичинде толкуган жер ортолук деңизиндеги кемелердин согушу, зоолордун көчкүсү жылбышып мени жиреп келатты. Бул көз эмей эле анык Амазонкадан чыккан питон жыланы сойлоп келаткандай денемди жыйрылтты. Чынын айтсам багажникте кысылып-кыйналганымда мынча бытырабадым эле. «Шеф келатат» дегенде эмне мынча түйшөлүп, көпөлөктөй күйпөлөктөшөт десе жандырмагы ушул окшойт. «Сыягы, болду-болбоду мендеги акчаны алып тынат. Жанымды алмак беле» деп, кайра өзүмдү сооротумуш эттим. Болгону жанагы дөңсөөдөй одурала башты оңтойсуз абалда калтырып албагыдай элем деп, менин да башым ойлордон чаташат. Өзүмдү сооротуу үчүндүр, же кургап калган тамакты нымдоо үчүнбү, колума тийген алманы сугунуп, багажниктин эшигинен ыргып чыктым. Жерге түшсөм, бир аз санаага туруштук бере албаган чыңалган мээмдин тамырлары сан булчуңдарымды титиретип, унаага жөлөндүм. Балким буттарым уктап калып, баш бербей жатса керек, коркконго кош көрүнөт болуп жатамбы, билбейм? Ушунуму байкап калган Жеймс Картер, сырымды алдырып койгонумдан пайдалана:



– Бас, бул жакка! – деп буюрду.

– Айта бериңиз, – деп чымырап калган сандарымды ойготоюн деп, күбүнүп-чапкыланып, эки колумду куушуруп, манжаларымды кырсылдаттым. Тиштелген алмам колдон ыргып, жарылган дөңгөлөктөй асфальт менен ылдый тоголонду. Аны тиктеп да койбой:

– Кырчаңгыдай эмне тырышасың?

– Түшүнсөм өлөйүн, жезде, – деп ойдо жок жерден каргандым, өмүрүмдө жалган сүйлөбөгөн жаным.

– Ушундайыңда акчаны кайтар, – деди аттан түшсө да, ээрден түшпөй.

– Кайсы акчаны? – деп дагы эле өлүмүш болуп жатам. Ичимден күкүрт сабындай сынып-сынып бырчаланып жаттым, жанагы тапкан таңгак-таңгак акчамды тартып алат деп.

– Атаңдын башын! – деп Манас кайын атасынын башын уруп ойноп, каруу колдору менен чыканагымдан мыжый кармап, бүчүр салган бадамдын түбүнө темтеңдетип жетеледи. Кол булчуңум сыздатып оорутса да, «таап алган акчаны жөн эле кармата бербейм, бардык кордугуна чыдоого аракеттенем» дедим ичимден. «Атаңдын башы» деген сөздү укканда башымды байкасам, куурап калган көңдөй дарактай зыңгырайт. «Бер акчаны!» дегенди укканда гана катып калган башым жибип «Аа, шефке, акча керек турбайбы?» деген «паң» башыма кан жүгүрүп, Жеймс Картер мени «Кокон пеш» салып жатканын эми түшүндүм. Анткени, мен акчаны таап алганда булар аш жеп олтурушкан. Көргөн жок. Кайра келгенде «Эмне алтын таап алдыңбы?» – деп жөн эле «Ормон опузага» салды. Ал эми унаада кетип жатканда курткамды кучактап жаткан болсом, таңгакталган акчаны көрүп коюппу? Жок. Демек жөн эле «Кокон пеш» кылып коркутуп жаткан кербези турбайбы. Кырдаалды аңдап калган ички үнүм: «Мага демектен «Кудаяр кан» болбойсуңбу», – деди. Болгону жүрүм-турумум менен гана шек алдырып коюшум толук мүмкүн, балким, ошондон пайдаланып мени айттыргысы келип жаткандыр деп бышпаган оюмда сарсеп салдым да, өлүмүш болуп:

– Кайсы акчаны?

– Эй, наамарт болбо?!

– Жоомарт элемин.

– Былжырабай жанагы барсеткадан алган беш миңди бер! – дегенде гана ооруткан сыздоoktóн ириң атып, жаның сеп алгандай өзүмө келе түштүм. Бирок, эмнеге ал акчаны сурап жатканын түшүнбөй:

– Молдоке сизге берди го, – деп көгөрүп-көшөрдүм. Молдоке Жеймс жездемдин колуна тиги акчаны карматканын бүт жамаат көргөн. Анда эмне менден доолап жатат дегиче:



– Барсетканы сен алып келдиңби? – дегенде гана көңүлүм чыккан күндөй ачылды. Демек курткама оролгон пакеттеги акча жөнүндө эч кандай шек жок. Бул эң башкысы! Сапырылган санаам тынчыды. Жездемдин сазайын алган берки молдо жезде берген тооктун жемине арзыбаган «беш миң» турбайбы, шешеңди урайын. Тилиңе тибиртке чыккыр, ушу тырмактай беш миңге мени ары апарып, бери апкелип «инсульт» кылып коё жаздады. Тамыры америкалык да, баары бир башбербес өзүмбилемдигине барат да. Жезде болбой жемирең кал, тимеле Кудаяр кан болуп көрүнгөн сенин.

Демек, тиги ашканадагы шыпылдаган таз баш киши барсетканы таап, аңтарып, болгондо да молдо жезде берген беш миңди уруп койду деген ой келди. Таз болбой таз сырайгырдыкы десе. Тооба кылдым, ыймандуу, абийирдүү адамдар калбай калган сыягы. Таз баш тыяктан уруп атса, мен быяктан уруп жатсам. Демек, барсетканы мен жездеме бергенден кийин, бир нерсе керек болуп барсеткасын ачкан, ичинде беш миңдик жок болуп чыккандан кийин дароо ачуусу менен тормузду тепкен. Анда эмнеге элдин көзүнчө ошентип сурабады? Ушу жерин эч чечмелей албадым. Эгер жездем акчаны барсеткасына салган жеринен таппай калды дейли, салондогулар тиймек турсун дити барбайт, мен албасам, жер жутпайт да, туурабы? Шек бир гана ошол шыпылдаган таз баш кишиге түшүп жатат. А балким, барсетканы башка адам таап, беш миңди уурдап, таштап койсо, таз баш киши бизге бергендир. Муну азыр Жеймс Картерге миң каргансаң да түк ишенбейт. Колунан кармап албагандан кийин, аны же тигини уурусунткан туура эмес иш. Далил жок. Анда кайра эле күмөн мага оойт. Кап, башым да чатышып кетти. Барсетканы Жеймс жездемдин колуна берип жатканда эле «Акчаны уруп койбодуңбу?» – дей баштаган. Жеймс Картер деле мени курулай жаманатты кылууга эч

кандай кызыкчылыгы жок. Башына таш тийиппи. Кокусунан «Курткаңа бекитип алдың», – деп ошону аңтар-теңтер кылчу болсо өлдүм. Эми «жебеген самсага пул төлөйт окшойм» деп ойлонуп жатканымда Жеймс Картер:

– Ээ Таке, төө же бээ дебейсиңби? – деп кичине жумшара түштү менин олуттуу ойлонуп калганымды байкап. Ойлонгонум багажникти чукулап баштаса иш өлдү. Корккonum: пакеттеги акчаны шекшинип калган окшойт деп божомолдоп, чыңалуудан башым жарылайын деп калган эле. Берки акчадан берип койсом, төө көрдүңбү, бээ көрдүңбү жок? Бүттү ошону менен, туурабы? Деген менен «ушу жерде бер» деп жиндилик кылабы деп:

– Ммм... – деп оюму ийрим жүндөй чубап жатсам:

– Мага арак-шарак алып чык, – дегенин укканда кыйла бошоро түштүм. Ичимден арак эле болсо болдубу? Эң башкысы тиги акчага тийбесеңер болду деп:

– Ммм... – деп ойлонуп жатканымда Жеймс жездем чындап эле опузага алгандан коркуп кеттиби, же мени моюнуна албай коёт дедиби, айтор алдап-соолап күнөөнү моюнума коёюн дедиби:

– Кыздарга ошол акчадан тамак алып бер! – деди. Бул сунуш мага сары майдай жага бергенге шаша-буша:

– Анан... – деп жездем экөөбүз компромисстин шыдыр жолуна шырдамал салып, ынтымактын ымаласына ээр токуп, мамилебиз камырдай мамыр-жумур жуурулушуп баратты. Эки тарап тең ызы-чуусуз ишти ушу жерден бүтүргөнгө кызыкдар болуп калдык. Менин кызыкчылыгым – багажникти тинтибейт. Жеймс Картердин кызыкчылыгы капчыгы канчалык калың болсо да, даражасы миң мартабалуу болсо да, «дипломатия» жаатында жүрүп, текинден уруп көнүп калган, ошол акчадан арак-шарапты менин колум аркылуу алып, ал өзү аппак кардай таптаза болуш керек. Руль башкаргандар дайым ушундай кылып көнүп калышкан.



Мунун баарын ойлонуштуруп койгон Жеймс Картерге тан бердим. Жүзүм жазылып, көөнүм жазгы күндөй ачылып калганын көргөн жездем:

– Ашканы сеники, – деп мыйыгынан мышыктай уурдана жылмайды.

– Анын мага эмне кереги бар?

– Ары-бери басканыңа жарап калат.

– Мен анте албайм, – деп өзүм бирөөнүн бир пакет акчасын кымырып келе жатканымды шек алдырбай, периштедей таза болуп чыга келдим. Бирок, минтпей койсом деле болмок экен. Жездемдин кыжыры кайнай баштады. Мынамына сөзгө келип, маселе чечилип калган кезде, ишти айныттым.

– Эй, күйдүргү! Жебеген жердин астында, уктуңбу! – деген сөзү менин уятымды актап бергендей болду. Демек, жесем аш болот турбайбы. Баяраак ичимдеги ыйманым, абийирим менен күрөшүп, уялып келаткан болсом, жездемдин бул сөзү соңку акыбалымды бекемдеп бергенсиди, бирөө оозумду тигип койгонсуп, дале үн ката албай мойтойгон абалымда:

– Ммм, – деп унчуга албай, же ошол беш миңди алдым же албадым да дей албай туруп калдым. Ойлогонум эле ушул мүшкүлдү ушу жерде чечип алсак болду дегиче, оюмду окуп алгансып:

– Эгер акчаны алганыңды моюндабасаң чөнтөктөрүңдү текшерүүгө мажбур болом. Багажникти ачып «Кана акча?» дегенимди Тиртеевалар укту. Чөнтөгүңдөн чыкпаса, балким баягы аяш энем берди деген китеп дептерлериңдин арасына бекитип коюшуң мүмкүн, ошону да бүт туугандардын көзүнчө аңтарам. Чыгып калса шерменде болосуң, – деп шантаждын жебесин көкүрөккө сайганда гана көзүм умачтай ачылды:

– Жезде! Багажникке барбай эле коюңуз! – деп безилдеп ийдим. Жездем мага жакын келип тикирейе тиктеп:

– Сенин көз карашың бая эле өзгөрүп, куйтуңдап калгансың, кайним! Кыздын сыры төркүнүнө маалым. Сен аны билбей калды деп ойлоп жатасың да ээ? Элүүдөн ашып, алтымышка таядым. Бул жашка келгенде адамдардын кулк-мүнөзүнөн, кыял-жоругунан, баскан-турганынан, көз-карашынан, сүйлөгөн сөзүнөн эле билип аласың. Билбей калат дедиң беле? Былжыраганыңды укпайын.

– Ммм... – уурулугум билинип калганга, жер карап туруп бердим. Жездем кылмышкерди кармагандай шыкактаныл:

– Шаарга кире бериштеги дүкөнгө кирип эки шише арак, майлуу закуске алып чык, – деп жоону чапкан Манастай болуп, машинени көздөй жөнөдү. Мен болсо артынан туткунга окшоп салпаңдап жөнөдүм. Машинеге келээрибиз менен эч ким сурабаса деле Жеймс Картер:

– Туугандар, жанагы молдоке берген «Беш миңди» Таабалдыга бердим, ошол иштетет. Мен алаксыбай рулду башкарайын, – деди эле, Иван Фитин түшүнгөнсүп:

– Мейли, мейли, – десе, Тиртеевалар:

– Ошону да обочолонуп сүйлөшөсүңөрбү, тооба.

– Биз жок демек белек. Таабалды бирбоорубуз болуп жатпайбы, – деп сүйлөп жатышты.

«Унаадагылар» Жеймс Картер экөөбүздүн чукулдашканыбызды короз менен чөжөнүн жем талашындай кабылдап, анчейин маани беришпеди. Булардын кыял чордонун ээлеген Сүймөнкул Чокморовдун элеси чегерилген «беш миң сом» көңүл кылдарына кыяк тартып, аларды жомоктогу учуучу килемге отургузуп, кыйыры көрүнбөгөн кыялдар дүйнөсүнө учурду. Цзинцзин Тиртееванын кареги терезе артындагы бадам, пистеге үңүлгөнү менен көңүлү көктөгү Гагарин, Нил Армстронгду жандай басты. Аларга кол жаңсап, сүйлөгөндөрүнө баш ийкеп, билегинен жетелеген оюу -



жерди чанып, Айды аттап, Марсты көздөй ала качты. Цзинцзин Тиртеева ар нерсени ойлоду, ар нерсени мерчемдеди. Молдо жездени арзыбаган акчасына көңүлү бурулганына өзүнө-өзү кылыя карады. Акчаны көрбөй жүрдү беле? Пачкелей тутамдабады беле? Артында нөлү көп акчаларды иштеп тапкан, асманга сапырган, маасыга да каткан, карызга берген-алган, мусаапырларга садака кылган. А эмнеге анда молдо жездени арзыбаган теңгеси терисине жармашып, келемиштей кемирет? А балким, а киши: «Акчаны кыздарга иштет» – дегени го деп, актанаарга ишенимдүү жүйөө тапты. Ушул жүйөөлүү ой капилеттен кылт этип, «беш миң» тууралуу ой жүгүрткөнүнүн жандырмагы болду. Көпкө күтүрбөй: «Таабалды беш миңди кыздарга кантип сарптайт?» деген кызыгуудан улам күтүү сезими кайдан-жайдан пайда болду. «Кап, жанараак унаага отургуча, Таабалдынын өзүнө түз эле айтып койсом жакшы болот эле. Беш миңди ар балээге иштетпей, үч кызга накталай эле бөлүп берип кой, туура чечим болот деп», – деген жакшы үмүтү оттой жанды:

– Мен – Цзинцзин Тиртеева – кыздардын улуусу да, сулуусумун. Ошондуктан мага 3миң 500 сом берилүүсү шарт. Лакшми Тиртеева – кичүү сиңдимдин маанайын 1 миң 300 сом куп ачат. Ал эми Айсулуу Тиртеева фамилиясы гана Тиртеева болбосо сыпаты, сөөгү келин. Демек келинге 200 сом берсе аздык кылбас, – деген пилдей пикири Цзинцзин Тиртееваны бурчка такады. Оюу дагы уланды. – Стамбулдан алдырткан былтыркы күрөң туфлими тойго бир жолу эле кийгем, аны «Мэрдин» катыны менен «СазКороонун» президентинин кожейкеси көрсө: «Эскисин дагы сүдүрөп келиптир», – деп артымдан сөз кылат. Кой, андан көрө «Бишкек паркка» барып жаңы туфли сатып алайын. Жетпегенин жанымдан кошом», – деп элесине аппак кардай жалтжулт этип көздү уялткан, татынакай туфли тартылды. Ал

эми жолдогу ичип-жегенди, майда-барат чыгашаларды эр-кектер төлөйт деп бекем ишенди.

Канатын жайкалткан кыялы кара кер атка учкашкан Лакшми Тиртеева да демделген аштай бүлкүлдөп кирди:

– Мен – Лакшми Тиртеева – Кудайдын сүйгөн пендесимин, кыздардын кенжесимин, ары эркесимин, андыктан мага 4 миң сом бөлүнүшү керек! Цзинцзин эжемдин колунда бар неме, акчага муктаж эмес. Ошентсе да, 1 миң сом анын чөнтөгүн тешмек беле? Ал эми келинге эмнеге беребиз? Таабалдынын акчасын суурдай болуп ийнине катып жатат, же ооз тийгизбейт. Жада калса молдо жезде өзү: «Акчаны кыздарга иштет», – дегени ал бизди айтканы да, ботом. Бул бизге келин болуп жатпайбы, – деп чөнтөгүндө Жусуп Баласагындын сүрөтү чегерилген төрт даана акчаны кычыр-кычыр эттирип кысканын элестетти. Оймяконго жеткен оюу ары чуркады. – Тойго өткөнкү «электрик» түс көйнөгүмдү кием деп жаттым эле. «Абысын аңдышат» деп бекеринен айтпаса керек, алар көрсө тиштерин ырсайтып: «Эскисин жууп, бырышын үтүктөп, этегин бүгүп келиптир», – дейт. – Жакшы болбодубу «Дордойго» түшүп, абысындарымдын көзүнүн карасы күйүп, агы агып түшкүдөй – Бейонсиникендей чаар ала көйнөк кийбесемби. Акчам жетпей калса, чоң эжеме деген миң сомду алып турам», – деп бүрдөп калган бадам, пистени тиктеп кудуңдады.

Айсулуу Тиртеева курагы жаш, турпаты кыялкеч болгондуктан ал дагы пенделик ой-парасатынан кур эмес. Анын да мээ куржуну эңсөө кыямын нанга сүртүп, даамын тата, күтүү сезими оюн аралады:

– Таабалды эстүү жигит, албетте, эжелерин жөн коймок беле, анан мени да эсинен чыгара койбос. Эжемдердин колун кур койбой миң сомдон берип, ашкан акчага мына бул сыягүл түстүү көйнөгүмө түстөш сумке алып берсе, өллө жарашып калмак. Анан калса, жеңелеримдин: «Өл-а! Алиги



атамзамандагы сыдырмасы бузук жашыл сумкең мүрүңдөн эч түшпөдү», деген сөзү да тып басылат эле», – деген күтүү сезими Айсулуу Тиртееванын да баёо сезимин жибектей сүлкүлдөттү. Бир байдын журтун эки чычкан талашат болуп, бу «беш миң» сом кыздардын кыялын таш-пишке салса, бажалар кекиртекти өлдөмөктү гана ойлоп, жанараак шакылдап келаткан салон ичиндегилер кырмызы кыялдарын чубап, дымып калышты. Бу болгону беш миңдин таш-пиши, а эгерим, берки таңгакталган ири акчаны көрүп калышса эмне болмок? Мамлекеттин акчасын оң-сол чөнтөккө салып аш кылгандар, байлардын катканын кустуруп, нарыбери пачактагандар, кантип ойлонот болду экен? Билбейм? «Бирөөнү коюп өзүңдү бил» деген пенде жок. Менчи? Пакеттеги акчачы? Мен аны бекиткен жеринен күтүүсүздөн таап алдым. Ал үчүн өзүмдү күнөөлүү деп эсептебейм. Ооба, тээ жүрөк түпкүрүнөн барпырап чыккан кандайдыр бир уялуу сезими – ыйман дейбизби же адеп дейбизби, балким Кудайдан коркуу сезими деп атайбызбы?.. Ошол бар, Кудайга шүгүр дейли, өлө элек. Балким, ушул сезимим күчтүүрөөк чыкса акчанын ээсин издеп жөнөймүнбү? Айта албайм. Болгону, эми гана эки ача пикир тамырлай баштагандай. Бирок, кандай адам бекиткенин билбейм, билсем эмне кылмак элем? Албетте, ири акчаны селсаяк бекитпейт. Болгону бул акча арамбы же адалбы? Балким мага буйруп, туура жумшасам адалдашып калаттыр?

Жеймс жездемдин тамагы кургап калганбы, кыскасы, баягы буйругун аткарышым керек. Көпкө узабаса керек, баамымда алыс-жакында ичимдик сатылбайт. Айланма жолдун бурчундагы дүкөндө сатылат деп жүрүшөт. Жанагы жебеген самсага пул төлөп, уурдалган беш миңди жок жерден моюнума алдым. Кантсе да эми билгизбей жанагы акчадан алышым керек, даярдап койбосом тинтип кирсе өлдүм. «Мастан жинди качып кутулуптур» деп бекеринен

айтылбаса керек. Кандай кылсам экен? Көздөрүм айнектен чагылышкан машиненин күзгүсүндө болуп, колдорум пакетти чукуламак болду. Калганын көрө жатарбыз деп таңгакталган акчага манжаларым тийгенде жыландын башын баскандай жүрөгүм «дирт» этти. Башыма чач чыгып, мынча акчаны өмүрүмдө биринчи тутамдашым. Кагаз менен кайчылаш таңгакталган акчалар экен. Бир таңгактын кагазын жыртып бир купюраны сууруп чыктым, көгүнөн экен. 100 долларлык жаңы купюрадан көзгө тааныш Бенджамин Франклин бошошкон эрди менен «Салам, сары жөжө» дегендей текебер тиктегенинен, акчанын жытынан, пакет ичинде мындай акчалар пачкелеп жатканын элестеткенимде денеме от койгондой «дүрр» этип төбөмөн ылдый ысык дем жүрүп, маңдайым менен таманым тердей түштү. Астейдил 100долларды чотор деп «чырт» түкүрүп, көйнөгүмдүн төш чөнтөгүнө тыгып, колумду кайра пакетке салдым. Чамасы колу туткактык ушинтип башталат окшойт. «Колу туткак» дегенди башта укчумун, анын абалын башка түшкөндө сездим. Колуңу башкара албай, жайдак аттай ойноктоп, колуң жүрөгүңдү укпай, мээнин түз буйругуна баш ийип, инерттүү, робот сыяктуу иштеп баштайт экен. Унаа болсо зуулдайт. Жеймс жездем дагы менин тереземе үңүлдү, сүрдөгөнүмдү жашыруу үчүн билинер-билинбес Мона Лизадай табышмактуу жылмайып, картинадай каттым. «Мона Лиза» Леонардо да Винчиге мыскылдуу жылмайганын чечмелей албай башым катчу. Жандырмагын ал айтпаса да таптым. Жеймс жездем жүзүмдөгү эмоциямды окуй албай, кайра жолду карап, айдап жөнөдү. Колумду кайра пакетке салдым, көзүм дагы эле терезе аркылуу машиненин күзгүсүнөн жездемди көзөмөлдөөдө. Колум экинчи таңгактын кагазын жыртып, бир купюраны сууруп чыкты. «Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй» деп айтылгандай талanттуу актёр, сүрөтчү Сүймөнкул Чокморовдун олуттуу көз карашын көрүп, чоңойгондо ушул ки



кыялданчу элем. Ушундай болбой, колум туткак болуп калабы деп эки анжы ойдо арасат болдум. Акчанын кычырагасы олдоксон оюмду оолуктуруп, бекчейип отурган белимди түздөдү. Ушундай пачкеден бир канча экенин элестеткенде багылган букадай семирип, жок курсагымды сылап, экинчи ээгимди салаңдаттым. Маанилүү, кадырлуу, ары уяттуу киши болгонго аракет кылдым. Бу акчасыз эле кадырлуу болсом болбойт беле? Бирөөнүн акчасына кутурганыма жол болсун. Эң башкысы молдо жездем берген акчага тете акча табылды. Эми Жеймс жездемдин буйругун ишке ашырайын, калганын жолдо көрө жатарбыз дегиче, машине «лык» токтоду. «Мынча акчаны багажникке кантип таштап кетем?» деп күйүп-быштым. Пакетти аңтарбасам бир жөн, аздыр-көптүр акча бар деп анчалык түйшөлбөйт элем. Багажникти ачкычакты пакеттин оозун бууп, курткама ороп, кийимдер салынган спорт сумкенин ичине буйдамалап тыктым. Көздөн оолак болсо, эч кимдин көзү түшпөйт, мен да машинеден тынчырак түшүп-чыгам. Багажникти Жеймс жездем ачып, көзү менен «түш» деп ишаарат кылды. Табылгамды бекиткен соң, оюм тескелип калбадыбы, ошентсе да, багажниктин эшигин бирөөгө ишенбей өзүм жаап, дүкөндөн шеф айткан нерселерди алып, багажникке жайгаштым.

«Жайлоодогу ат – боз үйдү өзү таап барат» дегендей, боз жорго «Тейит уулу Курманбек» баатырдын айкели орнотулган аллеяга улай айлампага; Сузактан келүүчү жолдун боюндагы ашканага токтоду. Жеймс Картер мас болуп калганын сезген Тиртеевалар, анын «Ушу жерге токтойм» дегенин кош колдошту. Ашууда ат алмашпайт дечү эле, ашканада «шопур шайламай» оюнун башташты. Тегерене хан столго отурдук. Эркектер куурдак, аялдар шорпо буюртма кылып, үстөл үстүнө чоң шеф-жезденин буйругу менен бир бөтөлкө арак короздой койкоюп, экинчиси акопко бекинген жоокердей үстөл астындагы кара пакетке башын тыгып,

кезегин күтүп калды. «Аш-быш» дегиче, куурдак кабыргалары тишке урунуп, ысык шорпо арыктан аккан жайкы жаандай кызыл кекиртектен ылдый ашказанды аралады.

– Жанараак эле аш жедиңер эле, жарым саат узабай куурдакты кантип сугундуңар? – деген жолоочум Исраил мырза ишенип, ишене албай таң калып мени баштан аяк тиктеди.

– Кыргыздарды билесиз го, бир баштаса тиштерин карсылдатып, үч-төрт сааттык тойдо «жакшы тамак калгыча жаман курсак айрылсын» деп төрт түркүн суюк-коюу тамакты ачуу-таттуусун аралаштырып, кумга сиңгендей сиңирип алышат. Ушундай эле көрүнүш уланды. Бир жагы бу жерге токтогонубуздун себеби Тиртееваларды оюу Иван Фитинге руль башкаруучулугун ыйгаруу эле.

– Моюндайм, мындайыбыз бар. Уланта бер, – деди Исраил мырза.

– «Бөтөштүн» бошогон шишеси тоголонуп, экинчисин жарымдаткан Жеймс Картерди көрүп, ичкен-жеген тамактын эсебин тейлеген кыздын колуна акчаны карматып, жамаатка кайрылдым:

– Молдо жездеме батаңыздарды берип коюңуздар. Тамак-ашка ошол акчадан иштеттим, – дегенимди уккан кыздар: күүгүмдө күйүгө күттүргөн күтүү сезими күткөндөй чыкпай, үзүлгүс үмүт чылбыр, асыл ойлор ойрон болгонуна нааразы болуп, бир балакетти чыгарчудай баштарын бириктире шыбыр-шыбыр кеп башташты. Катындар шыбырашканда өлдү дей бер. Асмандагы Айдын сиркесин сыгып, акырга аркандашат, көктөгү Күндүн кирпигин терип, гөңгө байлашат. Бул сапар да дал ошондой болду. Эч нерседен этибар салбай чыканактап жаткан Жеймс жездем куурдакка кекирип, аракка мас болуп, дасторкондон турабыз деген учурда жанагы «беш миңди» максатсыз сарпталуусу



боюнча Тиртеевалар наразы болгонун эми ачык айтып, жарылышты:

– Ким мындай чечти? – деп ит аягына кызгангандай ызырынышты.

– Молдо жездем «Акчаны кыздарга иштеткиле» деп айтпады беле.

– Эркек болгондон кийин, жеген-ичкенди майдаланбай төлөп койбойсуңарбы?

Ызасына какшык оролгон көздөрдү жаадырышты.

– Жеймс жездем арак ичип алды. Рулду Иван же Таабалды башкарсын, – дешти анын арасында. Чынын айтканда жамааттын түшкү тамагын сол чөнтөктөгү жүз долларды майдалатсам бүт чыгашаны жапмак турсун ашып-ташмак. Бирок күмөндүү болуп калмак. Эрте менен эле бензинге деген акчаны Айсулууга берип, кошумчага деген гана акчаны конвертке салып, ал акча Айсулуунун кол сумкесинде болчу. «Жок жерден бул акча кайдан пайда болду?» – деп шек алдырып койбоюн деп тынч болдум. Тиги беш миңди тамакка иштет деп Жеймс Картер айткан да. Болбосо «Эсеп мынча болду, эмне кылабыз?» – деп жамаатка айтсам ортодон төлөнөт беле, же эжемдер айткандай эркектер эсепти жабат белек. «Артта Москва, артка жол жок» болуп калды. Кырдаалдан эптеп чыгып кетүү гана калды. «Башың баш, багалчагың кара таш» дегендей күтүүсүз бурулуштан ээси оогон Жеймс Картер мага шыбырады:

– «Акчаны ушинтип иштет деген» деп мени сатпа. Күнөөнү өз моюнуңа ал. Бул маселени кийин өзүм жолго салам, – деди шашкалактап. Алдастап калганга көзүм какканактап:

– Алдап койбойсузбу? – деп аңырая тиктедим.

– Өлүп кетейин. Алдасам, урпагым уланбай, Манас атанын арбагы урсун, – дегенде ишти узарттырбай:

– Өзүңүздөр билесиздар Молдо жездем берген акчаны Жеймс жездем мага тапшырган. Силерден сурабастан сарп кылдым, – дедим көгөрүп.

– Өл-аа! Эмне дейт?! – деп кыздар аарынын уюгундай ызылдап калышты. Жеймс Картердин «унааны» башкарганы Иван Фитинге жакпай, ал жерге тымызын кызыгып жаткан белем, кадимки очоктогу табылгы чогундай сөзгө кызып калган кичүү жезде сөзүн октой жаадырды:

– Таабалды акчаны иштетсе бизге иштетти, эмне башңыз туура эмес? Жезде, рулда келатып арак ичип алганы жарымды сүзүп кетсеңиз эмне болот? Кокустан МАИге түшүп калсак же бирөө – деди Иван Фитин. Жоошон жоон чыгат деген ушул эмеспи, Иван Фитиндин мындай дымагын эч ким биле элек болчу. Баарыбыз аң-таң калдык. Атүгүл, мындайды бажасынан күтпөгөн Жеймс Картер упураган үйдөй:

– Ичкен жокмун. Далилиңер барбы? – деп аракка кызарып, оозу-мурдунан арак жыты уруп турса да баш бергиси жок. Танкадай даңкылдап, темирди кызуусунда баскан Иван Фитиндин даярдыгы күч белем, көзүн чакчайтып:

– Жакшылыкча түшүнөт бекен десе ынабадыңыз. «МАИни» чакыртып, «Наркологиялык диспансерге» алып барып, арак ичкениңизди далилдеген тест алдыртам! – деп калп эле опузалады. Цзинцзин Тиртеева таң калып, Иван жездемди карады эле, опузалап жатам деген тейде көзүн ымдады. Муну уккан Жеймс жездем жаактан ары тартып жибергендей соолуга түшүп:

– Бажа, мындай иттикти сенден күтпөдүм эле? Эмнеге душмандык кылып жатасың? Мен сага эмне жамандык кылдым? – деп көзү киртейип, бөжөңдөй түштү. Ал эми сүлкүлдөгөн Иван Фитин:

– Арак ичкениңиз көз көрүнө билинип турса деле, тим эле аңкоолоносуз да. Эмне көзүңүзгө келесоо көрүнүп жата-



бызбы? Рулга жармашпай, орунду бошотуңуз, – деп сындыра тиктеди чоң бажасын. Жеймс жездем ачууланып калган Иван жездемдин артка кайтпасын сезгенге, арак ичкенин аныктоо үчүн «наркологиялык диспансерге» алып барып, шермендесин чыгарам деп опузалаганына ишенип калгандай го, баяраак күпүлдөп жатты эле. Эми өңүндөгү ишеними эски чапандай бозоруп: «Ысытып койгон ордумду кантип таштап кетем? Рулду башкарып баратканына кантип чыдайм? – деп каңырыгы түтөп, – Жат адам болсо мейли, кара чечекей бажам ордума отурабы?» – деп, анан өзүнчө: «Кыйтыр десе, айтам, арак дегенде жата калчу эле. Бая ич десем ичпестен, куйтуңдап: «Каныңыз коюлуп кетти, өлүп кетсин деп эки жүздү тартып ийиңиз, тамактын алдында калып кетсин», – дегени нак бут тосуу турбайбы. Арамза! Бу бети жок менин ордумду басып калайын деген тура», – деген оюу жүүн-муунун бошотоконго көзүнө жаш тегеренип:

– Акчаны алган колумду кескиле. Аракты ичкен кекиртегимди жулгула, бирок рулдан түшүрбөгүлө, – деп мас болуп калган Жеймс Картер безилдеп жиберди. Мунун жан далбас кылып жатканын түшүнгөн Тиртеевалар:

– Коюңуз, жезде. Кичине эс алыңыз, кайра рулга олтуруп, машинени башкара бересиз. Ушуга да ушунча кыжаалат болосузбу? – деп рулга Иван Фитин олтурду. Ал «шефтикке» жаңы отоо болгонго багажник менен иш-пиши деле жок. Ошентсе да, пакеттеги табылгамды текшерип койдум, оролгон боюнча ордунда. Тооба, муну бирөө бул жерден сууруп кете тургансып кызганганыма өзүм таң калдым.

Жалал-Абад – Сузак, Базар-Коргон – Ноокен жолуна түшкөндө Гоголдун: «Орусиянын эки азабы бар: кемпайлар менен жолдору», – деп кан какшаганын аргасыз эске түшүрүп, кадимки согуш майданы көз алдыма келе түштү. Унаалар бири-биринен буйтагыча аркаң бир чуңкурга, алдың бир аңга кирип, опоң-чычаңдаганда, жанараак ичкен-

жегенибиз күлүп түштү. Ооз-мурунга толгон чаң шилекей менен жуурулушуп чопо сагызга айланды. Рулдан түшүп, чачына кар жаап, бубак баскан Жеймс Картер эми шопурдун жанындагы отургучта, уйку-соонун ортосунда, ылай даамданган шилекейин утуру түкүрүнүп коюп келе жатты. Иван Фитин жорго салыштай машинени зуулдатууда. Албетте, оңкул-чуңкурга түшпөй кантип айдасын, бирок аракети жакшы. Жалал-Абадда Жеймс Картер рулду бербей «Мас эмесмин, анаке-мынаке», – деп куйругун карматпай көшөргөндө «Асма үкөл алдырып, каныңызды тазалатабыз», – деген эле Тиртеевалар. Ошону ойлонуп бараткан кичүү эжем – Лакшми Тиртеева:

– Асма үкөлдү Ноокендин, же Кочкор-Атанын клиникаларынан алыңыз, – деди сыпайы.

– Балдыз, мага сен гана күйөсүң, мунуңа ыракмат. Бирок, бир соболум бар.

– Сураңыз.

– «Коронавирустун» канчанчы толкуну келди деп жатышат?

– Экинчи же үчүнчү дейби...

– Башты деле айландырып бүтүштү. Атың өчкүрдүн аттары деле укмуш; Британ штаммы, Индия штаммы, мынча болду биротоло «Кемпирдин ала ыштаны» деп коюшпаптыр, формасы да, идеясы да куп жарашып калмак, – деди эле, баарыбыз ыкшыдык.

– Тамашаны коюңуз. Олуттуу маселеде, олуттуу бололу.

– Мына өзүңдүн маалыматың бар экен. Кокустан оорукчал адам келсе, баарыбызга жугуп, ит болбой-лу? Тойго жетпей топтой тоголонуп «ковиддин» алкымына кирип кетпейли?

– Оозуңузга таш!

– Ошону үчүн, мынча болду жолду ката аз-маздан ичкенче кетем. Рулду алдыңар, туурабы? Ушу шартка көнгүлө, – деди. «Рулду алдыңар» дегени, «Рулду мажбур менен тартып алдыңар. Эми менин шартыма да көнгүлө» дегени эмеспи. Ушуну аңдаган митаам Лакшми Тиртеева Иван Фитинге терс таасири тийип калбасы үчүн, астейдил:



– Мм... Тойго кечигип калбайбызбы? Кандай болот десеңиз? – деп шайбаны Жеймс Картерге кайтарды.

– Кандай болмок эле? Кадимкидей эле, – деп кекиринди да, – Сөзсүз эле айтылган саатка кирип баруубуз шарт эмес. Той дегениң саат алты деген менен, сегизден өтүп башталбаса мурдумду кесип берейин.

– Ммм... Эртерээк барып, тууган-урук менен сурашып турсак болбойт беле, жезде? – деди күйүп-бышкан Лакшми Тиртеева.

– Болбой анан. Токтотсом, ашып кетсе беш мүнөт кетет, – деген Жеймс Картерди түгөнүп бүткөн жамак жолдор соолуктурмак түгүл ичеги-боорун кагып-силкип, андан бешбетер мас кылары анык болуп, болгону: Тиги асма үкөл алганга ковид шылтоо болуп, эми жол ката арак ичип кетчү болсо, мынабу жол азабы Жеймс Картерди биротоло рулдан кетирүүгө түптүз жол ачып бергенин өзү да аңдабады. Анын мээсин чыңалткан жанареки ашканадагы ээ-жаа берберген жүгөнсүз сөздөрдөн улам жүрөгү – уясы чаар жыланга туш болгон чабалакейдей түйшөлүп, маанайы – май токочун тарттырып ийген жаш баладай сумсайыңкы эле. «Ү-үфф», – деп аптыккан жүрөгүнөн оор үшкүрүндү. «Бөрү жесе да, жебесе да оозу кан» дегендей, ачырканып калган неме, Базар-Коргонго кире бергендеги май куючу жайга бир чакырым жетпей оң тараптагы өзүнө тааныш, баш бағып жүргөн күркөгө токтотту. Дүкүлдөтүп, талыткан жүрөк ооруну басаңдатуу үчүн эки жүздү чыпалагы көрүнгүчө «түк» көтөрдү. Коюлган кан суюлуп, кургаган ичегилер нымдашты, ушу менен Ноокендин жанагы жарма ичкен жерине чейин жетти. Жеймс жездемдин кабагына кар жаа-

са да «багажникти» ачып, мага тиктеп, «жармакана» жакка жаңсады. Жанараак Жеймс Картер мен жакка тап койгондо, жөжөдөй чыйпылыктап, коркуп жаттым эле. Эми мына, мас абалдагы жездемди алдап-соолаcard болот деп, спорт сумкеми көздөн далдоорак түртүп, багажникти жаап, ачылбай турганын текшерип, жерге түштүм. Базар-Коргон-Ноокен аралыгы деле 1945-жылкы талкаланган Берлинден кем калбаган жол эмей эле, согуш талаасындагы окоптой туюлуп, айырмасы кан жутпай, чаң жуткан «унаачылар» пиво куйчу айнек кырдуу кружкелер толо жармадан шимирип, ооз-тамакка уюган кургак чаңды ашказанга ылай кылып түшүрүп жатышты. Жалал-Абаддан бери жолду ката оозуна талкан салып алгансып, тултуюп келаткан Тиртеевалар бири-биринин чаң баскан чачтарын, каштарын көргөндө аргасыздан кашка тиштерин ырсайтышты. «Жармаканага» жармашкан кафеден жүздү, үстүнө эки жүз грамм жармаңы урган Жеймс жездемдин көөнү ачылганы менен, аң-дөң жолго деле этибар салбады, оюунан дале баягы Жалал-Абаддагы кер-мур айтышуусу жүрөгүн аралап, кыжаалат. Капилеттен эле «Жакшы келатты эле, ичип албадыбы? Мунуку эми токтобойт, асма үкөл койбосок бырбындап, тойго катышпай калат», «Дагы ичип алдыңызбы?» «Рулду бериңиз» деген сөздөр көңүлүндө шамдай жанып, ушуларды эстегенде алсыраган каруусуна күч, кансыраган дилине дем бүтүп, алты баш ажыдаар менен сайышка чыгууга белсенгендей, эрдин кырча тиштеп, шеңирейип турду. Чынында, баягы – жаштык күч, алиги – тоону омкоргон кубат кайда? Ал күндөр эми эстей жүргөн элестерге, кол жеткис белестерге айланаары анык эмеспи. Мурунку бийиктиктерди багынтып, ашууларды ашкан кез жомок сымал, тарых болуп айтылып калаары шексиз. Азыр кайда? Эптеп куунду болбой, өзү кожоюн болгон, бирок соңку убакта башкалар ээлик кылган «Унаада» калса болду. Канчалык кыйынга



турса да, рулду өз ыктыяры менен өткөрүп берүүнү ойлогону ак баскан башында бышылып жетилди. Болгону, колу «рулга», жамбашы «креслого» жабышкак өнөкөтү коё бербей, колун рулдан бошотуп, көчүгүн өйдө көтөрүү айда кыйынга турганга, ушул напсиси менен алышып келаткан. Каяктан чыккан арак чуусу – «ойлогон ойду, кыстаган турмуш жеңет» болуп, бардык жакшы ойлору «ковид менен арактын» шылтоосу менен ойрон болду. Бул илдетин деле өзү билет. Ичпесе эки-үч айлап түк оозуна албайт. Бир шылтоо табылып жүздү бастырган болсо, өчөшкөнсүп жумалап ичет. Ошонусу башталып кетпесин деп өзүн этияттап рулга олтурган. Жоопкерчиликти сезип, анын өтөөсүнөн чыгат, болбосо, тиргилиги картадан куралган үйдөй урап калмак. Анан эмне болду? Жалал-Абад курортуна чыкканда мурда ичип, тойлоп жүргөн молдо бажасын көргөндө тизгинди коё берди. Ошондуктан, Цзинцзин Тиртеева: «Курортту жөн кой, жолду арбыталы», – деп чый-пыйы чыгып жаткан. Эми өз каалоосу менен эмес, мажбур менен ээрден шыпырылганы ичине мышык кирип, жүрөгүнө тырмактарын матыргандай ачыштырды. Ал эми унаадагылардын «Тойго эртерээк баралы», «Абже, жездем азыраак ичсин, кой десеңиз» деген сөздөрүн укканда: «Бу жүрүштө Бишкекке жетебизби?» деген собол баарын бушайман жедирген менен «Мен адаштым», же «Биз жаңылдык» деп айтууга эч кимиси даай албады.

Ал эми Жеймс Картер тизгинди колго алган кичүү бажасы Иван Фитинге рулду ыраа көрбөдү. Чынында башкарууну кичүү бажасына өткөрүп берем деп белсенген, бирок Жалал-Абадда эмес, балким Токтогулда, Суусамырда же Кара-Балтага жеткенде. Соңку окуяда Иван Фитин бул тарап болбой, Тиртеевалардын жээгине өтө качып, мунун бетине көө сүйкөп, шымынын пайчасын жырта тебелегенде «жыланды колтугума катып алган экенмин» деп өкүндү. Иван

жездем бетине карап жылмайып, артына өтүп мык кагып жүргөнүн эми гана аңдаганда, мурунку жакшы көрүүсү жек көрүүгө өттү. «Эми кантип Иванга рулду «ме, ал» деп өткөрүп берем, өзүнөн көрсүн», – дейт ичинен. Иван жездемден көөнү көк таштай калган Жеймс жездемдин оюу – рулду мага – Таабалды Тиртеевге берейин деп ниеттенет, а мен болсо «багажникти» үйүмдөй көрүп, жаталагым кармап, аюунун коңулуна айлантып, ал жерден эч жакка чыккым жок. Чыгып деле кетет элем, ал жерде менин басып жаткан байлыгым – таңгакталган акчам бар экенин бир жан билсечи? Билбейт да. Ымдап көрдү, жаңсап көрдү, же ымдаганды же жаңсаганды түшүнсөмчү? «Былбыраган, энеңди», – деп сөгүнүп алды. Жеймс жездемдин мээси ушундай жаман-жакшы, ачуу-таттуу аралаш ойлорго нык толду. Ызасына муунуп, буларды да бушайман жедирип, акыры оңой-олтоң жеңилип бербегенинин сыры ушул. Ушул кырдаалга дейре унаадагылар менен бир жолу кеңешип, бир жолу пикирлешмек түгүл, тоготуп койбогон Жеймс Картер каардуу диктаторго айланып, жалаң гана буйрук менен унааны, жүргүнчүлөрдү башкарып келаткан.

Аба-ырайы бүркөлүп, асман түнөрүп, тыбырап жамгыр жаап кирди. Жүргүнчүлөр наразылыктары күчөгөндө чоң жездем ордунан козголуп, мени обочолонтуп, четке тартып, кайраттуу үнү катылып, кардыккан үнү кагылып, багажникте келаткан мага мээримин төгө кайрылды. Анан кимге кайрылат? Карегиндей көргөн Цзинцзин Тиртеева чөгүп бараткан кемени таштап, жан алакетин ойлоп, Тиртеевалардын коңулуна кирип кетти, балдай таттуу балдыздары коко тикенекке айланып, ар жерин ачыштыра сайып, каршы туруп алды. Бажасы – Иван Фитиндин ойлогону пул, мыкчыганы руль болуп, жадесе уктаганда да ала жатчудай түрү суук. Айласыздан, биринчи ирет чыпчындап жакшы көргөн көзү менен мага жалооруй тиктеп:



– Таабалды, эми эмне кылабыз? – деп менден чындап колдоо күтүп үңүлдү. Аттай башын кичирейтип, суроо берип алып, кооптоно түштү. Менден «Арак ичпегениңизде бул иш болмок эмес», – деп күнөөлөйт дегендей жооп күткөн сыягы. Багажникчи болуп калганга тагдырга баш ийе, жөн гана:

– Көрүп турганыңыздай баары татаалдашып кетти, – «мен акчаны кыйналуу менен алып келатам» деген сөз оозумдан чыгып кетейин деп, сөздү жездем жакка буруп, – Бирде Цзинцзин эжем: «Жездеңер бир жумадан бери баш көтөрбөй ичип жатат. Ичпесе бир жакшына адам. Муну арак тууган окшойт?» – деп айтты эле. Ошол «статус» сизге жармашып калган өңдүү, болбосо сизди ичкич деп айта албайм.

– Ырасынан ушинтип айттыбы?

– Жумшартып айтып жатам.

– Ошону айтсаң! Шайтандай болуп, молдо жездең: «Чай ичкиле», – деп жолдон чыгарбадыбы! – деп санын чаап, күнөөнү бажасына оодарды.

– Азыр кайдан болсо да каныңызды жууп-тазалоону ойлонуп жатышат. Мурунку заман болсочу, бат эле болмок. Ковид келгенден бери коопсуздук маселеси маанилүү. Аттуу-баштуусун деле, пулдуу-тондуусун деле, диндар – аалымын деле ушул балакет кара жерге алып тынды. Дагы деле тойбогон жырткычтай жан аңдып жүргөнсүйт, – дедим. Муну угаар замат; ак халатчан мээрбан эже асма үкөлүн сүдүрөп келип, ийнени колуна сайып жатканын элестетти. Менден ачуу чындыкты билгиси келип:

– Мен эч кимге жакпай калдым окшойт, Таабалды? – деп кайрылды. Жездемдин жүзүнө үңүлсөм, анын мурунку өктөмдүү, сүрдүү жүзү кетип, капканга түшүп, жарадар болуп, жан далбас кылган карт бөрүнүн ырылдап турган сөлөкөтү тартылды. Багажникте келатып көп нерседен артта калганымды түшүндүм. Тооба, эсиме алиги: «Келеринде дүнүйө

– бетке туткан айнектей, кетээринде дүнүйө – түбү түшкөн чайнектей» деген накыл сөз аргасыздан эске түштү. Кели келген адамдын ырсаңдаганы деле куп жарашат, кеткети келгенде чынчылың деле жасакерленгендей туюлуп калат тура. Андыктан, ушунун баарын Жеймс жездеме айтсам капа болот беле? Жалган сүйлөөгө дитим барбай турду. Рулда келатып ушунча кишинин өмүрүн, өзүнүн кадырын, абийирин тобокелчиликке салып, напсисин тизгиндей албай ичип алган жездеме таң калсам, бир жагы чопчоң кишини мажбурлап «Арагын ичирбей коёбуз», – деп күйпөлөктөгөндөрдү көрүп, ошону жездемден тактоону эп көрдүм:

– Рулда келатканыңызда: Өңдүү, өктөмдүү элеңиз. Тартип сактабай койдуңуз го сыягы, нуруңуз өчүп калгандай. Аракты таштаса болобу? – дедим.

– Ынсап бербесе, таштайм деген кур сөз. Ичпей эле коёюнбу? – деп ыңгайсызданды эле.

– Ар ким өз билген намазын окуйт дегендей да, жезде. Ичсеңиз өзүңүз үчүн ичесиз, бирок, бирөөгө кесепетиңиз тийип калышы мүмкүн, ким намаз окуса өзү үчүн окуйт, бирөө үчүн окумак беле? Бирок, бирөөгө шарапаты тийип калышы мүмкүн – дедим. Бир аз ойлоно дагы собол салды:

– Той деп ызылдап жатышат, ушу кыргыздардын тою эч жакпады, – деди америкалык Жеймс Картер.

– Сиз деле кыргыз болуп калдыңыз окшойт, жезде?

– Айтпа, көзүм менен чачым гана сатпаса, тилим, дилим кыргыз болуп калбадыбы. Тойго кечигебизби?

– Убакыт боюнча баратабыз. Кам санабаңыз.

– Анда мени туура түшүн, токтоп-токтоп кетелй. Каным коюлуп өлүп калбайын, кел, дагы жүздү алып келчи, – деди.

– Макул, – деп эч кандай жаман нерсени капарыма албай, тоосу кулаган карт бөрү Жеймс Картерди мурункудай эле түз көзүм менен тиктегенимди көргөн жездемдин ка-



тып калган жүрөгү сүзмөдөй эзилип, көздөрү каканактап мени кучактап «атасы өлгөндү уккандагыдай» шолоктоп ыйлап жиберейин деп өзүн араң кармады. Жездемдин каректеринен мурун байкабаган адамгерчиликти аңдадым. Менин мындай жылуу мамилем Жеймс жездемдин көкүрөгүндө өчкөн отту күйгүздү, жан дүйнөсүндөгү дүрбөлөңү жай аккан дарыядай мелтиреп, тынчтанды. Анығында Жеймс Картер арактын кесепетинен «рулду башкаруучу» статусунан кол жууп, салондогу «жүргүнчү», менинкиндей «багажникчи» социалдык абалга кептелгенин аргасыздык менен, азап менен ушул статуска көнүшүп бараткан эле. Көнбөскө айла да, арга да барбы? Билегиндеги күчү кетип, каруусундагы кайраттан тайган, болгону, акылы өчпөгөн чырактай үлпүлдөп, түнөргөн түнгө шерик болду. Сыртынан өзүн жалындаган өрт, арыстандай шер эсептеген менен, ичинен кан өтүп, «канчыгынан айрылган бөрүдөй» улуду. Ooматтын кет-кети келгенде даамы калемпирдей ачуу болот тура.

Ноокендин жармасын ичкенче ичтеги букту чыгарып, чаалыккан рухту чыңалтып, даңгыр жолго аттандык. Багажникке түшөөрүм менен адатымча спорт сумкедеги кара пакетти кармалап, текшердим. Текшерүү адатка айланды. Мүлк ордунда. Ал ордунда болсо жан дүйнөм да ордунда. Муну эч бир жанга айтпай, эч кимге көргөзбөй, алдырып жибербей Меккеге, ой! Бишкекке жеткизүүм абзел. Кудай мага бекеринен багажникти буюрубаптыр, ушул ырыскыны таап, ушул жерде үй коруган иттей коруп кетсин деп буюруптур. Ушул вазийпаны эми жогорку деңгээлде аткарсам жаркын келечегим, кереметтүү жашоом эртеңден башталмак болду деп кыялым жерден атка минген кезде, машине тарактап Кочкор-Атанын борбор көчөсүнө түштү. «Айткан менен эп келбейт, талашкан менен бек бербейт», – дегендей бу жолду айтпаган эч ким калбады, телеканалдар

көргөзө берип көз чарчап, радиодон айта берип тил чарчады. Зымылдап келатып эле калдыр-кулдур жолго түшкөндө Кочкор-Атага келгениңди түшүнөсүң. Андай оңдошту, мындай оңдошту, акыры кол шилтеп таштап салышты. «Бөдөнөнүн териси өзү жатып ий болот» деген сыңар, эми бир болсо, ушу турушунда өзү жакшы жол болуп кетсе керек дешти окшойт.

Аңгыча базар тушуна жеткенде:

– Иван, базардын тушуна бир мүнөткө токтотчу, – деди Жеймс Картер. Машине токтоору менен багажникти ачып, Тиртеевалар угуп калбасын деп сөөмөйү менен кекиртекке черткилеп «Мүрөк суусунан алып кел» деп ишаарат кылды. Көкүрөк чөнтөгүмдөгү көгү кыймылдай элек, шым чөнтөгүмдөгү беш миңден ашкан акчага утуру токтой бербейин, өлүп кетсин деп эки шише алдым. Ушуну бекер кылган экенмин, багажникке кайтканда шишелер шырыктап иш берди. Тиртеевалар жактырбай жаман көзү менен аңырая тиктешти. Көпкө узабадык, Кочкор-Атанын чыга беришиндеги ашканага токтодук. Жеймс жездем багажникти ачаары менен өзүм менен кошо бир шишени алганча түштүм. Түшүп бараткандыбызды көргөн Цзинцзин Тиртеева:

– Жеймсти түшүнсө болот, мунун оңолгус адаты. А сага Таабалды, эмне жок? – деп ачуулуу тиктеди. «Жеймс жездем курортто апаптабаганда минтмек эмесмин, багажникте бир пакет акчаны басып келатам, ошонум билинип калбас үчүн аргасыз ушинттим», деп өзүм менен өзүм күбүрөнүп ашканага кирдим:

– Таабалды, сени буларга жаман көргөзмөк болдум ээ? – деди Жеймс Картер.

– Сизди булар түшүнбөйт да, – дедим, тимеле түшүнгөн адам болуп.

– Кел, дагы бирди куй, жолго чыгалы, – дегенде куйсам, үстүнө дагы толтура куйдуруп урду. Машинеге чыгып жат-



канда биздин акыбалыбызды көргөн Лакшми Тиртееванын ачуусу келип:

– Ээ Таабалды, кой дегенде койгун! Кайдан дагы сени багажникке алдык. Жөн эле өзүңөрчө кете берсеңер болмок экен, – деп наалыды. Тим эле Жеймс Картер арак ичкиси келбей, анын оозуна зордоп куюп жаткансып. Деген менен жездемди колдогон адам болуп, утуру кошо түшүп, улам-улам арак ташып жатпаймынбы. Бул кылыгым булардын кыжырын шакардай кайнатты. Лакшми Тиртеевага улай Цзинцзин Тиртеева да ачууланып:

– Жетишет, Таабалды! Жезденди дагы ичире турган болсоң, такси менен кетесиң, эскертпеди дебе! – деп опузалады. Минтип айтканын опуза же сасыткы сөз эмес, жеме катары кабылдадым. Ачуу сөзгө олуттуу мамиле кылсам болмок экен. Менин жеңил ойлуулугум мага кийин муш болду, баары ирети менен баян болсун.

Жолго аттандык. Адат болуп калыптыр, дароо сумкенин сыдырмасын сыдырып, пакеттин турганын көргөн соң гана жаным жай алды. «Булар да эпке, кепке келип калар? Машинеден кууп ийишпестир?» – деген үмүткө бел байлагыча көзүм илинип кетиптир, кыйлага чейин дем алыпмын. Качан гана тормоз тебилип, андан «кы-ыйч» деген кулактын кужурун алган дөңгөлөктүн ачуу үнү менен резинанын жагымсыз жыты салонго урганда гана уйкум умачтай ачылды. Бет маңдайыбызда мухит сымал мелмилдеген, жашыл баркут түсүн жамынган Нарын дарыясы баарыбыздын көңүлүбүздү бурду. Андан нары көңүлүбүз Нарын дайрасынын үстү жагынан орун алган Таш-Көмүргө бурулду. Эх, Таш-Көмүрдүн «кел-кели келип турганда» – табына аш бышып, караанына чай кайнаткан жанагы «каралуу катынга, каркыралуу кызга кеп болгон» Нарын дарыясына салаңдаган – асма көпүрөсү болчу. Тимеле Стамбулдагы, Петербургдагы, Нью-Йорктогу «алтын көпүрөлөрдөн» кем калышпаган бу Таш-Көмүрдөгү асма көпүрөгө кимдер гана көз артпады?

Ушул коздук, ушул асма көпүрө «Акайыптын» аткаминерлеринин алкымына кылкан болуп-болбогону күмөн. Ош-Бишкек жолун оңдоп-түздөө шылтоосу менен айтылуу асма көпүрөнү суга көмүү – кайсы келесоонун башына келген? Ал жерге «Эйфел мунарасына» сүрөткө түшкөндөй элестерди калтыруу, көргөндөрдүн көксөгөн эңсөөсү экенин – ошону көмдүргөндөр билсе не? Көпүрөнү көмгөнү Таш-Көмүрдү күм-жан кылганы. Эми болсо мазардагы маркумдун аты-жөнүн, туулган-өлгөн жылын тиктеп өткөндөй, Таш-Көмүрдү тээ Нарын дарыясынын аркы бетинен тиктеп кана тим болосуң. Анысы аз келгенсип, өлгөнгө-көмгөн кылып, Таш-Көмүргө кирбей, тоону тешип жол салгандан бери, шаар Сахара чөлүнүн кейпин кийип, ээсиз калып, урап бараткан эски тамга нак айланды.

Жол жүргөндүн ушунусу жакшы турбайбы, жолду көрөсүң, элди көрөсүң, айыл-шаарлардын өсүп баратканын же тыптыйпыл куурап баратканын карегиңе сиңирип, жүрөгүң менен туясың, тулкуңа жуурулуштуруп, акылыңа калчайсың, кайдыгер боло албайсың. Жолдон үшүп калган денелерге кофе ичип, кан жүгүртүп, жылып алабыз деген «унаачыларды» көрөсүң. Тээ атам заманда шарактап турган Таш-Көмүр шаарынын пачакталып баратканына ындыларыбыз өчө түшкөнгө, бир саамга үн катпай, кийинки бурумдан заңкайган «Таш-Көмүр» ГЭСин көргөндө гана маанайларыбыз жарк эте ачыла түштү. Адам баласынын көңүлү канчалык назик, канчалык жеңил экендигин ушундан аңдаңыз, жаманга кейип, жакшыга кубанган адам көңүлү ушунчалык бат кубулма зат сыяктуу. Жакшысы – көңүлдү алдай албайсың, жанагы «химиялык индикатордой» агын-ак, көгүн-көк, карасын-кара көргөзгөн касиетине тан бересиң. Көңүлүң сүйүп калса – аны жашырсаң да көзүң жылдыздай жымыңдап, жүзүң буудай талаасындай ыргалат да ыргалат. Ал эми көңүлүң иренжий түшкөнүн миң жа-



шырсаң да, көзүң менен жүзүң томсоруп айтып турат. Эми бул көңүлдөй чубалжыган ийри-буйру Таш-Көмүр жолунун өзүнчө машакаты менен ыракаты бар. Машакаты – бир тарабы тик жар болсо, бир тарабы тик ылдыйыш, ары жакта мелмилдеп бермет түскө боёлгон Нарын дарыясы. Кудай сактасын, суга сүзөм деп канчасы дарыядагы жырткыч балыктарга жем болушкан. Ыракаты кыйма-чийме бурумдарга руль менен кошо жата калып; бирде зоону, бирде Нарынды тиктеп, айтылуу «адреналинди» дал ушу жерден аласың. Болгону машинени айдоодо тажрыйбаң мол болсо, андан ары алдыңдан арылдап чыккан чоң-кичи унааларга жалтанбастан, өз жолуңда чимирилген боюнча жолду арбытасың. Бирок, тилекке каршы, мындай мүмкүнчүлүк бу сапар мага буюрбады, менин ыракатым – спорт сумкени жазданып жатуу, учкундаган кыялдарымды жарыштыруу. Кысылган-сыгылганым деле билинбей калды. Кантсе да, жандоочум таңгакталган акча болуп калбадыбы. «Жандооч кийик аттырат» дешчү эле, мунун да ыраатын көрүп калармын. Салондогулардын да тили буудай кууруп, сөз менен ар кимди ар кандай зубала кылышты. Оозго да ыракмат, кечке чарчабаган. Ошол сөздөргө тормуз тепкен баягы эле Жеймс Картер болду:

– Иван, ушул жерге токтотчу, – дегенин угуп калдым.

Мага жакшы көрүнбөйт да. Түшсөм, жанагы Кара-Көлгө кире бериштеги туннелдеги акча алуучу пунктунун айланасында жайгашкан ашканалардын алдына токтоппуз. Эмнеге токтогонубузду айттырбай баарыбыз түшүндүк.

– Таабалды, баягыдан калдыбы? Ала түш, – деди.

Алиги арактан бирөө калган эле, түшүп жатканда машиненин тетигине тийип «тлинк» деп шыгыраганын уккан Лакшми Тиртеева айыбым ачылып калгансып, аңырайып тиктеди. Цзинцзин Тиртеева оймоктой оозун кыбыратып, кара муштумун кезеди. Иван жездемдин да сабыры кетип:

– Таабалды, тойгуздуңар. Тездеткиле эми! – деп жиниккен сөзү сай-сөөгүмө өтүп кетти. Алар гана эмес, сүйүктүүм Айсулуум да кызарган илебин мурчуйтуп, «Токтотчу ушинткениңди, жагынып кызмат кылуу сага түк жарашпайт» деп ишаарат кылганда күйбөгөн жаным күл болду. Анткени, башта мындай элпеңдеп, ашыкча кошомат кылчу эмесмин. Түз сүйлөп, түз жүрчү жигит, эми жүз сексен градуска бурулуп, кошоматка май сүйкөп бүжүңдөгөнүм булардын кыжырын кайнатты. Ыңгайы чыкса машинеден түшүрүп салышса. Дал ошондо гана эч ким Жеймс Картерге дем берип, ага арак ташыбайт болуп жатпайбы булардын чийки оюу. Андыктан, менин акыбалым оорлошуп баратты. Кочкор-Атада келатканда Цзинцзин эжем «Айтпады дебе, ушунусу акыркы болсун. Дагы жездеңе арак куйчу болсоң, бөлөк кетесиң», – деп эскерткен. Жеймс жездем «Алып түш» деген сөзүн укканда, «кара жоргону» заматта алып жөнөдүм. Эмне кылайын? Ушинтип арак ташып жүрүү мага жагып жаткансып. Жеймс жездем «Багажникти текшерем» деп «шантаж» кылгандан бери ага көз каранды болуп калганымды булар балээсине билеби? Ошол жерден эле багажникти текшертсем болмок экен. Жеймс Картер акчаны өлгүдөй жакшы көрөт. Эмне? Тапса табат эле, алышынча алат эле, калышынча калат эле. Эми эмне болдум? Өл десе өлүп, тирил десе тирилип жатам. Башкаларга Жеймс жездем ичкиси келбесе деле дүкөнгө каттап, оозун жаап турса деле кыстап куюп жаткандай туюлуп жатат. Деген менен арakты шыгыратып, «жийиркентчү факторго» айландым. Кап. Же эт эмес же чел эмес болуп жаман кыйналып кеттим. Багажникте келатканым – бир азап, таңгакталган акчаны көзүмдүн карегиндей коруп келатканым – эки азап. Эми болсо Жеймс жездемди мас кылган адамга айланып, туугандарга жаман көрүнгөнүм – үч азап болду. Кыскасы, ичте толгон кыжаалаттык.



Кара-Көлгө кире берчү жердин ушул жери баары бир өзгөчө. Анткени, Бишкек тараптан келаткандар чарчаса токтоп, тамактанып, унаасынын суу-пуу, май-сайын караганча эс алып, кайра Ош, Жалал-Абадка беттешет. Ал эми бул жактан бараткандар деле кофе ууртап, буту-колун жазып, жолду арбыта бере турган жер. Сөрүлөрдө чарчаган такси-чи-шопурларга кезигесиң, уйкусун ачам деп кофе ичкендери да ошончо. Биз эми кофе ичмек белек, Жеймс Картер экөөбүз чакан кафеге кирип «Г» формалуу үстөлгө отуруп, жездеме дароо «бөдөнө» суусунан стаканга толтура куйдум. Кафенин кире берчү жериндеги сөрүгө Лакшми жана Цзинцзин Тиртеевалар суу ичкенче отуруп, бизди жаман көзү менен карап:

– Таабалдыны ушул жерде калтыралы. Мунун шиши толду, – деди Цзинцзин Тиртеева.

– Капа болуп калбайбы? – деди сары майдай жагып жатса да сыр бербей суроо узатты Иван Фитин. Цзинцзин эжем менен Лакшми эжем мурдараак эле ушул маселени талкуулагандай. Лакшми эжем:

– Эмнеге капа болсун. Өзгөнгө келгенде: «Багажникте кыйналдым. Такси менен кетем. Силер кете бергиле», – деп таксинин ичинен жаап олтурганы эсиңиздеби?

– Ийй, ооба. Ошондо эле жөн койсок, Жеймс минтип шылкыйып мас болбойт беле?

– Ооба. Таабалдыга жин тийгенсип, жездесин тыйгандын ордуна, оозу-мурдуна шыкап, оңуп эле калды.

– Бул жерде «унаа» барбы, тойго кечигип калбайбы?

– Мынабу таксилерди көрдүңүз го, ушуларга илешип, аркабыздан жетип барат, – десе:

– Бул багажникте кысылып кетти. Болбосо минтпейт болчу. Бизге өчөшүп жездесин мас кылып жатат, – деп кобурашып жатканын укканда, биринчи эле оюма спорт сумкадагы таңгакталган акча эске түштү. Бир жагы коркуп

кеттим, коркконум; акча дей берип жан шеригимди такыр эстен чыгарып салыпмын. Айсулууму эми гана ойлодум. Бир болсо Айсулууга бул чечимин угузушту. Демек, азыркы эң актуалдуу маселе – акчаны алып калышым керек деген оюм чар-жайыт болуп жатты. Кантип эле ушинтсин деге-ним менен булардын оюу; экөөбүздү ажыратып койсо эле маселе чечилет. Жыйынтыгында, Жеймс жездем ар жерге токтобой кетет деп ойлонуп жатканымда, Жеймс жездем:

– Таабалды, калдыбы? – деди.

– Ооба, – десем:

– Ат оонаган жерде түк калат, – деп сыртка чыгаарыбыз менен сөрүдө олтурган эжелеримдин жүзүн көргөндө иш бүткөнүн түшүндүм:

– Жеймс, колуңдагыны берчи, – деген Цзинцзин Тиртеева куртканы алды да, – сен бара бер, Таабалдыда сөзү-бүз бар, – деди эле Жеймс Картер бакчадагы жаш баладай майда кадамдарды жасап, машинеге бет алды. Иван жездем Жеймс жездеме бирдеме дегенсиди, ал башын чайкап биз жакка карады. Булардын баягы кебин уккам да. Гипноздо-гондой эле эжемдердин оозун тиктеп калдым, Цзинцзин эжем кыйкырып урушуп берет деп күтүп жаткам, аста-секин гана, бирок наразылана:

– Таабалды, эмне кылганың? Жездең мас болуп, тойго катышпай калсын деп жатасыңбы? – дегенде, эми сүйлөйүн десем, «оозуңду жап» дегендей ишаарат менен колун көтөрүп:

– Акчаң калдыбы, же түгөттүңбү? – деди:

– Ооба калды, – деп жооп бергенге араң жарадым.

– Жакшы экен. Оору жугуп калбасын, маска тагын. Тойго бирдей жетип барабыз. Ушул жерде кал. Жезденe, Айсулууга мен өзүм айтам. Биз туруп кеткенден кийин кубалап, жиндилик кылба. Эркекче бол, – деди эле, багажникте калып кеткен таңгакталган акчаларды ойлоп:



– Эже курткамды алып алайын, – десем:

– Мынаны кийип тур, – деп жездемдин курткасын карматты. «Таш бараңга» алынгандай булардын чабуулуна туруштук бере албасымдан көзүмө жаш тегеренгенин көргөн колуктумдун боору ооруп, терезеден тиктеп турганын көргөндө, Айсулууга бул чечимди угузушканын түшүндүм. Анын көзүнөн: «Жаным, «багажникте» кыйналып кеттиң. Таксиде кеткениң жакшы», – деп боор ооруганы мени андан бешбетер чүнчүттү. Анткени, Айсулууга ар дайым абройлуу көрүнгүм келчү, ошол статусту колумдан келишинче карманып келгем. Жаным кашайып, көөнүм айланып, жүрөгүм кысылса деле «багажниктин» азап-ыракатына туруштук берип чыдадым. Азыр болсо ындыным өчүп, жамоосу көп шымдай салбырап, кандай гана чечим чыкпасын ошого даяр тургам. Уялып, уятымдан коркуп турсам, эми ал уялуу «Акчаны таап алышса эмне болот?» деген коркунуч менен, мени бөлүп койгондору бара-бара Тиртееваларга болгон «Таарыныч сезимге» өтүп, айламды курутту. Көңүл сезими ушунчалык бат өзгөрөөрүн билген эмес элем, эми туйдум. Бир болсо, Цзинцзин жана Лакшми Тиртеевалар акчаны көрүп калышкандыр, тиги арак маселеси ал жөн гана шылтоо болгондур. Ушул нерселерди туйганымча, антип-минтип көздү ачып-жумгуча, акыл-эсимди, чарпылып-жанчылган таарынычымды жыйгыча унаадагылар узай беришти. Маанайым жазгы ала-шалбырттагы сары кардай утурум өзгөрүп турду. Кокустан акчаны таап алышса менчиктеп алышат деген «таарыныч» эми «жек көрүүгө» өттү. Эмнеге жек көрдүм? Арийне, курулай жалаага кабылып, акчасын ылгабай машинеден кубалаганына жийиркенип, жек көрүүм күчөй берди. Алардын ушунусун жек көрсөм, эми өзүмдү да жек көрө баштадым. Шантажга моюн сунуп, «Ылаажы жок эле» деп сынып бергениме өзүмдү жек көрүп турдум. Жек көрүүм пайда болгону менен, узап барат-

кан унааны көргөнүмдө, аларга киндигим менен туташып, жөргөмүштүн желесиндей чиеленишип калганымды эми гана туйдум. «Акчаны таап алышат деген Коркунуч», «Таарыныч», «Жек көрүү» сезимдери аралашып, көөдөндөгү тамырлар унаа узаган сайын бирден үзүлүп, өпкө-боорум күүлүп, көзүмө айланган жашты сыртка чыгарбайын десем да ээгимден ылдый таамп, чыйрыктырды. Баары бир өгөй бала экендигим ушул кырдаалда билинип калды, өгөй болбосом өгөйлөшпөйт эле.

– Токточу, Цзинцзин, Лакшми Тиртеевалар бир тууганым деп жаттың эле го? – деп жолоочум Исраил мырза сөзгө аралжы болду.

– Аталарыбыз бир тууган. Үч айлык кезимде ата-энем каза болуп, мени асырап, бала кылып алышкан экен.

– Ммм... Түшүнүктүү, – деп тим болгон Исраил мырза – Кебиңди улай бер, – деди.

– Өгөйлөнүп калдым деп ызам күчөгөндө оюма биринчи эле таш уйгактан өлгөн ала чыйырчыктардын балапандары келди. Балапандардын ата-энесинин өлгөнү сууй элек, уяга башка ала чыйырчыктар дароо ээлик кылышты. Өгөй ала чыйырчыктар балапандарга таш уйгак жедирип, өлтүрүп, уядан ыргытып жатпайбы.

– Тооба кылдым! Өгөйлөө – жаныбарларда да болот турбайбы! – деген Исраил мырзанын төбө чачы тик турду.

– Сени багажниктен түшүрүп, сазайыңды бергени менен тиги ала чыйырчыктын балапандарындай кылып өлтүрүшпөптүр го?

– Өлтүрүп салышса азап жебейт элем. Тирүү туруп кор болгонуң – өлтүрүп салгандан да өткөн тозок тура.

– Акыбалыңды түшүндүм, – деди жолоочум Исраил мырза. – Ушундай тебинди болуп калганыңа өзүңө-өзүң кол салуу коркунучу туулбадыбы? – деп кепке май чачты.



– Бир өлүп, бир тирилдим. Ыйладым, жанчылдым анан чыйралдым, ар балээ болдум. Ойлорум да өзүмдөй болуп кубулуп турду. Багажникте үч бүктөлүп жатканымда капканга түшкөндөй буулугуп, жүк баскандай сыгылып, токмок жеген кишидей жанчылып, тырышкан желкеме колум жетпей, ызам кайнаган сезим маземди алып, териме батпай санаага чөктүм. Же наалып бирөөгө арыздансамбы? Анте албайм, өзүм ыраазы болуп багажникке түшкөнмүн. Андыктан, ичимден сызып, кан жуткандай каңырыгым түтөп, кабыргам кайышып, жүрөгүм сайышып, капталдарым талып, буттарым ооруп, ушул азапка сай-сөөгүм сыздап, ушул кордукка чыдабаска аргам да, айлам да жок кыжалатчылыкка баткан маанайга чырмалыштым. Ошол сынган маанайым – кудум деңиз түбүнө чөгүп бараткан «Титаниктей»; азапка түшкөн, ыйлаарлык акыбалымды жаап-жашырып, чыдап келаттым. Кээ бир убакта ошол азап – көчөгө удургутуп, көкүрөгүмдү жыртып, тамагым айрылгыча бакыргым келет, кээ бир мүнөттөрдө аба жетпегендей тумчукканда баарына кол шилтеп, бул жерди желкем көрсүн деп качып кетким келет. Кууратган даректай айлам куруган ушул абалыма капамын. Же, ичтеги муңумду унаадагылар уксачы, маани берип түшүнсөчү? Кайдан? Бир гана таңгакталган акча өчкөн үмүткө бүл-бүл жанган чырак болду. Аларчы? Алардын шарттары жакшы, ыңгайы менен жайлашып отурушкан; буту-колу эркин, жолду карап, ар тарапка көз жүгүртүп, музыкага абаз кылып келатышат. Музыка мени жыргатмак түгүл төбөмдөн төпөчтөгөндөй, маскаралап-мазактагандай, кулак-мээмди кагып салды. Жакса өлөйүн. Ыймандай сырымды төгүп, чыркыраган чындыкты айтайын; эң алгачкы туйганым – «этим калды көк жашык, каным калды бир кашык» деп чыдап келаттым. Сыртта жалгыз калгандыгымдын эң башкысы – «Азап» деген жеримден эркиндикке чыгып, бүрүшкөн абалым жазылып, каттамадай катталган

өпкөм толо таза абадан дем алып, чүнчүгөн маанайым көтөрүлүп, кубанганымды жашыра албайм. Бир нече көз ирмем болсо да, жан жыргаткан эргүүгө ээ болдум. Күн чыккандай жаркылдап, күүнүп-кагынып, жолдун берки бетиндеги аш-каналарды көздөй бастым. Басканда да шер арстан олжосун ургаачысына, балдарына бергендей ыраазылана шайдоот абалда, жай бастым. Бул жерде баратып ойду чубатчу болсом: туугандарым, таңгакталган акчам, Айсулуум – баары оюмду чаташтыра берчүдөй. Тамактанып, курсакты жыргаткандан кийин чаңкоом канып, таноолорумду тер басып, дүйнө мүшкүлдөрү, багажник мүшкүлү баары унут болду. Ушул саатта, ушул көз ирмемде дүйнөдөгү эң бактылуу адам албетте – мен болдум. Дагы эмне керек? Эркиндикпи? Эркиндикке жеттимби? Эмнеден эркин болдум? Багажниктенби же өз ойлорумданбы, балким таттуу кыялдарымданбы? Унаадагы туугандарымданбы? Тыгылган, сыгылган, бүктөлүп, азап чеккен абалымданбы? Таңгактагы ири акчалардан-бы? Бирок, ар бир эркин адам, айлана-чөйрөсүнө, мамиле туткандарына, туугандарына, жубайына, жумушуна көз каранды болсо керек деген философиялуу ойлор эрксизден пайда болду.

Азыраакта эле дилимди кытыгылай магдыратып, маашырланткан «Эркиндик» деген таттуу сезим эмнегедир көпкө созулбады. Жанараак чайыттай ачылган маанайым жарк этип турган болсо, күтүүсүздөн асманды кара булут каптагандай алпурушкан ички уйгу-туйгу ойлордун күрөшүнөнбү, билбейм, эч себепсиз маанайым шалдайып бараткы. Бушайманга түшүп, муундарым муздап, кабагыма кар жаап, дүңкүйгөн абалымды билүүгө шаштым. Орогон ойлордон бошонуу кыйынга турду. Айтор, издеген оюм бактылуулукту, тынчтыкты, тынчтануунун моделин табуучу компасты колума карматты. Ошол жашоо компасынын жебеси ушул жерде жана ушул саатта – Багажникти көрсөттү.



Ооба, дал «Багажник» өзү экен. Эми эмне десем да, актанууга же жагынууга аракеттендиң, а балким, «Тагдырга моюн сундуң, турмушка сыныл бердиң, катардагы пендедей көр тириликтин кулу болдуң», – дейсиз Исраил аке.

– Андай дебейм, Таабалды. Сенин оюңду толук колдобосом да, эң кур десе түшүнүүгө далалат кылып жатам, – деди жол шеригим Исраил мырза.

– Мунуңузга ыракмат.

– Эч кам санабай, сөзүңдү улай бер.

– Багажникте канча азап тартсам да, эркиндикке чыгып канча кубансам да, канча жолу өгөйлөшсө да, азыр жана ушул жерде; ыңгайлуулук – «Багажник» экендигин моюнга алууга дуушар болуп турам. Бир жагынан өмүрлүк жарым, бир туугандарым жанымда. Унаа ичи, багажник, ушул дүйнө – атайы мен үчүн гана жаралган аура, мен үчүн гана түзүлгөн кырдаал, мен үчүн гана жаратылган буюрган – тагдыр деп ишенип отурам. Бу кезге чейин атыраңдап – «Тагдырды» өзүм каалагандай калчайм, каалагандай аңтар-теңтер кылам деп өз киндигимди өзүм кесип, өз жолумду өзүм таап жатам дечүмүн. Жараткан болгону мага анча-мынча жерде, алиги, компас жарагындай багытты көрсөтүүчү адеп-ахлактын топтому катары кабыл алганым – жашоомдо деле кудум ошондой интуитивдик сезимдер аркылуу туюлчу. Ал эми азыр, маанайым өйдө-төмөн болуп жатканда – тагдырга моюн сунууга аргасызмын. Билбейм! Кийинчерээк эле, балким, багажникке кайра түшүп калчу болсом, пикирим өзгөрүлүп кетпесе эле. Ымандай сырымды төкчү болсом, атүгүл, багажникке түшө электеги жашоом мага курулай эле бекер өткөндөй, маанисиздей. Ошол маанисиз жашоомо, ошол алтынга алмашкыс убактымды короткону-ма азыр өкүнөм, кыскасы, «арманым аттын башындай». Эгерде, тагдыр мага – багажникке чейинки жашооңду дал ушул багаж-

никтен баштагын десе, анда мен жашоомду эч ойлонбостон багажниктен баштамакмын.

Ушуларды ойлонуп олтуруп үшүй түшүпмүн. Урунду болбоюн деп жол боюндагы ашкана алдындагы сөрүгө кыңкайган бойдон көзүм илинип кетиптир. «Түшүмө адам түгөнүп калгансып жанакы Өзгөн мунарасында, Жалал-Абад курортунда көрүнгөн экөө – бойлору шатыдай, ыраңы капкара, орсойгон тиштери канга боёлуп, коюу чачтары жер чийип турат. Көздөрү каардуу, үстүнө кара чапан кийип, күмүш куруна китеп кыпчып, түк баскан колдоруна чоң темир айбалтаны көтөргөн, эгиз козудай опокшош эки жолоочу кирди, тooба. Экөө тең менин сүрөтүмү көтөрүп, ашканадагыларга көрсөтүп:

– Таабалды Тиртеев келбедиби? Келсе, бизге тапшырып бергиле. Ал бирөөнүн ири акчасын имерип алган. Ага издөө жарыялаганбыз. Кармап берсеңер сүйүнчүсү – бир миллион, – деп жар салууда.

– Макул! – деген ашканадагылардын үрккөнү жүздөрүнөн эле окулуп турду. Сый акысы бир миллион болсо, пакет ичинде өтө эле көп акча экенин айтпаса да түшүнүктүү эмеспи. Өлтүрүп салышпасын деп корккондумдан алардын колуна өзүм түшүп бердим. Эл ызы-чуу. Темтеңдетип, бетмаңдайдагы кайчылаш бетон столбага кудум Ыйса пайгамбарды аскандай буту-колумду кайчылаш бурап-чырмашты. Элдер Рим империясынын жоокерлериндей чуулдап-ызылдап, каргап-шилеп, колго тийген желим идиштер, майда таштар менен ургулашууда. Атүгүл, кээ бир ажаан аялдар кийимимди жыртып, шиш тырмактарын бешиликтей кылып моюнума кансырата из сала аймап: «Ууру, уурута өлүм», – деп ажылдашууда. Канжарынан кан тамган кош жолоочу жаныма жакындады. Бою узун эмеспи, эңкейип, кудум Рим империясынын проркуратору – Понтий Пилаттын кейпин кийип:


– Акыркы сөзүң барбы? – деп соттук өкүмдү угузгандай астейдил кулагыма шыбырады.

– Өлтүрөсүздөрбү? – деп коркуп турсам да, анчалык маани бербей, демейдеги оюндай кабылдадым. Эки миң жыл мурунку Ыйса пайгамбар менен Понтий Пилаттын маегиндей маек уланды. Көзүмө тикирее тиктеп, жанымды жулуп алчудай болуп, шилекейин чачыратып:

«Абалайсың, торгойсуң,
Асмандан ажал келгенде,
Каякка жанды коргойсуң?» –

дегенди укканда башыма базган менен ургандай «зың» этти. Кулагым тунуп, сазга белимден киргендей болдум. Мындай сезимге бала кезде да туш болгом, ошол нерсе эске кылт этти.

Бакма апам жумуштан кайткан кеч күүгүм магазинге кирип, оюнчук алып берди. Алып берген оюнчукка ичим чыкпай, бери жакта көздүн жоосун алган, аябай кооз, тоноздун домпоюндай оюнчук машинени көргөзсөм: «Акчам жетпей жатат, буюрса айлык тийгенде алып берем», – дегенине карабастан, көйнөгүмдүн ичине кымтып алдым. Үйдө оюнчуктарымды ойноп олтурганымда, апам берки уурдалган оюнчукту байкап калып: «Мен сени адам болсун деп тарбиялап жатсам. Бул эмне кылганың? Эмне, мен ууруну багып, ууруну тарбиялап жаттым беле?!» – деп эртеси эле дүкөнгө жеткирген. Ар дайым эркелөөнү гана угуп жүрүп, мындай жемелөөнү укканда ызам тамагымды муунткан. Азыр да абийирим ачылып калганга дал ушундай жаман сезимдерге бөлөндүм. Азыр жаш бала эмесмин да. Бакма апам картайып калды. Мен кадыресе болуп, өзүмчө үй-бүлө күттүм. Кандай чечим чыгарсам – өзүмдүн жашоомо өзүм жоопкермин. Ушуларды ойлонгуча, түрү суук жолоочунун экинчиси оюмду окугансып, ачуусу аябай келип, шамда-

гай колдору менен муунтуп кирди. Колу-бутум столбага байланганга эч кандай тосколдук кыла албай, кыңкыстап жан бере баштадым. Абадан дем алайын дейм, же оозумдан, же мурдумдан аба өтпөйт. «Ушинтип итке окшоп өлүп каламбы?» деп өлүмдү ойлогондо, таңгакталган акчамдын эч кандай доорун сүрө албастыгымды аңдадым. Оюма бакма болсо да асыл апам келди. Ал мени «Адам кылам» деген ак сүтүн актай албай калганыма каңырыгым түтөдү. Ошону менен бирге оюма дароо Айсулуу келди. Анын жесир болуп калганын элестеткенде, балыктай тыбырчылап-тыбырчылап, аябай жашагым келди.

Бул көрүнүш анда ары уланды. Үй алдына боз үй тигилип, боз үйдүн эшигинин үстүнө мектепти бүткөндөгү портретимди коюп коюшуптур. Эл келип-кетүүдө. Айсулуунун боздогон ыйы поюздун үнүндөй чыйылдап, айылга угулуп жатат. Апам ый аралаш:

«Ак сандыкта пулу бар,
Асмандан түшкөн ак кардын,
Азели менде куну бар.
Көк сандыкта пулу бар,
Көктөн бир түшкөн ак кардын,
Көптөн бери куну бар», –

деп кошогун кошуп ыйлап олтурат. «Ак кардын куну бар» дегени, ыраматылык апам менен атам кудум ала-шалбырт-та сары кар жааган маалда каза болгон экен. Эл тескеген «Савай» уруусунун башчысынын карааны көрүнүп: «Ыйды токтотуп, боз үйдөн чыккыла, сууга алабыз!» – деп кыйкырды. Ый токтоп бир аз тыный түштү. Бир канча убакыт өтүп уруу башчысынын үнү дагы чыкты: «Сөөктү жаназа намазга алып чыккыла». Майитти алып чыгып бараткханда «Айланайын Таабалды! Садагаң кетейин Таабалдым!» деп жалынган апам, башымды кучактап тизе бүгө ыйлаган бойдон жыгылды. Ага кошулуп Айсулуу да «Таабалды, мени эмнеге таштап кеттиң!» деп ал сыздап жатат. Сөөктү алып чыгып,



тоо боорундагы апам менен атам коюлган мүрзөгө алып барышып, көмүп салышты.

Келди-кетти сээлдеп, эл сууп калган күүгүм кез, короодо Айсулуу менен гана улгайган апам олтурат. Аңгыча Айсулуунун ата-энеси келип: «Айсулуу жаш эмеспи, жесир кылбайлы, үйгө алып кетели. Дагы бактысы ачылса, эрге беребиз», – деп ток этерин айтып, алачы болуп, үйүнө алып кеткени келишиптир. Апамдын ыйлап-сыктаганы суу кечпеди. Үйдү, апамды таштап бараткан Айсулуу биз алып берген кийим-кечек, кийиттерди короого алып чыгып, жесирдикти жекирип, өрттөп кирди. Байкуш апамдын ыйлап, жалдыраганына эч көнбөй; чачын жулуп тагдырына наалат айтып жатат. Көшөрүп олтуруп ата-энеси алып келген кийимди кийип, апам менен супсак коштошту да, кылчайбастан узап кетти. Менин өлгөнүм аз келгенсип, эми келиндин боюндагы небересин багам деген аруу үмүтү өчүп, жүрөгү жарылып, босогодо аппак чачы жайылган апам жан берди. Үй ээнсиреп, ээсиз калды.

Ушул шумдуктуудай көрүнүштү көрүп, аябай жашагым келип, жан алгычтардан оолак болуп, эч ким билбей-көрбөй турган жерге жашынып, жашагым келди. Өмүрдү – жөнөкөй эле арзан буюм катары ойлочумун; мен, менин жакындарым эч өлбөчүдөй жүрчүмүн. Өмүрдөн өткөн кымбат байлык, өмүрдөн ыракаттуу бактылуулук жок экендигин эми гана туйдум. Оюма Айсулуунун боюндагы төрөлө элек наристе тартылды. Атасыз чоңоюп жаткан жетимди элестеткенде, андан бетер шорум кайнады. Турнадай болгон туугандарым да көзгө тартылды, аларды ойлогондо шаабайым сууп, күйбөгөн оттой түтөдүм. Таттуу болгон жарык жашоо менсиз уланаарын элестеткенде жаным жай албай, абанын жетпегинен: «Жан соога, айланайын агалар! Акча багажникте, садага болуп кетейин, агалар! Ээсине тапшырып берем!», – деп оюм аркылуу жалынып-жалбардым. Тиги жан алгыч

оюмду окугансып, ачуусу таркаганын мыкаачы көздөрүнүн бир аз жумшай түшкөнүнөн байкап: «Өлүп кетейин, ант берем! Акчаны ээсине кайтарам!», – деп оюмда он жолу каргандым. Ушул оюмду окугандай го, эки жолоочу таңылган колумду чечишти. Таяк жеп, муунтулганга аба жетпей алсырап калыпмын, Ыйса асманга «Ыйык» болуп учуп кетсе, күнөөгө чылк баткан мени жер катуулугунан гана көтөрдү. Шалдайып канча убакыт жатканым белгисиз, айтор, кулактын кужурун алган телефондун шыңгыроосунан ойгондум. Моюнумду кармалап, аба жетпей думчукканымды эстеп, басырык бастыбы деген ой келди. Дал ушул маалда :

– Телефонго жооп бер! – деген алиги жан алгычтын күн күркүрөгөндөй каардуу үнү кулагыма жаңырды. «Зырт» этип, чок баскандай чочудум. «Өңүмбү, же түшүмбү?» дегиче болбой, жанагы эки жолоочу бет маңдайдагы ашкананын алдында пайда болушту. Мен токмоктолгон столбада артисттердин афишасы илинип турат. Чындап эле эл топтолуп, ошол афишаны окууда. Тиги экөөнүн көзүнөн от чыгып, «Акчаны кайтарасыңбы?!» – деп мени тиктегенде көзүмдү ала качтым. Оюмда «Макул, буюруса баарын туугандарыма ачыктайм, акчаны ээсине өткөрүп берем», – деп ойлонуп, тиги экөөнү карасам, алар оюмду окугансып көзүндөгү оту өчүп, адамдардай болуп мага баштарын ийкеп, колтугундагы дептерге бир нерселерди жазып, көздөн кайым болушту.

Телефонум болсо чый-пыйы чыгып дале шыңгырап жатат. Жанараак эле бул жолоочуларды көрүп, жүрөгүм түшүп, кечирим сурап, жан алакетин ойлоп жаткан болсом, эми болгону жөпжөнөкөй «Телефонду алсамбы, же албасамбы?» – деген эки анжы ой менен күрөш башталды. Телефон тынбай шыңгырап жатат. Иван Фитиндин үч жолку коңгуроосуна жооп бербедим. Булар мени таштап кетери менен жан дүйнөмдөн түнөк тапкан: коркунуч, таарыныч, жек көрүү



кайрадан баштарын көтөрүп: «Керкейгенге кекейгин төбөң көккө жеткенче, ийилгенге ийилгин чекең жерге тийгенче» деп кулак-мээмди жей баштады. Телегейи тегиз, колу рулда, унаадагылар бети менен үйрүлүп түшкөн кичүү «шеф» жезденин багажниктен да, жамааттан да куулуп калган мага күнү түшсө, демек, олуттуу иш болсо керек? – деген күдүк ойго чөмүлдүм. «Көкүрөк дегдейт көл алыс, басайын десем жол алыс» дегендей, баары бир жытыбыз сиңишип калган да, момпосуй канттай таттуу күндөр, топураган тойлор, очок боюнда чай кайнам болгуча эт куурум бышырган ысык күндөрдүн баары – али эсте. Кана эми ошол күндөр кайтып келсе? Кана эми кудум ошондогудай жалжылдаган көздөр, жагжайган жакалар, көкүрөктөгү эргүүлөөрчү! Түү атаң гөрү, дүйнөң түшкүр, ошол табакташтардын бооору таштай катып, мамиле мөңгүдөй тоңуп турганына ичим тызылдайт. Анда эмнеге мен багажниктен куулуп жатканда бир ооз «лам» деп сөз кошо албады? Каратып туруп, машинени айдап кетип калды. «Таабалды, ушундай болуп калды. Туура түшүн», – десе. Эмне? Мен этегине эрмешип, жакасына жармашмак белем? «Мурдум тараза, көзүм шайин» – деп «шефтик» башкаруучулук рулу баарынан кооз, баарынан кымбат көрүнүп, ошол убактылуу бийликтин кумары үчүн биздин кыйышпас мамилебизди көкүрөгүнөн чийип, көрсө көрмөксөн, укса укмаксан болду. Мага көзү түз болгондой тиктегени менен, иш үстүндө рулга олтураары менен дароо өзгөрдү. Анысы мейли, руль талаш, кресло талаш эми кимде гана болбогон, кимдер гана талашпаган? Мунусуна мейли. А менчи, багажникте келаткан мен ага эмне жолтоо кылдым? Же мени дагы руль талашат деп күмөн санадыбы? Ой тооба, менде ошондой күсөө барбы? Чын, багажникте бутум бүктөлгөнүнөн тажаганда рулга отуруп, унааны башкарып, чимирилтип айдасам деген жүгөнсүз кыял дегдеңдеткен. Муну танбайм. Акөтай, бирок, рулду, унааны башкарууну

бир пакетти ортого койду. Арак-пиводон, суусундуктардан идиштерге куюп отургандарга сунду. «Таабалды муну арак-ка кыстап жатат деп, аны машинеден түшүрүп салбадык беле? Күнөө баш маңка Жеймс Картерде турбайбы?», «Иван рулда келатпайбы? Арак ичкенге болбойт», – деп Тиртеевалар чурулдап калышты. Жеймс Картер:

– Бул жерде болбоду дегенде бир сааттай турат экенбиз, Токтогулга дейре бери дегенде жүз чакырым бар. Бир стакан деген эмне? Тиштин кычыгында, тамактын алдында калып кетет, – деп ыржактады, бажасынын башын кашып. Иван Фитин кырдуу келген эки жүз граммдык стаканга кылкылдата куюлган арактан өзүнүн бактылуу жүзүн көрдү. Бөжөктөй бөжүрөйгөн бажасынын рулун өзү башкарып, көңүлүн түшүргөнүнө кичине уяла түштү. Кантсе да мурунку жашоолорун эстей калды. Мурда дүкөнгө Иван жездем чуркап, арак-шарапты дасторконго жайып, дал ушинтип стакан толо кылкылдатып чоң жездеме сунчу. Ал «сүф», – деп оозундагы желди үйлөп, стаканды чыпалагына чейин тартып жиберчү. Азыр эми тагдырдын тамашасы менен орун алмашты. А бирок орун алмашуудан сумма өзгөрбөйт эмеспи. Жеймс жездем айткандай бир стакан эчтеме болбойт, тамактын астында калып кетет. Эмне, арактын аркасынан кууп иччү Жеймс Картер эмес бул. Болгону мурда бажасына бөжөңдөп арак ташычу, эми жездесинин бөжөңдөгөнүнөн Иван жездемдин эгосу баш көтөрүп, текеберчилиги ойгонду. Эми кудум бажасындай болуп, жерге бир тамчы тамызбай стаканды түк көтөрдү. Ооз керегесине куюлган мүрөктүн суусу кекиртегин өрттөп, ашказанга «чыз» этип, жүрөгүн жылытып башка тээп, кеңгирете койду; талыган көз майланышып, чыңалган мээ жазылды. Бир ди эле ичем деген менен кекиртекти майлаган ачуу суунун биринчиси – экинчисин, анан үчүнчүсүн чакырды. Шалдайып, муун-жүүнү бошошуп, магдыраган ыракатка бөлө-



нүштү. Жеймс жездем рулду башкаруудан кеткенин, ошол руль Иван Фитиндин колуна тийгендиктен жездеси аракка чуркаганын сый-урмат катары баалап, мурутун шилекейи менен сылады эле, анысы какайып калды. Муну байкап олтурган Жеймс Картердин көзү жымың этти. Кыз пейили төркүнүнө белгилүү дегендей, бажасынын кылык-жоругу буга беш колундай маалым. Иван Фитиндин маанайы көтөрүңкү болгондо мойлосун бурамай адаты бар. Азыр ошону аңдап, чоң мурдунун таноолоруна абаны толтуруп:

– Жолубуз шыдыр, жолдошубуз кызыр болсун. Алдыкпы?

– Алдык, – деп экөө бирдей стакандын түбүн асманга көтөрүштү. Биринчиси түгөнүп, экинчиси ичилип жатканда гана Лакшми Тиртеева:

– Эми эмне кылабыз? Булар арак ичип алышты го!

– МАИ кармаса, тойго жетпей калабыз, – деди Цзинцзин Тиртеева.

– Эй, катын, сен турасың го? Рулга сен отур, – деди Жеймс Картер.

– Жакшы болбойт беле? Тилекке каршы айдоочу күбөлүгүмдү албапмын. Кап, – деп кабагын бүркөдү. Кичүү эжем да буйдалана, сумкесин аңтар-теңтер оодарып:

– Меники да үйдө калып кетиптир, – деп күйпөлөктөдү.

– Кереги тийбесе керек деп, албапмын, – деген Айсулуу кайын эжелерин тынчсыздана карады.

– Анда «Унааны» ким башкарат? – деп Цзинцзин Тиртеева буйдаланган чачын оңдоп, көзү алаңдап калды. Тойго жетпей калуусун ойлоп Жеймс Картер:

– Бычакка сап болчу бирөө бар, – деди кырдаалды өз колуна алып.

– Ким?

– Таабалды. Ишке жараса бир гана ошол жарайт! – деди, кроссворддун жообун тапкандай мулундап.

– Аны биз түшүрүп койбодукпу. Таарынып калды, ынайт бекен эми? – деди Иван Фитин көзү чачырап.

– «Кыз боозуп энесин коркутат» болуп, анын таарынычы күч. Бизге тултуйса да, сени тоотпой койбостур. Даражаң бийик. Кантсе да сен «Башкаруучу» эмессиңби. Бажа, өзүң чал эми, – деди Жеймс Картер. Иван Фитин макул көрүп, мага телефон чалат. «Эмне деп жооп берет экен?», – деп баары дым боло түшкөнгө «гуук» деген үн менен кичүү жездемдин курсагынын курулдаганы угулуп жатты. Жооп жок. Иван жездем кайра, кайра чалды. Жооп болбогонго арына келип:

– Неңди урайын, муну Кудай урган окшойт, жөн эле жооп берип койсо өлөбү? – деп ызырынды.

– Кайра чал, – деди Жеймс жездем. – Бизге таарынбай энесине таарынмак беле? Ач калсак да, ток болсок да бир нанды тең бөлүшкөн кайнибиз. Жежелери бизден бир ооз сурабай машинеден түшүрүп салыптыр, – деген Жеймс Картер Цзинцзин, Лакшми Тиртееваларды тиштеп алды да, – кайра чал, – деди.

– Чалып жатам. Албай жатат.

– Дагы чал, алат, – дегиче «гуук» деген үн токтоп:

– Ало, жезде! – деген менин добушум буларга угулду.

– Эй, сен эмне телефонду албай жатасың?! – деген Иван Фитин башкаруучулук тону менен опузалап кирди. Опузасы таарынычымды козгоду, бирок, багажникке кайра барсам деген күсөөм күчөп, кайра ооз учумдан:

– Укпай калыпмын, – деп мыңк эттим, атайылап албай жатканымды сыр билгизбей.

– Жаныңды жебе!

– Чынын айтам. Ашкана астындагы сөрүгө жамбаштап уктап кетипмин, – деген ишенимдүү жүйөөм дарбазага кирген топтой таамай согулду белем:

– Түшүнүктүү, мунуң башка кеп. Эй, Таабалды.



– Оу, жезде! – деп Айсулуума кайтуу үчүндүр, а балким таңгакталган акчама кайтууга мүмкүнчүлүк түзүлүп калабы деген үмүтүм караңгылыктан жарыкты издегенсип, таарынычымды жутуп, элпек жооп берип жатканыма өзүмөзүм тан берип жаттым. Куду ушул ниетим дал келгенсип:

– Такси-паксиге отуруп албадыңбы? – деп такады Иван Фитин.

– Олтурдум, шериктерим тамактанып жатышат, – деп жок жерден жалганды ышкырттым, кадырымы таразага салып.

– Жакшы болуптур. Анда ук, иш мындай. «Унааны» өзүң башкарасың.

– Эмне болду, жезде, тынччылыкпы? – дедим, «Унааны» башкарасың дегенди чала угуп калдымбы, же какшыктап жатабы деген удургуган ой менен алышып.

– Көчкү жүрүп, жол жабылып калыптыр. Жездең экөөбүз ичип алдык. Жол ачылгыча келип кал, – деген жүйөөлүү жоопту укканда ордумдан тура калдым, жан далбас кылып жашап кетүү иммунитети иштеп:

– Каердесиңер?! – дедим үнүм бийик чыгып, өлүп кетчүдөй болуп.

– Мынабу Кара-Көлдүн чыга беришиндеги жолдун сол жагындагы ашканадабыз.

– Макул, – деп жанараак эле көчөдө калганымда кысылган «Багажнигим» көзүмө ай көрүнүп, ал жердеги пакетим жашоомдун маңызы сезилип, ошол жерге жетсем деп ак эткенден так эткем. Эмичи. Иван жездем өз ыктыяры менен рулду мага өткөрүп берем дегенин укканымда, денемди майда титирек каптап, чекемди тер басты. Оозум күйүп калганга, баары бир ишене албадым. «Тамашага алып жатышат» деген «ала торпоктой» күмөн туулуп, дулдуйтту. Кырмызы көйнөкчөн кыялым ойноктоп, рулга бакыйтып

олтуртуп, кайсалактатты. Ошентсе да, күмөн менен кыялымды бекем кучактаган бойдон кыпындай үмүткө бел байлап унаадагыларга шаштым. Пешенеге айтса рулга олтурам, азил-тамаша болсо баягы жылуу-жумшак өз үй, өлөң төшөк багажнигимден өтөөрү жок деп, супсак реалдуулуктун даамын таткан бойдон камазга олтуруп, унаадагылар-ды көздөй кыңылдап бараттым.

«Аш – байдан, ажал – Кудайдан» сыңар, чый-пыйым чыгып, көздөрүм чачырап, алар айткан ашканага жакындадым. Аба-ырайы кескин өзгөрүлгөнүнө, жарым метр нары жагың көрүнбөгөн туман каптап, айлабызды куруткан абалда келдик. Туманды жиреп, Жеймс Картердин боз тулпарын издеп бушайман жедим. Кыдырып жүрүп боз жоргону көргөндө жүрөгүм акчаны эңсеп «дирт» этти. Эшигин тарткыласам жабык, таңгакталган акчамды элестете багажникти сыртынан сыладым. Унаада Айсулууму, акчамы жандап кетээрим анык болгон соң, жагымдуу толкун жан дүйнөмдү аралап, ишенимим аска зоонун үстүндө канатын жайган бүркүт кылып учурду. Көкүрөккө кыттай уюган бул сезим Айсулууга алгачкы жолугууларга ашыккандагыга барабар эле. Маанимди боз машиненин жанында турганымда баам салдым. Баам сала эки жакты каранып, астейдил багажниктин айнегинен спорт сумкемди тиктейин десем боюм жетчүдөй эмес, бамперге чыксам деле көрүнчүдөй эмес. Сумкени ыргытып жиберишмек беле? Ошентсе да, шек алдырбай этият болушум керек деп ашкананын астанасынан баш бактым. Эгерде эле булар сумкени ачып, акчаны көргөн болсо; көз караштары, сүйлөгөн сөздөрү башкача болот деген ой башымда кылт этти. Оюм токтобой ары уланды. Кара-Көлгө кире берчү жердеги текшерүүчү пунктунда тебинди болуп калганымды, ошону менен бирге түшүмдө тиги жан алгычтай эки жолоочуга: «Багажникке кайтсам, акчаны таап



алганымды ачыктайм. Акчаны ээсине кайтарып берем!», – деген убадамды эстегенде дароо көтөрүңкү көңүлүм жерге түштү. Өзүм тиги эки жан алгычтын жардамы менен акка моюн сунуп, жесирге айланган Айсулуум биз кийгизген көйнөгүн өрттөп, ата-энеси алып келген аппак көйнөгүн кийип, апам менен үйдү таштап, ата-энесин ээрчип үйүн көздөй жөнөгөнү, байкуш апам астанада жан берген көрүнүш көзүмө эски кинонун үзүндүсүндөй тасма болуп тартылды. Маанайым эт менен челдин ортосунда кысылды. Кебетекешпирим түбү түшкөн көрөдөй болуп, жан дүйнөм жанчылып, убадама туруп, акчаны ачыктамак болдум. Бул маселе чечилди. Бирок, негедир жүрөгүмдү дале дүңкүйүп коё бербеген оор жүк басып, оор үшкүрүнттү. «Эмнеге дүңкүйөт?» деп жооп издедим. Тебинди болгондогу «ачуу таарынычым» жанымды ачыштырып, кийимге сайылган сойлоктой жүдөтүп жаткан турбайбы. Ошонун даамы экен. Дулдуйган абалда канча турдум билбейм, баары бир тээ көңүл көңдөйүндө калып кеткен тууганчыл сезимим куштарлантып, жакшы үмүткө бел байлаган күч канчалык алдыга сүрөсө да, тиги таштанды болгон, жан кейиткен ачуу даам көңүлдү бузат. Кубулган абалымды миң жашырсам да, жүзүмдөн аттын кашкасындай окулуп турду. Аянычтуу кебетемди көргөн боордошторумдун үңкүйгөн жүзү булуттай тарады. Кылтылдаган карегим көптөгөн каректерден күндүр-түндүр бирге айланган жубайымдын: «Мүңкүрөбө! Башыңды өйдө көтөр», – деген баёо карегин жазбай тааныдым. Анын себеби: «Таабалдынын адамгерчилигин, тазалыгын сыйлап тийгем. Бирок адамгерчиликтен тайып, мен билген ыймандуу жигит; утуру Жеймс жездемди аракка кыстап, аны мас кылууга далалат кылып, утуру унааны токтотуп, тойго деп шашканыбызды билип туруп кол кармаганы, анан дагы Цзинцзин эжемдин эскертүүсүн укпагандыгы жол жүргөндөрдүн кыжырына тийди, болгондо да кайын эжелеримдин

көзүнчө мени аябай кичирейткени, башымды ылдый каратты», – дегендей көз караш карегинде бадырайып тургансыйт. Таарынычтын айынан, шайтандын шыбыры менен, ушундайында эле биротоло ажырашып кетейин дейт. Турмуш арабасынын оош-кыйышына чыдабасаң турмушуң сынат, чыдасаң турмушуң турат болуп; ошон үчүндүр, жанараак менин жанымда калып кетпегенинин жандырмагы ошондондур. Анын кабагы бүркөлүү: «Эгерим, Таабалды бир кылмыш кылгансып, шамалдай өзгөрүлбөй, мурункудай абийирдүү, ыймандуу, чынчыл болсо, аны ээрчип Таш-Көмүр эмес, Муса Пайгамбарга окшоп эрме чөлдө, ачток, кырк жыл болсо да аны менен ээрчип жүргөнгө кайыл элем», – дегендей ойлуу. Кастарлаган жубайымдын мурунку ажарлуу карегИ терең ойго чөмүлүп, бул санаа анын маанайын чөктүрүп, менин карегиме эмес, тээ кыйырга тиктегенинен улам ушуларды окудум. Анын жанындагы эжелеримдин таңкы сары жылдыздай жарк эткен тааныш көздөрү: «И-ий өлөйүн, ийненин көзүндөй жаны бар! Ээги эмшейип, чачы уйпаланып, жүдөп кеткенби? Ыраңы серт ко? Мынабу катыны эле жетелеп жүрөт окшойт бу шүмүрөйгөндү?» – дегендей менин таяк жеген иттей акыбалыма моокумдары кана тиктешти. Жанагы «Тилимди албай жездесин мас кылды», – деген наразычылыктары дале болсо санааларында турат.

Жеймс Картердин кабагы каалооңду орундатчудай болуп, маңдайы Көк-Жайыктай шаңкаят. Кырдаал оюндагыдай өзгөрүлүп жатканына текеберлене: «Бөрү карыса бир койчо алы бар. Рулдан кетиришкени менен эч кимиңер менчелик амалга бай эмессиңер. Мына рулда манчыркап келаткан бажамды ичирип койдум. Каалсам өзүм айдайм, кааласам Таабалдыга айдатам. Катардан чийип салгандар менен эми эсептешем», – дегендей өпкөлөнө басып, май баскан көзүнүн алды менен тиктейт. Анткени, Жалал-Абадда Тиртеевалар болбойт дегенден кийин болбойт деп рулдан түшүргөндөгү ызасын унута элек эле.



Иван Фитин «жинди» суугa кызып калганын, Жеймс Картер ага тор салганын эми аңдап, ак-карасын ылгап, өкүнүчтөн онтоп турган чагы экен: «Таабалды сөзүмдү эки кылбады. Жолду арбытканыбыз эсеп, – деп макул болгону менен, бир туруп, – Кайын эжем, жубайым аралашып жатып, арадан зорго жеткен рулду Таабалдыга кармата саламбы? Багажникте чүнчүп кетемби? Кекиртегим менен эгомду тыя албаган өзүмдө айып», – деп көкүрөгү ачышып, жек көрүүсүн билгизбегенге аракеттенип, араң тилинин учу менен:

– Таабалды, кел. Олтур, – деди супсак.

– Жезде жүздөн соголу, – деп Жеймске кайрылып, куюлган шарапты түк көтөрдү. Бу жаныбар шарап жанагы ачыштырган ойду сыдырып ылдыйлатты, көкүрөктөгү отту өчүргөндөй бир аз көкшүнүн суутту. Анан арак денесине тараган кезде акыл калчады: «Бу Таабалды жаманатты болуп, куулуп калбады беле? Кайсы арына «Унааны» башкарам деп турат? Уяты болсо рулга отура албайт. Демек, бул маселе али чечиле элек», – деп ичинде калдыраган үн менен өзүн сооротту. Фитиндин андан ары оюу токтобой кубула берди: «Пенде даражаңды көтөрөт, кош колдоп мартабалуу кылат. Эгерде эле өчүктүрүп алып колуна түшсөң, көз ирмемде сындырып, тепсеп салат. А Жаратканчы? Жараткан текебердигиңди сындырат, пейилиңди жөнөкөйлөтүп момун кылат. Дилиңди салып тооба кылсаң мартабаңды көтөрүп, душманыңды баш ийдирет», – деп унутуп калган Кудай эсине түштү. Мунусу «Алиппе» китебиндей эле жүзүндө бадыраят. Булардын жүзүн көргөндө менде да ички күрөш башталды. Эки жолоочуга берген убадамды азыр айтчу болсом, булар «Кандай кабыл алышат экен?» деген ой келди. Туура кабыл алышса бир жөн. «Ушуга че-

йин эмне үчүн жашырып келдиң? Биз сени чакырып, башкаруучулукту тапшырган үчүн гана айтып жатасың. Эгер кырдаал мындай болбосо өлүп кетсең да мунуң ачыктал-мак эмес», – деп мээмди чукушса эмне кылам? Демек, азыр айтууга эрте, кийинчерээк айтам дегиче «дүрр» этип алиги акча таап алгандагы сонун максаттарым көзгө тартылды. Ал максаттарым мени асманга көкөлөтүп көк булуттардын үстүндө чуркатканда баягы «өлүп калайын» деген коркунучтуу окуяны эстеп, оюм өзгөрүлө баштады. Жан алгычтарга түшүмдөбү, өңүмдөбү убада бердим, туурабы? Эгер чындап столбага байлап сабаган болсо, денемде так калмак. Так калбаганы менен уйкудан тургандан кийин алар менен ой аркылуу сүйлөшпөдүмбү? Мен акчаны ачыктайм деп убада бердим. Деген менен аларга оюмду гана билгиздим. Тил кат жазып, тергөөчү тергеп, соттун өкүмү чыккан жок. «Андыктан акчаны азыр ачыктаймынбы? Же, бир сыйра эсептеп алып ачыктайынбы?» – деген күдүк ой басты. Эмне мен таап алган акчамды эсептесем болбойт бекен? Анын үстүнө булар багажниктеги акча боюнча эч кандай шексиз нүүсү деле жүздөрүнөн байкалбайт. Менде бир гана ой болду: «Ырымчыл болуп ар ойлорго жетеленбей, физиканын жана так илимдердин гана мыйзамдарына баш ийүү. Анда тиги эки жан алгыч жөн гана корккон көзүмө көрүнүп, чөкөн маанайымды жөөлүтүптүр. Демек, мурункудай Жеймс Картерге ит жүгүрүк болбой, токтоолукту көргөзүүм абзел! Антпесем, ушунусунда акчамды колдон чыгарып жиберүүм толук мүмкүн. «Унааны башкарасың!» – деп жатышат. Эгер андай болуп калса кандай болот? Бир жагы – кысылган багажниктен кутулганым менен ал жерде бекиткен акчам эмне болот? Сумкени жаныма алып алсам анда күмөндүү болуп калат деп эми ушу нерсе сазайымды алды. Деги тынч жашоо жок экен да. Жездемдер эрмек кылган арак менен пивонун жыты таноомду жарып, эсеңгирете койду. Адам


күндө сыноодо. Тетири сыноого түшүп калбайын, оң сыноодо жашайын деп жашайсың. Буларың баяраак эле мени асфальтка отургузуп, өздөрү «зырт» коюшкан, эми болсо аракка тоюп алгандарын көрүп таң калдым. Ачуум менен ызамдын баарын айтып салайын деп, өзүмдү-өзүм араң оздуктоого белсендим. Ачууң келгенде үйдөй ташты көтөрүп, жаныңды кейиткенди төбөсүнөн бастырып, кегиңди чыгарууга шашат турбайсыңбы? Бу кезге чейин кайраттын акеси сабыр экенин билген эмесмин. Сабыр дегениң – ошол төбөңө көтөргөн үйдөй ташты кулатпай кармап турганың экен. «Иштерге ишиң, ийригенге ийигиң, баш паанек кылганга үйүң болсун» дегендей, мага азыр таап алган акчамды аман-эсен жеткирүү үчүн унаа зарыл. Айсулуум да тууган-дардын жанында, андыктан айлам куруган абалда булардын чакыруусуна көндүм. Бул жерге жеткичекти күмөн сансоом сенделектетип, куп эле ары тарт, бери тарт болдум. Ал эми булардын мас абалын көргөн көзүмө ишенсем да, тээ көөдөн түпкүрүндө баягы тебилип, өлүп калган назик көңүлүм чыйпылыктайт. Сабырдын түбүндөгү сары алтын деле көкшүнүмдү суута албады. Жанагы чапчыган үйдөй ташты тууганлардын үстүнө кулатып, жер менен жексен кылсам деген оюм күчөп баратты. Бул каардуу чечим ызам келген сайын күчөй берди.

Баса, ушул жерге чыга берээрде аба-ырайы чөккөн маанайымдай бузулуп, боз мунарык айлананы каптап кирди. Анда-санда ары-бери өткөн унаалар панарынан гана байкалат. Тооба, эч ким эч нерсе таанылгыс болуп, баары боппоз. Жакынырaакта камаз гүрүлдөп калды. Барсам, колу-бети кара май, чаначтай киши күшүлдөп, унаасын чукулап жатат, ыраңы кудум бозоргон тумандай. Шаймандарын кармалашып, акелеп жатып камазына илешип алдым. Түнт неме экен, үн катпайт, ага кошулуп дудук болдум. Жол болсо жанагы боз түтүн, көзгө сайса көрүнгүс болгондуктан, камаз-

чынын айласын кетирди: «Энеңдин урайын ушундай дагы болобу? Мурдумдан ары жагы көрүнбөй жатат. Бирөөнү тебелеп кетпегидей элем?» – деп кооптонот. Ага кошулуп мен да кыжалаттанып жатып, араң буларга жетип келбедимби. Сыртта бир кадамдан ары жагы көрүнбөгөн туман, ичимде дагы туман, көңүлүм ак-ала болуп жанагы үйдөй ташты чеңгелдеп, титиреп турам. Килейген таш башыма кулачудай оорлошуп барат. Ошондой абалда эмне болсо ошо болсун деп туугандарды көздөй кадам таштадым. Ушу кезде күтүүсүздөн ашкананын шыйпырын, терезесин катырата каккылаган жазгы нөшөр башталды. Ошол нөшөр жазгы жылуу шамал менен ашкана эшигин аңырайтып, бетимди аймалап, чачымды аралап, ысык коюнумду чыйырканта жанагы ташты төбөмдөн алып салгандай болду. Жазгы жылуу шамал жакшылыгын алып келгендей жылуулук көкүрөккө уюду. Ушу кезге чейин жаратылыш менен мынчалык жуурулушпапмын. Бул сезим жан дүйнөмдү ырахатка бөлөдү. Аттиң! Эмнеге кичине эле ооматыбыз өргө чапса, көкүрөк кагып, асабадай какаябыз? Жакыныбыз амалга, мансапка, байлыкка жетсе, ага Кудайга ишенгендей таянабыз. Көрсө жаратылыш менен жуурулушсаң, гармонияда жашасаң, тилин таап, добушун уга алсаң – анын кудурети күчүңө күч кошуп, рухуңа дем берип, уйгу-туйгу болгон көөдөнүңдү болуп көрбөгөндөй тынчтыкка бөлөп коёт тура. Баягы күнүң күйүп, түндүгүң түшүп, заманаң куурулуп, айың айрылып, жылдызың өчүп бараткандагы кайышпас таяныч – кудум ушул тура. Жаратылышка балта чапкан учурларым өкүнүп, көчө жакка бурулдум. Тooба, сабалаган нөшөр жанагы коюу туманды жууп кетиптир. Теребел ачыла түштү. Күн чыга элек, сур булут таарынган кыздай мурчуюп, кете турган түрү жок. Жанагы камазчы да ышкырып коюп, тамекисинин түтүнүн сур булуттарга үйлөп, унаасынын аяк-быягын кармалап жатат. Жазгы нөшөрдөн кийинки тынчтыкка



баарыбыз уюп калганыбызда, ашкананын астанасында соксоюп турган мага:

– Кел олтур, – деген Жеймс Картер, – эмне жейсиң? – дегиче:

– Унааны башкаруу сага буюруптур. Ме ачкычты! – деген Иван Фитин ачкычты столдун үстүнө ыргытты. Колго тапшырбай ыргытканында кандайдыр бир ич ачышуу бар эле, муну сезсем да кычык чыгаруудан оолак болдум. Бирок, өзүмдү канчалык карманайын деген менен ичимдеги ыза тамагыма келип, шарт эле айтып салдым.

– Мага рулду табыштамак түгүл, багажниктен кетирип салбадыңар беле. Унутуп калдыңарбы?! – дедим. Чынында эле, ошондой экенин булар деле билет. «Булар мени кантип унаага алмак болуп жатышты экен?» – деп жолдугата ушуларды ойлонуп келгем. Чоң казатты баштап, чоң оюнду ырбаткан Цзинцзин Тиртеева экенин билген Жеймс Картер арактын кондициясына жетип калган экен, сүзүлгөн көзүн күчтөп ачып, «Манас» айткан Саякбайдай эки колу менен сандарын мыкчыган абалда:

– Мени менен макулдашпастан, Таабалдыны чеки машинеден түшүрүп салдыңар. Эмне, Таабалды мени жаткызып алып оозума куюп жатыппы? Аракка буюрсам, алып чыгат да. Бул жерде Таабалдынын кымындай күнөөсү жок! – деп Фудзияма вулканындай жарылды. Муну угуп, кыйла мас болгон Иван Фитин:

– Эмне дейт?! – деп жаза угуп калдымбы, тактап алайын деген соболуна, Жеймс Картер ордунан туруп:

– Таабалдыны ары-бери жумшап, кыжырыңарды кайнаткан мына мен, – дегенде баарыбыздын оозубуз ачылды. Ыйса пайгамбарды отуз күмүш теңгеге саткан «Иуда» саткын экендигин моюндабаса, бу сапар Жеймс Картер күнөөнү моюнуна алуусу: мени таң калтырган, Иван Фитинди

туйлаткан, Айсулууну кичирейткен, Тиртееваларды н тынчын алган балээнин бүчүсү чечилди. Бир сүйлөм баарына чекит койду. Цзинцзин Тиртеева менен Лакшми Тиртеева жок жерден мени жаманатты кылган күнөөлөрүн сезишсе да сезмексен болушту. Мас болуп калган Жеймс Картер кантип барсеткасын сөрүдө унутуп калганын, анын ичинен молдо бажасы берген «беш миңди» уурдатканын, Таабалды алса-албаса да «Алдым» деп моюнга алып, тамак-ашка, арак-шарапка деп чыгашаларды төлөп келатканын аки-чүкүсүн калтырбай жамакчыдай жамап, төкмөдөй төктү. Иван Фитиндин ичи эчкинин ичегисиндей тарый түштүбү же мас болгонгобу, ал да кычый баштады:

– Акчаны Таабалды албаса. Сиз муну ар нерсеге жөндөн жөн эле сындырып жатыпсыз да анда, ээ? – деп сомодой Жеймс Картерге айыпка шектүү собол салды. Жеймс Картерди «жинди» суу арстан кылып койдубу, а балким, күнөөсүн жеңилдетейин дедиби?:

– Уккан кулагыңызда калет жок, Иван Борисович! – деп кесе сынгандай тырс этти.

– Сетирейген, сетер! Кыңырактагы адатың кармап калдыбы? – деди Иван Фитин өгүздүкүндөй кызарган көздөрү менен, чамасы чылк мас болгондой.

– Кармап калды, – деп жооп узатты, Жеймс Картер, бул кылыгын моюндап.

– Эмне кылдың?

– Арак ичтим.

– Атаңдын канын ичкир! Нак сөйрүк экенсиң! – деп сөгүндү.

– Эми сөйрүк болуп калдымбы? Бая эле, «Алтын, бажам! Бриллиант, бажам!» деп жатпадың беле? – деп кырт эте түштү Жеймс Картер.



– Хы... – деп Иван Фитиндин же күрс жөтөлгөнү же ырсаң күлгөнү билинбей, илеби кургап, бул да мас болуп, көзү тунарганы гана байкалды. Жеймс Картер шымалана:

– Эй, Иван, мен мендигимден, мелеке таздыгымдан унааны башкарып келдим.

– Шишиң толуп, унаада жүрүүгө атаңдын деле акы калбады.

– Атама асылбай сүйлө, акмак!

– Бул кылыгыңды көрсө атаң эчкирип ыйламак.

– Башымды оорутпай жоголчу!

– Башың эми ооруйт!

– «Ич оорутган аш болбойт, көңүл ооруткан дос болбойт» – дейт, бажа. Өткөндө рулду алдыңар эле, көп болсо Таабалдыга окшотуп «Унаадан» айдап саласыңар. Жанымды алмак белеңер?

– Жаныңды алыш кеп бекен! – деп былжырады.

– Дагы эмне кылып ийесиң?!

– Шермендеңди чыгарам! Абийириң айрандай төгүлөт!

– Ой, коркуп кеттим...

– Экинчи туугандардын астанасын аттабай турган кылам, шашпай тур сени! – деген Иван Фитин кыйла кызып калыптыр. Жеймс Картер Иван Фитинден түңүлүп, ызасы ташып, жубайы Цзинцзин Тиртеевага кайрылды:

– Эй, катын, эсиңдеби? Баягында айттым эле го, мунуңар мал болбойт деп. Кебетеси көтөрүм аттай болуп, көз карашы буттан өйдө тиктеген араңжан неме экен.

– Ммм... – деп чоң эжем үндөбөдү, анын дагы сүйлөөрүн сезип.

– Мени жайлады. Менден кийин катынын жайлайт, – деген Жеймс Картер Цзинцзин Тиртеевадан ачуусун чыгарып кирди. Чоң эжем күйпөлөктөп:

– Коё турсаң.

– Койбой, мунуңдун бир жерин чукулап жатыпмынбы?! «Көсөөнү үйгө киргизбе, көчүгүн жерге тийгизбе» деп коёт. Уктуңбу, – деп дагы чоң эжемдин мазесин алды.

– Атасы, бир аз сабыр кыл. Иван мас болуп калды. «Бозочунун сөзү боткого жарабайт» деп коёт, – деп жалооруду Цзинцзин Тиртеева.

– Болсо болот, болбосо калат да. Эмне менин жанымды алмак белеңер?! Жиниме тийчү болсоңор жөө деле кетип калам, – деп кам кородой коңк этти. Эр-аялдын ыйкы-тыйкысын, чоң бажасынын арасат абалын көргөн Иван Фитин бир туруп манчыркаса, бир туруп кайын эжесинин көзү заматта киртейип калганын көрүп, боору ачыды. Ушуну эле күтүп тургансыган Цзинцзин Тиртеева, Иван Фитинге кайрылды.

– Иван, кагылып кетейин, бул эмне кылганың?

– Эже, жагдайды өзүңүз түшүнүп турасыз, – деп дале аттан түшсө да ээрден түшпөгөн жездем, чоң эжем менен тебер, көз кыйыгынан, көз айнегинин призмасынан туугандык эмес, асман тиреген карагайдай «каңк» этти. Цзинцзин Тиртеева да жөнөкөйлөрдөн эмес. Эл көзүнчө эмес, маңдайтескей арай-көз чарай отурушса кана? Иван Фитиндин бойдок кезиндегисин көзүнө саймак. Лакшми Тиртеева экөөнүн махабат оту жанып, баш кошуу дитин билдиришкенде ыраматылык Тыртай чоң атабыз караманча каршы чыгып: «Орус менен дос болсоң, айбалтаңды ала жүр» дейт кыргызда, «Оруска бербейм», – деп шагын сындырганда аны ынаткан ушу чоң эжем болгонун эсине салар беле. Экөө мына эми очор-бачар, аттуу-баштуу болушуп, кирген суудай күргүштөп турушат. Ал кездечи? Оо, анда сүйүктүүсү асмандагы кол жеткис «Айдай» эле. Ошону эстетип, «Шералынын чокоюн» астанасына илмек. «Тойгондон кийин токтунун эти топурак даамданат» болуп, бажасы Жеймс Картердин талкалаганы аз келгенсип, эми кайын эжесин да көзгө ил-



бей жатканын, өлүмүштүн. Ийне жутуп алгандай моюнуна кан жүгүрүп, тарбайган кебетесине эт бүтүп, оңолуп алгандай. Санааң жок болсо суу ичсең да семиресиң дейт. Буларда кайдагы санаа. Баары кол алдында. Ушунун баарын, өзгөчө кызмат абалына өпкөдөй көөп калган күйөө баласынын көз карашын түшүнгөн Цзинцзин Тиртеева жалдырап отурбайын дедиби, кеп чылбырын алыстан баштады:

– Өйүз-бүйүз, жар-жамаат, мал-жан аманбы, Иван Борисович? – деп тээ илгери Ош шаарындагы, чек ара кызматындагы кенже лейтенантка кайрылгандай кайрылды. Андан бери капитан, майор болду. Пенсияга полковник болуп чыккан. «Иван» деп эркелетсе эпке-кепке келбеди, андыктан Иван Борисович Фитин деп пенсияга чыккандан бери эч ким атасынын атынан атаган эмес, ошосун эске салган го сыягы. Эки бажа минтип мас болуп, урушуп кетсе, тойдо тетири карап олтурушса, жат адам да аңдайт. «Мастан жинди качып кутулуптур» дегендей, алдап-соолап сүйлөдү, бирок өтө эле жалпактабады. Ал эми Иван жездем Цзинцзин кайын эжесин жалдырап-жалынат деп ойлогонго осолу он пул болуп:

– Борисович дебей эле кайрыла бериңиз.

– Борис Николаевич демдүүбү?

– Ооба, – деп мурдун кармалады колун кайсы жерге катарын билбей. Жооп бербейин дейт, атасын сураса кантип жооп айтпасын, аргасы куруп: – Өткөн айда абышканы чакырып, Ысык-Көлдү, Сары-Челекти көргөзүп, кайра Питерге узаттым.

– Иниң кандай? – деди эле, чоң эжем. Иван жездемдин тунарган көзү жазылып, күпүлдөп:

– Жакшы, эже, жакшы! – деген жездемдин көзүнө кандаш, коюндаш болгон иниси тартылды.

Ал кез эми, ыраматылык союз ыдырап, колунда жогу деле, бары деле кыйналган кез эмеспи. Дүкөндөр бош, нан заводдор адам башына күнүнө бир бөлкөдөн ашык сатпайт, эл даамы жок загыра нанга муктаж. «Ач бала ток бала менен ойногусу жок, ток бала эч нерсени ойлогусу жок» болгон учур. Иван Фитин Орусиянын Тажикистандагы аскердик базасында кызмат өтөгөн кез. Ал эми Лакшми Тиртеева медициналык факультетти бүткөн жылы бактысы ачылып, Душанбеге ординатурасын улантуу үчүн студенттердин тизмесине кирип, борбордук ооруканага бөлүнгөн кези. Иван Фитин Ооган менен чектеш жерден оор жаракат алып, операцияга туш болгон учуру. Анын бактысына жаш студент Лакшми Тиртеева Гиппократка берген антынын өтөөсүнөн чыгып, ишине берилүү менен кесипкөйлүгүн көрсөтөт. Аярлык менен караган, тыкылдаган жаш дарыгер Иван Фитиндин айыгуусуна чоң себеп болот. Албетте, Иван Фитин айыккан соң кайра кызмат кылган аскердик бөлүгүнө кайтат. Ошондон көп узабай Лакшми Тиртеева экөөнүн ортосунда махабат көпүрөсү пайда болуп, кат жазышып; телефон аркылуу сүйлөшкөн, ашык болгон жаштардын махабатынын гүлдөгөн көркөм жазы башталат. Лакшми Тиртеева Кыргызстанга кайтып, Бишкек шаардык ооруканасында иштеген учур. Экөө баш кошобуз деп чечим чыгарган кезде, өзгөчө Тыртай чоң атам таптакыр макул болбой, өзүнүн туугандарына кудалайт. Иван Фитин Душанбедеги иши аяктап, Лакшми Тиртееваны Орусияга алып кетүүгө белсенип, ортодо кыл чайнашкан тирешүү башталат. Акыры, сүйүү күчтүүлүк кылып, эки жаштын баш кошуусуна бир шартты аткарса гана макул болоорун таллап Тыртай ата талап кылат. Аягында ушул ымалага келүү кешишимин; сүйүшкөндөрдү көндүрүү, Тыртай атаны ынатуу вазыйпасын Цзинцзин Тиртеева моюнуна алып, «Үйлөнүү»



операциясын ийгиликтүү ишке ашырат. Балким, сценарийди түзүүдө – тактиканы аныктап, стратегиялык мерчемди ишке ашырууда аскер адам катары Иван Фитин да катышканында шек жок. Ошол ойду ишке ашырган негизги каарман катары Цзинцзин Тиртеева экенин да бөркүндөй билет. Өмүрү кылдын учунда туруп, бармактай октон жарат алып жатып калган эр азамат, балким, оо дүйнөгө сапар алмак. Андыктан, жанын сактап калган инсанды өмүр шерик гана кылбастан, аны менен ал каалаган жерде өмүр сүрүүгө макул болгонунун себеби да, балким ушундандыр. Экөө баш кошконго дейре Баткендеги чек ара аскер бөлүгүнө жетекчилик кызматка которулуп, андан соң гана Лакшми Тиртеева экөөнүн өмүрдүн кемесинде коломтосу жанган. Майрамдык тууган отуруштарда арактан оозанган Иван Фитин Цзинцзин Тиртеевага «Ыраазычылык сонатасын» обон салып ырдап калмайы бар. Бир жагы Иван жездеме деле жөн жерден асылып, күнөө коюу обу жоксуздай туюлат. «Аваз кылба ар жерди, таш тараза бир жерде» дегендей, бу Иван жезде, угушубузча, Жеймс жездеге окшоп ичип-жеп, ойноп күлбөйт, кыз-келиндерге барбайт. Мындайча айтканда, чоң жезде напсисин кенен агытып; жашоонун лаззатына кумарланып, балынан татып, кумары канмай сайын, напсисин тойгузуп жашаган март пенде. Ушу марттыгын кыз-келиндер «иттей» пайдаланып келет. Ал канчалык чачпасын, дегеле куржуну бош калбады. Пейилине жараша табышы да күчтүү, жолдуу, дасмиялуу. Достору да ошончо; тамеки дос, арак дос, бильярд дос, мончо дос, шахмат дос, балыкчы дос, айтор, кыйыры көрүнбөйт. Акчасын самандай чачат, битинилерге окшоп обочолонуп эсептебейт. Жаш балдарчы? Оо, алар, Жеймс жездемди көргөндө көксөгөнү көктөн түшкөндөй кубанышат. Анткени момпосуй, шоколад дегенди, таттуу суусундуктарды кулак-мурдунан чыккыча тартуу кылат. Ошонусуна жарашабы же башка себеп мененби,

Кудай да бу чоң жездеме ырыскысынан эч аянбаганы чындык. Алиги: «Абийирдүү жигитке ажалдуу кийик жолугат» деген – ушу Жеймс Картер жөнүндө. Ал эми Жеймс Картер Иван Фитинге аваз кылганчалык бар. Иван Фитин Жеймс Картердей кууп ичпейт, бейчээки сүйлөбөйт, ала жипти аттадыбы, аттабадыбы же уурулук кылдыбы, кылбадыбы? Кылса да кыл жип менен бууп койдубу? Аягы бизге караңгы. Эми шам кармабагандан кийин, уурулугу ачыкталбагандан соң, кыйбат кылуу чекилик. Атүгүл «Иван Фитин жакшы амалдарды кылып жатат», – деп ыраазы болуп мактап-алкаганы тууралуу деле эч кеп жок. Кеп жок болсо, доо жок. Кынтыксыз. Мына болбогон жерден эки бажа аракка тоюп алып, кер-мур айтышып калганда Цзинцзин Тиртеева аралашып калбадыбы. Лакшми Тиртеева деле бирдеме дейин дейт. Кантсе да, кыраакы болгон Цзинцзин Тиртеевага ыктап турду. Ал бу ишти гана бажарбастан, канча маселени чечип келген. Ошондуктан, күдүк ойлорго батпастан, акырын көз салып турду.

Жеймс Картер Цзинцзин Тиртееванын далысына жашынчу бачики эркектерден эмес, дардаңбайлардан. «Бажа бажаны көргөндө башы кычышат» дечү эле го. Демейде ынак бажалар бирин-бири көргөндө мурдулары кычышып, бир бөтөлкөнү бура тартып, бат өтчү убакыттын жебесин тизгиндин алдына басып, жыргап маек курушат эмеспи. Булар деле ушундай бажалардан экенин угуп, көрүп жүрөбүз. Анда эмнеге Иван жездемдин кодулаганына чегинди? Мунун жандырмагы өткөн бир отуруштагы окуядан болуп жүрбөсүн. Ичине ачуу суу кирип калган эки бажа кыл чайнашпаса да, кер-мур айтыша кеткенине күбө болгом. Кыскасы, чоң жездем да чампак дөөдөй киши. Көбүнесе кебетеси чоң кишилер демейде март, берешен келгени менен копол, корс жана мактанчаак болоору баарыбызга маалым. Кудум ушул адаттар чоң жездемде бар. Ал эми арак ичип



алса, микрофонду кармап алып, эфирден түшпөйт. Аңгеме курса – жылдыздарды тизип, түндү күзөттүрүп, таңды аттырат. Сөз куржунуна ай батып, күн чыгат. Кээде «кумалак курут май болуп, чуркаган кулун тай болот» дегендей. Ошондоюн, кыялкечтигин чоң эжем сүйүп тийгендир. Ал эми аңгемесин баштаганда жанындагылар желедеги бээлердин кулак-башына чымын конгондо башын ийкегендей, кыялы кымызга мас болуп, кулактарынын кычуусу кепке каnып, курсагы сөзгө тоюп отура беришет. Дипломатиялык жаатында узак жылдар иштеген инсан болгондуктан, эл аралык иштердеги уяттуу, ары өктөмдүү эл башкарган тыңчыкмалардын катышуусундагы орунттуу бир канча окуясы бар, ошолорду кайталап кеп кыла берет. Кээде ошол окуялар башка өңүттө өнүгүп, мазмуну да өзгөрүп кетет, анысы жездемдин ушул кездеги маанайына байланыштуу. Чын-төгүнүн териштиргенге адам да, убакыт да жок. Негизи, ошол окуялардын өзгү бар, аны чаңганга болобу.

Иван жездем таптакыр бөлөк киши. Жогоруда айтылгандай чоң жездемдин жүз сексен градуска карама-каршы. Иван жездем шатыдай бойлуу, арык-чырай, Брюс-Лиге сыпатташ. Болгону Брюс-Ли арык, чымыр денелүү, бою кодо болсо, кичүү жездем деле чымыр денелүү, бирок, ал ширеңкенин данындай түптүз, бою теректей. Өзү айткандай: «Мектепте дене-тарбия сабагында бой боюнча катарга турганда биринчи болуп тургандан катуу уялчу элем», – дегени эсимде. Атүгүл, боюнун узундугунан кысынып, басса-турса бүкүрөйүп жүрүп, ал адаты аскерге барганда гана калыптыр. Азыр деле, капилет оңтойсуз ишке кабылса, бели бүкүрөйүп, тумшугу алдыга чыгып, саргая түшмөйү бар. Чап жаак, көзү ичкери кирип, каштуу, бүркүт мурун, колу-буттары узун келип, тамырлары жоон. Жакасы аттын кулагындай тикчийген ак көйнөк менен кыры чыккан ас-кер шымын кийип, туфлисин күзгүдөй жалтыратып жүргө-

нү аламан улакты жарган көкбөрүчү аттардай көркөмдүү, карышкырга тиш салган тайгандай айбаттуу. Бир карасаң турникке тартынып жатса, бир тиктесең брус ойноп, пресс чыгарып жаткан; кумурскадай кыбырап, эч жаны тынбайт. Чамасы аскер кызматын да ушундай бажарса керек. Ошого Коргоо министрлигине да жагып келет, жумушун ар жерге которуп, алкоо алып жүрөт. Чоң жездем дипломаттар менен эриш-аркак иштешкенге: отуруштарды, кеп-маекти, ыр-чоорду өлгүдөй сүйсө, кичүү жездемдин сиркеси суу көтөрбөйт.

Иван Фитин жаңы күйөө бала болуп каттоо эми баштал-ган кез. Даталуу күндөрдүн бири, балким Цзинцзин Тиртееванын туулган күнүдүр, же балдары төрөлүппү, ошону жууп-майлап жатышканбы? Төгүнү так эсте жок, айтор кубанычтуу күн болчу. Кадимкисиндей Жеймс Картер кызып алган, мен да бир нерсе болуп илешип калып, оту менен кирип, күлү менен чыгып каралашып жүргөм. Лакшми Тиртеева менен Иван Фитин бир тутам гүл менен бетине кызыл роза түшүрүлгөн торт көтөрүп кириште. Майрам башталды. Дасторкондо даамдар жайнайт. Агы ачылып, кызылы төгүлүп, ичимдиктер чөйчөкчөлөрдө тим эле мелтилдейт. Жеймс жездем кондициясына жетип, аңгеме радиосунун жыштыгы ачылды. Бапылдап сүйлөп жатканда бир жолу, кийинчерээк эки жолу Иван жездем сөзүнө аралжы болду. Жаңы отоо да, бажасынын бу пейилин билбейт. Жеймс жездемдин кашына кар жаап, мурдуна муз тоңуп, желкеси «гармошкадай» тырыша түштү. Заматта муну баарыбыз аңдай түшкөнгө «ып» эткен үн жок, абада чиркейдин гана чыздаганы угулат. Ириген сүттөй же нары, же бери болбой, акыры ачуусу ачыткыдай ачыган Жеймс жездем:

– Энеңди урайын, итий! Жапчы жаагыңды! – деп гаубица огундай «тарс» этти.



– Сволочь! – деп уктап жаткан аюу чээнден чыгып, ачуусу мурдунун учуна конду. – Знаешь ты кто? Свинья! – деген Иван Фитин ачуунун агымына агып, сизден сенге, кыргызчадан орусчага секирди.

– Fuck you, donkey! – деп муну тоготуп койбогон ак бүркүт Жеймс Картер кыргызчадан англисчеге ооду. Гектор менен Ахилестей салгылашып, бирин-бири өлтүрөйүн деп калышканда, биз ортого түшүп, зорго ажыраттык. Жай алып, ордуларыбызга отурдук. Жеймс жездем:

– Куй арактан! – деп мага буюрду. Куйдум. Ыстаканды түк көтөргөн чоң жездемдин кайнаган ачуусу дале муздай элек, Иван Фитинде мурунтан өчү бардай:

– Эй, Иван! Эсиңдеби?! – деп Жеймс жездем «өлүп калган кара иттин башын» көкүрөк куржунунан сууруп чыкты.

– Эмне?

– Өткөндө мага сүйлөнгөнүң?

– Эмне депмин?

– Элдерге былдыраганыңчы? – деп кычып кирди чоң жездем. Иван жездем:

– Дөөрүбөчү!

– Сен дөөрүбө! Жаш бала деле, мас бала деле сайрап жүрүшөт.

– Жалган!

– Энеңдики жалган! Тимеле «Генерал» болуп көрүнбөчү мага. Көпчүлүктүн көзүнчө мени мыскылдапсың!

– Жаныңды жебе!

– Жемек турсун, үзүп-жулуп алам! Тарамыштай болгон энеңди урайындын баласы! Сен мага акыл үйрөтчү болбогун, уктуңбу! Мага акыл үйрөтчүлөр али туула элек, – деди эле:

– Тилде сөөк жок деп эле ойду-тоону сүйлөй бербеңиз, – деп саал кайтты Иван жездем. Чамасы тилде сөөк жок болуп, билбестен чоң жезде жөнүндө «балп» эттирип койго-

нун моюндаган тейде. – Эртең-бүрсүгүнү да сүйлөшкүдөй бололу.

– Сага зарыкпай калайын!

– Лакшми, тур, кеттик! – деп Лакшми Тиртеева эжеме кыйкырды. Алар кичи каанада өздөрүнчө шарактап жатышкан эле. Күйөөсүнүн чакырыгын кулагы чалганга каанага кирип:

– Ий, эмне эле болуп жатасыңар? Сөзүңөр эшикке чейин угулуп жатат. Ичсеңер алыңарга карап ичпейсиңерби?! – деп беттен алды. Иван жездем өзүнүн пластинкасын коюп:

– Эжемкине баралы, жездеме баралы дейсиң!

– Дегем, дей берем, – деп тан бербейт.

– Тойдуңбу?! – деп чыгып кеткен. Бул окуя ушул бойдон кайталанбады. Кийинки отурушта жарашып, элдешип алышкан. Бирок, кичүү жезденин көкүрөгүндө таарыныч өнүп-өсүп, жадына сиңип кеткенин көз карашынан байкачумун. Жанагы чырдан кийин жолугушуулар, сыйлашуулар уланып жатты. Иван Фитин басмайылдай тартылып, таңган дарбыздай дардаңдайт. Ал кек сактабайт, ошондо эле унутуп калган. Цзинцзин Тиртеева Иван Фитинге телефон чалып, күйөөсүнүн арыгын чаап, чөбүн отоп, чоң энемдей санжырага салып, кечирим сураган. Жеймс жездемди «Кечирим сурап кой», – десе: «Эмнесине кечирим сурайм? Полковник болсо өзүнө полковник! Аскерлерине керкейсин», – деп кечирим сурагандан кичирейип калам деген. Ошол кек унутулуп кетти деп жүрүшкөн. Көрсө көмөкөйдө кылкан болуп калып кетиптир. Адам баласы табиятынан кекчил келет тура. Илимдүүсү деле, билимдүүсү деле, кылмышкери деле, атүгүл, такыбасы деле, баары бир кегин алчу кез келсе, ал мүмкүнчүлүктү сөзсүз пайдаланганга ашыгат. Мына, арадан канча жыл өтсө да, андан бери бажалар жилик тартуулап, кийит кийгизишип, канчалык сый-урматта



жүрүшсө да, минтип тойго баратып, оюндан от чыгат болуп, бажалардын кер-мур айтышуусу эски жаратты козгоп салды. Оюнда экөө бирдей: «Муну ушундайында биротоло жанчып салсам» дейт. Мындай кырдаал күндө боло берчү беле? Кантсе да ушунча токтоо болгон кичүү жезде – тээ жаш күйөө бала кезинде, торпогунда чоң бажасына сүзүлүп, сынып калган көңүлүнүн жан сыздатып оорутканы табылгыдай күйүп, көкүрөгүн өрттөп ийди. «Кудум ушундай азапты – Жеймс Картер да тартсын», – деп кырча тиштенип Жалал-Абадда Тиртееваларга кошулуп кегин алып, аны ээрден оодарышты. Кара-Көлдө кар көчкүнүн шылтоосу менен чоң бажа кичи бажаны да ичирип, карышкыр жесе жебесе да оозун кан кылды десем болот. Ошондо, ордо оюну эсеби 1:1 эсеби менен тең болду. Токтоо болгон Иван Фитин эми гана ушуну түшүнгөндөй ич күптүсү күчөп чыкты.

– Эй, бажа! – деп бажасына кайрылды.

– Ии- ии, кулак сенде... – деп сенделектеп тиктеп калды Жеймс Картер. Ал эми Иван Фитин көзүн мээлеп, финалдык голду уруура белсенип:

– Бая рулдан түшүргөн болсом, эми биротоло унаадан кетирем! Чечимди күт! Оңбогур, алкаш-шшш! – деп атылган октой айтылып кетти. Жеймс Картер бош келчү беле, ал деле кодулап жаткан бажасына кындан суурулган кылычтай болгон жообу:

– «Чечиминди» сагызгандын куйругуна байлап жибер. «Ит баласы бөрү болбойт» деген ушу да. Айбан! – деп жаны ачыша жооп айтты. Эми Жеймс жездемдин көзүнө жаман картина тартылды. Унаанын рулун тарттырганда кыйла жаны ачышкан. Ал эми унаадан биротоло тебинди болгонун элестеткенде көзүнүн кан тамырлары чыгып, көөдөнүнө түн түштү. «Элдер муну менен ыстакан кагыштырмак турсун, этегине намаз окуганга жакындай албай жүрсө, мен муну менен кеги бар адамдай конфронтацияга барганым-

ды айтсаң», – деп ичтен бармагын тиштеди. Өкүнгөн менен поюз кетти, андыктан, кырдан түшпөй турганы ушу.

Бажалар минтип кырды-бычак болуп жатканда, эки жезде тең көздөрү чачырап, «Кыргыйдай болгон Таабалды ортого түшсө» дейт. Муну байкаштырып, либералдуу логикамды жүргүздүм. Булар ортого түшүп элдештирип койсун дебейт. Эки тарап тең мени: «Менин тарабыма өтсө», – бирисинин далысын таптап, экинчисинин погуна куурай сайса деп күсөйт. Анткенинин себеби: аялынын, балдарынын, кайын журтунун алдында бедели түшпөш керек. Жаман сөз жерде жатпайт болуп, сагызгандай шакылыктаган кеп ташыгандар жетчү жерлерге Би-Би-Синин журналисттеринен, өпкөсү жок блогерлерден алда ылдам жеткизишет. А бажалар, муну беш колундай билишет. Ошого Таабалды Тиртеев бирөөсүнүн таламын колдоп берсе, ошонун бедели көтөрүлүп, кадыры артмак. Бу сапар, эки кочкор: Жеймс Картер менен Иван Фитиндин тирешинде жадыма сиңип калган салттуу ортолукту кармандым. Тайкы турмуштун ачуу аргументи тиреш касабынын бычагында бырчалан-бай; ушундай кийинки боло турган окуяларга ашыкпастан, күтүү позициясын карманууга бышырды. Болбосо Жеймс Картер рулду алып бермек болуп турат. Рулду Таабалды Тиртеевге жан тарткандыгы үчүн эмес, Иван Фитиндин мурдундагы эшек куртун түшүрүү максатында, аны басынтып, чынчүтүү үчүн гана. Ушул эле тегирменди Жеймс Картер тетири айландырып жибербейт деп эч ким кепилдик бере албайт. Муну дагы жакшы билгенимден, анын коюнуна барпаландап бой таштоодон этиятмын. Ал эми, Иван Фитин куунду болгонумда, сарай оюндарын баштап, Цзинцзин Тиртеева тарап болуп берген деп, ага да ачык душмандыкка чыгуу алешемдикке жатат. Бажалар кырылышып бүтүп, башы кычышканда бир бөтөлкөнү бөлүшүп, кайра элдешип



алуусу турган иш. Ал эми фактыларга карап жыйынтык чыгармай болчу болсок бүт аргументтер Иван Фитинге каршы болуп, тараза ташы Жеймс Картерге ооп турат. Андыктан, Жеймс Картер тарапка оодум», – деп турат оюм. Ушунун баарын мухиттей көөлгүгөн ойлордун арасынан таза пикирдин чыпчыргасын коротпой:

– Өмүр – дайрадай шарактаганы менен көз ирмемге тете. Турмушту – бапыраган балдарың, баш айланткан байлыгың сактай албайт. Сүйүүсүз турмуш – ураган үй. Достук – жабдуусу жаңы аттай кооз көрүнгөнү менен – ичи тардык аралашкан жерден ойрон болот. Бийлик – Аска зоодой бийик болгону менен – эл жайлоо кылбаса мүрзөгө айланат. Байлык – балдай таттуу болгону менен – бөлүшпөсөң өзүңдү жейт. Демек, кийинки урпакка биздин араздашуубуз эмес, ынтымагыбыз пайдубал болсун! Таарыныч менен талаш-тартыштын ордуна кечиримдүү болуп, биримдигибиз туудай бийик болсун! – деп «микрофон» тийип калгандан пайдаланып, Черчиллдей каадаланып, Сократтай акылдуусунуп, Македонскийдей жалындуу сүйлөдүм. Жеймс Картер «ичкич» атка конуп, нары онтойт, бери онтойт, унаадан айдалып калуусун элестеткенде санаасы капканга түшкөн карышкырдай тынч албай, жүүнү бошоп, алтын жүзү бозорду. Цзинцзин эжем Иван Фитин менен Лакши Тиртеевага жакшы сөздөрүн айтып, Жеймс жездемдин абийирин сактап калганга далалат кылды. Жеймс жездем менин абийиримди актап, өзү гана күнөөлүү экенин утуру кайталаганда: Күнөөнү моюнуна алганын, жаш курагын, «унаанын» ээси жана «экс башкаруучу» статусу эске алынып, борборго чейин жетип алсын, – деген унаадагылардын чечими чыгарылганын угаары менен:

– Кеттик, – деди Жеймс Картер шаша-буша бирөө аны унаадан кубалап ийе тургансып.

– Унааны ким айдайт? – деди Иван Фитин.

– Таабалды, – деди манчыркоосу маңдайына транспаранттай жазылган Жеймс Картер. Ал антип сүйүнгөнү менен багажниктен тажап калган мен рулга бүргөдөй секиришим керек беле? Бирок, спорт сумкедеги таңгакталган акча эзилген сүзмөдөй шайымды курутту. Багажникке жайгашкан Иван Фитин жөн кетпей, кокусунан спорт сумкени чукулап, бирдеме издеп жатып акчаны таап алса анда эмне болот? Жаны ачышып калган неме баарына жаңылык кылып, жалайыктай жайып ийсечи? Акчаны ич ара бөлүп алсак мейли. «Ээсине жеткизем», – десе, эмне кылам? – деп арасат болдум. Же спорт сумкени Айсулуунун алдына алдырсамбы? Бул жагы да кооптуу. Кокус сумкеден бир нерсе издеп аччу болсо, албетте, тиги акчаны көрөт: «Бул кайдагы акча? Уурдадыңбы? Эмнеге мага айткан жоксуң?» сыяктуу суроо салат. Жок, болчудай эмес. Жеймс Картердин алдына түк койгонго болбойт. Эмне кылсам экен? Акчаны таап алганда аябай кубандым эле. Бардыгы опоңой сезилген. Бирок, мунун дагы машакаты оор экен. Булар ажатканага барып келгиче тезирээк чечишим керек. Оюма «кошумча дөңгөлөк» келгенде өлгөн атам тирилгендей кубандым. Анткени, багажникке чыккан адам «кошумча дөңгөлөктүн» үстүндө кетет. Ачып текшерүүгө таптакыр мүмкүн эмес деп көз жүгүртүп, кара тер басып, издеп кирдим. Шашканымды айтпай эле коёюн, үлгүрүшүм керек. Багажниктин ылдыйкы тарабынын ортосунда жайгашкан тутканы көрүп кубанып кеттим. Көтөрсөм, кошумча дөңгөлөк, домкрат, майда-чүйдө күлүчтөр топтому турат, табылгамды ошол жерге жайгаштырдым. Болгону кокустан дөңгөлөк жарылып, алмаштыруу керек болсо, карап, байкап турушум керек дегиче эжемдер тазалыктан келип калышты, артында барпалаңдаган Жеймс жездем:

– Таабалды, айда машинени. Жолду арбыталы, – деди көңүлү шайдоот болуп. Тыйынды ишенимдүү жерге бекит-



кенге, үлгүрүп калганга кара терге салган санаам басаңдады. Сүйүктүүмдү да мынча бекитип, мынча корубадым эле. Ойлорум менен алпушурушуп, жездемдин буюругуна кол куушуруп, ат тизгинин бош коюп, машинени жорголоттум.

Ошентип, Кара-Көлдө сазга баткандай токтоп калганыбыз менен көп маселелер жайына түштү. Эң башкысы, багажниктен чыктым. Чыкканда да жүргүнчү болбой «чү» дегенде эле «Унаанын башкаруучусу» болуп рулга олтурдум. Бул жагдай-шарттардын айкалышыбы? Же мыйзам ченемдүүлүкпү? Мен тебинди болуп калганда, «Багажникте» жатканда деле ар нерсе оюма келген, бирок, «Унааны» башкаруучу уктасам түшүмө кирген эмес. Андыктан, рулга отурганымда эт-денем ысып, төбө чачым ток тепкендей «дүрр» этти. Рулга отурардагы маашырланткан толкундануу эстен кеткис ыракат тартуулаганын айтпа. Рулду кучактап, отургучка көчүк койгондогу кубаныч – кызгалдакка конгон көпөлөктөй жүрөк кабына батпай лакылдайт. Жүрөктүн лакылдаганы унаа кыймылдаткычынын гүрүлдөгөн доошу менен бирдей согуп, өткөнкү азап-кордуктардын баарын сел алгандай жууп кетти. Эмнедендир унаадагылардан өзүмдү өйдө сезип, тимеле рулду башкаруудан башым жагымдуу айланат. Эмне эле рулга ач кенедей жармашат десе, көрсө бул жердин – кубанткан жыргалы, байкалбас кубаты бар турбайбы. Өктөмдүү болгонуң, айланаңдагылар шыпылдап кулдук уруп турушат. Ошону менен бирге чириген байлардай манчыркоо пайда болду. Текеберденүү издетпей ушуларды ээрчип келип, мурдумдун таноосун жогору көтөрттү. Мурунку ишенбөөчүлүк, кемсинүү, кичирейүү сезимдерим ашыкча туюлуп, айнектен ары шамалга сапырылды. Шек алдырбай жезде-эжелеримди утуру унаа терезесинен карап коём. Иван Фитин рулга олтурганда куйтуланып дароо өзгөргөндөй, менин да жүзүм салкындап, олуттуу боло түштү. Канча албууттанып, ойлорум, эмоцияларым

менен алпурушпайын машинедегилер музыка угуп, атүгүл, мурункудай эле, баары мени унуткандай. Балким, маани беришсе деле эч шек алдырышпай, өз ара дүйнө оокатын кеп кыла кобур-шыбыр болуп жатышты. Булардын мындай кайдыгерлигине кол шилтеп, унааны башкарып кете берейин дейм. Эми эле пайда болгон текеберчилик эгомду козутуп, көкүрөктү көкө таандай каккылайт. Тооба, чымын учканда деле байкашат да. Адам адамдай эмоциясы менен-Адам экен. Эң-кур десе бирөөсү «Куттуктайм» десе өлүп кетеби. Жадесе жаңы эле рулдан шыпырылган Иван жездем деле үн катпайт.

– Иван жездем деп калдың. Ал салондун артына жайгашып, «Багажник» бош калдыбы? – деп собол салды жолоочум Исраил мырза.

– «Багажниктеги» ордум Иван Фитинге тийди. Нооча кишинин ал жерге батышын элестетип көрүңүз. Куурайдай узарып, тарашадай түрү менен нааразыланып, бүктөлүп жаткан бойдон «кың» этпеди. «Бөдөнөнүн» суусунун деми күч бергенгеби, эч сөз жок. А эгерим, булар менин акыбалымды түшүнүшсөчү? Бакылдашып, эмоцияларымды эмоциялары менен бөлүшмөк. Бир келген өмүрдөгү «Унааны» башкарат деген оюма келбеген иш болуп жатпайбы. Ушуну сур жыландын суусаганын, кер жыландын кепшегенинен бери сезген Жеймс жездем сезди белем, мага өбөктөй калып, жалжактап:

– Шеп, кандай келатасыз? – деп цирктеги маймылдай ырсаң этти. Тооба, чоң жездеме эч даба жок экен. Жанараак эле мени машинеден айдашканда, эл дарбыса эшек дарыт болуп, үстүмдөн күлгөн. Карыганда айныган жаман деген ушул окшойт. Же дипломатиядан дилгирликти үйрөнүп, өктөмдүү кишинин көөнүн алып, ушундай руль башкарган адамга ыктап көнүп калган окшойт. Мамилесинин чын-жалганын ылгай албай, күдүк ой баскан кезде:



– Газды бас, – деди менин оюмду окугансып Жеймс жездем. Газдын өпкөсүн жулуп алчудай тептим. Унаа маарага жулкунган жоргодой алдыда бараткан топ машинени басып өткөнгө андан бетер ээлигип алдым. Жеймс жездем заматта жүзүн үйрүп:

– Оолукпа, оолуга берсең рулду жездеңе алып берип коём, – деди сөөмөйү менен желкесин кашып, унааны эмес жер шаарын чеңгелдеп тургансып. Болбосо, жанараак эле, өзү тебинди болуп унаадан айдалып кетейин деп зорго тал чачы менен жармашып калган. Бирок, андай болбой Жеймс Картердин сөзү кадимки ээлик кылгандай болгонго, ага баш ийе:

– Жезде, кыжаалат болбоңуз. Оолукпай-нетпей эле.

– Оолукпа десе ташбакадай жөрмөлөбө, жүздөн түшүрбө.

– Жүздөн түшүрбөйм.

– Жүздөн уруп алыш керек эле. Кийинки бурумда, дарыяга улай камыш аралаш жердеги жармаканага токтот.

– Мм... – деп унчукпадым. Унчукпаганым оозум сүткө күйгөндүктөн, айранды үйлөп ичип калгам. Мунусунда жалжактап арак ташыбайм. Антпесем каршылаштар өзүбүздүн эле арабыздан чыгат экен. Токтот дегени мага деле жага берди. Акча кандай келатканын көрүп койсом ишенимдүү болот эле деп ойлонуп жатканымда Жеймс Картер «Оксфорд» университетинин профессорундай болуп, алаканын жаагына коюп, бакылдап калды:

– Эми унаа жөнүндө айтып берейин. Кыймылдаткычында 3,5 миң аттын күчү бар. Коробкасын көрүп тургандай автомат. Мульти руль, супер гидравлика, чыпалагың менен башкарсаң болот. Дөңгөлөк, жүрүүчү шаймандары – дың. Учакта кеткендей зуулдайсың. Кайни, газ менен тормузду башына чаап, чалкалап башкара бер. Түз жолдо автопилотко салсаң башкаруунун деле кажети жок. Түшүндүш?

– Түшүндүш.

– Э, баягы жерден өтүп кетпе.

– Макул, – дегиче Жеймс жездеме алаксып кеттимби, же газды катуу тептимби, чукул бурулуштан бет маңдай жолго чыгып, бурганга үлгүрбөй калдым. Аш-быш эткиче маңдайдан ак спринтер олжосун кууган илбирстей алдыбызды торой чыкты. Жанымды оозума тиштеп, бычактын мизинде бараттым. «Тормуз!!!», – деп айкырган жездем бетин жапты. Арттагы эжелерим «Өлдүк!!!», – деп айкырышты. Кудай сактап, мен оңго, спринтер солго буйтады. Биздин унаа асфальт жолдон шагылга түшүп, алигиндей муз аянтта айлангандай бир тегеренди. Унаа менен биз, теребел менен бүт-дүйнө, арчалар менен дарыя, баары аңтар -теңтер айланды. «Тоголонуп өлөт деген ушу турбайбы», – деп машина менен бирге ойлор кирди-чыкты айланып, асфалтка илешкендей болду эле, Жеймс Картер үнүнүн болушунча: «Газды теп!!!» – деп бакырды. Жыландын башын баскандай газды жалпайта тептим. Унаа кылтаңдап, мүдүрүлгөн аттай түзөлүп алдыга умтулду. Энтигип калыпмын, спринтерге оюм кетип, терезеден артты карасам токтоп турат, ички органдардын өлдүм-талдым, элеп-желеп болгонун эске албаганда эч нерсе болбоппуз. Спринтер ээси «Атаңды урайын, энеңди гана сенин», – деп сөөмөйүн кезеп сөгүндү, биз алдыны көздөй «зыйт» койдук. Кан дүргүткөн коркунуч кетип, спринтер ээсинин сөккөнүн бизге жеткирбей шамал жалмады. Эже-жездемдер сөгүп кирер бекен дегиче айта берди болуп, кыйлага ындыны өчүп калган Лакшми Тиртеевага жан кирип, көзүн чанагынан чыгып кетчүдөй чоң ачып:

– Бизди биротоло күм-жан кыл! Тойго баратып тоголонуп өлүптүр деген кепке калбайлы! – деп мен атайылап кылгансып, Цзинцзин Тиртеева да калчылдап:



– Үйрөнчүк окшойсуң?! Соо деп сага ишенген биз келесоо экенбиз! – деп ачуусуна чыдабай сай-сөөккө жеткизе сүйлөдү. Өмүрлүк жубайым кантсе да мурунку ачуусу тарап, рулга олтурганыма андан бешбетер сүйүнүп келаткан. Көзүбүз чагылышып, муңдаша сүйлөшкөнгө, баарына кайрылып:

– Кечиргиле. Эмне болгонун өзүм деле аңдабай калдым, – деп кечирим сурап кирдим. Эжелеримдин жемесинен анчалык коркподум. Аял киши тилинин учу менен айтып алат, кайра бир туугандык мээрими жанып, ачуусунунан тез эле кайтат. Чочулаганым Жеймс Картер менен Иван Фитин болду. Экөөнүн тилинен да, колунан да келет. Алеки саатта ордо оюндарын уюштуруп, көз ирмегиче намазыңды тетири окутуп, тебетейиңди тескери кийгизчүлөр ушулар. Айткандай, багажниктен Иван жездем:

– Э, Таабалды, картөшкө жүктөгөнсүп жулкубай айдачы. Өпкөмдү оозума каптаба. Болбосо, рулду мага бер, – деп оозанып калды. Багажникте жыргабаганынан ушинткенин жакшы түшүндүм.

– Мм... – деп Жеймс жездемди тиктедим. Ушуларга кошулуп биротоло ыргыта тебет бекен десем:

– Биринчи экзаменди жакшы тапшырдың. Реакцияң жайында турбайбы, – деп көзү жолду тиктеп, ишенимдүү сүйлөгөнү таң калтырды.

– Какшыктабаңыз, – дедим чекеми тер басып, азил-чыны сүйлөгөнүн аңдай албай. Жеймс жездем мени бир тиктеп, унаадагыларга кайрылды:

– Бул техника. Ал эми Ош-Бишкек жолу – кан жол. Чыдаган адам муратына жетет дейт, унаада кетүүгө макул болуп чыкканбыз. Анчалык кыйын экенсиңер учак менен кетпейт белеңер? Таабалды паникага алдырбады, спринтерден буйтап, өзүн жоготпой, жолго түшүп айдап кетти. Азаматсың! – деди. Жеймс жездемдин күнгө күйгөн кара-тору бы-

рыш бети какшык эмес, кадимки жайдары тартып «Өлбөй аман калдык» деп тооба келтирген жүзүн көргөндө, рулду мыкчып кармаган колдорум бошошуп, тырышкан ийиним жазылып, кабагым булуттан күн чыккандай ачылды. Ушинтип магдырагыча, жанагы биз токтоочу жээгин камыш бойлой өскөн дарыянын боюндагы жарма саткан ашканага жетиппиз. Жеймс Картер пайлап келатканбы:

– Э, мына! Токтот, жездеңди түшүр, – деди. Эжелерим унаа эшигин ачып, суу боюндагы сөрүнү көздөй басышты. Мен «багажникти» ачаарым менен арактын ачуу жыты «бурр» этип таноомду тешип, чыңалган мээме урду. Башымды бир силкип, багажниктин эшигин жогору көтөрдүм, кыштын алсыраган суугу менен жазгы шамал багажникке кирди. Ал шамал баяраак эле рулда чалкалап, эми багажникте бүжүрөп келаткан кичүү жездемдин үргүлөгөн көзүн умачтай ачтырып, кыпчылып калган көкүрөгүн, коңкойгон мурдун аралады. Иван жездемдин жүдөңкү абалын көрүп, боорум сары майдай эзилди, тайгандай чунаңдаган жездем жок. Моюну кылдай арык, бою узун неме багажникте үч бүктөлүп, көзү карыгып, чачы үрпөйүп, өңү өлүктөй болуп кубарыңкы. Алиги, адам өлтүрүүгө шектелип, тор артына түшүп, тергөөчүнүн чылымынын түтүнүнө бөкүп, күмөнүнө күйүгүп келатканындай акыбалын дароо аңдадым. Үч жүз чакырымга чукул аралыкка чыдаган менин акыбалым кандай болгонун – көргөн адам айтат беле? Ал эми аяк-быягы он чакырымдай жүргөн кичүү жездем койдун куйкаланган башындай карайып, козголо алгыс абалда жатат, демейде адырандап жүргөн жездем таанылгыс болуп чүнчүй түшүптүр. Демек, мен «Багажникке» тамырлаша түшкөн экенмин. Жездемдин жүрөгүн «Багажник» кемирип жатканын айтпаса да белгилүү болду. Ага боор ооруп, араң жеткен рулду карматып, өзүм «Багажникке» кайтмак белем? Аны элестеткенде жанымдын сыздатканы дагы бир



«зырт» этип жүрөгүмдүн кылын үзгөндөй ооруксунткандыктан, акча дароо эсиме келди:

– Түшүңүз, жездем чакырып жатат, – дедим Иван Фитинди түшүрүп тапалагымды бир сыйра текшерип коёюн деп.

– Сен кантип чыдадың? – деп агынан жарылды.

– Ушинтип эле, – деп ооз учунда «балп» эттим. Багажник менен рулдун ат менен төөдөй айырмасы бар экенин бир жездем, бир мен гана билип, көзүбүз менен түшүнүшө сүйлөштүк. Ошентсе да «шефтик» амал мени көптүргөнгө шайтаным кармап, жездемди тамашага салып коёюн деп:

– Багажник бейиш эмес, эгерим сырын билсең тозок да эмес, – дедим эле. Бул аныктама ага жакпады өңдөнөт, бир сүйүнгөн адам, анан бир күйүккөн адам чындыкты айтат эмеспи:

– Дүйнөңдүн бүткөн жери – кабыр, ал эми тирүүлүктүн кабыры – Багажник! – деди Марк Аврелийдин кейпин кийип. Жездеме багажник – кабыр болсо болгондур, мен ага макул болбой:

– Бүт дүйнөң – Тозок. Багажник – Күнөө жуугуч машине! – десем, ачуусу менен:

– Атаңдын как чокусу! – деп багажниктен түшүп бараткан Иван жездем ызасын унаадан чыгарып алайын дедиби, балким менин сөзүм өтө одоно угулдубу, капотту «даңк» эте чаап, Жеймс Картерге жөнөдү. Багажниктин туткасын көтөрүп, уй желининин сылагандай курткадагы пакетти кармаладым. Акча ордунда, жаным жай аккан суудай жай алды. Багажникти жаап, эч ким байкабадыбы дегенсип эки жагымды карандым. Жездемдер обочолонуп, бир нерсени сүйлөшүп жатышыптыр. «Багажникте» эзилип, кыйналганын арызданып жатканы түшүнүктүү болчу. Кичүү жездем чоң жездемди көндүрүп, рулду кайра тартып албагыдай эле деген чочулоо тынчсыздантты. «Багажникте» тырышып бaратканымды элестеткенде көзүмдү түн, оюмду муң

каптайт. Баяраак эле багажникте акчаны кучактап барат-каныма сонуркап, рулга олтуруудан кооптонуп жаткам. Акчаны жайгаштырып алган соң, рулда чалкалап кеткен дооронго заматта көнүшө түшүпмүн. Колуму рулга, чыканагымы терезеге таяп, бутум бирде газды, бирде тормузду тээп, ээн-эркин. Терезе күзгүсүнөн келинчегим тиктеп тургранын байкаганда, кайсарлана башымды айнектен чайкап, көкүрөктү маңдайдагы эркиндикке тосуп айдоо кандай ыракаттуу. Эжелерим: «Ай, Таабалды, мына буларга окшоп жулкуп-силкпей, сонун башкарат турбайсыңбы», – дешсе, көтөрмө сөзгө көмүлүп, өпкөм көөп, башкарууга кынык алыпмын. Эми ушунумдан колумду жууп каларымды элестетип, тарашадай туталанып кеттим. «Кудай сактагыдай эле» деп экөөнүн сүйлөшкөнүн аңдыдым. Чоң жездем, кичүү жездемдин сөзүнө ынагандай, арак да муун-жүнүн жибиткенге көөнү ачылып, жайдары. Тамекисинин чогу утуру кызарып, коюу түтүнүнө өпкөсүн ыштап, таноосунан үйлөгөн түтүнү Көк-Бел тарапка созулат. Иван жездем мага тишин кайрагандай; жанатан бери Жеймс жездеме бирделерди айтып жатат. Мен буларга бөлөк-бөтөн эмес, бир боор кайнимин го. О, оңбогур, рулга кайдан отура калдым. Жумшак отургуч жамбашыма жармашып калгандай, бирөө-жарым мажбур менен рулду тартып албаса, бул жерден эч тургум жок. Ортодо Иван жездеме да жаманатты болдум. Ал «Багажникте» тыгылып, жүрөгү сыгылган сайын мени сөгүп жатканын далым менен сезип турдум.

– Эмнеге Жеймс Картер менен Иван Фитинге унаа башкарууга уруксат? Эми гана рулга отурган сага руль жарашпайт бекен? – деди менин жүйөөмү кубаттаган жолоочум Исраил мырза.

– Эмнесин айтасыз? Иван Фитин менен Лакшми Тиртееева бул жерди мага ыраа көрбөгөндөй, а балким, түк андай эместир деп күдүктөнө ойлочу болдум. Экөөнүн кебин угууга ушунчалык кызыккандыгымдан чыдамым түгөнүп, алар мени байкабасын деп бутумдун учу менен басып, жакындадым. Ооба, эми экөөнүн сөзү даана угулуп жатты. Ичип алышкан да, болбосо жака-белде эч ким жок жерде сырдашмак. Арак – шер арстан сыяктуу, коркпос-үркпөс кылып коёт эмеспи. Сөз кызыгына келип, чаначтагы саамалды бышыргандай Иван жездем күпүлдөп жатыптыр:



– Э жезде, эмнеге мен рулга олтурбай калдым?

– Аракты өкүртө ичтик ко!

– Аны моюндайм. Сууга чумкуп, кыйла соолугуп калдым.

– Баягыга караганда арагың ары кетип, ыраңыңа чыгып, кыйла соолугупсуң.

– Мына өзүңүз айтып жатасыз. «Авариядан өлүп калайын дедик», туурабы?

– Биз шордуулардын ичээр суусу бар экен! Кудай сактады! Өзүбүз мейли, балдарчы? Али үйлөнө элек, турмушка чыга электерин ойлоп жаман болбодумбу.

– Ошону айтып жатпаймынбы. Эгер унааны мен башкарсам, бул иш болбойт эле.

– Койчу эми, ажал жетсе сенби, менби, Таабалды болобу, аш жеп олтуруп деле кете беребиз, – деп Жеймс Картер мылжыңдап, ырбаак сөздү тамашага чаргытат. Иван Фитин болбой эле күүсү кеткен комузду күүгө салам дегенсип:

– Койсоңуз жезде, мен олуттуу нерселерди айтсам, сиз тамашага буруп жатасыз. Эптеп «рулду» мага алып бериңиз. «Титаниктегидей» «жым» жүрөбүз.

– Айсбергге урунуп, чөктүргүң барбы? Кой, бажа! Сен дагы эле мастыгың таркай элек экен.

– Сиз соосузбу?

– Бажа, мындай жоругуңду токтот. Андан көрө арактан бастыралы, түбүндө калгандыр?

– Рулду алып берем деп убада бериңиз. Толтура куям. – деп чоң жездемдин ичи-койнуна кирип, купшуңдап турат.

– Оо, бай болгур! Болуптур. Бирок азыр эмес. Анан. Макулбу? – деп кыт-кыт күлүп, аракты түбүнө чейин көтөргүчө нарыраактан Цзинцзин Тиртеева:

– Бүгүн биз тойго жетебизби? Же экөөңөрдүн жөө-жомогуңарга тамаша салып тура берелиби? – деди.

– Э, бажа! Көрдүш, эжең чакырып жатат. Жүр, – деп биз жакка бурулушту. Алардын кебин угуп алганымды Иван Фитин сезди белем, жаны ачышкан тейде:

– Сен биердесиңби? Айтып койбойт белең? – деп муунунда күч калбай, каруусунда ал калбаган адамдай шалдырай түштү. Уурулугум билинип калгансып, буйдалып:

– Жүрүңүздөр, күтүп калышты, – деп кеп тыңшаганым билинип калганга кызарып-татарып кеттим. Жеймс жездем эч нерсени этибар албай:

– Кеттик, – деп мени көкүрөккө муштап, сасык кекирди. Мурдум бырышып, көңүлүм айланган абалда унаага чыгып, айдап жөнөдүм.

Жанагы дарыя бурумунан өйдөлөп Көк-Белге жармаштык. Зоосу да, тоосу да, куму да, гүлботосу да баары көгүш тартып, күн нуруна шоктонуп, жалт-жулт этип, айнектен ары сасык кекирикти алып учкан шамал да көк ааламга сиңет. Ошол көгүш аалам, көңүлдөгү кара ойлорду сапырып, Көк-Белге жашырат. Атаңгөрү, оорлошкон сананы көтөрүшүп, ыбырсыган көр-тирикти унуттуруп, өйдө-ылдый болгон жол азабын басаңдатып, көөдөндү өрөпкүтүп, көңүлдү сергиткен дабанга баарыбыз муюп, көздөрүбүз тоё тиктеп, сырттан келген жылуу шамалга ыракаттана түштүк. Дабандын кууш бурулуштарын аралап, өйдөгө өрмөлөп, арылдаган шамал менен бир кубалаштык. Көңүл сергий түштү. Сергиген көңүлдү жанараак эки бажа кажы-кужу сөз кылган «Амал», «Ыңгайлуулук» тууралуу ой басты. Болбосо, жезделерим менен көкбөрүнү тартышкандай арзыбаган рулга ушунча жармашат белек? Бул жерге отурганга



чейин, мындай түшүнүктөргө маани деле бербепмин. Жаңы статуска ээ болгондон кийин, буга маани берүүгө аргасызмын. Жеймс Картер чоң оюнду ырбатып коюп, тизгин талаштан оолак болгону менен, мага карап далыман таптап, Иван жездемди карап, аны жактап, алды-койду менен алек. Ал эми Иван Фитин да, мен да ордо ортосунда, көңүл чордонунда болгондуктан биздин да бүйүрүбүз кызыды. Көк-Бел ашуусунда каршылаш келаткан унааларга чыга калып, алдымда бараткан жүк ташыган камаз-фураларды, көз жоосун алган жолтандабастарды, өпкө-бооруңду жулуп алчу таксичилерди озуп өткөндө жүрөгүм өпкөмдү каккылап, машинени төбөмө көтөрүп чуркачудай болгон, көөдөндөгү жалындуу күчкө дүүлүгүп бараттым. Ашуунун кыйма-чийме бурумдарында тулпарды өргө чапкандай бирде катуу, бирде жай айдаганым дене боюма от ойноткон дымакты жандырып, рухум болуп көрбөгөндөй көөп, менменсинген ишеничке балкыды. Жеймс жездем да жөн турбай: «Бас газды! Айда! Оз! Мазза!» – деп далымдан таптаганга, терезеден жубайымдын сүймөнчүк тиктегенин көргөндө ого бетер оолукканымдан пешенемден тер чыгып, жан дүйнөм ыракатка чымырады. Ушул амалдын кубаты, ушул таасирдин кубаты, ушул өктөмдүүлүктүн кубаты – өзгөчө кайталангыс күчтүү турбайбы! Бул жерге салыштырмалуу «Багажниктеги» энергия – ылымылык чайдай, күйбөй калган ысырыктай. Ошондуктан ушул жерге ач кенедей тырмышышат экен да. Ал эми Цзинцзин Тиртеева: «Ылдам жүрсө да, жай жүрсө да үзүп-жулкпай, деңизде сүзгөн кемедей бир калыпта башкарат турбайсыңбы! Жезделериңди үйрөтүп коюшуң керек экен», – дегенин укканымда өпкөм көөп, көөдөнүм «менимди» чопулдатып өпкөнүн айт. Атүгүл багажникте жаткан соңку кезде радикал оппозиционерге айланган Иван жездем да ич күйдүлүгүн коюп «Түзүксүң, Таабалды! Айда! Чап! Атасынын гөрү!» – дегенин угуп, унаадагылар

тегиз ыраазы боло түшкөнүнө «Багажникте» басылып калган мартабам ыкыбалдуу, илең-салаң даражам улук болуп баратканга, кадыресе кадыр-баркка ээ болуп калганыма кудуңдап турдум. Унаа күзгүсүнөн өзүмө тааныш болгон жубайымдын каухар таштай жалжылдаган көздөрү мага кадалып турганын аңдабаганга болобу. Алтыным назданып, айлуу түндөгүдөй алкымынан жыттап, чачтарынан сылап эркелетсе деп кумарлуу караганы ширин лаззат даамдантып, жүрөгүмдү эзет. Андыктан мактоого алынган күйөөсүнө маңдайы жаркырап, жарпы жазылып, өзү Соң-Көлдө сүзгөн ак куудай чайпалып келатты. Мунун баары жүрөгүмдү кытыгылап, коюнумду жылуу шамал аралап, көңүлүм бойдок кыздын илебиндей ач-кызыл болуп ысып, кызгалдак талаасындай кулпуруп турду. Ошон үчүн ушул жерге жан кечтидей тырмышып, ошон үчүн ушул жерди үй коруган иттей корукка алгандарын эми гана туйдум. Ушундан башым айланып, ушул акыбалым теребелдин коздугуна жуурулушуп, никеден чыккан боз уландай чунаңдаган сезим жогорку «Амал», «Ыңгайлуулук» деген суроомдун жообун чечмелегенсиди. Бул жакшы жагы. Ал эми жаман жагы, жана айткандай, оппозиция блогун түзгөн Иван Фитин менен Лакшми Тиртееваны өчөштүрүп алганым болду. Алар деле атайылап өчөгүшчү беле? Себеп, багажникке тыгылып калгандыгы экендигин айтпаса да аттын кашкасындай белгилүү. Ошондуктан, баары ыраазы болуп, «Айттагандай» жайдары келатышса, бир гана кичүү эжем жумуртканын сарысындай эзилип, күйбөгөн оттой ичтен быкшып келатты. Душман жөнүнөн пайда болбойт. Душман – амалды, таасирди, байлыкты, бийликти, сулууну, дагы-дагы кудум ушундай «баалуу» нерселерди талашуудан пайда болот турбайбы. Демек, рулга олтурган соң каршылаш сөзсүз болоору мыйзам ченемдүү экенин түшүнүүгө кырдаал мажбур кылды. Буга үшкөрүнбөдүм, челектеп куйган мактоолор менен алкоолорго денем чоктой кызарып, газды баскан бойдон Көк-Белдин башына жеттик. Жеймс Картер маанайы ачылып: «Кашатка токтот, жүздөн серп этели. Тойго барсаң тоюп бар дейт», – деп тоок жулмалаган митаам түлкүдөй жойпуланды. Эжемдер Жеймс жездемдин ичимдик ичүүсүнө мурункудай жолтоо кылбай калышты. Чамасы «Токтот, ичпе» десек өчөшүп иче берет дештиби, алар да кашатты көздөй басышты. Мен болсо «Багажникти» ачтым, кичүү жездемдин бу сапаркы акыбалы жакшы деп айтуу жарашпайт, бирок, кыныгып калгандай. «Жыргаганымдан жылкычы болду дейсиңби?» дегендей кичүү жездем да кыйраткандан «Багажникчи» болгон жок. «Багажникчи» болгон мен жездемдин акыбалын беш колумдай билем. Бу сапар жездемди «бөдөнө» ичимдиги саал жүдөтүп койбосо, талыган буттары, кысылган капталы, чала жоор баскан жону мурункудай ооруксунтпай, маанайы пас эмес, көзү гана чарчаңкы. Мина талаасындагыдай даамдарга толгон сумке-түйүнчөктөрдү жаза басып албайын деп «Багажниктин» алакандай бош жерине бутун коюп, этияттанып жатып сыртка чыкты. Жездемди түшүрүп жатып, кошумча дөңгөлөк жактагы «тапалагымды» текшерип коёюн дегенимден майнап чыкпады, кичүү жездем мени обочолонтуп:



– Ушу жерде өлүп калсын деп жатасыңбы? – деди койтот дегениби, же мени багажникте кайрадан кыйналсын дедиби, билбейм, жообум мындай болду:

– Андай дебеңиз. Сиз «Багажниктин» кыныгын таппай жатасыз. Эгерде сырын билчү болсоңуз, ал жерден чыккыңыз келбей калат, – дедим азил-чынын аралаштырып:

– Келжиребечи?

– Чынын айтып жатам.

– Койчу эй.

– Омээй. Кызык киши экенсиз. Багажникте эмнени байкадыңыз?

– Байкадыңыз дебей, кантип келе жатасыз десең?

– Кыйналганыңыз пешенеңизде жазылып турат.

– Анан?

– Багажникте бал-боорсок, алма, курут, суусундуктар бар.

– А эмне, мүмкүн беле?

– Сурайсыз да, – деп Иван Фитинди жоошутуп, жооткотуп жатсам, Жеймс Картер көзүн алайтып, бизди чакырып калды. Бажалар Кашатта «бөдөнө» суусунан дагы уруштту. Маанайлар беш болуп, маңдай жазылган кезде Цзинцзин Тиртеева сөзгө аралжы болуп, колу менен кыйырды көргөзүп:

– Тээ эски жолду көрдүңөрбү?

– Ии-иии!

– Ошол илгерки Ош-Бишкек жолу. Бурумдары өтө эле чукул. Тиктигин айт. Азыркы жол – жыргал эмеспи. Ал эми тиги Балыкчыдан чыга турган альтернатива жолу бүтсө эл гана эмес, туристтер да жыргап калышат.

– Туура.

– Илгери Бишкекке жөнөгөндө «жол азабы – көр азабы» болуп бери жагы бир сутке, ар жагы эки суткеде жетишчү экен. Жолдо түнөгөнүчү. Кышкы азапты айтпа. Көк музда дабандан аша албай тоңуп кыйналгандарычы? Машине түртүп, колу-бутун тоңдуруп, үшүккө алдыргандар болгон десем силерге жомоктой угулат. Оңолот деген ушул да. Таң атканда жолго чыксаң, күн баткыча жетесиң, – деп көзү коймолжуган чоң эжем баарын элестүү сүйлөдү. Кашаттан эски жолду тиктеген Иван Фитинге багажниктин ичи бейиштей туюлду. Мен акчаны текшерип коёюн деп, ал эми туугандарга машинени урунду кылбай Көк-Белдин оң жактагы бурумундагы тамдын жанына айдайм деп, айткан



жериме айдап келип токтоттум. Астейдил жүктөрдү түздөмүш болуп, акчамды текшердим, ордунда. Санасамбы? Сөзсүз эле акчаны эсептешим зарыл эмес. Эсептегидей ал менин акчам беле? Ушуларды ойлоп жатканда чымчыктардын чырыктаганы угулду, бет маңдайдагы тамдын терезесинде жуп ала чыйырчыктар оюн куруп жатышыптыр. Оюм акчага эмес, чымчыктарга бурулду. Булар жанакы Жалал-Абад курортунун багындагы ала чыйырчыктарбы деп бактылуу ала чыйырчыктарды таңдана караганым менен, оюм кайрадан акчага бурулду. Жолдуката «Акчаны ээсине кайтарам. Кайтарбайм», – болуп эзилип деле бүттүм. Жуп ала чыйырчыктардын бейгам чырылдаганын тыңшап, нагыз адамдык кейпимди сактайын деген ой пайда болду. Ал үчүн акчаны ээсине кайтаруу керектигин биротоло чечтим. Акчаны ээсине кайтаруу чечими келээри менен жан дүйнөмдү магдыраткан тынчтык орноду. Чечим бышкан соң, «Эми акчаны кимге жана кантип өткөрүп берем?» деген бир гана техникалык жагы калды. Анда, тууганлардын жанына барып, болгонун болгондой, төкпөй-чачпай айтып берүүм абзел эле. Тууганлардын толгон-токой суроолоруна да жообум даяр болду. Шартка ылайык, эгер акчаны кайтаруу ишим ийгиликтүү өтсө, анда Иван Фитин менен Лакшми Тиртеевага жаман көрүнбөй «Рулду» да биротоло ушул жерде тапшырмак болдум. Рулга олтурганда, акчаны таап алганда кандай ыракатка батсам, «Кайтарам» деген чечимим бышып жетилгендеги ыракат дагы кудум ошондогудай таттуу сезимдерге бөлөдү. Мерчем боюнча алгач алар турган жерге барып, таап алган акчамды ачыктап, андан соң, унаага келип таңгакталган акчаны толугу менен тапшырмак болдум. Андан ары жарыя кылып, ээсине жеткирүү маселеси турат, ал убакытты гана талап кылаары анык.

Алар машинени көздөй басышты. Жеймс Картердин боз жоргосундагыдай маркадагы унаа бизди тааныгандай ток-

топ, ал жерден жанагы Жалал-Абаддын курортунда арак менен ширин суусундук алып келген жашы элүү бештер курактагы, орто бойлуу, курсагы чедирейип салаңдаган, кыймыл аракети шыпылдаган таз баш киши түштү. Балыкчы балыкчыны алыстан тааныйт болуп, булар «жоро-табакташ» болуп калышпадыбы беле. Иван Фитин, Жеймс Картерлерге жанашып «бөдөнө» суусунан уруп киришти.

– Бул жанагы Жеймс Картердин барсеткасын сага тапшырган шылуун киши эмеспи. «Берки беш миңди сен албадыңбы?» – деп сурабадыңбы?

– Менде да ошол ой пайда болуп, ошону сурасамбы деп ойлондум. Бирок, ал ошол акчаны алганын же албаганын эч ким көргөн жок. Тескерисинче, жездем унутуп калган барсетканы бизге тапшырып жатпайбы.

– Туура. Балким башка бирөө алса, бул силерге тапшыргандыр. Мейли. Ошондо акча менен рулду Көк-Белдин чокусунда кайтардыңбы?

– Тигилер шараптан оозу бошогондо Токтогул суу сактагычын көрсөтүп, кыялданган сүрөтчүдөй бапылдап жатышат. Ушул таз баш киши Жалал-Абаддагы курортто пайда болуп, биздин сөрүгө келип калганда акчамды ачыктайм деген оюмдан чегинип, акчаны алып калуу азгырыгына алдырган элем. Дагы ошондой болуп кетпегидей эле деп алдын ала «асан-кайгы» болдум. Бизге жакындаганда, жанагы шыпылдаган таз баш киши:

– Дүйнөнү – акча башкарат! Бул ар пендеге маалым, – деди.

– Акча бир болбогон кагаз эмеспи, – деди Иван Фитин.

– Ошол кагаз деп бардыгыбыз кайышып күн-түн иштеп жүрөбүз го, – деди Жеймс Картер.

– А капчыктуулардын алгачкы капиталын билебиз, көбү мыйзамсыз жолдор менен табылган. Андыктан алардын адал экенинде күмөнүм бар, – деди Иван Фитин.



– Сөзсүз эле уурдаган акчаны «ээси келсе бээсин бер» дегенди аткаруу шарт эмес. Азыр заман башка, кулунун ээсине берип, бээнин кымызын сатып байыса болот, – деп шакылдап калды шыпылдаган таз баш киши. Иван Фитин макул эместигин билдирип:

– «Ак» саткыча, «Как» сат, – деп каяша аргументин айтты.

– Мөмөң жок болсо «Как» кыла албайсың, – деген таз баш киши каткырыкты калың салды. Иван Фитин башын чайкап багажникке жайгашканда таз баш киши алдыдагы дал Жейм Картердикиндей маркадагы унаага отурду.

Жанараак эле акчаны ачыктайм деп жатпадым беле. Булардын маегин угуп, «Мөмөң жок болсо «Как» жасай албайсың», – деген сөзү кайра-кайра кулагымда жаңырганда акчаны бергим келбей калды. Балким, багажникте жаткан болсом, акчаны кайтаруу ниетимди ишке ашырат белем. Азыр мен машиненин башкаруучусу болуп жатпаймынбы. Статусум таптакыр бөлөк. Багажникке үч бүктөлүп жайгашкан Иван Фитинди көрүп, ушул текебер ойлор келди. Демек, менин акчам аз болсо ушинтип багажникчи болуп жүрө беремби? «Акчаң болсо калтаңда, талтаңда да талтаңда» дегендей болдум. Ал турсун таз баш кишинин кеби мага бап келип, кайрадан мурунку орундалбай калган кыялдарымды ишке ашыруу максатым кайра кайнап, кайрадан эле азгырыктын колдо жок ашына тоюп, биздин унаа ат туягын чаңытып, Көк-Белден ылдыйлап жөнөдүк. «Багажниктеги» букту чыгарайын дедимби, асманды көмкөрөсүнөн жаткызып, үстүнө күндү мингизип койгон «Токтогул» суу сактагычынын кеңдиги өзүнө тартты белем, ошону баса калчудай газды катуу басканда унаа окторулуп учту. Резина жыты салонду аралап, чаңытып айдаганга Көк-Бел артта калды. Жеймс Картердин маанайы көтөрүңкү болуп калганынанбы, а балким, башка себеп болдубу:

– Таабалды бир тең, силер бир теңсиңер, – деди мармелад шимиген баладай. Көк мелжиген суу сактагыч, каңылжарды жарган таза аба, учкан куштай чимирилип, унааларды чаңында калтырган «боз жорго», өнө боюнду жымыңдаткан «бөдөнө» суусу – баары кошулуп, чоң жездемдин жарпын жазды белем, беркилерден мага өйдөрөөк баа бергени ушу го чамасы. Унаадагылар чоң жездемдин сөзүн улагысы келбедиби, же ар ким өз ойлору менен алпурушту бу, Жеймс жездем мунусу менен эмнени айткысы келгенине эч ким деле этибар салбады. Жаккан мелодияңа кулак төшөп уккандай жалгыз гана мен, дагы ушул сыяктанган кеп менен бөлүшсө экен деп мактоонун уландысын дегдейм. Сүйүктүүңдүн көзүнчө алкап-жалкаса ого бетер өпкөлөп, бүркүттөй көкөлөйт экенсиң. Эч ким үн катпаганга Жеймс жездем оозун чүйрүйттү да, манжаларын чекеден кырсылдатып, күндү бир тиктеп, суу сактагычты бир тиктеди. Мунусу убакыт канча болду дегендейи го. Убакыт болсо бешим небак ооп, асрга[1] эрте. Жанареки Көк-Белге жармашканда газдын өпкөсүн жулуп алчудай басканымда ат такасындай такылдаган мотордун үнү ылдыйышта кыйла бастаганга, тетирисинче, утурум тормузду басып келатам. Шамал жыланчасынан аяк-быяктан бирде ышкырып, бирде ызылдап салондогулардын чачтарын үксүйтүп, коюндарына кире качат. Кичүү эжем энтиге дем алып, утурум элтеңдеп, жазгы суукта чала жан чегирткедей шалбырап жаткан жездеме башын кылчайтып, көңүлүн буруп, капилет көзүмө урунганда: «Койкоңдобо! Сенин ордуң багажникте, кантип коңулуңа кайтканыңды аңдабай калба» – дегенсийт. Жагдай ушундай болуп, бир тууган эже-инини тетири каратып койгонуна ичим бышат. Болбосо Лакшми Тиртеева: «Таабалды! Тай! Алдыңа кетейин», – деген сыяктуу жанды эргиткен сөздөрүн айтып, «торпок да сүйөт энесин,

[1] Аср – түш оогондон кийинки төрт менен бештин арасы.



жылкы да сүйөт желесин» дегендей, бир боору жан тартып, карегимден он айланып, башымдан сылап, жалооруган бир туугандык мээримине бөлөчү эмес беле.

– А, эмнеге ал эжеңдин аты Лакшми? – деп Исраил мырза сөзгө аралжы болду. Тиктесем баянга аябай кызыгып калгандай. Андыктан, ар бир сөзгө, ар бир ысымга маани бергени ушундан го. Күттүрбөй жооп кайтардым:

– «Лакшми» деп да бекеринен аталган эмес. Ал кездеги ыраматылык Советтер Союзу Индия менен ысык мамиле түзүп «Хинди» кинолору бардык кинотеатрларда баймабай коюлуп, индустар наркы өйүздө жашагандай туюлчу. Цзинзин эжем төрөлүп, торолуп, жүгүрүп жүргөн кез. Атам белгилүү хинди киносун көрүп, баш каарман Лакшми атту кыздын образына ашык болуп, бүйүрү чоктой кызып, элеси оюнан чыкпай «жинди» кылат. Көп узабай апам төрөйт. Метрике берген жерде: «Кызыңыздын атын ким коёсуз?» деп сураса, эч ойлонбостон: «Лакшми» деп айтып, метрикеге да ошентип жазылат. Лакшми эжемдин тагдыры да дал ошол индус кызыныкындай кызык болгонун Иван Фитин экөөнүн махабаты айкындады, бул тууралуу жогоруда чала-була айтылды. Ал эми мага ини катары төккөн мээримин унутуп болобу? Азырчы? Азыр ошол мээримге татыктуу болбой жатсам керек деген ой кабыргамды кайыштырып, жүрөгүмдү ачыштырат. Ушундай кырдаал жаралып, ит-мышык болуп, жүз карашпай калыш керекпи? – деген сезим көңүлүмдү кирдетет. Кантип кайра эжемдин каш-кабагын ачсам деген оюм онго, санаам санга бөлүнөт. Жан дүйнөмдүн, адебимдин пайдубалын бекем кура албай бушаймандын. Рулду «Ме» деп Иван Фитинге бере салып, Багажникке жатып алууга моюн жар бербейт. Кантип ушул жерди таштап кетейин, бул жакка жөн эле келип калбадым да. Же мен Иван жездемдин ордун тартып, же басып алдымбы? Жеймс жездем айтты го: «Кичүү жездеңди арак ичиртип койдум. Аргасыздан рулду өткөрүп берүүгө мажбур болду», – деп.

«Эгер күнөө кеткен болсо, чоң жездем кириптер болду. Мен туугандарымды тойго кечикпестен барып калуусу үчүн рулга отурууга макул болдум», – деп актанып жатам. Чынында ичим бузуку экенин кантип танам. Андай эле ичим бузуку болбосо, анда макул болбойт элем да. Ичимде катылып жаткан бузуку оюма Жеймс Картер бузуку сунуш кылганда дароо ушу сунушту эп көрдүм. Бузуку болбосом, баягы таап алган акчаны дароо элге жарыя кылып, ээсин чогуу издейт элек да. Антүүгө азыркы ички дүйнөмдүн бузукулугу даай албады. «Жок! Болбойт. Күтө туралы. Кыздар айдасын», – деп, же башка сунушумду айтсам болбойт беле? Анте албадым. Өлүмүш болуп:

– Жезде, Иван жездемдин ордуна олтуруп алсам кандай болот? – деп тим эле периштедей аппак боло калдым. Жеймс жездем «сөзүмдөн, көзүмдөн» ички көксөөмдү билет да. Оозу-мурду кыйшайбай:

– Эчтеме болбойт, – деген арам аралашып калган чечимин бузуку болгон жан дүйнөм кубануу менен кабылдады. Окшошпой калалык. Ушинтип «ириңдеп» жатсак, анан жанымдай көргөн эжем Лакшми Тиртеева менен, башкалар менен алаканы кантип оңдойм? Аны ойлогон жан жок. Эжемдин капалуу көзүнөн деле дал ошондой ой-санааны көргөндө, түшүнбөстүктү жоюунун жолун табууну ойлонуп жаттым. Аз болсо да адептин, уят-сыйыттын көрөңгөсү калган өңдүү. Иван жездем да, мен дагы «Багажниктин» ысыгына күйүп, суугуна тоңуп, тардыгына чыдап, аргасыз көнүшүп, акыры садага болоюн эркиндиктин баасын жон терибиз менен сездик. Кичүү жездем деле, мен деле унааны башкаруудан башыбыз көкөлөп аскар тоолорго жиреп, өпкөбүздү ургулаган шамал менен жарышып, «эгобуз» менменсинүүнүн Эверестине туу сайды. Мандалак башыбыз Мухаммад Пайгамбардын сүрөөлөрүн, Моцарттын сона-



таларын муюп укkансып магдырады. Ошону менен бирге жолдун азабын тартып, тозогун да жорттук. Адамга эң кымбат болгон жүргүнчүлөрдүн өмүрлөрүнүн жоопкерчилигин керт башыбызга алган канчалык оор экенин экөөбүздөй эч ким сезбестир. Муну Лакшми Тиртеева билбейт. Ошол эле кезде ал аңдаган логиканы лаппай деп мен кабыл албайм. Теориясын түшүнбөйм. Баш катырмасын чече албайм. Анткени, билип-билбегенибиз боюнча түшүнүү, жакындашуу, ымалага келүү боюнча эч кимибиз ой бөлүшпөй жатпайбызбы. Эми ошол түшүнүшүү жолуна ким биринчи кадам таштайт?

Цзинцзин Тиртееванын өзү күйөөсү ара жолдо калчудай абалга кептелгенде бозоргон болсо, эми августагы дарбыздай кыпкызыл. Жеймс Картер: «Ичүүнүн маданиятын куп билебиз. Куданы мас кылып, куржунуна кустуруп, аратанасын аттайбыз», – деп ишенимдүү айткандан бери аралашпай калды. Ал унаада пайдасыз отурбаганына, мага жол көрсөтүп келе жатканына корстон. Дени сак, санаасы жок, тойдун камы капчыгында, себет түйүлүү, балдары бешиктен чыккан, жубайы кашында, бир туугандары жанында, маанай беш. Унаанын алдынан Үч-Теректин шамалы ышкырууда. Дагы эмне керек? Чарадай чалкалап, коңуздай кыңылдап, жолду арбытуу гана керек деп чоң жездем менен чоң эжемдин телегейи тегиз, андыктан, буларга көз арткандай келаттык. Мүшкүл деген кимде гана жок? Жердин байлыгын мыкчып турам деген көпөстөр менен жер шарын каалаcам оңго, каалаcам солго калчайм деген саясатчы, министр, депутат, сенатор, конгрессмендердин деле күнү күйүп, санаасы саман! Ушул өңдүү мүшкүл ар бирибиздин көр тиричилик куржунубузда оозу ачылбай турат. Аны ачсаң Бишкекке токтобой ааламды айланып, кайра Ошко кайтары анык.

– А чоң эжеңдин аты эмнеге кытайча коюлуп калган? – деген Исраил мырза демейдегидей кызыгуусу күч алган суроосун узатты. Суроосун муздатпай жообун кайтардым:

– Атам Манас Тыртай уулу бойдок чагында кызмат абалына байланыштуу Кытайга командировкага барган кези. Цзинцзин аттуу кытай кызга ашык болуп, ортодогу махабат дайрасына агып, эси-көөнүнөн кеткис болот.

– Манас Тиртеевич сулууларга жакын эркек болгон экен ээ? Хинди кызынын келбетине ашык болсо, кытай кызынын турпатына суй жыгылса.

– Аны бир айтасызбы, эки айтасызбы?..

– Түшүнүктүү, баяныңды улай бер.

– Жанагы эле арзуунун балына малынып, даамын татпкан сайын сүйүүсү тереңдеген атам «Цзинцзин Лиге» үйлөнүүгө далалат кылат. Кыскасы, Цзинцзин Линин ата-энеси да, биздин Тыртай чоң атабыз да караманча каршы чыгышат. Айласы куруган Манас Тыртай уулу салтка салып «алып качуу операциясын» баштайт. Цзинзин Линин атасы да кыйын киши окшойт, чек-ара кызматына кызынын анкетасын берип коёт. Кытайлык бийкечти качып бараткан жеринен кармап, бул жакка өткөрбөй, эки жаштын жүрөгүн сыздатат. Жараланган жүрөгүн мыкчыган бойдон Манас Тыртай уулу Мекенине кайтат. Арадан убакыт өтүп, апама үйлөнөт, тун кызына сүйүктүүсү «Цзинцзин Линин» атын берет. Апам жашыраак кези белем, ал ысымга маани деле бербеген экен.

– Макул, темадан узабайлы, уланта бер, – деп Исраил мырза тим болду. Мен сөзүмдү уладым.

Үнү угулбай, дымып калган Иван Фитин май куруттан жеп, суусундуктан ичип, «Багажникке» кынык алган сыягы. Карды ток болгону менен баары бир буту-колу талып, кысылуудан ою быт-чыт болуп, кыжаалат болуп келе жатпады



беле? Ал эми азыр болсо анын көкүрөгүнө түшкөн шоола Жеймс Картердин мындай сөзү эле: «Ананыраак соолукканыңда рулду алып берем. Күтө тур», – дегени кайрылган үмүтүн улап, чаңдаган көңүлүн ачып, кыйла чыйралтты. Андыктан, самсаалаган санаага алдырбай, оорлошкон сезимге чөкпөөгө өзүн үндөп жатты. Кыялында күнү бүгүнкүдөй рулда чалкалап келе жатат. Машине айдаган адамдын ырасми боюнча, бирөө-жарым калып кетпедиби, эшик жабылдыбы дегенсип: «Баарыңар отурдуңарбы? Кеттик», – деп буйрук берип керсейип жөнөгөнү, чоң жездеге теңелип, атүгүл, өйдөрөөк болуп калгандай акыбалына маашырланганы көз алдына тартыла түштү. Ушу кезде татаал бурумга тормуз катуу тебилип, тизеси мурдуна тийип, ооруксунтуп ийгенге баятан берки кыялынын кылы үзүлдү. Куру эле сөз болуп жүрбөсүн деген күмөн саноосу багажниктен али-бери чыкпайм го деген ойго түрттү.

Келинчегимдин Көк-Бел дабанында шаңкайган маанайына көз тийбесин, тимеле куштай көкөлөп, көзү булак түбүндөгү таштардай туптунук, бажыраят. Кадала тиктегенимди байкаганга сунала бой салып, бакытка балкып, сүйүү деми жан дүйнөсүн ысытып, узун чачын шамал аймалап, бакыт кушун бекем кучактап бараткан жаркырап турганынан сезсем да туугандарыма билдирбешке аракеттенгеним менен жүрөгүм элеп-желеп болуп алып учат. Күзгүдөн артты карасам Көк-Белдин карааны үзүл-кесил гана көрүнөт. Шамалга күзгү чөптүн калдыктары шайтан көпөлөктөй болуп катуу бараткан унаанын айнегине урунат. Жанагы Кара-Көлдөгү таарыныч таркап, эмелеки колго тийген руль менен унааны зымыратып айдап бараткандагы ыракат – мына ушул сезим кыйлага дейре өчпөсө экен дедим.

Маңдайда апамдын шырдамалындай «Токтогул» суу сактагычы мелмилдейт. Айсулуум көз алдымда кийимин чечип, тизесине чейин бойлоп, мөлтүр сууга жуунганда

капкара узун чачынан ылдый аккан суу койдун куйругундай аппак жамбашын аралап, мамыдай жоон санына куюлуп, балтырына кире ылдый агып; мен болсо, жыланач музамдын артынан тиктеп, Кудай аялзатына берип койгон ченемсиз сулуулукка көзүм тойбой суктанып турам. Муздак сууга чыйырканып, жээкти көздөй шашыла чуркаганда алмак-салмак селкинчек тепкен тырсыйган кош мамагы бирге өпөңдөп, кумдуу жээкти жумшак таманы менен басканда ысый түшкөнүнө ырахаттанса бул жакта туруп эле элеп-желеп болом. Эки колун жайып мени көздөй бой таштаганда кумуранынкындай белин өзүмө имерип кучактагым келет. Ээ-жаа бербей ички удургуткан сезимди бош коюп, кубалашып ойногум келгендигин ким танат. Жаштыктын жалыны ушул эмеспи, жөн койсо «таңгакталган акча», «руль», «багажник», «амал» «ыңгайлуу» аттуунун баарын жыйнаштырып, өмүр шеригим менен суу сактагычты сүзүп өткөнгө даяр элем.

Кыялкечмин, рулда баратканымды унутуп, ылдамдыкты байкай албай калган экенмин, кууш бурулуштан тормузду болушунча тээп, зуулдап бараткан машинем асфальттан калдыраган шагылга түштү. Жүрөгүмө бычак сайылгандай «шу-уу», – деп өпкөм тамагыма, жүрөгүм кабыргама такалды. Какаганга муштаган болуп, уктап жаткан Иван Фитин:

– Ээ, Таабалды! сага эмне болду?! Уйку тартып кеттиби, же чарчадыңбы? – деди. Жеймс Картер болсо баягы «Таабалды баарыңа бир тең!» деген оюнан чегинген сыяктуу, эми рулду кичүү бажасына алып берүүнү ойлогондой. – Сага кайсы жин тийди?! Ашыкпай айдасаң боло! Жок жерден рулдан айрылып калба! – деп темитип кирди. Бир заматта арстан турпатым келемиштин кейпин кийип, жооп берүүгө даай албай, ачуусу келген Жеймс Картердин жүзүн кароодон жалтанып, Иван жездемдин сөзүнө калтаарып, терезеден сыртты карап, ылаажы болсо суу сактагычка кудум Айсулуумдай башымды чумкуп алгым келип, шамалга жүзүмдү тосуп, алаксыганга аракет кылдым. Жеймс жездемдин «Рулду жездеңе бересиңби?» деген түккө турбас сөзү жүрөгүмдү тилип, Шамшыкалдын тузун сепкендей ичимди ачыштырды. Мына ушинтип, жанагы таң супа салгандагы өрөпкүгөн абалым суу сепкендей өчтү. Маанайымдын түшкөнүнүн себеби рулду кичүү жездеме берсе, кайрадан багажникте кысылып кетет экенмин деп каңырыгым түтөдү. Бул бир себеби, экинчи жүйөөм ээрди тарттырып жиберүүнүн ызасы калемпирдей ачуу турбайбы, ошол маземди алды. Эми эргүүгө, кыялданууга алдырбай, ылдамдыкты бир калыпта кармап, бурумдарда чукул бурбай, көңүл коюп айдоого белсендим, жоопкерчиликти эми гана аңдагансыдым, бирок менин сезгеним кеч болуп калгандай туюлуп жатты. Эгерде кынтыксыз айдаганымда эч кандай айып тагылбайт эле. Жүрөктү кысып, көкүрөктү өйүткөн ачуу сөз айтылбайт эле. Өксүп, өкүнбөйт элем. Эх, өтө эле кыялкечмин да, ушунун азабын көп тарттым. Ошентип, азыркы айтылган суук сөзгө ичтен чайналып олтурам. Ал эми сөз болгон соң, ой да сур булуттай чубалат. Туугандардын мен жөнүндө жакшы ойдо калуусуна убакыт керек. Бир жолу мүдүрүлсөм кечиришмек, эки ирет кооптуу жагдай түзүп албадымбы? «Демек, жазамды качан алам?» деген суроо маңдайымда жазылуу. Ошондуктан, рулду тарттырып, багажникке барып калуум айдай айкын көрүнүп турат. Бул кырдаал эми жакшы вариант. А эгер, Кара-Көлдөгүдөй куулуп, жаман вариантка туш болуп калышым да мүмкүн. Мына ушул сыяктуу ойлордон жүрөккө керек-керек эместерди деле ташып отуруп жүрөк кургурду чарчата турган болдум.

Ал эми алдыдагы Колорадонукундай[1] болгон Үч-Теректин кыйыры көрүнбөс узун жолу закымдайт. Чоң ылдамдыкта озуп өткөн унаалар «зуу» дейт да, тээ алыска

[1] Колорадо – АКШдагы штат.

узаганда оюнчук машинедей, алаканга батчудай, кипкичине боло түшөт. Мээмде болсо «Рулду жездеңе бересиңби?» деген сөз оюм менен эр эңишке түшкөн балбандардай күрөшүүдө. Айтылган сөз, атылган ок тура. Токумун жеген бир безери болсом бул ой сыйпап өтүп, Үч-Теректи аралап, Токтогулга сиңип кетмек. Жаш немемин да, жанагы уу сөз мээме кирип, мандаш токуна отуруп алды. Ошого ууланган жаным шамалга торуга, күнгө күйгөн жүзүм заматта бозорду. Эминеме минттим? Кайсы арыма көптүм. Мага ушул эле жетишпей турду эле. Эми колго тийген бакыт кушун өз шалаакылыгымдан башкага карматамбы? Аттиң ай, кыял көлүнө чөмүлбөстөн алдыдагы кара жолду карап, алдымдагы боз тулпарды мыкты айдасам, унаага да, туугандарга да коопсуздук жаралбайт болчу. Кооптонуу жок болсо менин мышыгымы ким «пыш» дейт? Орто жолдо колуктума шерменде болмок болдум. Буга деле тил бүтүп, бүткөн тили узарат. Узарган тил өткөн-кеткенди чалып, сүйлөп коёру турган иш. Ошондо ушуну эсиме салып: «Суулаган самандай көпкөнсүң. Ооматты көтөрө албай, көз көрүнө ээрди тарттырып ийгенсиң. Эми мага кыйынсынба. Арманың болсо атаңа айт» – дейт да. Дебей коймок беле? Азыр жаңы отоо[1], унчукпайт. Кулагымды жыргаткан, жан дүйнөмдү жыргаткан таттуу тили төрөттөн кийин жыландай соймоңдоп узарары турган иш. Жеймс жездем деле ээрден шыпырып гана тим турбай, тиши кычышып «Иии-ии! Руль сага ысык келдиби? Ысыласаң багажникке жат, сууп каласың», – десе, кичүү жездем «А кайни! А-бу! Багажникке жатып калыпсың! Таабалды машинаны чалкалап башкарып калган. Мурунку Таабалды жок деп жатышты эле. Сен аны тартып кете албашың башынан эле мага маалым болгон», – дейт да деп, эми ээр алдымдан сыйгаланып баратканына санаага чайналып турганымда багажникте жаткан орус жездемдин кепшеге-

[1] Жаңы отоо – жаш үй-бүлө.



ни даана угулуп, даамдардын жыты салонго урду. Иван Фитин колуна тийгенди оозуна салып, багажникке биротоло кынык ала түшкөнсүдү.

Өң алеттен кетсем да, ичим уйгу-туйгу болсо да жа-аай, эреже менен айдап бараттым. Көк-Белден ылдыйлап, Үч-Теректин кыйыры көрүнбөгөн узун жолуна түштүм. Оңдой берди болуп, бакылдап жаткан америкалык жездем Жеймс Картердин көзү илинип, башы шылкыйып, оозу тыйылды. Ээгин жүн баскан төшүнө такап, мурдунан чыккан дем төштүн түгүн имерип, чекесинен аккан тери моюнун аралап, көкүрөктөн ылдый куюлду. Ушундай баш маңка чоң жездемде шайтандын акылы бар. Ушул жердегилерди сууга алып барып, сугарбай келет. Каратып туруп «ышкыртып» иймейи бар. Жамбашыбыз жер искегиче жайлоонун курутун сатып ийиши ыктымал. Жолго аттанганда жол башчылык кылып, ал ооматы жер көчкөндөй оогондо, аз жерден куунду болоюн деп араң калды. Дипломатиянын атасын тааныткан неме кайрадан ордо оюндарына активдүү катышып кирди. Алгач мага кабак-каш болуп, соңку кезде орус жездем Иван Фитинге жан тартып, бизди ары-бери калчаган чоң жездем «ойноп уктайм» деп жатып, оюну чынга айланып, биротоло терең уйкуга кетти. Жанараак бышылдап-күшүлдөп жатса, эми салонду жарып ийчүдөй коңурукту кер тартып, түштүн пири менен түз сүйлөшүп калды. Демек, менин реабилитацияланышыма мүмкүнчүлүк түзүлгөндөй болду. «Үүх», – деп оор үшкүрүндүм. Рулду талашмак болгон кичүү жездем багажникте, андыктан, азырынча ал жактан анчамынча гана үн аркылуу таасир этпесе, көзү жок. Адамдын жүзү ысык эмеспи. Жүзүн көрбөгөн соң, жүз үйүрүп отура беребиз. Демек, жолду арбытып алганым эсеп. Жол арбыса, унааны жакшы айдасам, балким мурунку кетирген каталыктарыма көз жумуп коюшабы? Ушундай ойлордон улам жок эле дегенде сенделектеген санаам басаңдап, ийненин көзүндөй үмүттүн шооласы пайда болду. Үмүттүн пайда

болгону дал ушул Ош-Бишкек жолунун так ортосу болгон Токтогул суу сактагычынын үстүнөн өткөн көпүрөгө дал келип калганын караңыз. Бул – жөн иш эмес. Анткени бул жерге бүт кыргыз эли, керек болсо бүт Фергана өрөөнү үмүт артканы бештен белгилүү. Тыңчыкмаларыбыз: «Паланча куб суу толду, түкүнчө куб суу калды!» – деп Кожожашын зарыга күткөн Зулайкадай карап олтурушат. Ушул жерге токтой калып, шашкан дайрага кол булгап, жылый түшкөн көкүрөгүмдү үмүт шамалына тойгузсам деймин. Антейин десем «Жөнү жок көпүрө ортосуна не токтодуң?» – деген балээге калбайын деп, кудум мага окшоп эки жолдун ортосунда салаңдап турган көпүрөгө кылчая карап, узап бараттым. Алыстан көпүрөгө көз чаптырсам – көпүрө тараза, ал эми эки жакка бурулган жол – таразанын кош табагындай туюлду. Жолдогу бир күндүк жашообуз – багажниктеги өмүр, рулду башкаруудагы манчыркаган ыракаттануум, кийинки, ой каптаган түйшүгүм – баары биригип ушу тараза ташына түшүп отурганына таң кала, тооба келтирдим. Эми бул көпүрө бизден артта калган менен дайра жарышка түшкөн күлүктөй унаа менен жарышып, бизди жандап акты.

Алдыда Токтогул шаары, Чычкан капчыгайы күтүп турат. Жеймс жездемдин уйкусу бышса, Иван жездемдин курсагы тойсо, эжелерим унааны жакшы айдаганыма курсант болушса, жаратылыштын ажайып кооздугу баарынын маанайын ачса, анда «Рулду жездеңе өткөрүп бересиңби?» – деген маселе унут болуп кететтир дегиче Торкен айылына жеттик. Жапайы капитализм менен зомби демократиянын эң жаман иштери Торкендин ушул дабанында токсонунчу жылдары өткөн. Ал чуулуу окуяларды мынабу бозоргон дасоң сүрдүү гана карап турганы турган. А биз болсо тиктеген бойдон жолду уланттык.



Токтогул шаары жакындаганга, Токтогулдукундай тебетейин кийип, ал кездеги мектеп окуучусу Цзинцзин Тиртеева «Токтогулдун кербезин» дубалда илинген комузун алып, чертип калаар эле. Комуз күүсү эмес, ызы-чууну жактырбаган апам: «Тайнең ооруканага түшүптүр, сурап келейин. Чачташпай, жөн отургула» – дечү, баары бир шоктоноорубузду билип турса да. Тыйылып калган балдар, апамдын карааны көрүнбөй калаары менен үйдү үч, төрдү төрт көтөрүп, бир ыйлап, бир соороноор элек. Эң жакшы көргөн оюнубуз «Бекинмечек» болоор эле. Мени ар дайым, эмнегедир, бош турган «ун жашыкка» бекитип, унутуп калышчу. Атүгүл: «Эркексиңби, үн чыгарбай отур», – дешсе, үн катпай отура берчүмүн. Бети-башым аппак болуп, мурдума ун толуп, жүдөп-какап, чүчкүрсөм деле мени уккан адам жок. Издемек түгүл, убара болушса кана? Унга булганым аз келгенсип, мени тоготпой ун жашыктын бурчун тешип кирген чычканга заарымды чаччумун. Тоготуп койсо өлөйүн. Же жакынсынтканын, же өзүнүн кичинекейлигин билбей туруп мени кичинекейсинтип тоготпогонун түшүнүп болбойт. Унга тойгон боз курсагын чедирейтип, кыска куйругун аласынан чыгарып, ийнедей көзү менен тикирейе караса, күйбөгөн жериң күл болот. Үйдө ойноп жүргөндө бизди көрүп чый-пыйы чыгып, кирээрге тешик издеген чычкан, эми: «Ий, колго түштүңбү! Кандай болот экен? Өзүңдү кубалайынбы?» – дегенсип тиктейт. Мен болсо бурчка жылып, кайра балээдей болуп, чычкандан жийиркенип коём. «Кет, кет нары» десем, дүлөй болгондой башын буруп койбойт, же тешигине качып кетпейт. Ызам толгондо уңулдап, ыйлап-ыйлап, эч ким жардамга келбегендиктен, чычканчалык сабырым жокпу деп, айласыздан чыдап олтура берчүмүн. Мурдараак, апам тезирээк бир жакка кетсе иш кылбай ойнойт элек деп эңсеп турсам, эми апам батыраак келип «ун жашыктан» алып чыкса экен деп ак эткенден так

этип апамды күтүп калчумун. «Бекинмечек» оюну башталганда ун жашыктын жанына барганда, безилдечүмүн. Бой жетип, акыл кирген кезде деле апам: «Таабалды, садага болоюн! Ун салып келчи, жууруп коёюн», – десе, ун жашыкты ачканда кээде чычканды көрүп «зырт» эте түшчүмүн. Көрсө чычкан унга тойгондо кыймылдай албай калат тура. Же аны жанчый албай, же унду акыр-чикирге ыргыта албай, айлаң жок унду алып келип, анан тандырды агартып киресиң.

Ошол кез азыр эске түштү. Ошол, кайра «Багажникке» түшүп калам деген сезимим «Ун жашыкка» салынып, унутулуп каламбы деген коркунучтай жүрөгүмдү сыкты. Жанараак газдын колкосун жулуп алчудай басып жатсам, азыр титирек баскан бутумдун учу газдын үстүн араң сыйпайт. Бала кезде сыгылган сезимге эч ким түшпөсүн деп «ун жашыктан» башка балдарды коручу элем. Эмнеге азыр «Багажниктен» өзүм оолак болуп, кичүү жездемди ал жерге ыраа көрүп жатам. Ушундай түйшүктүү ой жүрөгүмү өйүп жатты.

Баягы көкөлөгөн кыялдарым тээ көпүрөгө жеткичекти Көк-Белде калып кеткенсиди. Анда, рулду каалагандай калчап, топ жоргону чаңында калтырган күлүктөй унаамдын деми мага өтүп, чоң жездемдин ишенимдүү тиктешинен күч алып, көз кырын салган жаш келинчегимдин сүйкүмдүү көз карашынан канат байлаган элем. Азыр болсо, суу сактагычтагы балыктар артта калып, Үч-Теректин көпүрөсүн узата тиктеп, кайра газды тээп, Токтогулга бет алдык. Ооба, ал кубанычтуу сезимдер акырындап, эми, абага сиңип бараткансыды. Себеби, чоң жездем уйкусунан турары менен рулду кичүү жездеме алып берүү үчүн аракет жасап, менин кетирген каталарымды көзгө саят. Мени болсо баягы жүрөктү эзип, денеңди кагаздай бырыштырган «Ун жашыктай» «Багажникке» тыгаары турган иш. Кабагыма кар жаап,



күн бүркөлгөндөй түнөргөнүм ушул. Жасалма жылмайып, күзгүдөн арткы салонго көз жүгүртсөм, көп көздүн ичинен аярлуу, анан капалуу болгон жаш келинчегимдин карегинен мени билинер-билинбес аяп турганын байкадым. Тиктешкен карагаттай көздөр, үнсүз сүйлөшкөн каректер, алоолонгон ашыктык сезим, түнөрүп бараткан дүйнөмө нур чачты.

Ушул жарык маанайымды утурлап, «баш» тамгалардан жар бооруна жазылган «Токтогул» шаары күтүп алды. Кең жолдун эки тарабында куйүүчү май сатуучу станциялар, дүр-дүйнө дүкөндөр, чарчооңду жазууга жаздыктарын даярдаган каз катар мейманканалар жайнайт. Бир карасаң бети-башы майланышып, колунда «ышылдаткычын» кармаган жигит созолонто ырдап, дөңгөлөк желдөөдө. Ары жагында атчан, эшекчендер тойдон кайткандай көңүлдүү. Бул жердеги маанай мага жакты. Бир гана аба ырайы таарынгандай, анткени, ачык турган күндү сур булут каптады. Ал арада дыбыраган жамгырды коркуткансып, күн күркүрөп, чагылган чартылдады. Бул ызы-чуудан ого бетер жүрөгү түшкөндөй жамгыр катуулап жаап кирди.

Ушуга удаа кулак-мээңди кагып алчудай «Чүүйт!» – деген ачуу ышкырып, өчүп-жанган таякчасы менен МАИ кызматкери унааны тосту. Олбурлуу кара киши айнекти «шайтан» таякчасы менен такылдатып:

– Иничек, документти көргөзүңүз, – деди сылык.

Демейдеги депутаттай сөөлөтүм качып, МАИ кызматкери көзүмө жан алчудай көрүнүп, туткунга түшкөндөй калчылдадым:

– Командир, эреже бузган жокмун да, ээ? – деп уурулугум билинип калгандай жалтактадым.

– Эреже бузган жоксуз. Кадимки эле жумуш, – деди дагы эле сыпайы.

– Кандай жумуш?

– Документтерди текшерип коёлу, – деди эле, тердептепчип документтерди издей баштадым. Таң калам, эч кандай күнөө кылбасак деле, мыйзам бузбасак деле МАИ кызматкерин көргөндө шымына жайлаган жаш баладай сыйбызды алдырып, шыпылдаганыбыз каныбызга сиңген. Мен дагы шашкалактадым. Унаа чөнтөгүн ачсам техникалык күбөлүк турат, кубанып кетип карматтым.

– Жакшы, байке, жакшы. Машиненин документтери жайында экен. Айдоочулук күбөлүгүңүздү көрүп коёлу, – дегенди угаарым менен колдорум буйрукту түз кабыл алгансып, өздөрү эле шыпылдап чөнтөктөрүмдү чукулап, төш чөнтөктөн баягы жүз долларды сууруп чыкты.

– Байке, акча эмес, документти көргөзүңүз, – деди. Балээсине «пара» беремби? Сүрдөп жатып, валютаны сууруп чыкканымды ал тетирисинче түшүнүп алды. Жакшы Тиртеевалар баамдаган жок. «Акчам тартыш деп жаттың эле. Сенде «Көгүнөн» бар турбайбы?», – дешип, сурагылап, жинди кылышмак. «МАИчи» дагы деле экзамен алган профессордой каадаланат. (Мамлекеттик автоинспекция кызматкерин эми кыскартып «МАИчи» деп эле айтайын). Эстедим, багажниктеги спорт сумкенин ичиндеги барсеткамын ичинде. Түптүз багажникти көздөй бастым, «МАИчи» артымдан сөлөкөттөй ээрчиди. Ал тиги жүз долларды ушинтип обочолонтуп берет деп көздөрү ойноктоп калганынан дароо түшүндүм. «Документтерим жайында, сага жүз долларды бышырып коюппу?» деп ойлоно шашкалактап, багажникти ачтым. Багажниктин эшигин ачкандан кийин гана кемпайлык кылганымды сездим. Өйдө көтөргөнүмдө биринчи эле аркаңкы отургучта олтурган Тиртеевалардын: «Эми чындап өлдүң! Капканга түшүп бердиң» деген алайган көздөрү чагылыша түштү. «МАИчи» абжелеримден баштап, багажникке көз жүгүрттү да, «бырс» этип бүт денеси кыймылдап, сүлкүлдөп күлдү. Анын шылдың-күлкүсүнө эжелеримдин



кыжыры кайнады. Куруна пистолет тагынып, капкара дөөдөй «МАИчинин» мыскылдаганына өзгөчө Лакшми Тиртеева аябай арданды. «МАИчи» желкесиндеги майларын тырыштырып, ырсайган тиштерин көрсөтө ыржаң этип:

– Байке, бул эмне? – деди мурунку сылык-сыпайылыгы кетип, багажниктин жүргүнчүсүн көрүп турса да, мыскылдаганга өтүп. «Бул эмне?» дебей, «Бул ким?» деш керек эле да туурабы, жандуу зат болуп жатпайбы? Бир жагы ал мындай бурулушту күткөн эмес. Же жүз долларды берет, же документин көргөзөт деген. Бардыгы эч кандай геометриялык-физикалык теоремага сыйбаган күтүүсүз окуя болбодубу. Мен дагы жакшы ойлонбой эле, мыйзам бузууга барганымды билбестен багажникти өзүм ачып бердим. Башым нес болуп калганга «МАИчинин» «Бул эмне?» деп сураган соболуна:

– Адам! – деген жооп оозумдан учуп чыкты. «МАИчи» документти сурады туурабы? «Багажникти ач», – деп буюрбагандан кийин, дөөдүрөп, багажникти ачып бергениме өкүнгөнүм өзүнчө азап болду. «МАИчи» бүктөлүп жаткан Иван Фитинди мыскылдап:

– Адамбы? Мен кой деп ойлопмун – деп какшыгын улай ыржаңдады, кылтагына семиз балыкты илип алганга сыпайылыгы сууга сиңди. Лакшми Тиртеева анын ыржаңдаганына кичирейип, ачуусунан урунаарга тоо, урушаарга жоо таппай турду. Урушайын десе күнөө бизде, урушпайын десе «МАИчи» кичүү жездемди биротоло эрмектеп алды. Мен болсо оозума талкан толтуруп алгансып, нес болдум. Багажникте жаткан Иван Фитин эт, боорсокко тойгондуктун токчулук белгисиненби, же арактын шарапатыбы, же багажникте эзилип калгангабы, башы маң болуп, түш менен өңдүн ортосунда селейип, кулактары делдейди. Жеймс Картер мурдараак калп эле уйкуга кетем деп жатып, эми чындап уйкуну бышырып киргенге коңуругунун обону сыртка

жаңырып жатты. «Маичилердин» ачуусу келбеди, болгону иште көп нерсени көрүшөт, бирок, багажниктеги адамды чанда кезигиштирсе керек. Уурдалып, оозу, колу-буту буулуп кармалгандарга кезигүүсү мүмкүн. Ал эми Иван Фитиндин бешикке бөлөнгөн бөбөктөй термелип жатканын көргөндө «шок» болушту. Ошондуктандыр, эч камаарабай ары-бери өткөн жүк ташуучу машинелерди тоспой, кылтакка илинген китти жөн коё бергиси келбей, биз менен гана убараланышты. Булардын сүйлөшкөнүн чала-була уккан кичүү эжем, күйөөсүн: «Адамбы? Мен кой депмин?» – деп мазактаганына аябай жиникти. Ушу кезде, ары жактагы мисирейген, тарашадай болгон арык «МАИчи»:

– Багажникке адам ташууга болбойт! Машинени унаа токтоочу жайга айда! – деп буюрганын уккан кулагыма ишенбей, кубанып кеттим. Кубанганым, алар ушул мыйзам бузууну гана көрүп, ушуну менен болду кылышат. Демейде мыйзам боюнча унаа токтоочу жайга токтотуп, сыртынан мөөр басат. Айып төлөнгөн соң, дүмүрчөк менен «МАИчинин» уруксат кагазын көрсөтүп, чыгарып кетсе болот. Экинчи жагы – «Унаа токтоочу жай» ыкмасы – «МАИчилердин» соодалашуу территориясы. Ал жерге чейин сүйлөшүү убагында пара берип коё берүүнү өтүнсөңүз, жалдыраган акыбалыңызга күйгөн адам болуп максималдуу сындырат. Тыйын алган соң, керек болсо президентти күзөткөндөн кем кылбай жетчү жерге жеткирип коймой жигитчилиги бар. Корконум, машинени тинтип, багажникти ачып, көшумча дөңгөлөктү текшеришсе – иш бүттү. Акчаны арестке алып, айып менен гана кутулсак мейли: «Бул кандай акча? Булагы кайсы? Үй саттыңбы, ит саттыңбы? Наркотикке тиешеси жокпу, Курал-жарак сатуудан түшкөн акча эмеспи, адам сатууга тиешең жокпу?» – дешип, толгон-токой кылмышкерлердин базасынан текширишет. Мейли акчанын ээси табылгыча арестте турсун дейли. А туугандарчы, алар-



га эмне дейм? «Чогуу келатып, кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп, бул уурулугуңду кантип жашырып келаттың?» – дешсечи. Мейли, туугандарым: «Жаштык кылды, кимде гана болбогон», – деп кечиришсин. Бирок, жаштайымдан атым булганып жатпайбы. Үй-бүлөм бүтүн бойдон калабы? Айсулуунун көзүн кантип карайм? «Ушунча акчаң бар экен эмнеге айтпадың? Демек, менден бекиткен сырларың көп турбайбы?», – десе эмне деп жооп берем деп айлам алты кетип, чүнчүп жаткам. Эми көөнүм тынды. Бирок, бир адамдын каны кайнап турду. Мага болгон ачуусун Лакшми Тиртеева Айсулуудан чыгарды.

– Күйөөңө бирдеме деп жатасыңбы? – деди.

Айсулуу:

– Эмнеге? – деп таң калычтуу тиктеди.

– Мурдагыдай болбой, таптакыр өзгөрүп кетти.

– Эже, андайга дитим барбайт!

– Өлүмүш болбочу!

– Өлүмүш болбой эле.

– Келин деген келиндей эле болот.

– Кандай?

– Биздин алып беребиз дегендерден сенин эмнең ашыкча? – деп ичте жаткан бук ачуунун күүсү менен айтыла кетти. – Кайын сиңдилеримди көргөзсөм – «ың-кы», кошуналарымды көргөзсөм «жакпайт», кесиптештеримин кыздарын айтсам «болбойт», – деп чанып, сени алып келди. Аты Айсулуу болсо – периштедей болсо керек дегем.

– М-м... – деп унчукпаган Айсулуу Лакшми эжеме тең келбейин деди.

– Айдын жарыгы эмес, караанына тең келбейсиң! – деп күүлөнүп кирди. Айсулуу Лакшми Тиртеева эжеми буга чейин эч башынан ылдый тиктебеген экен. Оюнда кудум мендей эле деп ойлосо керектир. Чач жасалгасы тыкыйып,

артка таралган, көкүлүн калакка окшотуп катырып, алдыга кондуруп койгону дал Элвис Преслиникиндей[1]. Кулагындагы бриллиант сөйкөсү тимеле жылдыздай жылтылдайт, жыпар жыттанган моюнундагы алтын чынжырынын жоондугу чыпалактын жоондугундай. Үстүндөгү көйнөгү астра гүлүнө түспөлдөш саргыч түскө бирин-серин кара түстүү чекит чегерилип, жапайы гепард түстөнүп турат. Оң билегиндеги алтын билериги бир буканын акчасын чапчыса, сол билегинде алтын саат кара кочкордун баасына тете. Сөөмөй, ортонку манжадагы көздүү алтын шакектердин тыйыны орто унаага татыйт. Бутундагы шиш такасы көйнөгүнө түспөлдөшө жарашып турганы эле Айсулуунун алдындагы Лакшми Тиртеева кайын эжесинин каадалуу экендигинен кабар берет. Мындай салмактуу кайын эжеси менен жаакташпайын дейт, үндөбөсө тооктой чокулап, жакын жолотпойт. Ал эми Айсулууну тиктеген көз заардуу эле. Бул көз караш бир гана Айсулууну эмес, атүгүл жездемди, башка курбалдаштарын далай темиткенин эми туйуп, акырын гана:

– Эже, антпеңизчи. Биз бири-бирибизди сүйөбүз, – деген сөздү араң айтты, ушул сезимибизди түшүнсө, асылбай калар бекен деген үмүттө.

– Сүйүүң менен сүмүрөң кал! – деп коңк этти кичүү эжем.

– Биз сизге эмне жамандык кылдык? – деген Айсулуумуң токтоо болом деген аракетинен майнап чыкпай, баары бир ачууга алдырды. Ыраңы да кубара түштү бечаранын.

– Башы айланган күйөөң тимеле мадам Тюссонун музейиндеги гидке окшоп, жезденди «МАИчиге» көргөзүп жатат, – деди Лакшми Тиртеева. Цзинцзин Тиртеева бу кезге чейин анча-мынча мен тарап, келини тарап болуп келсе, эми эмнегедир ал дагы арканды үзүп, ал тарапка кетти:

[1] Элвис Пресли – америкалык ырчы жана актёр.



– Бизди көзгө илбей, тиктешип өлүп эле калдыңар го.

– Эже, ал жактыруунун көз карашы, – деп чабуулчулардын соккусуна туруштук бере албаган коргоочудай алдастап калды.

– Шишиңер толду, тапыратып бала төрөгүчө ушундайыңарда бир жолу ажыратып салыш керек, – деди. Өзгөчө ушу сөзү Айсулууга өтө катуу тийди. Анткени, Айсулуунун боюна болбой жатып, эми бүткөн, аны эжелерим али билишпейт. Өткөңкү түйүлдүк бир жарым айлык болуп, тилекке каршы боюнан түшүп калганын угушкан. Дарыгерлерге көрүнүп; ичпеген дары, сайылбаган үкөл калбады. Болбой эле бүбү-бакшыга, эшен-калпа, молдокелерге дуба салдырып да көрдүк. Каерден эм берди, буюруп боюна бүтүп, эми эле эки айлык болгонун мага айтып кубанганыбыздан көзүбүзгө жаш тегеренген. Шашпай сүйүнчүлөйбүз деп жүргөнбүз. Айсулуу экөөбүздүн тун чүрпөбүз болгондуктан, наристени биз гана эмес ата-журт, тай журт, кайын журт бирдей күтүп жаткан. Ошондуктан, ушул суук сөз жүрөгүнүн отуна суу сээп, маанайын чөктүрүп, чүнчүттү. Жанараак кичүү эжем сүйлөнүп киргенде, ушуну менен бүтсө керек деп ойлогон. Эки кайын эжеси бирдей тилдеп киргенде, бул маселе канчалык терең экендигин түшүндү. Атүгүл, төрөлө элек балага да асылып бүтүп, «класссташы Айнаш аттуу кызды алам деп жүргөн», – деп айнытышканы Айсулуунун демин өчүрүп, арзуусуна шек туудурду. Эми булар айткан «ажырашуу» деген «суутма» бир күнү турмушка ашаарына ынана баштады. Буга дейре Таабалды Тиртеев менен жүз жыл кол кармашып, бактылуу өмүр сүрөм деп дегдеп келсе, эми ошол аруу тилектери ойрон болчу күн болооруна мурун түк ишенбесе, соңку жаакташуудан соң өзүн баалоонун көрсөткүчү төмөндөп, мындай пикирге аргасыз моюн сунду. Айсулуу терең үшкүрүнүп, чиелешкен ойго чөмүлдү: «Ырасынан Таабалдыга тең эместирмин, анын үстүнө булардын болуп койгону болсо, ошону сүйөттүр. Балким, жанагы класссташы

Айнаш менен чындап эле соо эмес болсочу? Табышып, жарашып алышсачы? Болуп койгону менен доолашып, классташы менен жоолашып жатканда мени ачуу басарлыкка алдыбы? «Сүйөм» дегени, сүйкүмдүү көздөрү менен тиктегеничи! Ал жалганбы анда? Мейли, Таабалдынын сүйүүсүнө жолтоо болбойм, эң оболу мен аны чындап сүйдүм. Сүйүүмө жетип, турмушка чыктым. Буга болгон сүйүүмдүн урматы үчүн Таабалды дагы өз сүйгөнү менен бактылуу өмүр сүрүүсүнө жолтоо болбойм. А менин тагдырым эмне болот? Ансыз жашоом караңгы, турмушум кара түс, өмүрүм соолуган дарак. Өзүмө-өзүм кол саламбы, же сууга бой таштасамбы? Аркан жипке асынгандарды укчу элем, асынып алсамбы? Ошентсем, дүрбөлөңгө түшкөн жаным жай алар. Таабалды мени жоктоп кадырыма жетер, арман кылар. Ата-энемчи? Алардын көз жашын кантип сыздатып коём... Жок, мен эси жоктук кыла албайм. Канчалык жүрөгүм кансырап, өзөгүм өрттөнсө да, чыдоого мүмкүн болбогон азап болсо да – чыдайм, эми арманым жок. Анткени, Таабалды мени сатып кетти. Ал биздин сүйүүбүздү сатты. Ошондуктан, аны коё берем. Таабалдыны коё бергеним менен жүрөгүмдүн астында сүйүүбүздүн данегин чоңойтуп жатам. Убак-саат ы келгенде анын көчүрмөсүн жарык дүйнөгө алып келем. Таабалды менден кеткен жок. Анын жүрөгү менин жүрөгүм менен кошо согуп, сүйүүбүздүн түшүмү ушинтип балабызга өттү. Демек Таабалды менден кеткени менен анын жүрөгүнүн жартысы менде калат», – деген Айсулуу уу жуткандай өзүн жаман сезип турду. Мына ушул МАИ шылтоосу болдубу, а балким «жол азабы-көр азабы» деген нерсе баарынын шайын кетирдиби, же чындыгында мурунтан эле алган келинине ичи чыкпай жүрүшкөнбү? А балким, мага алып бере турган келинди башкача элестетип алышкандыр, айтор, келин менен кайын эжелер ортосунда МАИ таш-пишинин шылтоосу менен ичте бықшыган келишпестик оркойду.



Душмандын ити тууп, кыйышпас мамилелерге жарака кетип, тууганды к мээримдин табы кайтты. Бул жагын Кудай сактагыдай эле.

Уйгактай жабышкан «МАИчинин» пейили бузулуп, эч эле «ай-койго» ынабай, тимеле доктордук диссертация жазгандай, кагаз толтуруп кирди. Жаман оюм болду-болбоду тойго жетпей ушул жерде калып кетпегидей элек деп сууга түшкөн мышыктай шүмүрөйдүм. Кара өңдүү «МАИчи» тырчып турат эле, эмнедендир, мен жакка бурулуп, тырышкан жүзү акчадай жазылып, көзү жымыңдай түштү. Көрсө, Жеймс жездемди уйкусунан ойготушканбы, же өзү турдубу, оозунан тамак менен арак аралашкан жагымсыз жыт чыгып пайда болду. «МАИчилер» мындай жытты атырдай кабыл алышкандай жандана түшүштү. Чамасы бу тарашадай болгон шопурду кессең кан чыкпайт, ал эми чаначтай кишинин курсагы жык акча деп ойлошту окшойт. Үңкүйүп кагазды толтуруп жатышкан «МАИчилер» койлор жем күтүп кожоюндун көзүн карагандай, Жеймс жездемдин көзүн тиктешип, чөнтөгүн тырмалап жаткан колуна үмүттөнө карашты. Ал дагы айттырбай тутам акчаны тигилерге кармата койду. «Акча пайгамбарды жолдон чыгарыптыр» болуп, жанараак эле кежирленип жаткан «МАИчилер» мултуңдап сүйүнгөнү менен акчанын суммасына ичи чыкпаган тейде, калп эле жанагы доктурдук диссертациясын жазууну улантып кириšти. Жанагы капкара «МАИчи» тээ «Чычкан» каптыгайынын бурумунан тай жарыштан булкунуп чыккан ак машинеге көзү түшүп, мага «бас, бул жакка, булар мынасага келип алышсын» дегендей ишаарат кылганга жол жакты көздөй бастык:

– Жашың канчада, жигиттин гүлү? – деп сурады, колундагы күйүп-жанган кызыл таякчаны тегеретип.

– Жыйырма экиде, – деп жооп бердим, тээ алыстан чүкөдөй чимирилген ак машинени тиктеп. Анығында жыйырма

экиге апрелдин он бешинде чыгам. Өзүмдү чоң көрсөткүм келди. Жыйырма бирге десем, жаш экен деп паска чаап коёбу деген да ой келди.

– А...ааа... Союзду көрбөй калыпсың да?

– Классташым Союздубу?

– Ээ, көк мээ, аны эмес, «Советтер Союзу» деген чоң мамлекет болгон, ошону айтып жатам.

– Көргөн эмесмин, уккам. Апамдар кайдагы жөө жомокторду айта беришет...

– Сен Акайыптын «талкаланма-таркатма, уурдап алып карматпа» доорунда туулган турбайсыңбы! – деп жүзү жайыла, өңү жумшарып: – Силер кыйынчылыкта төрөлдүңөр. Куп эле жокчулукту көрдүк, – деп өзүнчө жашоо философиясына кирип кетти. Мен аркы-беркисине маани бербедим. Маани бергеним – жашымды сураганы болду. Чынын айтсам жашымды сураганга жазыла түштүм, кантсе да акча сурагандан көрө жашыңды сураса жибий түшөт экенсиң. Хе-хе. Негедир ушул «МАИчи» бир көргөнгө копол, ары ыржак болгону менен жүрөгү тоодой, ары мээримдүү көрүндү. Берки зуулдаган ак машине бизден өтүп тып токтоду. Ал эми ийне жутуп алгандай арык, чаяндай болгон «МАИчинин» оозу-мурду кулагына жете сүйүнгөнүн, ал эми Жеймс Картердин мурдун кесип салгандай ачуулуу кебетесин көргөндө иш бүткөнүн түшүндүм. Урушса урушат, кейисе кейийт, бирок, кошумча дөңгөлөк тараптагы таңгакталган ири акча жабылуу боюнча сакталып жатпайбы? Азыр ошол маанилүү. Эң оболу – ушул мүшкүл чечилди, деген менен руль башкаруучулугум бүтүп калуусу мүмкүн экендигине сарсанаа болгонго, ичим туз куйгандай тызылдады. Амалдын да ызасы ачуу тура. Кабагы бүркөлө, жүзү көмүрдөй карая түшкөн чоң жездем мага ачуулуу тиктеп: «Айда машинени!», – деп корс буйурду. Эжемдер «Эмне болду? Бүтүбү?», – деп жабалактап калышты. Жеймс Картер таза



абадан көкүрөккө толтуруп, анан гана: «Ооба, – деп кыска жооп берип, мени кыжырдуу тиктеп. – Эмне нымтырайсың? Жүргүзбөйсүңбү!» – деп кычыды, алдырган акчасына ызасы кайнап. Эгерде, эч ким жок болсо томолото чаап ийүүсү деле толук мүмкүн эле. Ушуну байкаган эжемдер бир-бирине суроолуу тиктеп гана тим болушту. Айсулууну Лакшми Тиртеева көңүлүн басып салганга ындыны өчүп, даай албай калыптыр. Мен ага деле этибар албай «МАИчиден» кутулганга, акчам ачыкталбаганына, «Багажникке» кайтпаганыма шүгүр кыла, бир болсо «тоодой жүктөн кутулдум» деп моторду от алдырып, газды жулкунта тээп, чытырман тойлуу, аска зоолуу «Чычкан» капчыгайына сүңгүдүк.

Жашыл баркуттай арча-карагайлар, асман тиреген аска зоолор – түстүү карандаш менен түркүн сүрөттөрдү чиймелеп койгондой коздукта. Тээ жака бойлой чычкандын куйругундай сойлоп аккан дарыя шоокуму жүрөктү жибитип, жагымдуу кыяктын кылдарын созот. Ушул буркан-шаркан аккан дайрага ар жылганын башында уйларды саап, сүтүн жылгага төккөнсүп, ошол сүттөй көбүргөн суулар жан дүйнөңө жуурулгандай мемирейсиң. Ар-ар жерде дөмпөйүп, тегереги ылайкы, үстү аппак болуп, былтыркы карлар зерикkенинен ээрибей тургансыйт. Берки аска зоолордун ылдыйында; аларга тирөөч болгон тоолорду жашыл түскө орогон бадал-дарактардан, жыш өсүмдүктөрдөн чыккан жагымдуу жыт таноонду өрдөйт. Иттин ичегисиндей ийри буйру жол; ичкен сууңду, тамагыңды аралаштырып, бешиктегидей терметкени уйкуга тартат. Тирүүчүлүктүн ушул мүнөттөрүндө жашап жатканыңа миң мертебе ыраазы болуп, шүгүр кылып, тооба деп, муюп каласың. Убакыт болсочу; ушу жерде үч түнөсөк – он жылга жашара түшмөкпүз. Жомоктой керемети, сөз жеткис коздугу, энергияга бай Чычкан капчыгайыбыз айтылуу: «Куран», «Библия», «Тоорат», «Забур» ыйык китептериндеги «Бейиш» болсо керек

деген ойго бу жерди көргөндүн баары макул болсо керек. Көрбөгөн арманда. Чычкандын сулуулугунун ыракатына тойгучакты, жанагы айтылуу «Чүчпараканага» жетээрибиз менен Жеймс Картер:

– Токтот, тамактанабыз, – деп кесе айтты. Ал тыйынын алдырып, үңкүйүп калганын баары түшүнгөн соң, эч кимибиз жездеме сөйкөнбөй, оозубузду ачпай, унаадан түштүк. Буга багажникте үч бүктөлүп жаткан Иван жездем да кубанганын сөз менен жеткирүү кыйын. Буту-колу кабышып, тай-тай баскан бөбөктөй тайтаңдаган Иван Фитинди чыкагынан таяп түшүрдүм. Ушинтип жатканымды Лакшми Тиртеева көрүп, эмнегедир кудуңдап койду. Чөнтөк телефонун алып, далдоорак жакка өтүп, бирөөгө телефон чалды. Чамасы унаа ичинде сүйлөшүүгө ыңгайсыз болгонуна караганда ичин бышырган, эл укпай турган «сырдуу» кеп бар окшойт деп өзүмчө эле божомолдоп, астейдил унаанын айнегин аарчыган киши болуп, кулак төшөдүм. Аркы жактан өктөмдүү жооп берген ортончу эжем Понтий Тиртееванын үнүн дароо тааныдым. Сөздүн мааниси кичүү эжем арызданып жаткандай. Лакшми эжем турмуштун оош-кыйышында ар дайым ортончу эжем Понтий Тиртеева менен кеңешип жүргөнүнөн кабарым бар.

– Эй, токточу бул эжеңдин аты да укмуш го. Мунундун ысымы тиги Ыйса пайгамбарды соттогон айтылуу Рим прокуратору Понтий Пилаттын атынан коюлган окшойт. Ат койгон ата-тегиң куп кызык кишилер экен, – деди кайрадан сөзгө аралжы болгон жолоочум Исраил мырза.

– Айтпаңыз, ал эжем мугалим, бирок сиз баамдагандай атына заты жарашып, жүрүм-турум дал эле сот, прокурордой.

– Бул эжеңе эмне үчүн андай ысым бергенин айтпасаң деле ат койгондордун тилегин түшүндүм. Баяныңы тарт.



– Лакшми Тиртеева Понтий Тиртеевага кандайдыр бир кеңеш алуу үчүн байланышка чыкканынын себебин жогорку окуяларга божомолдодум, а балким башкадыр. Кантсе дагы элден обочолонгону сырдуу болду. Ырайына караганда ыңгайдан пайдаланып, мени рулдан тээп салуу учуру келгенин бир үйүр сөз кылышты бейм.

– Алло, Лакшми, садага болоюн. Кандай?

– Абже, алтыным, – деп жашый түштү.

– Кой, эми, тойдо көрүшөбүз, же бирөө-жарым капа кылдыбы?

– Ооба.

– Айт, момент өпкөсүн үзөбүз.

– Таабалды менен Жеймс жездем.

– Таабалды багажникте деми чыкпай келатпады беле?

– «Ат көрбөгөн минип өлтүрөт» болуп, жоошто жоон чыкпадыбы.

– Муну кара, иии...

– Багажникте илбериңки болуп келаткан, рулга олтурары менен «Мен, мен эле мен» деп... «Мени» көкүрөгүн жарып, капотко сулайып жатып алса боло!

– Сөз төркүнүн түшүндүм.... анан!

– Рулда өпкөлөнгөнү бир жөн, анысы аз келгенсип, аялы экөө бүгүн үйлөнгөнсүп, бири-бирине «жаныңа жаным дүкө-дүк» деп өлүп эле калышпадыбы?

– Ошентип айтыштыбы?

– Шилекейлери ага тиктешти.

– Атай Огонбаевдей «Күйдүм чок», – дештиби...

– Кудум ошондой, же бизди көзгө илишпейт.

– Уй, Лакшми, жарылайын деп калыпсың. Ушунча жүктү кантип көтөрүп жүрөсүң?

– Чыдамым түгөнгөндө сизге чалбадымбы.

– Таабалды куп сазайыңды бериптир. Анын жөнү бар.

– Кандайча?..

– Жеймс Картерге ыктап, Таабалды экөөнүн ортосуна от жак!

– Алар эгиз козудай тарапташ да, бөтөлкөлөш дагы.

– Ий чырагым. Тарапташтар болбойт. Кызыкчылыктар жана ким канча кызыкчылыкты чөгөрсө, ошол жакка «кемпир шабдолу жегиче» секирбесе мурдумду кесип берем.

– Койсоңуз. Ал кандайча кызыкчылык?

– Мына, анда. Астейдил Таабалдыны Жеймс жездеме өлгүдөй жаманда, али эми Жеймс Картерди өзүңө имерип, күйгөн адам болуп көргөз.

– Ал аздык кылат да.

– Туура. Жездем «жинди» сууну жанындай көрөт.

– И-иии...

– Тамагы кургап калса керек, «жинди» суудан куйганча, Таабалдынын төбөсүнөн ылдый «жугундуну куюп сал». Жездемдин түбүнө чигитин алып, жумша-аак кылып пахтадан калың кой.

– Макул. Баса Таабалды алешемдикке жол берди.

– Кандай?

– Рулда келатып эки жолу «аваря» болуп кетейин дедик.

– «Авария» деп туура жана так сүйлөсөң.

– Иий, өлөйүн, ооба ошондой.

– Анысы аз келгенсип, Жеймс жездемди «МАИчилер» сындырды.

– Мына сага! Көрөңдөнүп компромат токуштун деле кажети жок турбайбы? Чайнап, жута турган кылып коюпсуңар.

– Демек...

– Демек, Таабалдынын желин чыгарчу учур келиптир.

– М...ммм...

– Интрига кайдан болгонун өзү да аңдабай калат. Чагылгандай багажниктен рулга отурдубу. Эми куруттай эзип, багажникке тыгабыз.



– Акылыңдан айланайын, сен болбосоң шорум кайнамак.

– Иш-жагдайды төкпөй-чачпай айтып тур.

– Садага болоюн, сага айтпай көрдө жаткан атама айтмак белем.

– Тездет. Өлүмдөн башкасынын баарынын эрте болгону жакшы.

– Болду, абже.

– Алга, – деп Тиртеевалардын сөзү бүттү. Лакшми Тиртеева Понтий Тиртееванын колдоосуна шедирейип, анын интригага чылк малынган көрсөтмөлөрүн жүзөгө ашыруу максатында шашкан бойдон ашканага жөнөдү.

«Чүчпаракананын» алды мал базардагыдай өлдү-өлдү, машине эмес, бут коёрго жер жок. Тээ «токсонунчу» жылдары болгону сегиз орундуу эптемей ашкана болгондогу эски сүрөттү илип коюшуптур. Чычканга кире бериштеги ашканалардын ооматы тайып, кардарлар качкан кез. Тээ «эки миңинчи» жылдардын башында Ош-Бишкек жолундагы курулуш кызыган кезде ал жерлер аарынын уюгундай эле. Ошол качкан оомат чамасы ушул жерге оогон окшойт.

Тиртееваларды сөзүн укканга желкем тырышып, жагдай жаман жакка оошун сезип, колума чок салгансып, жаным жай албай алдастадым. Өзүмдү алаксытып, машинени от алдырып, далдоорак жерге токтотууга орун издей баштадым. Көзүм элди тиктеп, оюм онго бөлүнүп, унааны күн чыгыш тараптагы каз катар тизилген фуралардын жанына токтоттум. Жаңыланган заманбап ажатканаңы ашкананын күн батыш тарабындагы мечитке куйрук улаш салышыптыр. Ал жерде да адамдар жык-жыйма. Кеч киргенине карабастан чет элдиктер жаратылышка суктанып селфи менен алек, сүйлөгөнү англис-испан тилине караганда чамасы америкалыктар же европалыктарбы, айтор, шайтан арабадагы жүктөрүн жайгаштырууда. Нары көздөй бараткан

арабча кийинген, сакалдарын көкүрөккө чейин өстүргөн жамаатты саудиялыктар дейин десең сөздөрү кыргызча, кымыз жыттанып, көздөрү быйтык. Соңку жылдары ушундай жамааттар көбөйдү. Эл буларга эки анжы пикирде; бир тарабы колдосо, бир тарабы караманча каршы. Атүгүл, соц. тармактарда акыйнек айтышып, оозго алгыс ыплас сөздөр менен ич-ара сөгүнүшүп, ар ким өзүнүкүн туура деп эсептеп келет. Андыктан, буларга сөйкөнбөй өтүүгө далалат кылып, айланып өттүм. Даараткананын жанындагы ак спринтердегилер кыжы-кужу болушканынан баш бактым. Спринтер унаасынын жүк салуучу кузовунда жанагы кудум поездеги текчелердей эки кабат жайда, туурасынан тизилип жаткан тажиктер унаадан патыр-путур түшүүдө. Чамасы булар Орусияга жумушка жөнөгөндөй, же кайткандай. Анткени, баягы тишине чейин куралданып, мечитти автомат менен аткылап, жөнөкөй жарандарга утуру аскердик чабуул кылган жырткычтарга түк окшошпойт. Минткеним булардын кебете-кешпири, көз караштары адамча эле.

Ушундай ойлорго алагды болуп, жүзүмдөн аккан суууну сыдырып, ичкери кирдим. Ашкананын сыртында канча адам болсо ичинде да ошончо. Биздикилер күн батыш тараптагы айнектин түбүндөгү бурчектен орун алышыптыр. Маанайлары түзүк. Өзү маанай – «Жеймс акенин» маанайынын аба-ырайына жараша. Жеймс Картер менен Лакшми Тиртеева ичкериде көрүнбөйт, сыртты тиктесем жанагы жоон топтон айырмалай алчудай эмесмин. Тамактар үстөлгө келген кезде экөө сырттан кириšти. Лакшми Тиртееванын көңүлү көтөрүңкү, ишти бүтүргөнү жүзүндө бадыраят. Жеймс жездем менин жаныма «лап» этип жайгашты, таркай элек арактын жыты каңылжарымды жарып «бурр» этти, шарапка суугарылганы дайын болду. Эл дуу-дуу болгону менен биздин үстөл жымжырт. Үстөккө-босток буйуртмадан официант да адашып, кээ бирибиздин тамагыбызды



толук, кээ бирибиздикин жарым порс алып келип, оголе кыжырдантты. Жездем ачуусу менен:

– Эй, карындаш, жазып албайт белең?! – деп коңк этти эле, жездем атын ушинтип тааныштырганбы же официант экөө мурунтан таанышпы?:

– Жеңиш байке, өзүңүздөр ушинтип буюртма бердиңиздер, – деп кутулду. Жеймс жездемди «Жеңиш байке» деген теменедей кыз менен талашпайын дедикпи, бир жагы курсагыбыз аябай ачканга, тамакты баш көтөрбөй жедик. Бир кезде, чамасы тиги кыз «Жеңиш байке» деп айыбын ачып койгонгобу, а балким багажникти мен «МАИчиге» ачып берип, ал жердеги Иван Фитин колго түшүп, Жеймс Картер айып пул төлөгөн ызасына кайнадыбы, оңурандаган тейде мени тиктеп:

– Таабалды, ачкыч кана?! – деди. Эч кандай жаман оюм жок:

– Эмнеге? – деп жездемдин ачуусу албууттанган бороошодой болуп турса да, сылык жооп бергенге аракеттендим.

– Эми унааны сен айдабайсың, – дегенде жаман болуп кеттим. Ноокендеги жармаканада мени менен адамча пикирлешкени эске келип:

– Жезде, Ноокенде бир жакшына сырдашпадык беле, – деп «Шералынын чокоюн» эсине салсам кулак салар бекен деген үмүт менен. Ал сөзүм анын арына тийдиби, же эмне болду, билбейм, аябай ачуусу келип:

– Аны-муну эске салгыдай сен кимсиң өзү?! – деп кекетип сүйлөдү. Күпүлдөп, Цзинцзин Тиртеева ортого түшүп ай-буй дегенине көнбөдү. Жамбашым рулга жармашып калмак беле деп:

– Мына! – деп машине ачкычын үстөл үстүнө ыргыттым. Байкасам Ноокендеги Жеймс Картер жок. Жүзүн үйрүп тажыр башкача болуп өзгөрүп калыптыр. Алдындагы ачкыч-

ты көргөндө гана, оюндагысы ишке ашкан Жеймс Картер кашыктын арты менен желкесинин кычуусун тырмап:

– Ачкычты Иван Фитин алсын. Сен багажникке өт, – деп лап этип чүчпарадан экөөнү сугунду. Муну укканда көзүм караңгылашып, кулагым туна түштү. Понтий Тиртееванын көрөңгөлүү кеңеши менен Лакшми эжем Жеймс жездемди заматта ийлеп салыптыр. Мындай болушун сезип жаткам, болгону чагылгандай тез болоорун аңдабай калганымдан чүнчүй түштүм. Бир жагы булардын ушакташканын Жеймс Картерге айтканга үлгүрбөй калганыма өкүнүп калдым. Азыр миң каргансаң да кебиңе ишенбейт. Сен ууру, булар тууру боло берет деп тим болдум. Иван жездем сөздүн чын-калпын ажырата албагандай дендароо боло түштү. Лакшми Тиртеева оголе ыраазылана: «Кхы, – деп. – Муну ат жүрүштүн агасы «Кыргыз гамбити» деп коёт. Мат болдуң, ука!» – дегендей ишенимдүү күрсүндү. Цзинцзин эжем Лакшми эжеми тиктеп, же аларга тарта албай, же менин көңүлүмдү ала албай арасат абалда калды. Айсулуу болсо: «Байкушум, бүркүттөй шаңшып келаттың эле, торгойдой капаска камалат турбайсыңбы?», – дегендей аярлуу тиктегенде кирерге жер таппай калдым. Дароо аң-сезимде химия жүрүп, ачуум кайнап, кан басымым өргө чапты. Оюм жездемдин сөзү менен алек болуп, тамакты ооз күйгүзө ууртап алдым да, же жута албай, же куса албай, оозум куйкаланып, өзгүм өрттөндү. Рулду таштап, салонго олтурсам эч нерсе болбосом керектир эле. Кайрадан багажникте үч бүктөлүп кысылган-сыгылган абалымды элестеткенде ичиме бирөө муштагандай какап-чакадым. Анысы аз келгенсип «өлгөнгө көмгөн» болуп, оозумдан куюлган тамак кийимимди булгап, шорпонун ысыгы санымды күйгүзгөнгө көзүмдөн жаш куюлду. Баары үңүлө мага кадалышты. Лакшми Тиртеева:



– Аа, Таабалды, зорго эле жаның бар ээ! Багажникти укканда капканга түшкөн түлкүдөй шүмүрөйүп калдың го, – деп моокуму кана сүйлөдү. Чамасы, Лакшми эжем биротоло багажниктен чыккыс кылып тээп салайын дегениби, түшүнбөдүм. Бул сөзгө мен гана эмес Айсулуу да теригип кетти. Иван жездем баягы дендароо абалынан чыга албай дагыле маңыроо. Цзинцзин эжем гана:

– Таабалды, мэ аарчы, – деп бетаарчысын сунду. Айсулуу жанараак аярлуу тиктеп жаткан болсо, эми такыр эле боору ооруп турганын көзүнүн жашка толгонунан сездим. Бул жүктү, ушул сыноону көтөрө албады окшойт? Эмне болгонун деле аңдабай калдык. Үстөл үстүндөгү ачкычты алып, сыртка атып чыкты. Анын ыйлаганын көрүп, карап отура албай, артынан турдум. Сырттагыларга шек алдырбай, унаанын жанына келип эшигин тарттым, ачык экен. Бирок, салондо эч ким жок. Оюм жаманга кетип, жүрөгүм «шуу» дей түштү. Коркуп-чочулаганым сууга боюн таштабагыдай эле деп «Чычканды» көздөй чуу койдум. Суу тарапта баягы чет элдиктер сүрөткө түшүп жатыптыр. Үздүгүп калган үнүм менен:

– Сулууча келген он тогуз-жыйырма жаштагы келинди көрбөдүңөрбү? – десем.

– «No, no! We have not seen», – деп жооп узатышты. Мага бирдеме дегилери келдиби, билбейм? Үңүрөйгөн түсүмдү көрүп, жөн коюшту. Ал жерден ажатканага жеттим, «Аялдар» каанасына кирип жаткан кыз-келиндерден сурасам: «андай келин бул жакта көрүнбөйт», – деп жооп кайтарышты. Ары чуркап, бери чуркап, айлам куруганда унаанын жанына келип, өпкөмү басып, унаага таянып, «өхүлдөп» калдым. Тээ алыстан аял кишинин ыйы угулуп жатты. Эң кызыгы ошол аял кишинин үнү Айсулуунукуна опокшош экен. Көңүл буруп тыңшасам, алыстан эмес, унаа ичинен чыгып жаткандай. Бир балээ болбогудай эле деп машине-

нин алдына телефон панарын жандырдым, бопбош. Алдыңкы эшикти ачсам ал жерде жок, арткы эшикти ачсам, жок. Ый бир басылып, кайра уланат. Оюма багажник кылт этти. Бирок, ал жерге кирип эмне кылат? – дедим. Багажникти ачсам жууган кийимдей бүктөлүп, бозодой «быкшып» жатат. Өңү көрдөй болуп, мурунку Айсулуу жок, бери дегенде беш жылга карый түшүптүр. Атаганат! Аялзаты эмне мынча түйшүкчүл келет? Мен үчүн да ушунча азапка түшүп болобу? – деп сооротуп, багажниктен түшүрүп, көкүрөгүмө кыстым. Баяраак быкшып жаткан болсо, эми жылан чаккансып Чычканды жаңыртып «Ап-пааа!» деп буркурап кирди. Айланадагылар башын буруп, таң калып карап калышты. Экөөбүз урушпай, кучакташып турганыбызды көрүп, кээ бири ары бурулса, кээ бири дале көзүн албай таңыркап турушат. Аларга көңүл бурбастан Айсулуунун «апалап» ыйлаганына боорум ачыды. Кандай гана түйшүк, кандай гана сыноо тартпайлы... баары бир тээ бала бойдогудай оозубузга апабыз келип, ошондон таяныч, караанынан коргоо издейт турбайбызбы? Айсулуунун ыйлаганы мага өттү. Экөөбүз ботосун жоготкон төөдөй боздоп, жашыбызды жамгырдай жаадырдык. Бүлө күттүк деген менен дале бала бойдонбуз. Кичине нерсеге «кырт» эткен кылыч мизиндей курч маал. Чоңдордун «интрига» оюндарына али кабыргабыз ката элек. Майда-чоң дебей бардык нерсени эмоция, сезимдер менен билдирген өткөөл курак. «Айсулуу эмне үчүн ыйлап жатты экен?» – деп ыйымын арасында аны ойлоп коём. Мен болсо кайрадан багажникке кайтып, Айсулуунун алдында кичирейип калганыма, Айсулууга дем бермек түгүл, демин өчүрүп, ыйга тушуктурганыма ыйлап жаттым. Болбосо башында, багажникке опоңой эле көнүп кетем дегем. Минтип өзүмчө түтүн булатып, үйдүн түркүгү болуп турганда сен багажникте, сүйүктүүң бөлөк кеткени азаптын азабы тура. Баягинтип рулда чалкалабасам мынчалык муңкүрөп, мынчалык мукурабайт белем? Рулдан кетишимди туюп эле келе жаткам. Сосновкада, же Төө-Ашууда рулдан түшсөм керек деп күмөндөгөм. А балким, Кудайым ал кулум деп койсо «Унааны» «Тойканага» чейин койкоюп минип барам деген мүдөөм болгонун кантип танам. Рулдан түшкөндө «Оскар» сыйлыгына татыган актёрлордун кейпин кийип, бакандай туугандарым менен кадырлуу учурашып жатканымды көз алдымда бир нече жолу кино лентадай өткөргөм: «Оо, Таабалды иним, кандай!» «Таабалды келиптир» «Таабалды Манасович, куш көрдүк», – деген жагымдуу «лаппай» сөздөр кулагымда кайра-кайра жаңырып жатпады беле? Эми өлбөдүмбү. Бул баягы таттуу кыям менен ачуу кызыл калемпирди аралаштырып жегендей эле өтө жагымсыз сезим экен. «Үмүттөнүүм» менен «Турмуштун ачуу чындыгы» кудум жогорудагыдай даам сымал кускуму келтирип, кан басымым заматта көтөрүлүп, сенделектей түштүм. «Өлө албай жатып өлөң айтат» дегендей Айсулууну сооротуп жатканым менен ый бүткөндөн кийин көзүн кантип карайм? – деп өзүмөн-өзүм уялдым, андан ары жанагы «Акчаны ачыктасамбы?», – деген пикир оюма келди. Тормуз тепкендей өзүмдү «Шүк!» деп токтоттум. Ушул абалда канча турдук, билбейм? Бир маалда туугандар жаныбызга келишти. Иван жездем мага кайрылып:



– Айсулуу ызаланып калыптыр, Таабалды, рулду сен башкара бер, – деп боор ооруду эле, Лакшми Тиртеева масканы чечип:

– Ушулардын догурунганына ишенесиңби? – деп ачыкка чыкты.

– Догурунбай эле, аяп жатам.

– Накта оомо экенсиң. Эч качан андай болбойт. Чык рулга! Айда машинени! – деп буюрганда арыраактан официант кыздын карааны пайда болду:

– Жеңиш байке! Жеңиш байке!" – деп тили быдылдап, өзү лыпылдап.

– Эмне болду? – деп шымына жайлаган жаш баладай мостоюп калды Жеймс Картер.

– Капчыгыңызды унутуп калыпсыз, – деди официант кыз. Цзинцзин Тиртеева, кызгангандай:

– Көйрөңдөнүп эле басып жүрөсүң. Сенин атыңды каяктан билет? Ашканада да «Жеңиш байке» дегенинен үндөбөдүм, ушунча болду биротоло тойго ээрчитип ал, – деп күпүлдөп калды. Иван жездем боору ооругандай бизге жан тарта:

– Чоңдорго көңүл бурбагыла. Жашсыңар, майда-баратка алдырып, убайрам жебегиле. Келечегиңер алдыда. Баргыла, бетиңерди жууп келгиле. Аттаналы, – деп буюрду. Улуулардын жылуу кеби «ысытма» болуп жага түшкөнгө шалпыйган маанайыбыз көтөрүлө түштү. Жездемдин айтканын туура көрүп, ашканага кирейин десем, Айсулуу дарыяны көздөдү, артынан бастым. Айсулуумдун келбетине суктандым:бели ичке тартылып, соорусу гисар куйругундай былкылдап, жумуру келбети делебемди козгоп, жүрөгүмдүн согуусу кыймылдаткычтай тарактап, тамагыма кептелди. Кучактап, чачынан жыттап, кулак, моюнун, тамагын өпкүлөдүм. Эркелей ары шашты. Теке эчкини тоо-ташка качыргандай артынан кубаладым. Чычкан дайрасы таштан-ташка урунуп, буркан-шаркан. Суу тиш сынгыдай муздак. Бети-колубузду чайканып, сергий түштүк. Айсулуу бир нерсе айткысы келгенин сезип, колунан кармап, жүзүнө тигилдим. Чамасы Чычкандын суусу бүт мүшкүлдөрдү өзү менен агызгандай жан дүйнөсү тынчтаныптыр. Кудум жаңы үйлөнгөндөй супсулуу, кызгалдактай кулпуруп, булактай тунуп, жүзүнөн нур чачып, күндөй ысык көзү менен куйкалап:



– Таабалды, мен сени сүйөм, – деп шыбырады. Шыбыр кеп менен Чычкандын мээлүүн шамалы жаштык жүрөгүмдөгү сүйүү отту тутанткanга дене боюм кубанычка толуп турду. Айсулууну астейдил өзүмө имердим, ал макул көргөндөй мага боюн ыктады. Сөөк төшүмдү анын төө өркөчүндөй, пахтадай төшү ысытты. Карегинде уялаган махабат менен аруулукка чөгүп кетейин деп араң гана:

– Жарыгым! Сен менин батпас күнүмсүң, соолубос гүлүмсүң, шипширин данегимсиң, – деп ээрдинде ээрдим канттай ээриди. Өзүбүз мейкиндикте калкып, жүрөктүн согушу таш жарып, каректер жаркырайт. Жанагы Чычкан шамалы мээлүүн согуп, мен тиктеген көздү анын чачтары менен жаап салды эле, ары имерип, мунусунда сезим менен эмес, кылыгы менен жалооруй тиктеп:

– «Багажникчи» болуп калсам, Айсулуу мурункудай сүйбөй калат деп корктуңбу? – деп назданды. Мен болсо мукактана:

– Сууга акты деп чочулаганга башым жарылчуудай чыңалды.

– Сен каякта болсоң мен ошол жакта. Кам санаба, – дегиче, ары жактан бирөөнүн кадамы угулду, Лакшми эжем экен:

– Баспайсыңарбы! же «Сүйүүнүн символу» болгуңар келип жатабы? – деп какшыктап калды.

Кайттык. Унаага жайгаша баштадык. Иван жездем рулга, жанына Жеймс Картер олтурду. Арткы салонго Лакшми эжем менен Цзинцзин эжем жайгашты, Айсулуу көрүнбөйт, багажникти ачсам ошол жерде жатат. Менин таң калганымды көрүп:

– Багажникте кетем, – десе болобу. Адамдын көгөргөнүн көрдүңүз беле? Чоң адамдын көгөргөнү – өзгөчө жаш келиндин көгөргөнү эч кандай рамкага батпайт тура, тооба. Айсулууга кайрылып:

– Чык быякка. Суу боюнда бир жакшына сүйлөштүк го, – десем, үндөбөйт. Кайра-кайра жалынам. Эч уккусу жок. Эжемдер отко бензин куйгандай:

– Бейкылык! – деди Лакшми эжем.

– Мынча жалдырайсың?! Бу бейкылык сага тийгенби, же сен Айсулууга тийдиң беле?! – деди Цзинцзин Тиртеева ага удаа үн салып. Лакшми Тиртеева:

– Өзү багажникти күсөп жатпайбы. Жөн кой. Ал да жатып көрсүн, же силер эле кыйналышыңар керекпи?! – деп акый айтып калды. Оюн жыйнаган Цзинцзин эжем:

– Балээнин баарын мына баш маңка Жеймс кылды. Не-бересиндей официант кызга өзүн «Жеңиш» деп тааныштырганына күйөсүң да, жеңиштин четин да түшүнбөйт. Таабалдыны жөн койсо болмок, унааны бир жакшына башкарып келаткан. Өзүнчө кыйын киши болуп Иванды рулга отургузуп койбодубу. «Унаанын» кожоюну болсоң ушул экен да, кой деген кожосу жок, ай деген ажосу жок, – деп какшыктап сокту. Ушинтип, кыйлага дейре туруп калдык. Жеймс жездем кепке аралашайын дейт, негедир ыргылжың, азыркы чиеленишкен кырдаалды түзгөнүнө кыжаалат болдубу, күпүлдөп жүрчү Жеймс жездем бу сапар дудук. Боору оорудубу же өзү нараагынан ушундай адамгерчиликтүү беле, Иван жездем акыры кепке аралашты:

– Айсулуу, кой эми бир ачууңду бизге бер. Салонго чык, аял киши багажникте кыйналасың.

– М... ммм...

– Ал жерди мына менден сурасаң, – деди эле Айсулуу ийинден чыккан суурдай сорок этип башын тик көтөрүп, соолуккандай селее түштү. Багажниктен түшкөнүнө чыкамасы ыйлагандай. Аялзаты ушундай назик, кубанганы деле ыйлаганы деле өткүндөй. Муну байкаган Иван жездем:



– Жүргүлө, – деп колун жаңсап арча жыттанган тоо жакка ыктады.

– Ээ, каякка кетип жатасыңар? – деп суроолуу тиктеп калды Лакшми Тиртеева.

– Байбиче, кичине күтө тур. Эки мүнөт. Таабалды, жүр, – деп далдоорак жерге өттүк. Иван жездем лыпылдап көрөгө суу апкелип:

– Ме, бети-башыңды чайка, – деп Айсулуунун алаканын чайпалган сууга толтурду. Бетин жууган Айсулуу сергий түштү эле, бетаарчымды карматтым. Иван жездем мага кайрылып:

– Келин депрессияга түшкөн турбайбы? – деди мен көрбөгөн жароокер көзүн жалжылдатып.

– Кандайча? Эмнеге депрессияга түшөт? Жанында келе жатпаймынбы?

– Таабалды, сен рулда келаттың. Азыр болсо руль мага тийди, «Багажникти» да көрдүм.

– Сөзүңүздө калет жок.

– Эми «Багажниктин» азап-тозогун айтпай эле коёюн, сен менден жакшы билесиң, – деди эле, ушуну күтүп тургансып, кепке Айсулуу аралашты:

– Үй-бүлө болгондон кийин, үй-бүлө жүгүн мен дагы бирдей тартышым керек. Эжемдер күйөөңө кол-кабыш кыл деп айтышты го? – деп дагы эле көгөрөт.

– Кыжаалат болбо, мен кыйналганым жок, – десем.

– Жаныңды жебе. Өзгөнгө жеткенде: «Өлө кыйналдым, такси менен кетели» дебедиңби?

– Багажникке көнгүчө өлгүдөй кыйналдым. «Бара-бара бачым болот, сүйлөй-сүйлөй чечен болот», – дегенимде кайрадан кеп учугун Иван жездем улады:

– Сөзүмдү бөлбөй тургула. Таабалды, сен болгону рулга, жолго, жана өзүңө-өзүң куштарланып, Айсулууга мактанып келаттың.

– Мм... мм.., балким... – деп өз оюмду айткыча..,

– Моюнга ал, иним. Жанагы молдо жезде берген акчанын бир бөлүгүн Жеймс жезде экөөңөр кымырып алдыңар?

– Жезде?!.. – деп ичимден ойлоно калдым. Демек таңгакталган акчаны жашырганым туура иш болгонуна эми биротоло ынандым.

– Ууру бол, кески бол, бирок ынсаптуу бол дейт!

– Мм... ммм...

– Өпкөлөнүп жатып, машинени аңтарып жиберейин дедиң, тuурабы?

– Жезде, жолду айтып болбойт.

– Сен жолго шылтаба. Аңырандап жатып «МАИчилердин» тузагына түштүң.

– Бул факт.

– Капастагы маймылды көрсөткөнсүп, алар сурабаса деле багажникти ачып, менин жүдөп-кыйналганымды жарыя кылдың!

– Мен атайылаганым жок.

– Эми миң каргансаң да сенин актанганың арык аттабайт. Ары кеттик. Алиги сугунуп алган акча Жеймс жездеме буюрбай «МАИчиге» карматты.

– Көрдүңүзбү?

– Ачуулуу, бетинен окудум.

– Ачуусун менден чыгарбадыбы кийин.

– Эй, мындайды – «Сайдыкы сайга, суунуку сууга кетет» деп коёт, билип кой.

– Айсулууга мунун кандай тиешеси бар?

– Ап-бали, мына эми Айсулууга келдик.

– Түшүнбөдүм?

– Жездем экөөңөрдүн итчилигиңерге тойду.

– Кандайча?

– Айсулуу – аппак бaрактай жаш келин. Кыз-жигит кезиңерде сенин жалаң гана жакшы жагыңды көргөн. Ал эми



жолдогу кылыктарыңды макул көрбөй наразычылыгы күчөй берди. Топтолгондо сыздooктой жарып чыкты.

– Балким...

– Адамдын ким экендиги – кыйын кезде билинет. Жүзү кыйчалышта ачылат. Же ал адам кейпин сактап калат, же ичиндеги иттиги терисин жыртып чыгат.

– Койсоңуз?

– Адамды урмат-сыйга ээ кылган – адептүүлүгү. Рулду башкарып, манчыркап, мактанган мансабың бир тыйынга татыбайт.

– Ар дайым андай болуу кыйын экен.

– Кыйын кезде адамдык сыпатыңды сактап калсаң, мөөрөй сеники. Убактылуу жаманатты болушуң мүмкүн, бирок келечегиңде кылың кыйшайбайт.

– Мм...

– Адамды бардык кырдаалда эң бийик жана сулуу көрсөткөн – адамдыктан тайбоо!

– А мүнөзчү?

– Жакшы мүнөз – адамды ажарлуу кылат!

– Адаттарчы?

– Жаман адаттар менен күрөшсө болот. Ал үчүн кайышпас эрк менен каалоо керек.

– Болуптур, мынча акылдуу, аалым экенсиз, эмнеге анда рулду башкарып бараткан көсөмдөр арак ичип алдыңыздар? Сиз деле кекиртегиңизди тыя албай напсиңиздин куршермендем чыгып, айлам куруганда коргонуунун эң мыкты ыкмасы – чабуулга өттүм.

– «Кызыл кекиртек, кыйла жерге секиртет»,– деп коёт кыргыздар. Уккансыңбы?

– Мынча болду Жеймс жездемди өкүртө шыбаңыз.

– Жеймс Картерге шек келтирбейм. Сөз жок, мыкты адам. Пейилдерин гана айтып берейин.

– И-иии...

– Негизинде жездемдин канына «Негатив» чылк сиңип калган. Оңолушу өтө кыйын.

– Жакшы киши го.

– Жакшы адаттары, адамгерчилиги жок эмес.

– И-ии...

– Кантсе да өмүр бою дипломатиянын ичегисине кан куйган Генри Киссинжердин окуучусу бу жубармек.

– Оп-пооо...

– Системге көнүп калган киши, системге түшөм деп ар түрдүү интрига, токумдарга катышкан. Бара-бара интрига токума фабриканын станогуна айланган десек болот.

– Ох-хооо. И-ии...

– Кийинчерээк адамдык сыпаты ойгонуп, адам болууга далалат кылууда.

– Мына сага!

– Калыстыкты айтып коюу зарыл – жакшы жакка өзгөрүү бар. Ошентсе да, мен жогоруда айткандай, баары бир эт сөөгүнө сиңип калган «негатив» оркоюп көз көрүнө турат.

– Ой, тооба. Иван жезде-еее! «Багажникке» түшүп калгандагы таарынычка салып күпүлдөп жатканыңыз жокпу?

– Балким. Ошентсе да мен чындыкты гана айттым, – деди оор үшкүрүнүп, жүзү олуттуу болуп калган Иван Фитин. Арыраактан ушул сөздөрдү Жеймс жездем угуп калгансып, же машинедегилер бизди күтө берип чыдамы кеткенби, чоң жездем унаадан түшүп:

– Эй, самын эзгилегенсип, эмне эзилип жатасыңар! – деди.

– Азыр, бажа, азыр! Сөз бышып калды! – деп кыйкырыкка кыйкырып жооп кайтарды Иван жездем.

Иван Фитин бизге акыл-насаат айтып жатканын сезип, унаадагыларга башын бурду. Цзинцзин эжем:



– Тооба, сөзү түгөнбөйт окшойт булардын, – деди. Ага Лакшми эжем кошулуп:

– Оо, биздин Иван кээде өтө эле акылдуусунуп кетет, адаты кармап калса токтото албайсың, – деди.

Цзинцзин эжем күтө берип ачуусу келип калган экен, Айсулууга кайрылып:

– Сүйүүнүн «Гигиенасын» сактабайсыңарбы? – деп таң калычтуу сүйлөдү. Айсулуу мындай сөздү биринчи ирет укканга:

– Тооба, сүйүүнүн да гигиенасы болобу? – деп сылык сурады.

– Бардык нерсенин гигиенасы болот, – деген Цзинцзин эжем, бизди күткөн наразычылыгын ушинтип айтып билдирди окшойт.

Ымалага келип, орду-ордубузга жайгаштык, мен багажникке кайттым. Негедир аурасы мурдагыдай эмес, бул жерде соңку убактарда акылман болуп кеткен Иван жездем байырлап кеткендиктенби деп койдум. Баштагыдай «Багажникке кайтасың» дегенди укканда жүрөксүнүү болбосода, ууга жарабаган итти моюнунан жетелегендей аргасыздык бар эле. Арийне, ыңгайлуулук шарты боюнча «руль» башкарган менен салыштыруу «асман менен жердей, ат менен төөдөй». Башка бир тең, Айсулуунун «Багажникке түшүп кетем» дегени бир тең болгондогусу муютуп салды. Ошондон чоң дем, ушундан чоң колдоо таап, асман тирегендей кубат алганым үчүн багажниктеги ыңгайсыздык, кысылып-сыгылганым, көнүшө албай ары-бери туйлаганым – кыйынчылык катары сезилбей калды. Демек, үй-бүлө деген ушундай болуш керек окшойт. А эмнеге анда мен өзүмчүлдүк кылып, жеке керт башымдын гана ыңгайлуулугун ойлоп, өзүмдүн «менимди», өзүмчүл «эгомдун» гана жыргалчылыгын, тынчтыгын сактоо менен гана алек болдум? А, эмнеге Айсулуунун жан дүйнө тынчтыгын, анын ой тол-

гоолоруна таптакыр маани бербедим? Көбүнесе ага самандай көпкөн төшүмдү каккылап, мактанууга аракет кылып, өпкөлөнгөндүгүмдү жашырууга болобу? Ага салон ичинде ыңгайлуу шарт түзүлгөнү менен эже-жезделеримдин арасында келе жаткандагы жан дүйнөсүнүн ыңгайсыздыгына бир дагы маани бербепмин. Тескерисинче, Айсулууну эжемдерден жеме уктуруп аргасыз абалга калтырганымды Иван жездем көзгө сайган соң гана сезбедимби? А эмне үчүн аттай эжелеримдин, аскадай жезделеримдин ички ой-парасаты, жан-дүйнө тынчтыгы, кылт эткен назик сезимдери менен эсептешпедим? Ушунун баарын мурунку «Тозок», азырынча «Бейиштей» туюлган «Багажникте» ойлонуп жатпаймынбы? А эмнеге рулда келатканда ушул ойлор келбеди? Көрсө колго бийлик, байлык келгенде адамдын көөдөнүн май басып калат тура. Минтип айтышса, ушул кепке ошол саатта эч кулак салбастан, качан гана адам турмуштан тебинди болгондо көөдөндөр ачылат тура, кайран көр пендем. Көрсө руль башкаруудагы «доор» – бейиштин төрүндөй сонун экендигин кантип танайын. Ал убакта; көйрөңдөнүү, менменсинүү, өпкөлөнүү, манчыркоо жана кумарлануу менен гана алек болуп, жан дүйнөнү азыктандырбай, тескерисинче, айланадагылардын көңүлүн чөктүрүп, текеберденгеним калппы? Азырчы? Азыр Иван жездеме таасирленип акылман болуп кеттим. Анткени менин азыркы кырдаалым бөлөк. «Кырдаалды – мүшкүлгө же мүмкүнчүлүккө айландыруу адамдын көрөңгөсүнө таандык. Көрөңгөсү бай адамдын уктап жаткан сезимдери ойгонуп, акылга моюн бербестен эрдик жаратат. Ал эми көрөңгөсү өлүк пендеге миң айтсаң да бейпайда». Демек, адамдын ички дүйнөсүнүн аруулугу, жүрөгүнүн тазалыгы, ойлорунун тунуктугу, сезимдеринин чынчылдыгы, мүнөзүнүн адилеттүүлүгү, пейилинин айкөлдүгү, напсиси менен ачуусун тизгиндей алуусу – аны мартабалуу кылып, даражасын көтөрөт. Эх!



А дейсиң, бу дейсиң, бир карасаң жомоктой, бир тиктесең тозоктой дүйнөдө жашап келебиз. Тайнем айтчу: «Көргөндөн көрө элегиң көп», – деп. Эмелеки көргөнүм – арткы жол, кайрылгыс өкүнүчтөрү менен, жана эле жоргонун тизгинин мыкчып, алдыдагы жолго темінип, ар машина менен шамалдай жарышып, шайдоот баратпадым беле. Эмичи? Багажниктин чала жуулган кир терезесинен арткы жолго алаңдап, кампуттун кагазындай бүктөлгөн абалымда, бешикке бөлөнгөндөй моюнумду буралбай келе жатам. Мындай ыңгайсыздыкка өпкөм кысылып, жүрөгүм сыгылып, саратанда чөп чапкандай кара тер басты. Мени бардык нерсе чарчатты; Рулдагы – «Кан» үйүнүн тардыгы, «Багажниктин» – тардыгы, жол азабы, туугандардын ыйкы-тыйкысы, тойдун тантанаси.

Сапырылган жол түйшүгүнөн жан дүйнөмдүн мокогонун Чычкандын Ала-Белге өрлөгөндөгү табийгатынын кооздугу көөдөнгө оркестр чертип дүйнөдө кереметтин бар экендигин билгизгендей, андагы кыпындап жааган аппак кар саргарган ой-толгоонун баарын жууп-чайды. Ооба, жолго таңга жуук аттандык. Шамалдуу-Сайга жеткенде жай мезгилиндеги саратандай ысып, тонубузду чечтик. Ташкөмүрдө бозоргон тоолор менен көзгө сайгыс мунарыкка такалып, күздөгү нөшөрлөгөн жамгырга чайындык. Кара-Көлдө үстүбүзгө бармактай таштар менен ургулагандай мөндүргө дуушар болсок, жаздын жыпар жытын тартуулаган мезгилге Чычкан капчыгайында туш болдук. Минтип Ала-Белге жармашканда кыпындап жааган кар таңыркатып, кыш бизди кучагында ымыркайдай терметти. Кудай Кыргыз жерине төрт мезгилди телегейин тегиз кылып атаа кылган. Ушул төрт мезгилди бир жыл күтүп олтурбастан Ош-Бишкек жолуна аттансаң, бир күндө күбө болосуң. Кар эми башталганга теребел бозала. Жолдун күңгөйү деле, тескейи деле асман тиреген тоолор, алардын аркасында кү-

зөтчүдөй какайган аска зоолор. Тоо бети узун-узун болгон арча-карагайга жык. Аскаларга тамырлаган асман тиреген арчаларды көрүп таңданасың. Булар миң жылдап ушинтип турушат. А адамдарчы? Бир карасаң төө минип, бир карасаң үстүңдөн текебердене тиктеп, саламга келбейт. Кайра бурулсаң – өзү турсун төөсү жок. Астында кескелдириктей сойлоп, ымдаганга зар. Бийиктик арчаларга гана буюруганбай. Бийиктик буларга жарашат дагы; бойлуу, көркөмдүү, кышын-жайын бир түстө. Арчаларды аска боорунан чыгарбай кучактап, бапестегени ушундан го? Ал эми адамдар бийиктиктин боорунда узакка тура алышпайт... Албетте, аска кучагындагы арчадай болуп, асман тиреген инсандар саналуу гана. Алар дал ушул арча сындуу бир кыл. Элеси элдин эсинде кудум арчалардай жапжашыл бойдон сакталат.

Жалама зоолорчу? Оо аларды көргөндө өнө боюң титиреп, ылдый сыйгаланган боюн тиктегенден заарканасың. Ал жерде адам турсун айбаны да, өсүмдүгү, кар, суу да туралбайт. Булардын табияты ушундай, эч нерсени каалашпайт. Арчалардай жашыл эмес, кышын-жайын боппоз. Боз болгондугу көздү тойгузбаса да сырдуу, табышмактуу. Жалама зоолор көп сырларды ичинде камтып жатканын ким билсин? Балким ошондуктан, эч нерсени жолотпой, эч унчугушпайттыр... Түнкүсүн ай жарыгында калдайган капкара карааны ажыдаардай сүрдүү. Жаңырык да ушулардын кучагына кире качат. Жалама зоолор арчалардай термелбейт, суйкалбайт, шамалга ыргалбайт, кар жамынбайт, атүгүл, ным да болушпайт.

Жанагы кыпындап жааган кар ирилеп кирди. Айлана ала-була болгон Ала-Белдин кырына чыктык. Бул жагында «Жалал-Абад облусу, Токтогул району» деген темир жазуу жерге казыктай кагылып, тыягында «Чүй облусу, Жайыл



району» деген жазуу бадыраят. Алмустактан ушул күнгө дейре Ала-Бел эч өзгөрүүсүз камаарабастан какаят.

Эми кар бурганактап кирди. Багымдатта – жаз, бешимде – жай, бешим оогондо – күз, асрдан өтүп – кыш келди. Оро-парада бул жакка келбеген инсан муну жомок деп түк ишенбейт. Ишенбөөгө аргаң жок. Жанагы «Токтогул» «Жайыл» деген жазуулардан бир аз өтүп, унаа «лык» токтоду. Бети-колубузду пахтадай кар менен аарчыдык, бурганактаган кар денебизди үшүтүп, сөөгүбүзгө өтө чыйрыктырганда бул жакта кыш экендигине ишенбегенди көр. Цзинцзин, Лакшми эжемдер унаадан түшүшпөдү, терезе артындагы карагаттай көздөрү ойлуу. Алар эмнени ойлоп жатты экен? Тойдубу же жолдубу? Жерге түшкөн жезделер «жылан чакпай, жылкы теппей» жоо куугандай машинени көздөй шашышты. Багажник дүйнөсүнөн Ала-Белдин кучагында зындандан эркиндикке чыккандай таза абадан кере дем алдым. Табийгаттын сулуулугуна суктанып, башымды көтөрүп, жааган карга тилимди тоссом, ичимдин ысыганын басаңдатты. Ой алып учуп, кыялга магдырай түштүм. Оюңа эмнелер гана келбейт. Мындайда жалаң гана таттуу ойлор курчайт тура. Түз эле тойдо отурганыбызды элестеттим. Эркектер шаша-буша чайканып, сакал-мурутун кырынып, арак-атыр жыттанган костюмда кычырашат. Аялдар чачтарын чөмөлөдөй чокчойтуп, жалтыр-жултур көйнөкчөн, бетин упалап, атырдан өчөшкөндөй куюнушкан. Коюндаш, моюндаш болгон туугандар тегерете отурабыз. Үстөл үстү тамак-ашка, чөп-чарга, суусундукка толо. Даамдардан алып, курсакты кампайтып, чер жазып сүйлөшүп жаткан кез. Жагымдуу музыка сезимди аралап, дүйнөңдү терметет. Эт ташыган улан-кыздар көк бөрүчүлөрдөй зуулдайт. Той ээси болгон акемдин демине дем ыроологон жеңем жандап жүрөт. Кыйышпас кудалар, замандын талабы болгон барман өкүл ата-эне, тойду ачуу үчүн сөзгө чыккан аксакал-

көксакалдардын, байбичелердин беттери оттой тамылжып, көздөрү жалжылдайт. Кыялым бүтө электе «Таабалды, бас машинага, карышкыр!», – деген эже-жезделеримдин ачуу үнү жаңырды. «Карышкыр!» дегенди укканда денем «дүр» деди. Тиги жалжылдаган көздөр кыялымдагы тойдо эмес, бет маңдайымда туруптур. Канчага чейин селейдим билбейм, качан гана бул көздөр кимдерге таандык экендигин аңдаганда ыракатым качып, жүрөгүм түштү. Жан ширин экен. Багажниктен атып качкыдай болуп жатсам, бейишти көздөгөндөй атып кирдим. Иван жездем мага кол булгап жаңсаганын эми гана көрбөдүмбү, ал мага кайрылып:

– Таабалды! этият болсоң. Бөрүлөр пастаган турбайбы, – деди. Беркилер ширин уйкунун талаасында көпөлөк кууп жүргөндүктөн ойготушпады, ойгоо отурган Цзинцзин Тиртеева ооп-төгүлүп:

– Таабалды, садага болоюн, чапчаң болчу. Тойго барабыз дегенибиз балакет болуп мурдубуздан чыкпагыдай эле, – деп тынч болду. «Ашыкча сөз кулакка жүк» дегендей кыска-нуска сөздөр гана жаңырды. Жолдон чарчашканбы, же ойдон чарчашканбы унаадагылар «карышкыр, бөрү», – деп сөздү ырбатышпады, салонду өкүм жымжырттык бийледи. Салон ичи чымын учса угулгудай тымтырс болгонго Иван Фитин астейдил жай музыка койду. Музыканын үзүлчүдөй пас үнү менен унаанын кар-музга тайгаланган дөңгөлөгү гана угулат. Ала-Бел зоолору, ала-була тоолору, шашкалактаган дайра; машине терезесинен чубалжып алмашып жатты. Катуу бараткан машине ылдамдыгын басаңдатты. Жолдон мал-сал же түлкү-пүлкү өттү бекен деп ар ойду ойлогуча: «Энеңди урайын», – деп Иван жездемдин сөгүнгөнү угулду. Ат кулагын тикчийткендей баарыбыз алактап терезеге үңүлдүк. «МАИчи» өчүп-жанган кол таягын көтөрүп, баягы «Талас облусу», «Өтмөк» ашуусу деген жазуусу менен Аккуласына минген Манас атабыздын айкели орнотулган



Талас жана Чүйдүн киндиктеш жери болгон белгилүү үч көчөдөн тосту. Иван жездем «МАИчилер» менен көпкө убараланбады, кеткенинен кайтканы бат болду. Чамасы булар Токтогулдун «МАИчилеринен» дурусураак белем, бат эле коё берди. Ат көтөргүс жүктү үстүбүздөн ыргытып ийгендей сүйүндүк. Сүйүнүчүбүз сууй элек рулга отурган жездем бөкөчө кубалагансып моторду болушунча басып, дөңгөлөктөрдү чимириптип айдады. Резинанын сасык жыты кайрадан багажникти каптады, думчукканымдан көңүлүм айлана түштү. Жездеме «а-бу» дейин десең ачуусу мурдунда турат, тиземди кучактадым. Жанагы өзүнө жаккан музыканы бир аз бийиктетти. «Эмне болду? – деп эч ким деле сурамжылабады. Ылдамдык жайлап, бирөө-жарым терезени ачкан окшойт, мупмуздак, ары таптаза аба салонду аралады. Көңүлүбүз таза абага сергий түштү. Жаткан жеримден көтөрүлүп, сыртка көз чаптырдым. «Кучагын кенен жайган Суусамыр өрөөнүнүн ыраңы бозорот. Өрөөн бопбош. Күн жылып, жерге көк чыкса боз үйлөр тигилип, жайылган төрт түлүк мал өрөөндү көркүнө чыгарат. Жол каттагандар боз үйлөргө токтоп, шам-шум этип, кымыз ичип, чолосу келсе үй ээси менен бул жердин жаңылыктарын кеп кылышат.

Бир жылдары Суусамырдагы окуялар боюнча көп кептер айтылып жүрдү. Ушул жерден өткөн сайын тыңдаган окуяларды эстейм. Бирде тээтиги ат тумшук бурумдун сол жагындагы боз үйдүн чаначына жылан түшүп, кымызга уусун чачып койгон дешет. Машинедеги адамдар кымыз ичип, рулду башкаргандыктын себебинен шопур гана ичпейт. Кымызга канып, жолго аттанышат. Шопур унаа ичиндегилерди күзгүдөн тиктесе жанындагысы деле, арттагылары деле, айтор, баары сулайып жансыз жатат дейт. «А-хү» десе үндөшпөйт, түрткүлөсө өлүк адамдай шылкыйышат. Айласы куруганда унааны токтотуп жүргүнчүлөрдүн тамырын текшерсе эбак эле жан берген экен дейт. Ушуну ар бир

таксичи айта берип, «кымыз» ичкени токтогондордун аягы сууган.

Дагы бирөөлөр чилдеде келе жатып, унаасы карга тыгылып, аны түрткөн аял кишилер дейт, унаа жүрүп барып дөңгө чыгып, аялдарды күтүп калат, эч эле келишпейт дейт. Айласы кеткенде артка кайрылып, бөрүлөрдүн изи менен барса бырчаланып куюлган кан, өздөрү жок. Бөрү жеп кетиптир деген да кеп тараган. Койчу, «Суусамырды» ошол суук сөздөр шамалдай эле аркырап каптап кеткен жылдары, ушул жерден өткөндө «Аллаа, тооба» менен өтүп, машине бузулбаса экен, кымыз ичпейбиз деп безилдеп калышкан», – деп Суусамырды тиктеп, ушуларды ойлонгуча, алиги «Париж» деп атагы чыккан жердеги жалгыз май куючу көк имаратка ат чабым жетпей унаабыз токтоду. Капоттон чыккан буу жолду каптады. Беркилер дагы эле терең уйкуда. Машине беш мүнөттөй туруп калганга унаа ичи муздай түштү. Цзинцзин Тиртеева көзүн алаңдатып:

– Иван, тынччылыкпы? – деп сурады. Кара тер төгүлгөн бешенесин рулга такаган Иван Фитин:

– Суусамырды этектегенде эле суу кайнаган, силерге айтып дүрбөлөң кылган менен не пайда. Парижге жетип, ошол жерден тажрыйбалуу шопурларга көргөзөм деп кылдаттык менен айдап келаткам.

– Ий, жинди кыз, өлбөдүкпү! Машина бузулдубу?

– Суу буу болгонуна караганда антифриз калбай калгандай.

– И-иии...

– Анда өлдүк! Мотор кармаган болот, – деди шагы сына түшкөн Иван жездем эрте жаздагы суукка чыйрыга.

– Унааны эптей алсаң башкарбайсыңбы? – деп ары жактан сүйлөнгөн Цзинцзин эжемдин сөзү Иван жездемдин көкүрөгүнө жебедей сайылды. Капоттон чыккан буга жи-



нигип турганында Цзинцзин эжемдин сөзү ашыкча болду. Иван жездемдин акыбалын өз теримдей сезип жаттым. Кая-ша айтайын десе машине бузулган, айтпайын десе ичиндеги кишиси «Бет тырмачылык кылып дарт десе, балээ де», – деп күпүлдөп турат. Курчуган кырдаалды жумшартып, Цзинцзин эжемди жоошутуп, машинени оңдоп, тойго жетүү максатында:

– Абже, багажникти ачыңыз, ары-бери өткөн унааларды токтотоюн, – дедим. Чынында чаңкагандыгымдан сырттагы кардан уучтап жегим келип жаткан.

– Анан.., – деди Цзинцзин эжем менин кыргылданган үнүмдөн шексингендей багажник жакты күмөндүү тиктеп.

– Машинени буксирге алып, Парижге жеткирип бергиле деп сүйлөшүп бериңиз, – дедим.

– Өжүң шүйлөш, – деп тойго жетпей калабызбы деген ызасы менен тамаша аралаштыра сүйлөп, тим болду. Таттуу уйкусун бышырып жаткандар кажы-кужу болгонубуздан ойгонушту. Лакшми эжем көзүн ушалап, унаа токтоп турганын, Иван жездемдин өңү көрдөй карайганын байкап:

– Иванды такалап жатасыңарбы? Төпөштөгүлө! – деп албууттанды. Аюдай онтоп, суукка үшүй түшкөнгө бети-моюнуна жылаңач тооктун этиндей майда томпокчолор быдырап кеткен Жеймс Картер, кырдаалды түшүнгөндөй:

– Беш мүнөт да уктата койбойсуңар. Көз ирмегиче машинени бузупсуңар. Бажа, качан адам болосуң? – деп түз эле бажасын качырып кирди.

– Жезде, техника экен. Кеселин айткыдай ооз-кулагы жок экен, – деп жаны кашайып турганын билгизбөөгө аракет кылды.

– Эмнеге ооз-кулагы жок? Жүда бар да! Керек болсо кудум адамдыкындай жүрөгү, атүгүл тили да бар. Мынабу панель – машиненин бети болот. Датчиктери: «Суу кайнады, май азайды, акумлятор отурду, бензин ада болду», – деп

сүйлөп турат. Муну бакчадагы бала деле билет, – деп машинеси бузулганга ызасына чыдабай кетти.

– Жезде...

– Макул, түш машине тос. Буксирге алабыз, – дегенин уккан Иван жездем карайган жүзүн асфальтка буруп, тарыган дүйнөсүнө батпай, угузуп-угузбай сөгүндү. Муну Жеймс картер байкадыбы, байкабадыбы, оюнда бышырган бүтүмүн астейдил минтип угузду:

– Бажа, рулду Таабалды башкарат, – деди. Муну уккан Иван Фитин бажасынан сөгүштү күтсө керектир, бирок мындай бетпактыкты күткөн эмес беле:

– Эмне-е-ее?! – деген Иван жездемдин сыйда бети кааткаат тырыштарга толуп, ичинен түтөп кетти.

– Укканыңдай. Сага ишенсек машинени тынчытыпсың. Тойго аман-эсен жетишибиз керек, туурабы? – деди анын бетиндеги бырышын уруп ойнобой.

– Туура, жезде, бирок машинеңиз бузук болсо мен күнөөлүмүнбү? – деп агынан жарылып, күнөөнү Жеймс жездеме оодарды.

– Нервиме ойнобо!

– Сиз менин нервиме ойноп жатасыз.

– Кантип?!

– Сиз баарына кожоюн болуп алдыңызбы?

– Эң улууңар менмин! Тажрыйбама таянып айтып жатам, – деген Жеймс жездемдин оозуна ак ит кирип, көк ит болуп чыгып, Иван Фитиндин көөнүн ооруткан жаман сөздөрдү жаадырды. Иван жездемдин көңүлү там урагандай бузулганын көргөн соң гана, «Эгосун» ооздуктап, – Максатыбыз бир – тойго тынч жетип алалы, – деп үнүн бир аз басаңдатты.

– Сиздин... ким экениңизди... эми билдим, – деди такалып-такалып Иван Фитин.



– Ким экенмин? Кана, айтчы? – деп дагы эле тикирейе тиктейт Жеймс Картер.

– Жөн эле айтсаңыз рулду берет элем, – деди Иван Фитин.

– Мени бүгүн көрдүң беле? Таарына турган иш болгон жок. Жол бизди кыйнап койду. Нервтер кете баштады, туура түшүн, – деди Жеймс Картер. Иван Фитин жарылайын деп ачуусу келип, көңүлү ооругандыктан машинени таштап качууга даяр турса да, өзүн колго алганга аракет кылып жатты. Колдору титиреп, өңү кубарып турду. Жеймс Картер болсо Иван Фитиндин ушундай абалга түшүп калганына моокуму кана сүткө тойгон күчүктөй көз кыйыгынан машинедегилерге көз жүгүрттү. Иван Фитин оор үшкүрүнүп:

– Мейли... – деп сыртка чыгууга умтулду.

– Анда капа болбой машине тос, – деген Жеймс жездем чындап эле Иван жездем айткандай «нервге тийип, нерв менен ойноп жатты». Машиненин бузулуп калуусу Жеймс Картерге Иван Фитинди рулдан кетирүү үчүн шылтоо гана болчу. Эмне, машине бузулбай жүрдү беле? Бул жолдор деңиз деңгээлинен үч миң метр бийиктикте жайгашкан, климаты катаал болгондуктан тартып бараткан машине эмес жөн эле отурган адамдын кан басымы өйдө-ылдый ойноп кетет. Ошондуктан жүргүнчүлөр дары-дармегин жанында ала жүрүшөт. Бизди таң калтырганы Жеймс жездемдин эмнеге мындай чечимге барганы салондогуларга азырынча түшүнүксүз болуп жатты. Муну Иван жездем түшүндүбү, түшүнбөдүбү, же чындап эле нерви чарчадыбы, же жаакташып отуруудан пайда жок дедиби, же машине бузулуп калуусуна себепкер болуп калганына кичирейип жаттыбы, кол көтөрүп машинелерди тосууга камынды. Эшиктеги ала-шалбырттай болгон Иван жездемдин кабагы салыңкы. «Машинени оңдоп, өткөрүп берем. Силерди желкем көрсүн, Бишкекке жөө деле кетип калам», – деген ой гана мээсинде

турду. Шаабайы сууп турган Иван жездемди байкагандай, кудум Жеймс жездемдин боз жоргосундагыдай маркадагы унаа айдап келе жаткан орто бойлуу, курсагы салаңдаган, кыймыл аракети шыпылдаган жанагы таз баш киши Иван Фитинди дароо таанып, токтоду.

– Бул жанагы курсагы салаңдаган, шайтандай шыпылдаган таз баш киши беле? – деп унаадагы жолоочум Исраил мырза сөзгө аралжы болду.

– Так өзү. Ал Иван жездемдин бозоргон өңүн көрүп, аны темтеңдетпей дароо өзүнүн арканын алып келип, буксирге алып, «Парижге» жеткирди. Катар турган ашканалардын алдына токтодук. Мурду барбайган таз баш киши менен эски тааныштардай машиненин кеселин талкуулап, кеп-кеңешин укту окшойт, алар да ары жакта турган шопурларга бирденкелерди айтып, заматта ооруканадагы бейтапты операция кылууга консилиум кылган догдурлардай бириге калышты. Жеймс Картерди «жылкы теппей, жылан чакпай» шайтандап:

– Деги оңдой аласыңарбы? Колуңардан келсе киришкиле, – деп жон топ шопурлардын арына тийип, Цзинцзин Тиртееваны ээрчитип, дүкөнгө жөнөштү. Лакшми Тиртеева, Айсулуу болуп Иван Фитиндин жанында калдык. Үймөлөктөгөн шопурлар: «Жашоону тетири үйрөткөн ушулар бизди сазга тыкты», «Текеберденген эш-ш-шек», «Ондоого милдеттүү эмеспиз», «Көпкөн акмак», «Жөн койгула, өзү оңдоп алсын», – деп кол шилтеп басып кетмек болушту эле:

– Машина меники, кыжырыңарды кайнаткан – америкалык киши – жездем болот. Анын үстүнө ичип алган. Сураган, жардамыңарды аябагыла, агалар, – деп жалынып ийди Иван Фитин. Көзү чачыраган жездемдин абалын көргөн баягы мурду барбагай, кыймыл-аракети шыпылдаган таз баш киши барпаңдап:



– Жигиттер, машине ушул инимдики, буксирге мен алып келдим, кол кабыш кылып коёлу, – деп бүт топтолгондорду ынатты. Капотту ачып, жардамга келгендер айланчыктап калышты. «Эненин оюу балада, баланын оюу талаада» дегендей. Алар эмне менен алек болгонун билбейм, менин оюм баягы кошумча дөңгөлөктүн арасына бекиткен акчада. Ачкыч, шаймандарын издеп, кошумча дөңгөлөк тарапты чукулап киришсе, акчаны дароо ала коём дегиче, жанагы мурду барбайган шыпылдаган таз баш киши Иван жездеме жакындап:

– Жолдугата сурашпай эле «ак иттен деле, көк иттен деле», уруп жатабыз. Кел, таанышып алалы. Менин атым Шайтан Напси, – деди.

– Иван, Иван Фитин. Мен сизди Жеймс Картердин досу деп ойлопмун, – деп колун сунду да. – Шайтан аке, сиз эмнеге мага жардам бергиңиз келди? – деп тиги барпаңдаган кишинин жадыраган жүзүн көрүп эреркеп кетти. Шайтан Напси чекесин тырмап, бир нерсени эстей албай жаткансып, анысы эске түшкөндө айтып кирди:

– «Аргымакты арык деп, жолго таштап кетпегин. Азаматты карып деп, белге таштап кетпегин», деп өлбөстүн отун жагып, тоңбостун тонун кийген раматылык атам көп айтчу.

– Аа-аа – деп шашкалактап жатып, – ошондо чоң атаңыз Напсиби? – деди.

– Напси Иблис.

– Ким?

– Тамаша. Кудай менен «Напсинин» икаясын уккан чыгарсың?

– Жок.

– Ток этери, Напси Кудайга кулдук урбай, кежирденет. Каары төгүлгөн Жараткан Напсини жүз жылга отко таштап: «Мен киммин?» – деп сураса, Напси Кудайга тикирейе

*тиктеп:* «Сен сенсиң. Мен менмин!» – деп корстон боло жоop берет. Ачуунун деми менен «Напсини» жүз жылга тоңдуруп: «Мен киммин?» – деп Кудай-Таала кайта сураса, Напси эч камаарабастан Кудайдын көзүнө теше тиктеп: «Сен сенсиң. Мен менмин» – деп текебердене жооп берет, ошондо каары төгүлгөн Кудай «Напсини» жүз жылга зынданга таштап, ачка коюп: «Мен киммин?» – деп сураганда гана ачкачылыкка сынган Напси: «Сен менин Роббим. А мен сенин кулуңмун», – деп жооп берген экен. Ушуну уктуң беле? – деди.

– Сиз чоң атаңыздай эмес, адамгерчиликтүүсүз го? – деп сөздүн азил-чынына ишене албай айраң болду. Оюнда «Бул эмне деп былжырабасын, машине оңдолсо болду», – деп оозундагы кебин таба албай, убараланганын аңдаган Шайтан Напси:

– Иван, ишти баштайлы, ачкыч шаймандарың барбы? – дегенин уккан Иван жездем жакшы сөз жан эргитет болуп, кызарып-татарып кетти. Ал эми шаймандарды укканга бушайман жеди. «Машине меники» деп жалган сүйлөгөн. Багажникте кийим-кечебиз салынган сумкелер менен тойго деген даамдар гана бар. Кошумча дөңгөлөк салынган тарапты ачса, ачкыч шаймандары жок болуп калса машиненин ээси эмес экендиги билинип калып уят болбоюн дедиби:

– Байке, менде кошумча дөңгөлөк, дөңгөлөк ачкыч, кычкач менен эле бурама бар. Сизде болсо, иштетип туралы, – деди.

– Макул, – деген Шайтан Напси ачкыч шаймандарын алып келип, оңдоо иштерин баштаашты. Чый-пыйым чыгып жатты эле, буларды көргөн соң жаным жай алды. Шайтан акенин мындай адамгерчилигине ичи жылыган Иван Фитин унааны оңдоо ойдун түпкүрүнө түшүп кетти белем, жанагы үңкүйгөн түсү булуттардай сүрүлүп, жакшылыктын жышаанынын чылбыры колуна тийгендей кудуңдап, темирдин пири «Дауттан» паанек издеп, бузулган машинени



бат арада оңдоого билек түрө шымаланды. «Жол азабы, көр азабы» деп ушуну айт. Тойго ойноп барып-келебиз деген-биз, минтип жетпей калчу жагдай жаралып калаарын ким билсин? Берээкте Жеймс Картер, Тиртееваларга ыктап, өткөн-кеткенди эстеп, баягы эле белгилүү аңгемелерин баштады. Мындай келжирек сөздөрдү уккум келбей, эмнегедир Айсулуу менен таанышкан күндөгүдөй божурашкым келип: «Басып келели», – деп Айсулууга ишаарат кылдым. Вагон үйдүн артына өтөөрүбүз менен керилип жаткан Суусамыр «бери баскыла» дегендей. Айсулууну жетелеп, бозала болгон чөптөрдү тебелеп, шылдыраган сууларды аттап, кыйыры асман катмарына чубалжыган, өз башынан көптү өткөргөндүгү жүзүнөн байкалган Суусамыр өрөөнүнүн ушул дүйнөсүнө суктандык. Жолдун узактыгына, жолдогу окуяларга жана унаадагы түшүнбөстүктөргө ой жүгүртүп, акыл калчап, жымжырттыкка сүңгүдүк. Суусамырдын жымжырттыгынын ичиндеги дүрбөлөңүн, самаган жазга жеткенине кучагы жарыла кубанганын аркыраган шамал добулбас урат. «Баатырдын атын алыстан ук, жанына келсең бир киши» демекчи эрте жаздагы Суусамыр алыстан – бозоргон талаа, эңилип тигилсең – көз тойгус кооздук. Тээ чокулардын ар-ар жерлериндеги ала-була карлар дагы эле эрибей, аптапты эңсеп тургансыйт. Ал эми эриген карлар көлчөккө айланып, тунуп турат. Көлчөк бетин күзгүдөй жарк эткен муз каптаган, ал эми кар эртерээк кеткен жерлерде жайнаган сыягүлдөр, байчечекейлер карды жирел, өсүп чыгышкан. Жаш өсүмдүктөр алдуу-күчтүү болгон Жер-Энеге тамыры менен жармашып, өпкө-боорунду кагып салчудай, куюндаган шамалга сынып калбай, назик, алсыз көрүнгөнү менен, жерге ийилип, кайра тикеленип, шамалга бой бербөөдө. Менин дагы багажникте басылып калган маанайым көтөрүлдү. Суусамырды көрбөй жүрдүм беле, төрт мезгилде түркүн кубулганына күбө болгом, түркүн түс

жамынганына куштарлангам, түркүн окуяларды угуп төбө чачым тик турган. Же Суусамыр өзгөрүлүп кеттиби? Жок, ошол эле тааныш тоолор, ошол эле биз билген дарыялар, ошол эле турпатындагы тектирлер, ошол эле жылгалар. Ооба, жолдор бирде тешилип, бирде жамалып турганы болбосо, калганы ташка тамга баскандай тээ атам замандагы боюнча кылы кыйшайбай турат.

Суусамырдын суук шамалына жүзүмдү тосуп, сулуулугуна суктана сейилдегим келип, Айсулуу менен сүйлөшкүм, сырдашкым келип, колунан жетелеп ушул жакка баскан элем. Тооба, балким мунун түпкү булагы – жанагы таңгакталган акчаны каалагандай иштетем деп кыялданганымданбы? Же Жеймс Картер: «Иван, рулду Таабалдыга өткөрүп бер», – дегенине кудуңдап турамбы? Же багажниктен чыгат экенмин деп кубанып турдумбу? Же чындап эле табийгаттын сулуулугу аң-сезимимди сергите койдубу? Сыягы ушулардын баары аралашкандай. Муну Айсулуу да байкап:

– Таабалды, багажник сени эзип койду окшойт. Бул жакка басканда маанайың ачылып, ыраңыңа келе түштүң, жаным! – деди суудай тунук үнү менен. Айсулуунун жылуу сөздөрү мага дем болуп, пахтадай жумшак колунан кармап кучактадым. Ал каршы болбой мага эркелей жөлөндү:

– Туура айтасың, жол бизди кыйла чарчатты. Бул жердин кереметин көрдүңбү, заматта чаалыкканыңды жазып, мүшкүлдөрдү унуттурат. Тим эле жашагың келип, ай-ааламга бакыргың келет.

– Жеймс жездем айтты го сени рулду башкарат деп. Бул жагы жакшы болбодубу.

– Бирок, Иван жездемдин ачуусу таркабай турат.

– Ооба.

– Ал машинени атайылап бузган жок да.

– Туура.



– Рулду урушу жок эле беришсе болмок, көңүл калды болбой.

– Мен андай нерсеге маани бербепмин.

– Ооба, сен мени ойлодуң да. Сарсанаа тартпа, баары жакшы болот.

– Тиги жардам берген киши Иван жездемдин таанышы окшойт? – деди Айсулуу.

– Мен болсо аны Жеймс Картердин досу деп ойлопмун. Аты да башкача Шайтан Напси экен.

– Таз баш кебетесинен, куу көзүнөн, шыпылдап, шайтандап, утуру Иван жездемди аракка кыстаганынан жаман көрүп жаттым эле, түзүгүрөөк эле киши окшойт.

– Жалал-Абаддан бери куйрук улаш келатканынан күмөнсүп, мен дагы жаман көрүп жаттым эле.

– Эми «Адам аласы – ичинде, мал аласы – тышында» – деп коёт эмеспи.

– Кыжаалат болбо, анын бизге зыяны жок, – десем:

– Сен жанымда турганда мен эч нерседен коркпойм, – деген Айсулуу жароокер тиктеди. Жаратылыштын бейиш төрүндө, сүйүктүүм кучагымда, пачкелеген акчаны түз маанисинде басып жатам. Дагы эмне керек? – деп ыракаттуу сезимдер дилимди кытыгылады.

Асфальт жолдун боюнда, ашкананын астында турган Тиртеевалар менен жездемдер: «Машине качан оңдолот? Тойго үлгүрүп баралы!» – деп дагы эле өчпөгөн үмүткө бел байлап, тызылдап жатышкан маал. «Дүрр!», – этип кыймылдаткыч от алып, машине оңдолот. Лакшми эжем бизди чакырганы вагон артын көздөй жөнөйт, ал эми калгандары унаага олтура баштайт. Жеймс жездем өз ордуна, ал эми Иван жездем рулга олтурат. Муну көргөн Жеймс Картердин ачуусу келип, багажникке кубалайын дегенде баягы мурду барбайган, кыймыл-аракети шыпылдаган таз баш Шайтан Напси келип:

– Кошумча дөңгөлөгүңдү берип турчу, сеники да кудум меникиндей он жети турбайбы? – деп Иван жездемден өтүнөт. Шайтан аке менен Жеймс жездем экөө бири-бирин кайрадан жактырбагандай тиктеше калат. Жеймс жездем айласы куруп же Иван жездемди машинеден багажникке айдай албай, же шыпылдаган таз баш кишиге бирдеме дей албай арсар абалда калат. Өзү – дөңгөлөктүн ээси, «Унаадагылар-ды» каалагандай калчап, өзү билгендей өкчөгөн Жеймс Картер да. Ошондуктан Иван Фитин да тиги жардам көрсөткөн таз баш кишиге жооп айта албай, ал да мукактанып, кыйналып кетет. Жеймс Картер Иван Фитинге кайрылып:

– Кошумча дөңгөлөктү чыгарып бер, – деп буюруп, өзүнүн өктөмдүүлүгүн дагы бир ирет көргөзөт, машинени тегеренген шопурлардын ар түркүн көз караштарынан улам, «жайдак атка бой бербес, жаактууга жай бербес» Жеймс Картер тиги кишинин өтүнүчүнө ынайт. Иван жездем жүдөп-какап жатып кошумча дөңгөлөктү чыгарып, шыпылдаган Шайтан акеге карматат. Жеймс Картер да, Иван Фитин да, эгер азыркыдай катаал кырдаал болбосо мурдун балта кеспей тургандардан. «Жол узак, дөңгөлөк жарылса бутубузга алмаштырабызбы?» – деп түк ойлошпойт. Тиги даңкайган кишиден кол кабыш болду, ошого карап жардам кылууну көздөштү. Ага жардам иретинде эмес, эсеп-кысап менен жашоого көнгөн эргулдар карыздан кутулуунун гана айласын кылышты.

Бирдемени айткысы келип, чыдамы кеткен жолоочум Исраил мырза кайрадан сөзгө аралжы болуп:

– Айсулуу экөөң вагон артына басып, Суусамырга суктанып, сүйүү балына чөмүлүп жатканда шыпылдаган Шайтан Напси кошумча дөңгөлөктү алган кырдаалга күбө болбоп-суңар.

– Туура.

– Аны алган кезде таңгакталган акча эмне болду?



– Туура баамдадыңыз. Эгер Айсулуу машинеде болсо, кошумча дөңгөлөктү ким алды? Кантип алды? Тиги акча ордунда калдыбы? Баарын төкпөй-чачпай айтып бермек. Анын эмне болгонун кийин билдим.

– Мына сага.

– Баян ирети менен кетсин, байке.

– Мейли, мейли, чыдамым кетип жатпайбы, уланта бер.

– Биз Суусамырдын сулуулугуна купулубуз толуп, жашоонун ыракатына балкып жаткан кезде вагон-үй тараптан:

– Таабалды! ээ Таабалды! Келбейсиңерби! – деген баягы эле Лакшми Тиртееванын тааныш үнү жаңырды. Артка кайттык. Мотордун билинер-билинбес үнү чыгып, бардыгы машинеге жайгашыптыр. Эмнегедир оюма дароо акча келди, бирок, машине жолго чыкканы турса, чукуланып калмак белем, шүмүрөйгөн абалда багажникке кирдим да, санаанын сазына баттым. Минткеним акчамды текшерүүгө үлгүрбөй калдым, бир жагы машине бузулганга чейин Жеймс Картер «Рулга Таабалды олтурсун», – деп кесе айтты эле, ал эми иш жүзүндө ал жерге Иван Фитин отурду. Ал короз пейилденип рулга отурганына ичим ачышып, тиземи кучактап ыза болдум. Жанакы Суусамырдагы шаңкайган маанайым күн бүркөлгөндөй тунарды. Айсулуунун алдында Суусамырды айланып учкан бүркүт болбой, адамдын канын соргон күрүчтүн данындай сиркеге айландым. Иван жездемдин жоон моюндугуна мен гана эмес Жеймс Картердин да ичи чыкпадыбы, кыска убакытка созулган жымжырттыкты анын ачуулуу үнү бузду:

– Иван!

– Эмне?

– Түш рулдан!

– Түшпөйм, – деп каяша айтты Иван Фитин.

– Түшпөсөң, түшүрүп коём! – деди Жеймс Картер көшөрүп. Анын ачуусу келгенин сезген Иван Фитин чөгөлөгөн адамдай үнү кардыгып, көзү каканактап:

– Кагылып кетейин, жезде. Мына булардын көзүнчө шерменде кылбаңыз деген ойдо баратып, – адашып тормузду тээп алдыбы, же Жеймс жездемдин ачуусуна тийип алса, рулду мажбурлап эле тартып алат дедиби, машине казык каккандай «лык» токтоду. Төбөм менен унаанын темирине сайылдым, кулагым тунуп, башым тунжурап калды. Жезделерим эр эңишкен балбандардай тартышып жатышты. Мага алардын сөзү угулбады, бир жактан, темирге ооруксунган төбөм лакылдатып оорутса, экинчиден, баягы жоголуп кеткен санаам Шайтан Напси акедей болуп жоктон пайда болуп, айламды курутту. Бул жагымсыз санаа тээ Оштон чыга бериште башталып, Өзгөнгө киргенде күчөп, басырык баскандай, алсырата муунткандай, сыздооктой сыздаткандай, чөккөн кемедей болгон – капачылык эле. Анын даамын ачуу туздай эстеп калгам, кантип унутайын. Жанараак эле Суусамырдын жомоктогудай кооздугуна көз артып, Айсулуунун жумуру турпатына суктанып, жүрөгүм жаш баладай кубанып жаткан. Минтип, багажникке кирээрим менен күн баткандай жок болду. Бул жакка көнүшүп «Багажникчи» болуп калбадым беле. Бул жердин тардыгын, таза аба жетишпестигин, буту-колуң кысылгандагы жүрөктүн сыгылганын, көз таңгандай караңгылыгын – ыңгайлуулукка айландырып, мындан ыракат алууга көнүшүп калбадым беле. Чамасы акыл-чөйчөкчөсүндө ошол жаман сезим көмүскө калып кеткендей. Ал көмүскө сезим эмнеден баш көтөрдү? Аа, болду-болбоду, ошол жерге жанагы Жеймс Картердин «Иван, сен машинени буздуң, эми рулду Таабалдыга бер!», – деген сөзүнүн үрөнүнөнбү? Же, кошумча дөңгөлөк тараптагы таңгакталган акчаны ордунда экенин тактабаган санаам сазайымды алдыбы? Билинбеген менен ошол ары жок



немелер көмүскө туюмумда тамырлап, өнүп, өсүп жаткансыйт. Балким, Суусамырдын кооздугу менен Айсулуунун сулуулугун көрүүгө да ошол аң-сезимге катылып калган, жанагы чала жан үмүт жарыгы дем бергендей. Ммм... Минтип Иван жездем рулга, мен кайрадан эле багажникке жыгылганда, көпкөн көмүскө сезимимдин каңырыгы түтөп, жүрөгүмдү айланта баштады. Рулга, акчага жулунбаганым менен, рулду, акчаны самаган ичтеги аң-сезимимдин күрөшүнөн өткөн азап жок тура. Мындай кордук тозокто да болбосо керек. Тирүүлөй жан-дүйнөнүн куйкаланганынан өткөн кордук жок тура. Же көкүрөгүңдү жыртып, жадыңа катылган каалоону кесе албайсың, же азапка салган башыңды жанчый албайсың. Мен багажниктин кысканына мынча кысылган эмес элем. Жамандыкты өзүң чакырат экенсиң, жан дүйнөңө дүрбөлөң салып.

Чокум кайрадан оорутуп кирди. Сыздатканына жан чыдагыс болуп көзүмдөн от чыгып, төбөмү айры менен чапкансып оорутканын айтпаңыз. Астейдил кармаладым. Томуюп, шишик пайда болуптур. Ушул абалда, башымды чатыма катып, шалдая, кыйлага дейре жаттым. Ооруксунганы бир аз басаңдаганга салондогу кыйма-чийме сөздөр даана угула баштады. Сыртта хинди киносун тамаша кылгандай жанагы шопурлар тиктеп турат. Балким, унаа оңолбой калса кайра жардамдашалы дегениби, же эки жездемдин кажылдашкандарын укса-укпаса да булардын тирешин сыртта мушташ менен уланат деп күтүп жатыштыбы? Жезделерим да чарчагандай, алар деле «Бириң кайың – бириң тал, бириң өлүп – бириң кал» дегенсип көңүлдөрү кайт болуп отурушат.

– Жезде, жан соога, коё туруңуз. Ушул жерден айдап чыгып кетейин, – деген Иван Фитиндин жалбарган сөзү даана угулду.

– Эмнеге? – деп Жеймс Картер кыска күрсүндү, Иван Фитиндин жалынган сөзү Жеймс Картерди кыйла жумшарта койду. Муну байкаган Иван Фитин жалооруганын күчөтүп, көздөрү ишенимдүү карап:

– «Машиненин ээси тиги текебер киши болсо жардамдашпайбыз» дешкенин Таабалдылар да угушту.

– Ммм.. анан.

– Меники деп жанымды жедим.

– Эмнеге анттиң?

– Ошентсем, машинени оңдоп берүүгө макул болушту.

– Эй, сен, өзүңчө эле Мухаммад Пайгамбардай чынчыл, Сократтай философ болуп жатпадың беле! Ошондо быягы эмне болду? – деп мурдараак күпүлдөп жатышкан жездемдердин ачуусу таркап, эмки сүйлөшкөндөрү кадимки божурашкан маекке айланды. Мурдумду кесип берейин, булардын мунусун түк түшүнбөдүм.

– Сиз мага «Машинени буздуң», – деп күнөө койдуңуз, туурабы?

– Койгонум чын, бирок сен тигилерге «Машине меники», – деп жалган айткан турбайсыңбы? «Адалсынган молдонун үйүнөн алты камандын башы чыкты» болуп жатабы, ошондо.

– Эң башкысы унааны оңдоттум, канткен менен эми менин абийирим – жүрөгүмдү сыкпайт.

– Ал кандай абийир?

– Машиненин көрсөткүчүнөн суунун кайнаганын көрүп, «Машине бузулса, жездемдин машинеси бузулат да», – деп кара санатайлыгым ашып, ошого алдырып койдум, – деп агынан жарылды. Чындыкты коркпой айтканы Жеймс Картердин кызыгуусун арттырды:

– Болуптур, машине бузулса, бузулсун. Жамаат тойго жетпей калбасын деп ойлонбодуңбу? – деди башын бир аз көтөрүп.



– Качан гана машине «лык» токтогондо көргө камалгандай жүрөгүм сыгылып кетти.

– Кудайга шүгүр, адамдык касиетиң жоголбоптур. Эмне кылышыбыз керек ошондо?

– Ынтымакта кете берели, – дегенин Жеймс Картер макул көрдү окшойт.

Кырдаал ушундай болуп тез өзгөрдү. Мен болсо «Каап» Жеймс Картер боштук кылып, сөзгө жыгылып берди. Бир аз катуураак турса, Иван Фитин багажникке, мен рулга олтурат элем деп көңүлүм муздай, тамагым кургай түштү. Тамагым гана эмес жүрөгүм да куруй түштү, тооба. Адамдын каалоосу аны чөлдөй кылып какшытып коёт тура. «Рулга олтурасың» дегенди уккандан бери, ошол үмүттүн этегине эрмешем. Өзүмдөгү каалоом демейдегидей болгону менен өзөгүмдөгү өрттөнгөн каалоом айламды кетирди.

Иван жездем карылуу колдору менен рулду коё бербей, машинени от алдырып айдап жөнөдү. Арадан бир аз өтпөй өзүнө ыраазы болгон Жеймс Картер Иван Фитинди эрмек кылып:

– Ынтымак дейсиңби? – деп Иван жездемдин сөзүн кайталап. – «Бая эле жан дүйнөмдү тебеледиң», – деп капа болуп жатпадың беле. Ушул жерге токтотуп, шермендеңди чыгарайынбы? – деп шопурлардан ат чабым узай элек жатып, Иван жездемдин мазесин алды.

– Эң-кур десе Төө-Ашууга чейин тийбегиле. Ошол жерде мага демектен кууруп жегиле, – деп арына келе түштү. Жеймс Картер Иван Фитиндин аны менен тең ата сүйлөшүп жатканына кыжырданып:

– Кууруп жегидей сен эмне кекилик белең? – деп кодулады.

– «Кекиликсиңби?» – дебей, элди сыйлап жакшыраак сүйлөшпөйлүбү? Көрбөй турасыңбы, мен рулдун башка-

руучусумун, – деди бүт жер шарын мыкчып тургандай, ачуусу келгенге «сенсиреп».

– Өзүң айтып жатпайсыңбы «Кууруп жегиле» деп, – кычыды Жеймс Картер.

– Туннелге чейин чыдап туруңуз деп гана жатам, туура түшүнүңүз, – деп кайра Иван Фитин жоошуй түштү. Азыркы тапта унаанын кожоюну Жеймс Картер гана тизгинди тутамдап, айтканы айткандай болуп тургандыктан, айла жок кайра «сенден» «сизге» өттү. Сиз деп чегингенин утулуу катары баалаган Жеймс Картер:

– Туннелге чейин гана айдайсың, – деп кесе сүйлөп, кабагын сала терезеден сыртты тиктеп, ойго бата түшүп. – Иван, эмне эле мынча күйүгөсүң? Ошонун жообун айтчы, – деди кайра.

– Кандай жооп? – деп үнү каргылдана түштү, рулду алганына сүйүнөрүн же күйүнөрүн билбей.

– Сен жанараак эле философ болуп жатпадың беле? – дегенин укканда, эптеп кепти ушул жакка буруп, Жеймс Картерди алаксытуу амалына өттү:

– Эми жашоо, дүр-дүйнө жөнүндө, адамзат боюнча, анча-мынча ойлор бар, – деп кадимки Платондун кейпин кийип, жүзү олуттуу боло калды.

– Ошол ойлоруңдан калдыбы?

– Бар анча-мынча.

– Ошондой де.

– Айтайынбы?

– Айт.

– «Багажникке» түшкөн адамдын: жүрөгү, буту-колу, көңүлү, жада калса өзү кошулуп кысылып жатпайбы?

– Ии...

– Адам макулуктан өтүп эркиндикти каалайт экен. Эркиндиксиз жашоо – азап тура. Биздин эркиндигибизди башкалар гана эмес, өзүбүздү өзүбүз дагы кысабыз.



– Демек сенин оюңча «Багажник» зындан? – деп полемикага аралашты.

– Бүт дүйнө – Багажник. Биз анын кысылып – тыгылган жүгүбүз!

– Мына сага!

– Турмуш – Багажник: бай-кедей, эркек-аял, жаш-кары күчтүү-алсыз, өкүмдар-кызматкер, ак-кара – баары бирдей багажниктегидей кысылат.

– Кызык экен?

– Кызмат, жумуш, бизнес – Багажник: кызматыңбы, жумуш ордуңду, бизнесиңди сактоо үчүн өмүр өткүчө кысыласың.

– Дагы...

– Сүйүү – Багажник. Сүйүүңдү сактоо же сүйгөнүңө жетүү үчүн өмүр бою кысыласың.

– Оп-поо...

– Достук – Багажник: доско достой мамиле күтөм деп өмүр өткүчө же кол үзгүчө кысыласың!

– О-хоо...

– Бала – Багажник. Чоңойтом, окутам, сакайтам, үйлөйм, турмушка берем деп кысыласың. Тынбай калып ажырашып кетсе: «Каерде, кимдер менен жүрөт? – деп санаа тартасың. Ой балама көз салып тур, жардамдашып кой» – деп сурангането дагы азап. Ага бизнес ачып, же иш издеп өмүр өткүчө кысыласың.

– Улант....

– Мамлекет – Багажник: кичине, алсыз мамлекеттерди чоң, күчтүү державалар, империялар кысат. Империя, державалар: «Ушул бийик, улук статусумду кантип сактай алам?» – деп баш көтөргөн мамлекеттерге ачык да, тымызын согуш уюштура берип уйкусу качып кысылат.

– Чап камчыңды...

– Ууру, коррупционер, кылмышкер – Багажник: «Качан айыбым ачылып, камалат экенмин?» – деп кысылат. Бай: «Качан бирөө – жарым өлтүрүп, байлыгымды тоноп кетет?» – деп кысылат. Кембагал: «Качан мансапка, бийликке жетем?» – деп кысылат. Зөөкүр: «Качан бирөө жарым өлтүрүп кетет?» – деп кысылат. Жаштар – акылынын алсыздыгына, улгайгандар – күч-кудуреттин кеткенине кысылат. Ойноштор – ойношу бирөө менен ойноп жүрөт деп кысылат. Турмуш күтөм деген аялзаты – кыялындагы миллионерди күтө берип кысылат. Төрөбөстөр: «Качан төрөйм?» – деп, төрөгөндөр: «Балам качан эрезеге жетет?» – деп кысылат. Карызы барлар: «Качан карыздан кутулам?» – деп, акчасы көптөр: «Үзүрүн качан көрөм?» – деп кысылат.

Зек – түрмөдө,
Солдат – окопто кысылат.
Молдо – тойдо,
Алкаш – мечитте кысылат.
Сойку – ыймандуу эркектердин арасында,
Интеллигент – кемпайлардан кысылат.
Генерал – формасынан,
Семиз – фигурасынан,
Майит[1] – казанасынан кысылат.
Бойдоктор – төшөккө жеткиче,
Үйлөнгөндөр – сүйүүсү муздаганына кысылат.
Алкаш – арак таппай,
Наркош – доза жетпей кысылат.
Сулуу – тырышына,
Куник – сулуу боло албай кысылат, – деп деги эле токточудай эмес.

– Токтотчу, – деди кыжырданган Жеймс Картер. Кызы жогорку айтылган ойлордун кээ бири жездемдин жүрөгүнө түз барып сайылды окшойт, мурункудай тамашага салам

[1] *Майит* – маркумдун сөөгү.



деген оюну өзүн «Багажникке» салгандай жүрөгүн кыстыбы, эмнегедир баягы корс үнүн оңдоп, жумшак, ойлуу сүйлөгөнгө аракет кылды.

– Дагы кандай сөзүң бар?

– Адам күндө сыноодо экенин эч унутпаш керек.

– Түшүндүк, – деди.

– Эмнени?

– Жер шары – Багажник экен. Ал эми жүргүнчүлөр – эл экен. Демек, багажниктеги кысылуу – адамдын өзүнүн оюнун азабы экен, салон – эркиндиктеги сыноо (байлык, бийлик), сырт – бул жаратылыш, таза аба, бийик асман жана адам баласы, адам баласынын жан дүйнөсүнүн эркиндиги. Ошол жаратылышыбыздан адашпасак... Ошондойбу?.

– Иии-иии...

– Таабалдынын кыртышында адамзаттын проблемасын айттың.

– Ммм-ммм...

– Турмушуң турушу – Багажник турбайбы: ха-ха-ха! – деп жасалма-чыны аралаш каткыра эзилди.

– Болдубу же дагы айтасыңбы?

– Эң негизги ыңгайлуулук – жакшы ден-соолук!

– Мунуңа кошулам, – деди Жеймс Картер.

– Акыры түшүндүңүз окшойт, – деп жооп берген Иван Фитин Төө-Ашуунун туннелине жетип токтоду да, машиненин ачкычын Жеймс Картердин колуна берип: – Ыраазымын, эми «рулду» ала бериңиз, – деп эшикке шашты. Бул сөздөр ысык үкөл алгандай менин бүт денемди ысытты. Денем менен бирге ички дүйнөм ысыды. «Багажник» тар көрүнбөй – Атлантикадай чалкып турду. Адамга сөздүн кудурети ушунча таасир эткенин караңыз. Бир сөз өлтүрүп, бир сөз кубат берип коёт турбайбы деп ойлоно рулду кызгана тиктедим. Руль – бош. Иван жездемди издедим. Баяраак Суусамырга кандай суктанган болсом, ал да дал ошондой жайы-

лып жаткан Суусамыр өрөөнүн ойлуу тиктеп туруптур. Мен Суусамырды ылдыйдан өйдө тиктеген болсом, Иван жездем канатын керген бүркүттөй өйдөдөн ылдый тиктеп, бирде Суусамырга, бирде Төө-Ашууга көз жүгүртүп, ойлор ааламына, кыялдар дүйнөсүнө батткансыды. Төөнүн өркөчүндөй катаал ашуу бизди бурганактап тосуп алды. Төө-Ашуунун табияты ушундай, ачуулуу адамдай сүрдүү көрүнүп, бирде бурганактап, кээде туман каптайт. Пейили өтө чукул, күн шашкеде турганына сүйүнгөнүңдү бат эле жашын төккөн кара жамгыр, мөндүрү менен чыгарып алмайы бар. Ачуусу таркаганда кең пейил кишидей жазылып, көк асманды шапке кылып кийип алат. Илгери туннел курула элек кезге чейин ата-бабаларыбыз Төө-Ашуунун аркы бетине капталдап ашышчу экен. Азыр деле непада койчулар күн ачыкта ушул жак менен Төө-Ашууну ашканына адам, мал-койдун изинен байкоого болот.

Жеймс Картер деле Иван Фитинге окшоп Төө-Ашуунун Кудай берген кереметтүү жаратылышына, асман тиреген бийиктигине, абасынын тазалыгына, Суусамырдын суугунан Сары өзөн Чүй өрөөнү менен Бишкекти тосуп, коруп турган калдайган караанына суктанып турду. Ушундай бийиктикке, ушундай кооздукка, ушундай касиеттүү көрүнүшкө Иван Фитиндин баштараак айтылган акылман ойлору далма-дал келип калды. Жеймс Картер ушуну сездиби же уяты ойгондубу унаанын эшигин аттап жатып салондогулардын баарына угуза:

– Таабалды, Иван унааны башкаруусун уланта берсин! – деди. Менде ток тепкендей реакция болот бекен дегем. Биринчи ирет эч кандай куулук-шумдугум жок Иван Фитин унааны айдап улантуусун мен дагы эп көрдүм. Анын учкул ойлору, бүркүттөй болуп Төө-Ашуудан Суусамырга көз жүгүртүп туруусу: дал Төө-Ашуудай бийик көрсөтүп, дал Төө-Ашуудай сүр берди.



– Макул, жезде, – деп чын ыкластан баш ийе жооп айттым. Ал эми салондогулар муну укса да, ооба же жок дебей, жымжырт болушту. «Айдай чырайды иттей кыял бузат» демекчи, тилекке каршы, Иван Фитиндин кийинки бейкылыгы баарыбыздын асыл ойлорубузду ойрон кылды. «Жылан чакпай, жылкы теппей», ушундай сүрдү, ушундай кооздукту тиктеп турган жеринен ажатканага жетпей, шымынын сыдырмасын сыдырып, эки бутун талтайтып, кичи заарасын коё берсе болобу. Жездемдин табарсыгы жарылайын деп калган экен, заара кылганы бүт мурунку асылдыктын чакчелекейин чыгарды. Жеймс Картердин өңү алеки секундда көмүрдөй карайып, ыраңы кирдей түштү. Заматта мурунку арууу оюу кайт болду. Мен деле, эжемдер деле дал ошондой абалда калдык. Атүгүл, кыжыры кайнаган Лакшми Тиртеева: «Табарсыгың жарылгыр, чыдап турсаң өлүп калбайт элең го!», – деп үнүн бийик чыгарып, кейип жиберди. Ак кар жамынган, асылдыкка малынган Төө-Ашууну мазаккар тагандай сезилди баарыбызга. Кыймыл-аракети ойлорунa такыр дал келбей, табийгатты, көсөмдөрдүн улуулугун сөз кылганы менен бул кылыгы баарыбыздын буга болгон сый-урматыбызды сындыргансыды. Муну көргөндө «Рулга» умтулуум кайрадан жанданды. Тооба, муну биз гана аңдабастан, Төө-Ашуунун колдоочусундай болгон кара туман кудум ажыдаардай Төө-Ашуунун өркөчүнөн ылдый шашып жөнөдү. Табарсыгын бошотуп, бир саамга дендароо болгон Иван Фитин да ушул кубулушту көрүп, чочулагандай артка шашты. Жеймс Картер уйкусурагансып, колун керип, алаканы менен оозун тосуп:

– Эй Иван, сага эмне жин тийдиби? – деди.

– Эмнеге? – деп суроого суроо менен жооп берди.

– Чыдамың жетпей калдыбы? Таза жерди жайладың го?

– Ошол элеби? Ээ жезде, бул жерде камера жок, сар-саа болбой эле коюңуз. Айып пул төлөбөйбүз.

– Эй, Кудайдын камерасын ойлободуңбу? Жараткандын камерасы 365 күн, 24 саат, ар секунд сайын көзөмөлдөп турат, – дегенин укканымда оюма дароо пакеттеги таңгакталган акча түштү. Корккопум: «Акчаны тапкан жерде камера жок бекен?», – деген ой кылт этти. Эгер түшүп калсам, оңой эле таап алышат. «Бактын ичинде камерага балээ барбы?» деп кайра өзүмдү-өзүм жоошуттум. «Каржылык тартышта бак ичи эмес, бер жагына жеткизе албай жатышканда», – деп кайра берки оюмду бекемдедим. Ал эми Жеймс жездем айткандай Кудайдын камерасы ар секунд сайын көзөмөлдөп турса, мен анын көзөмөлүнө түшүп калган турбаймынбы? Мен ойлогом эч бир жан көрбөй калды деп. Муну ойлогондо уктап жаткан уятым ойгонду. «Уятым жоголуп кетпей, дале болсо жан дүйнөмдө жашап жатканына Кудайга шүгүр», – деп ыраазы боло түштүм. Жаным да жай алып, көөнүм ачылган гүлдөй бажырая түштү. Мындай ыракатты качан таттым эле? Ооба, сүйгөн, күткөн адамың күттүрүп жатып «жарк» этип бурулуштан чыкканда кубанасың го, дал ошондой кубаныч каптады. Акчаны эжемдерге, жездемдерге айтып, ээсине өткөрүп берем дедим. Ушинтип чечтим. Бир жагы тиги түрү суук жан алгычтарга Кара-Көлдө убада берип койбодум беле. «Эми эмне кылсам?» – деп айлам куруду. Берип койсом үйдөй ойлордон кутулам, бербей койсом Кудайдын камерасына тутулам. А эгер, акча жанымда калса бүт каржылык маселем чечилип гана калбастан, ой жетип, кол жеткис максаттарымды толук ишке ашырам. Бишкек шаарындагы заманбап батир менен апакай унаа көз алдыма кайрадан тартылганда, ушул максаттарымды ишке ашырууга болгон каалоом акчаны ачыктайм деген оюмду артка кайтарды. «Берем-бербейм» деген ойлор мени кажып бүтмөк болду. Кудум мендей ойлорго жетеленген Иван Фитин да:



– Коюңузчу жезде, болбогон кепти токтотуңуз. Мен ойлоптурмун рулду башкарууну уланта бер деп сунуш айтат экен деп.

– Мына аялың күбө, салондогулар бүт укту. «Унааны Иван башкара берсин» деп айттым, – деди көзүн жалтактатып. – Айттымбы? – деп «Рим империясынын сенаторлоруна» кайрылгандай, бизден колдоо издегендей күрсүндү.

– Айттыңыз, айттыңыз, – деп унаадагылар анын сөзүн кубаттап, кайталадык.

– Уктуңбу, менин сөзүмдү баары тастыктап турат.

– Эмне? Эми сасыган заара үчүн «махабатыңыздан» кайттыңызбы? – деп кумсара түштү Иван Фитин. Мен болсо, Иван Фитин иренжите турган кылыгын көргөнгө чейин таза пикирде болсом, азыр болсо «Жеймс Картер айнып кетпегидей эле, сөзүнө туруп, ачкычты мага тапшырса экен» деп, менин да чыдамым кетип, кудум Иван Фитиндей алдастадым. Жеймс Картер Иван Фитинди тиктеп:

– Кайттым. Багажникке чык, – деди эле, чокуга бир ургандай Иван Фитиндин «колундагы коону жерге «лап» этти. Тирүү адам болсо эле машакаттын ичинде. Жыргал жашоо жок. Рулда деле, багажникте деле бирдей, өзүнчө түйшүгү бар. Кайрадан орун алмашчу мезгил келип жетти. «Орун алмашуудан сумма өзгөрбөйт» деп ыраматылык математика мугалимим Ырыс эжеке айтчу эле. Кайсы жерде машакат, кайсы жерде ыракат экендигин аңдай албай Иван жездем экөөбүздүн башыбыз деле маң болду. Ашыкча сөздү уккусу келбеген Жеймс Картер күйүп-бышып:

– Ээ, Иван, эмне момураясың, багажникке чык! – деп буйдамага келбей корсулдап калды. Иван жездем Жеймс жездемдин ачууланганына маани бергиси келбеген түрдө үндөбөй багажникке чыгып, кырынан кыңтайды. Заматта жели чыккан топтой бырыша түштү. Маанайы өчкөн Иван жездемдин ичи аңгырап калганы дароо жүзүнө тээп, кы-

зарган бети бозоруп, жалжылдаган көзү киртейди. Жездемди эми түшүндүм, ал бекеринен Төө-Ашууну, Суусамырды тиктебептир. Бийиктикти тиктегенинде мандем бар тура. Төө-Ашууну тиктеген менен «Багажниктин» ичиндеги көздөр таптакыр башка ааламдагы, башка адамдын көз карашы экенин бир мен, бир Иван жездем экөөбүз гана туйдук. Муну жон терим менен туйганга андан бешбетер боорум ачып, жездемди аяп кеттим. «Мени аяган жан жок», – деген ичимдеги өзүмчүл «Эгом» болбой эле рулду мыкчытты. Ачкычты ачтым, панел жанып, кыймылдаткычтын үнү гоорулдап, бензиндин жыты мурдумду өрдөдү. Жездемди дагы бир мертем аяп кеттим. Бензиндин жыты «Багажникке» барып такаларын билем да. Аны-муну ойлоп, туннелге киргенде панарды жандырганды унутуп калыптырмын, машинени башкаруу менен өзүмдөн бөлөк беш адамдын өмүрү менин колума тийгенин туйганга сестене, фарды жагып, алдыда бараткан ак фурага куйрук улаш жармашып, озуп өттүм. Жаман адамга теңелип жаман болоюнбу, бошошпой бир аз ишенимдүүрөөк болоюн деп газды чыңыртып дагы-дагы тептим. Бул ишааратымды Жеймс Картер жактыргандай уурту тартыла, көзү кымыңдай түштү. «Эмнени ойлоп, эмнеге жымың этти?» – деп ойлоп отурбадым. Буга чейин бирде багажникте кысылып, бирде рулга олтуруп, манчыркагандан оозум сүткө күйгөн, эми айранды үйлөп иччүлөрдүн катарындамын. Ошентип, кайгырсам чөкпөй, шаттансам көппөй, момун болууга ниеттендим. Негизинде, момун – адамдарга, адамдар – момунга жакын болот. Элден чыкпайын, момун болоюн деп улутундум. Жарык оюм менен кайрадан рулга олтурганыма ишене албай күзгүдөн артты карадым. Айсулуунун жүзү жааган кардай агарып, толгон айдай жапжарык боло түшүптүр. Мунусу кубанганы го деп түшүндүм. Анын кубанганына корстон болгондо жүзүмдү алеки секундда «гүү» этип жылуу агым каптады.



Ушул кезде мен чочулаган неме жер көчкөндөй жылбышып, жакындады. Миң ирет жан далбас урганым менен чала өлүк болуп жаткан «Текебердик» кайра тирилди. Келбесе экен, айланып өтсө экен дегенимден эч майнап чыкпады. Же, ал менден кетпей эле вирус сымал терең уйкуда жатты беле. Айтор мурдумду, маңдайымды, алаканымды майда тер басып, жүрөгүм дүкө-дүк согуп, өпкөм көөп кабыргамды тирей түштү. Жолду караганга үлгүрбөй калыптырмын, жыртык чуңкурга бир дөңгөлөгүм түшкөндө чокум менен машиненин шыбына урундум. Төбөм «зың» этип көзүмдү ачыштырып, таңдайыма жагымсыз даам келди. Жанагы багажниктеги; башымдагы шишигимди унутуп калган экенмин, ошонум «Шералынын чокоюн маңдайыма кайрадан илди», каерде жатып, кайсы жерден чыкканымды эстетти. Аны эстегенде андан бетер айлам куруп, төбөм лакылдатып оорутту. Рулга шашып жатып, багажниктеги таңгакталган акчаны текшерип койбоптурмун, төбөм жарылгандай ачышканда ошол эске келди. Шаңкайган көөнүм бир заматта кирдей түштү. Көөнүм кирдегенге ойлорум да бузулду. Бузулган ойлорум бузулган жолдорго, чуңкур-жыртыктарга тыгылды. Жиним кайнаганга жанараак эле жыргай түшкөн ичим аңгырай түшкөнгө, жолчуларды, чоңдорду болгон балит сөздөр менен энелерин кошуп ашата сөктүм: туннелдин ичиндеги чуңкурларды толтуруп коюшса – өлөбү? Уурдашкан уурулар да. Бу ууруну – ууру, туурун – тууру деш керек, туурабы? Тимеле эркелетип «коллекционер» дегенсип «коррупционер» деп атап алышкан. Ошол ууру уурдабайын десе, аялынын алкымы чоң, балдары чет жерде окуйт деп соц.тармактарга өздөрү мактанып, сүрөттөрүн чыгарып жүрүшөт. Аялы, балдары «Акча тап» деп балчыкка тыгып койду да. Бечара чиновник кантсин? Балким анын ордунда ушундай кырдаалга мен туш болсом, мен деле ошентсем керектир? Жоо... Жок, эч качан! Элдин

акчасын жеген – Айтматовдун эли-жерин унутуп, энесинин канын ичкен «Манкуртуна» барабар. Мен антмек эмесмин. Буларчы, эмнеге минтти? Булардын ою кудум ушул жолдордой бузук. Жолдор жыртык, жамак болсо – муну караган чоңдордун бети кудум ушундай будурала. Бети гана эмес ойлору, жан дүйнөсү – баары ушундай тытылган. Ошондуктан: «Жалкоолор жана келесоолор гана уурдабайт», – деген сөз бир кезде мындайлардын ураанына айланган. Демек, элди алаксытып, уурулук кылып, сүлүк курттай соруп тим болушту. Анан жол оңдолмок беле? Кыйратып деле ондошпойт! Байпактын жыртыгын жамагандай, анысы тырнак өскүчө кайра эле аңырайып ачылып калат. Ар жылы эрте жазда ушундай көрүнүш, көнбөскө арга барбы? Туннел эле ошондой болсо мейли, шаар ичиндеги жолдордун акыбалы деле ит улугудай! «Айыл-кыштакты айтпай эле кой» – деп төбөмдөгү шишигимден улам пайда болгон шиш ойлорду, ачуу ойлорду жыйнаштырып, унааны токтотуп, шишикке кар же суу бассам ооруксунтканы басылабы дегиче туннел башындагы жарык көрүндү. Томуйган жеримди кармаласам тимеле кол тийгизбей зыркырайт, чамасы бу сапар катуураак тийгендей, балким жараты сыйрылып кеткенби?.. Жарыкты көргөнгө жарык ойлор келе баштады. Баары бир жарыктык кандай сонун ээ? Төө-Ашуунун бу бети деле ал бети деле өзүнчө эле жомоктогудай кооз. Көргөн көзүң канбайт, таңыркаган дүйнөң тойбойт. Маанайым ачыла түшкөнгө тилиме жан кирип багажниктеги Иван жездемди сурап коёюн деп, ошону менен бирге жанымды жай алдырып аманатымды текшерип, төбөм лукулдаганын, көөдөнүм солкулдаганын басайын деп: «Жезде, токтоюнбу!» десем:

– Жеймс жездемден сурачы, ал сыртка чыкпайт бекен? – деди. Жеймс Картер Иван жездемдин сөзүн укса да, негедир тымпыйып отуруп берди. Руль колго тийген соң зымыратып айдап кете берсем болмок, төбөмдөгү шишик, жол-



дордун жыртыгы реалдуу турмуштун күзгүсү болуп турса, кайсы арыма кутурайын? Кээ бир чоңдорду ууру дегеним менен мен андайга кирбейминби? Мен деле бирөөнүн акчасын алып, ачыктабастан, бекитип келатам да. Анда менин формам да «ууру» болуп калабы? Же менин мазмунум «Ууру» эмес – «Таап алды» болобу? Туура, мен уурдаган жокмун, таап алдым. Ошон үчүн менин ата-энем атымды – Таабалды деп койгонбу? Же жөн эле уйкаш сөздөрбү? Же жагдай – шарттардын айкалышы ушундай болуп калдыбы? Негизи – «Тапкан – Тапалактыкы» деген сөз бекеринен айтылбаса керек. «Таап алган» менен «уурунун» табияты бир болгон менен, уңгусу да, мааниси да бөлөк болуп жатпайбы? Демек, мен «мыйзам» алдында деле, «адеп» алдында деле акмын. Мен эмес – менмин деген: Чыңгыз Хан, Наполеон, Темирлан, Султан Сулейман, Жуков, Сталин деле жеңишинен алгандарын трофей катары баалашкан да, туурабы? Жеңиштин символу катары энчилениши мүмкүн. А эмнеге аларга уруксат да, мага уруксат эмес? Менин учурумда багажникте жол жүрүүнүн өзү чоң жеңиш. Ал эми жеңиштин трофейи – пакеттеги таңгакталган акча болуп калды. Туурабы? Ооба, баары туура болду. Бишкекке жеткенде Айсулуума ушинтип түшүндүрүп берем. Азыр ачыктасам ал муну Дублинди кыдырган Жойстун[1] «Леопольд Блумуна» окшоп, ойлору кырга чыгып, кыжаалат болушу мүмкүн. Азыр эрте. Кокустан эжемдерге айтып койсо, жаш башты алар төрт секундда мага каршы тегеретип коюшат. «Кудай берем десе бешимде кымыз» деген ушул турбайбы, Жаратканга ыраазымын. Мен бул трофейди көппөстөн татыктуу кабыл алуум абзел. Ал эми ыймансыз, абийирсиз адам кутурса керек деп божомолдодум. Ыймандуу, абийирдүү, адептүү адам эл энчин уурдабайт, бирөөнүн акысын жебейт. Кудайдан коркуп, мыйзамга баш иет. Өмүрү да узун, берешен болот. Эл менен

[1] Джеймс Джойс – Ирландиялык белгилүү жазуучу.

эсептешип жашабаска арга жок. Ал эми биздин шарттагы эл – Маркестин Макондосундагы Буендиалардын үй-бүлөсүндөй: Тиртеевалар машиненин жүргүнчүлөрү, ар биринин укугу, каалоосу бар дегендей. Анан бирөө-жарым токто десе эле токточудаймын, өзүм да сыртты күсөп тургам, андыктан, үнүмдү чыгарып кайрадан Иван Фитинге кайрылдым:

– Жезде, Жеймс жездем уктап калыптыр, жүрөгүңүз эмнени каалап турат?!

– Таабалды мен сендей болгум келип жатат, – деди Иван жездем, азил-чыны аралаш. Ичи дартым ичимде. Мендей болуп эмне кыласыз? Мендей болсоңуз багажникте да, рулда да башыңыз томуят, сыздатып оорутат деп ичимден газды тээп, ылдыйлап жөнөдүк.

«Ат арытып келгенде сыйлаары болсун пенденин, ажал жетип өлгөндө ыйлаары болсун пенденин» – дегендей ылдыйда Сосновка, Кара-Балта, андан ары күсөгөн тойго да аз калат. «Ал жерде бизди күтүп алчу, чер жазышчу, сагынычты таркатчу туугандар бар» – деп «Абла» деген жазуу жазылган сүттөй көбүргөн дарыяны жандап бараттык. Төбөмдүн ооруткан жерин ушул сууга бир чумкуп, басаңдатып алсам деп ойлогуча, арткы салондогу эжелерим: «Таабалды, ушул жерге токтотчу», – деп удаа айтып, бири-бирин тиктеп, сөздөрү далма-дал келип калганына жымың эте каш кагышты. Унаа айнегинен аны баамдап, оюбуз бап келгенине ичимден кудуңдадым. Айсулууну тиктесем, чүрөктөй созулуп, мостоёт. Жеймс Картер да чыдамы кетип бараткан экен, маңдайдагы күркөгө окшош немени көргөндө тамагын тырмап: «Жакшы болбодубу», – деп оозунан сөзү өзү эле учуп чыкты. Чынын айтканда мен деле суу бар жерге токтогум келген, болгону эми гана рулга олтургандыктан өзүнчө илбериңки болуп, башымдагы томуктун ооруткасына чыдап келе жаткам. Ошол ак көбүктүү сууларга ыктай берген жар боюндагы булакка токтодук. Баары чаңкап



калгандыктан сууга чуркашты. Кимдир бирөөлөр майлуу тамакты сиңирүүдөн улам чаңкашса, кимдир бирөөлөр «ачуу» суу ичегилерин чөлгө айланткаңы бештен белгилүү эле. «Багажникти» ачтым. Иван Фитин бет аарчыдай бүктөлүп, бырышып-тырышып чала уйкуда жатыптыр:

– Келдикпи? – деп кыска суроо узатты.

– Булакка жеттик. Түшүңүз, буту-колуңузду жазып, суу-пуу ичип алыңыз – десем, көзүн ушалап, зындандан чыккан адамдай бир аз маанайы суз. Астейдил Иван жездемди узатымыш болуп, багажниктин алдындагы пакетти текшерейин десем, Жеймс Картер бизден көзүн албай тиктеп туруптур. Шексинип калбасын деп багажникти жаптым. Бардыгыбыз сууну эми көргөнсүп, жата калып жутунганыбыз кекиртектин кыймылынан, көздөрдүн сүзүлгөнүнөн даана көрүнүп турду. Суусунум канган соң гана төбөмдүн ооругасы эске түштү. Бетаарчымды нымдап бастым, сары майдай жага түштү. Мупмуздак суу чекемден ылдый агып, коюнума кирип, чыйрыктыра койду. Ага кошулуп, эми эле оорусу басаңдаган чокумду жазгы муздак шамал аралаганга кайра оорутуп кирди. Жаным кашайып, ооруткан чокумду көргүм келди. Машине күзгүсүнөн шыкаалайын деген аракетимден майнап чыкпады. Тооба, мен деле кызык адаммын, жанымды кыйнай бермейим бар, Айсулууга айтсам болбойбу? Ал томукту көрсө, эмне, сүйүүдөн айнымак беле? Ой тооба! Жок дегенде бир пикирин айтар, болбосо нары кайтар, туурабы? Оюм акчада, жолдо, жолдун жыртыктарында болуп, төбөмдүн шишигине маани бербегениме өкүнүп, Айсулууга көз чаптырдым. Булактан суу ичкен эжелеримдин жанында көрүнбөйт, өйдөрөөктөгү күркөнүн текчесине таянган Жеймс жездем дагы жүздү ургандай бети тамылжып турат, берирээкте Иван жездем буту-колун укалоодо, анысы багажниктин азабынан экендиги белгилүү. Айдай сулуу -- Айсулуумдун өзү турсун караанын кара жер жутуп

кеткендей. Тамагым буулуп, ыраңым бозоруп, жаман ойлор чытырман токойдой каптады. Он гүлүмдүн бир гүлү ачыла элек – жаңы отоо болуп эми эле үйлөнсөм, минтип жан шеригим суура агып, бир балакет болбогудай эле деп өйдө бастым, көрүнбөйт. Нары бастым, көрүнбөйт. Көзгө көрүнгөнү эле комузун тынымсыз черткен – аккан суу. Суу бул жакта аябай шарактап агып жатат, суунун майда тамчылары чачырап, жүзүмдү суутуп, тынчсыздануум кыйла басаңдады. Каптал жактагы бадалда илинген Айсулуумдун ак жоолугун көргөндө жүрөгүм «шуу» дей түштү. «Кудай сактагыдай эле, жаман нерсе болбогудай эле» – деп оюм онго, санаам санга бөлүндү. Өзү менин көздөрүм Айсулууну көрбөй калса эле жаман ойлорду ойлоп, коркмой жайым бар окшойт. Бутумдун астындагы таштарга тайгалана эки-үч кадам бастым. Оюмда ошол бадалда ак жоолугу калып, өзү суура агып кетти болуп жатпайбы? Эми ошол бадалдын асты бош болсо, өзүмү да ошо суура таштамак болдум. Айсулуусуз жашоонун мага эмне кызыгы бар?

Айсулуум менен таң атып,
Айсулуум менен күн батып,
Кыялдарга ээр токуп,
Ай-ааламды бүт жортуп,
Жанымда басса өбөк,
Кыйналышта жөлөк,
Ойлосом оюмда,
Сүйлөсөм тилимде,
Кайгырсам кашымда,
Чаалыксам жанымда эле го,
Ай нурундай Айсулуум!

Жөнүнөн эле минтип ырдалып калган жок да. Айсулуу уктап жаткан жүрөгүмдү эстүүмүн, сулуумун деген аялзаттудан болгондуктан ээлеп, аруу сезимимден орун алып,



максаттарыма кош канат болду. Анын ушул көбүргөн, шаркыраган суура акканын элестетип, дене боюм калтырады. Акса мейли, бирок чогуу аксак, чөксө деле мейли, бирок чогуу чөксөк. Ал кантип жалгыз акты экен? Маралым, басса-турса: «Таабалды, карап койчу, минтип койчу, айтчы?», – деп биротоло мага таянып албады беле. Агып баратып кимден жардам сурап, кимге кайрылат? – деп каңырыгым түтөп, ичим эңшерилип, жүрөгүм сыздап, Айсулууну издеп, суу бойлой бастым. Бадалдар жыш, чытырман, алды жак көрүнбөйт. Ичимди сызган кайгынын кыжаалатчылыгынан таштарга чалынып, араң кадам шилтейм. Бут оорлошуп, жүрөк чел кабын жыртчудай дүкүлдөйт. Баш чайкалган кедей айланат. Аңгыча Айсулууну көрдүм. Аккан суу тоңгонсуп, бүт дене селее катты. Айсулуу бадалдын түбүндөгү ташка көчүк басып, чачын жайып, бети-башын чайканып, суура ыракаттанып жатыптыр. Мени байкаган жок. Суунун агымы көп добушту басып жатпайбы. Суунун шары жандүйнөңдү чаң соргучтай соруп, бүт чарчооңду заматта шыпырып кеткендей жеңилдеткенин айтпа! Айсулуу да ошол сезимге ыргалып, жаны жыргап, кумарлана, табийгаттын коюнунда ага жуурулушуп отурганын көргөндөгү кубанычымды сөз менен айтып бере албайм. Жанараак эле агып кетти деп түйшөлгөнүм ушул аккан суу менен ылдый акты. Санаам суура акканы менен жүзүмдө изи калган бейм, анын үстүнө жол азабынан чачым чаң болуп, уйпаланып жүнү өскөн койдой жүдөңкү элем. Ошону байкаган Айсулуум кадала тиктеп:

– Таабалды, бир жериң ооруп турабы? – деди. Төбөмдөгү томугум эске түштү. Томукту көрсөтүү үчүн башымды тизесине койдум. Денесинин жыпар жыты кеңгирете койгонго этегин өйдө сыдырып, жоон сандарын мыжып, белинен сыга кучактап, тизесин, апакай санын жыттап-жыттап өөп алдым.

– Жөн отурчу. Уят!

– Эмнеси уят, өз аялымды кучактап өпкөн уят бекен?

– Шүк турчу. Чокуңу катуу немеге сыйрып алган турбайсыңбы? Дары салгычың барбы?

– Болсо керек. Азыр жездемден сурайм.

– Мени карачы. Буга мынчалык бозорбойт элең. Эжемжездемдер урушкан окшойт?

– Жооо-к.

– Бирдеме болдубу? – деп көзүмө тике тиктеди. Жалтактаганга болбой калганга ымандай сырымды – «Тапкан тапалагымды» айтып жиберейин дедим. Өзүмдү араң кармап, аны издеген убайымым эске келип:

– Мен аябай корктум! – дедим.

– Эмнеден корктуң?

– Сени жоготуп алдым деп.

– Ии – ии... Мениби? Койсоң, – деп какшыктагандай түрдө. – А сен, сүйүүңдү жоготуп алам деп коркпойсуңбу?

– Андан шегим жок!

– Сен балким сүйүүнү – тиги жактырып-эркелешүү менен алмаштырып жаткан жоксуңбу?

– Мен ошону айткыча, шаштырып жатпайсыңбы?

– Айтчы, уккум келип жатат.

– Чындап элеби?

– Чыппачын. Дал ушул Төө-Ашуунун боорунда, тунук суулардын боюнда.

– Романтиксиң ээ.

– Жаманбы?

– Жакшы да.

– Айтпайсыңбы! Эмне созуп жатасың?

– А сен уккуң келип жатабы?

– Аябай!

– Кооз жерге бекинем деп жүрөктү да түшүрдүң.

– Кел, түшкөн жүрөгүңдү көтөрүп коёюн.



– Жүрөк көтөрүштү билесиңби?

– Энем далай ирет жүрөгүбүздү көтөргөн.

– Коргошун куйчу беле?

– Ооба, сен дагы билесиңби?

– Ооба, тайнем ошентчү. Суу менен учуктап, таңдайыма сөөмөйүн салып апаптап, жүрөгүбүздү көтөрүп койсо, так текедей секирип, оюнга алаксып калчубуз.

– Сен, сөздү бурба.

– Кайсы сөздү? Ийи ооба. Азыр, – деп түздөнүп, каадаланып, ээгимди өйдө көтөрүп, көзүмдүн ылдыйы менен тиктеп, даярданып калдым.

– Ромеого окшоп айтасыңбы?

– Шекспирди окугансыңбы?

– Жарым-жартылай. Аягында экөө тең өлүп, жаман бүтөт экен. Шекс Пириң жалаң гана «трагедия» жазат турбайбы? Сүйгөндөр ошондой болгону үчүн чоң сүйүүдөн корком.

– Менден ошон үчүн сурап жатасыңбы, Джульетта?

– Мен Джульетта эмесмин.

– А сен мени Ромео деп өзүң биринчи тийишип жатпайсыңбы?

– Айткың келбесе кеттик.

– Ий капырай, мен деле кээде... – деп Айсулууга баш кийимимди кийгиздим да, – эми Алыкулга окшоп калдың дедим.

– Мен акын эмесмин, – деп эркелеген Айсулуу калп эле илебин шалпыйтты.

– Сенин табиятың акындардай; таарынчаксың да, тазасың!

– Акындардын баары ошондой апакайбы?

– Чыныгылары ошондой.

– Чын эместери да барбы?

– Эми кой эмеси менен жүз деп коёт эле го. Эме, тилимин учунда турат. Эмне эле?

– Аксагы менен, – деп Айсулуу макалды тапканга жаш баладай кубанды.

– Акынсың десем ишенбейсиң. Дүйнөдө канча миллиард адам болсо анын ичинде сүйүүсүн таппай өткөндөр канча?! А мен сага болгон сүйүүмдү – дүйнөнүн байлыгына, өкүмдарлардын бийлигине алмашпайм.

– Макул, айтканыңа ишенем. Бирок монологуң анчалык романтикалуу болбой калды, моюнуңа ал.

– Ооба, бир аз супсак чыкты.

– Ушуну ыр түрүндө айта аласыңбы?

– Айта алам.

– Айтчы?

– Азыр – деп, жаныбыздагы таштын үстүнө чыгып, көкүрөктү ачып, чачтарымды уйпалап, колдорумду чар тарапка жайып:

Кашың сенин кудум менин кашымдай,
Чачың деле менин тармал чачымдай.
Уячаңа бүт ааламды батырып,
Жылмайганың гүлдөп турган багымдай!
Жымың этсең – жылдыз толот жүзүңө,
Сөз сүйлөсөң – сүйкүм конот үнүңө,
Чаалыкканда өмүр баркын сездирген,
Жашоо наркы эч теңелбес – Өзүңө!
Кайгырганда көп наалыбай турмушка,
Сенин барың кубат берет – Өмүргө! –

деп бүтүрдүм. Айсулуунун оозу кулагына чейин чозулуп, жаш баладай кубанганынан шатырата кол чаап:

– Ушуну өзүң токудуңбу? Же мени жоошутуш үчүн бирөөнүкүн көчүрүп алып айтып жатасың ээ? – деди күмөнсанаган тейде.

– Капырай бул ыр сени карап турганда эле жаралды.

– Чындап элеби?



– Чыпчындап!

– Анан эмне рулда келе жатканда мага көңүл бурбадың? Эжелериңден коркосуң э?

– Коркcондо эмес, сыйлайм. Элестетип көр. Эжемдердин көзүнчө:

«Карагаттай көздөрүңдөн айланам,

Моюнуңа тумар болуп байланам», – деп тоодон-тоого секирип жатсам. «Таабалды айнып калыптыр», – дешет да, түшүнсөң.

– Билбейм... Эгер Ромеодой болом десең элдин көзүнчө да сүйүшүң керек.

– Оппоо. Ромео деген билесиңби? Ал дегенчи – Капулеттинин уругунан чыккан англиялык, ал эми Джулетта Монтекинин тегини болгон – англиялык.

– Иван Фитин – орус, ал эми Жеймс Картер америкалык болуп жатпайбы?

– Ооба, ошондой. Деген менен биз – Кыргыздын урпагыбыз, Манастын тукумунанбыз. Биз каада-салтыбыз, наркнасилибиз, үрп-адатыбыз, адеп-ахлагыбыз менен идентификацияланабыз.

– Ийдентиф..... тилиң тешилет ко, татаал сөз экен. Ал деген эмне?

– Еврей, Немис, Жапан, Кытай же Испан дегендей.

– Испан бийи, Немисче тактык, Еврейдей айлакердик, Кытай – өжөр, Жапан – камикадзе....

– Иии-ии. Дал ушундай – «Кыргыз» улутунда уникалдуу, кайталангыс «Кыргыс» деген биздин кылымга дейре, жер каймактагандан бери өлбөй-житпей келе жаткан код бар. Ошол коддун сыры – Манаста. Манастын атасы кан Жакып, апасы Чыйырды, аялы Каныкей, уулу Семетей. Ушуну биз жаштар жатка билишибиз керек. Түшүндүңбү, чырагым!!!

– Чыйагым деп коёт! – деп эркелеп жатканда ары жактан: «Таабалды! Ээ Таабалды! Барсыңарбы?! Тойго кечи-

гебиз! Бүгүн көрүшкөнсүп жаман бекиндиңер го», – деп тыңшап тургансып какшык аралаш чымчылап сүйлөгөн Лакшми Тиртеева кыйкырып калды.

– Баратабыз!

– Айттым го, эжемдер «шүүйт» деп ышкырганда – «апчаркадай» тилиңди салаңдатасың.

– Мейли. Күчүгүң деле болоюн. Жүр, мый-мыйым!

– Эмне-ее?

«Ар кыздын ар дарди бар, кереӊ кыздын бир дарди бар» дегендей Айсулуу салондо, мен багажникте, экөөбүз эки жакта калып, минтип, бир аз болсо да чер жазып сүйлөшүп алганыбыздан Айсулуумдун маанайы жазылып, алдымда жапан куштай жайпаңдап басып баратты. Буга делебем козгулуп кетти. Баяраак далдоо жерде турганда кенен-чонон кучакташып, өөп-жытташып, кумардан кансак болмок экен деп мен арманда калып, машине жакты көздөй жөнөдүк.

Жолго түштүк. Бир саамга баарыбыз үндөбөй, ойго чөмүлдүк, жымжырттыкты Жеймс жездем бузду, же Иван жездемден акылман болуу жукканбы, сөздү алыстан баштады:

– Күндөрдүн төрөсү, айлардын султаны, жылдардын жаханы болот. Анын сыңары адамдар да улуу-кичүүсүнө, жаш-карысына, бай-кембагалына, амал-парасатына карабай өздөрү жөнүндө жакшы пикир жаратууга аракет кылышат. Өткөн өмүрүнө, өткөөл курагына, теңтуштарына саресеп салышат. Сени да бир нерсе түйшөлтүп жаткандай, маанайың суз го? – деди мага карап. Айсулуу экөөбүз оюн-күлкүгө алаксып, унаага кайтканда, багажникке Иван жездем жайгашып алган соң, акчаны текшербей калганга көтөрүңкү маанайым салкындай түшкөн. Ал акча бардык маселемди чечпесе да, кыялдарымды көтөргөн жомоктогу учуучу килем болуп жатпайбы. Ошондой болгон соң аны көздүн карегиндей коруп келатпаймынбы. Ошонум бетиме чыгып калгандай. Аны Жеймс жездеме айтып болобу?



Негизи мени кыжаалат кылган дагы бир олуттуу маселе бар эле. Ал нерсе Иван Фитин багажникке олтурган сайын Лакшми Тиртеева экөө мени жаман көзү менен карап, Айсулууну сарсанаа кылууда. Тууган эмес жат болсо кол шилтепнары басмакмын. Жеймс жездем өзү сөз козгогон соң, ушуну собол салууну эп көрдүм:

– Кудайдын амири мененби же сиздин таасириңиз мененби, Иван жездем экөөбүздүн статусубуз бат-баттан өзгөрүлүүдө. Мамилебизди идеалдуу деп айтууга болбойт. «Эмне түйшөлтөт?» – деп сурайсыз. Иван жездем экөөбүздү: «Рулдун Башкаруучусу» болбой кайрадан эле «Багажникчи» болуп каламбы? – деген ойлор арасат кылып жатат, деп жооп бердим. Ал өзүн акылман Аристотелдей көргөзүп, ойлорун чубап кирди:

– Негизи статуска, амалга, байлыкка кызыккандар бар го...

– И-иии...

– Ким эмне менен ооруса, шайтан ошону менен жүрөгүн курутат. Ошол менен назарын азгырып, ошол менен рухун кууратат. Жүрөгүң кууураган соң көздөгөн такка, амалга, байлыкка жетсең да ыракат албайсың! Сага айдай бийик, гүлдөй кооз сезилген неме жанынан көргөндө миңдеген кемчиликтери оркоюп, кайра бушайман жедирет. Ушуга ушунча умтулуп, канчасынын башын аттап, канчасынын көңүлүн сууттум деп жүрөгүң ооруйт, – деп Армстронг менен Айда сейилдегендей айтты.

– Бирок ошол нерсе мага деле, Иван жездеме деле, маанилүү болуп жатпайбы? Атүгүл, бул нерсе Лакшми эжем менен Айсулуууга да маанилүү болуп жатат.

– А силер андай статуска маани бербегиле. Статусту ойлогон адам гана ошону менен кесел болот.

– «Багажниктесиңби?», «Рулдасыңбы?» деп сурагылап жатышат да.

– Суроого туталанбай, болгонун болгондой жооп берип койгула.

– Багажникчи элем. Рулду Сосновкага чейин башкардым. Эми кайрадан Багажникчи болуп калдым дептпи?

– Ооба. Жүрөгүңө, жадыңа жакындата көрбө. Эң башкысы сен ошол нерсе менен ооруба. Ким эмне менен ооруса, сенден ошону сурайт.

– «Багажникчимин» дегенди угузуш өлүм болуп жатат.

– Мына өзүң айттың. Ал сырткы гана көрүнүш. Сен жашсың, он гүлүңдөн бир гүлүң ачыла элек. Жаштык – Кудайдын адамзатка берген эң кымбат белеги. Дениң сак болгон соң, эмнеңе кыжаалат болосуң? «Ыңгайлуулуктун» туу чокусу – аманчылык. Ал эми «Ыңгайлуулуктун» формасын адамдар сага түзүп, ошол жакка сени түртүп жаткандай болуп жатабы?

– Туппатуура айттыңыз.

– «Ыңгайлуулукту» адам өзү аныктаганга жеткенде гана жан дүйнөсү эбегейсиз тынчтыкка жетишет.

– Демек «ыңгайлуулукту» эксперттер эмес өзүң аныктап, ошого ыңгайлашышың керек турбайбы?

– Туура. Баса, «Ыңгайлуулук» боюнча чычкандарга жасалган эксперимент боюнча окубадың беле? – деди Жеймс Картер. Чычкан дегенди укканда тээ бала кездеги «Ун жашыкка» бекинип, аерден унга тойгон чычкан менен алгачкы жекеме-жеке кездешүүм эске түштү. Ал эми жогорку эксперимент боюнча окумак түгүл укпапмын, андыктан бүйүрүмдү кызытканга:

– Кимдер жасаптыр, – деп собол салдым.

– Америкалыктарбы же орустарбы, а балким кытайлыктар беле, так эсте жок. Айтор эркек жана ургаачы чычкандарды чоң эки идишке бөлөк-бөлөк жайгаштырып, ортосунда каттоону байкоо үчүн жол калтырышат. Идиштерге күн куйкалап ийчүүдөй часырап тике тийип, ошондой эле идиштин ар жери тешик болгондуктан өпкө бооруңду сыз-



даткан аркыраган шамал шуулдап турат. Буларга удаа жайгашкан идиштерге дан-азык, чырпык, суу жайгаштырып, аерге барчу жолду да ачык коюшат. Эркек ургаачы чычкандардын жанын сактоо инстинкти иштеп, идиштердин жылчыгын чырпыктар менен бүтөп, күндүн табынан коргонуу үчүн тосмо куруп, өздөрүнө ыңгайлуу жай жасап бүткөн соң дароо берки дан-азык, суу жайгашкан идиштерге жол талашып, чабуул жасашат. Курсактын кайгайы чечилген кезде эркек чычкандар биринен-бири ашынып, ургаачы чычкандарды кууп, кошулуу, көбөйүү инстинктин бажарышат. Арадан убакыт өтүп, ургаачы чычкандар төлдөп, булардын саны көбөйө баштайт.

Эксперимент жасагандар булардын жогорку кыймыл аракеттерин адамдарга окшотуп, кийинки экспериментке өтүшөт. Бу сапар аларды эркек-ургаачы кылып бөлөк эки идишке бөлбөстөн баарын бир идишке жайгаштырышат. Бу жолку идиш чычкандардын ден соолугуна психологиялык абалына аябай ыңгайлашып, өтө ысык эмес өтө суук да эмес, айтор чычкандар үчүн максималдуу ыңгайлуу шарт түзүшөт. Ошону менен бирге ушул идиштин ичине даназык, суу жана чычкандарга керек болгон бардык азыктар менен камсыздап, утуру толуктап турушат. Чычкандар башын оңго бурса кол алдында дүр дүйнө тамак аштар, тумшугун солго бурса шырыктап аккан суу суусунун кандырып турат. Көрөңдөнүп азык, суу издөөнүн зарылчылыгы жок, жадесе ургаачыларды издеп жоолашып, түртүшүп согушуп, убайрамга түшүүнүн дале кажети жок, анткени алар булар менен эле аралашып жүрүшөт. Эркек чычкандар ургаачыларды куубай, аларга асылбай, керт башы менен гана алек болуп, өздөрүн сулуулап, сылануу менен гана алек болуп, «өзүмчүлдүк» жашоо өкүм сүрүп, айтор бири-бирине ашык болуу, көбөйүү сезими өчөт. Атүгүл кээ бир эркек чычкандар башка эркек сөрөйлөргө көз кырын салып, ойлору бузула баштап, алардын жанына жетип, көздөрүн ойноктотуп,

көчүгүн жапкан куйруктарын өйдө көтөрүп шыйпалаңдай башташат. Берки ургаачылар да өздөрүндөй ургаачыларга көз арткан көрүнүш башталат. – деп аткан Жеймс Картерге.

– Коюңуз жезде, ушерден токтотуңуз, - дедим, бир шойкум жаман сөздөр уланып кетпесин деп. Тагыраак айтыңызчы. – Ыңгайлуулук – сен аябай көнүшүп, өлгүдөй жактырып калып, жаныңдай ынак көрүп, эч жакка орун которгуң келбей калган жер эмес.

– Анан?

– «Ыңгайлуулук – ушул саатта сен жашап, иштеп жаткан жер».

– Мажбур менен, буйрук менен же айласыздан ошол жерге кирип калсаңчы?

– Демек бул – сенин азыркы ыңгайлуулугуң, азыркы реалдуу акыбалың, ушул убактагы сенин нукура территорияң.

– А эгер, алкаштардын катарына кирип кетсең, же наркомандардын катарына түшүп калсаң дейли, же паракорлор менен табакташ болуп калсаң, а балким, сойкуканада жүрүп калсаң – анда ушу жер мага ыңгайлуу экен дешим керек экен да ээ?

– Тиштебей сүйлөсөң, жаман кычыксың да!

– Кычыктанбай эле – бул ыңгайсыз суроо! Жооп бериңиз «Маэстро»? – деп чынынан кычыдым.

– Бул – сенин ички азгырыгың! Напсиңдин жыйынтыгы.

– Макул, а эгерде түрмөгө түшүп калсаңчы? Бул дагы напсиби?

– Жок, бул чыныгы «Ыңгайлуулуктун» бир элементи.

– Былжырактары айтпаңыз!

– Бул ачуу чындык!

– Минтип айтканыңыз менен түрмөгө бир себеп менен түшүп калса бир жөн. Себепсиз, куулук-шумдугу жок адам түшүп калсачы?



– Талашып кажы-кужу болбойлу. Ток этери – демек, ушул саатта, ушу жер ага ыңгайлуу. Баса, зектер ал жерди «Зона», – деп аташат.

– «Зонадан чыктым, зонага кирдим», – дегендерди укпам.

– Зонадан эркиндикке чыккандар: «Ыңгайлуулук зонасынан чыгып кеттим?» – деп өлүп алышсынбы?

– Ошол жерди биротоло өздөрүнө ыңгайлуу деп кабыл алгандар – эркиндикке чыкканда бул жакты ыңгайлуу сезбей, терең стресске кабылышат.

– Демек, түрмөдө болобу, эркиндикте болобу, төө минесиңби, жөө жүрөсүңбү кандай болуш керек?

– Кайсы жерде болбо, ким болбо – адамдык сыпатыңды жоготпо!

– Ыңгайсыздык, ыңгайлуулукчу?

– Адам гүлдөгөн жерди эңсебей, жүргөн, турган жерин гүлдөткөнү – Ыңгайлуулукту жаратканы!

– Мейли дейли. А Сүйүүчү?

– Сүйүү – ыңгайлуулуктун Эвересги!

– Былжырак кеп! Ишенбейм.

– Сени ошондой стереотипке салып коюшкан.

– Менимче сүйүү – бул ыңгайсыздыктын туу чокусу. Сүйүүдө – сезимдериңе баш ийип, анын туткунусуң.

– Өзүңдүн суроонио өзүң жооп айттың. Ток этерин айтканда, ураган үйдү жаңыласа болот. Ал эми ураган жан дүйнөнү жаңылоо – азап. Чачылган үйдү жыйнаса болот, ал эми чачылган жан дүйнөнү тынчтантуу үчүн; «Биз – өмүр бою «ыңгайлуулукту түзүү менен» жана ыңгайлуулукка түшүүнү көздөө менен гана алекпиз.» А чынында ыңгайлуулук бул физикалык кубулуш же зат эмес, ыңгайлуулук бул – биздин оюбуздагы, аң-сезимибиздеги ойлордун түзүмү. Мен үчүн квартирадагы бир даана ажаткана менен душ ыңгайлуулуктун туу чокусу болсо, бардар адам үчүн эң ыңгайсыздыкка кабылуунун стресстик зонасынын чокусу!

– Жаман башымды айланттыңыз да. Жатык тил менен, эки сөз менен бүтүрүңүзчү. Тантый баштадыңыз.

– Улай берейинби, же болдубу?

– Улаңыз. Демек ыңгайлуулук биз ысытып, көнүшүп, ыңгайлашып калган жай эмес. Ыңгайлуулук бул?

– Ыңгайлуулук – бет маңдайдагы күзгү.

– Бөкүп калдым.

– Күзгүдөн эмнени көрсөң ошол сенин ыңгайлуулугуң!

– Элестетиң, жоокер согушта майып болуп калса, же аварияга кабылса, же башка кырсыкка кабылып майып болуп, коляскада отурганын күзгүдөн көрүп кубанмак беле? Депрессияга түшөт да.

– Ошон үчүн күзгүдөн эмнени көрсөң ыңгайлуулук деп жатпаймынбы.

– Бул аргасыздык.

– Балким. Мен айтаар элем ушул инсан үчүн ушул акыбалы ал үчүн азыр жана ушу жерде бул – ыңгайлуулук. Муну канчалык эрте кабыл алса, ошончолук эртерээк өзүнө пайдалуу. Ал баскысы келсе өзүн жебей, эртерээк аракет кылып, протез салдырат.

– «Рак» оорусуна чалдыккандарчы?

– «Рак» болдум, бир жарым жылда өлөт экенмин деп үй-бүлөсүн азапка салбай, бир жарым жылды максималдуу бактылуу өмүр сүрүүгө аракет кылуусу абзел. Колдон келсе дарыгерлерге көрүнүп дарылансын, «кыргызча» дарылансын. Өлсө – өлөт, өлбөсө – жашайт. Бу жашоодо эч ким тирүү калбайт, баарыбыздын бир күнү ичер суубуз түгөнөт.

– Мунуңуз чын.

– Баса бир канча көзү азиздерди көчөдөн кездештирип, маектешкем. Ишенсең алар көзү көргөндөргө салыштырмалуу өздөрүн аябай бактылуу сезгенин бактылуу жүзүнөн, жайдары маегинен эле байкагам.

– Демек ыңгайлуулук өзгөрүп турушу мүмкүнбү?

– Албетте! Анын жыйынтыгын күзгүдөн кийин көрөсүң.



– Күзгүнү чала-була түшүндүм. Биротоло ушул түшүнүктү бекемдеп алуу максатында башкачараак вариантын көрөлү. Мисалы: табийгат, жаратылыш менен түшүндүрүп бере аласызбы?

– Бере алам.

– Айтыңызчы!

– Ыңгайлуулук – Дарак. Жазда бүрдөйт, гүлдөйт. Жайында – гүлүн төгүп, мөмө түйөт, жашыл болуп кулпурат. Күздө – мөмөсүн төгүп, жалбырагы саргайып, куурайт. Кышында – сөөгүнүн сөпөтү гана калып, убакыт өтүп чирийт. Кечээки мөмөсү жерге салаңдаган дарак, бүгүн отун болуп мешке жагылып, күйүп жок болот. Даректын бардык абалы дарак үчүн бул – ыңгайлуулук.

– Адам дагы ийгиликке жеткенде, бакыттын агымында акканда, төө мингенде, жөө жүргөндө, тебинди болуп көчөдө калса, же түрмөгө түшсө, же мага окшоп бирде «Багажникчи» болуп чүнчүсө, бирде «Рулга» олтуруп эркелесе – бул ыңгайлуулук турбайбы ээ?

– Албетте. Табиятты түшүнүп, «Адамды» жакшы мисал кылдың: Жаштыктын жалыны дагы, орто жаш дагы физикалык жактан да, акыл-парасат жактан да толгон кез, улгайып, чачты бубак басып, бел бекчейгендеги ар бир курактын өзү – «Ыңгайлуулуктун абалы».

– Кабыл алуу кыйын экен, бирок эми түшүнө баштагансыдым. Сиз айткан орто жаш буюрбай, улгаюу насип кылбай Алыкулга, Лермонтовго, Брюслиге, Ыйса Машаякка окшоп эрте өлүп калсачы? Мисалы – мен, жашмын ээ, жаш өлгүм келбейт.

– Ажал улук деп бекеринен айтылбайт да. Ошон үчүн айтып жатпаймынбы, ар бир курак «Ыңгайлуулук» деп, ар бир куракты максималдуу түрдө позитивдүү жашоого аракет кылуубуз абзел. Балким сен айткандай, биз ушинтип божурашып турганда «Ажал» сени аңдып турушу ыктымал.

– Баса, бир сырымды айтайынбы? – деп «Өлүмдү» айтканда, берки эки жан алгыч эске келди. Алар эске келгенде жаш эле ажалга кабылып, боз үй тигилип, Айсулуунун боздогон ыйы, апамдын:

Ак сандыкта пулу бар.
Асмандан түшкөн ак кардын,
Азели менде куну бар.
Көк сандыкта пулу бар.
Көктөн бир түшкөн ак кардын,
Көптөн бери куну бар, –

деген кошогу кулакка жаңырып, элдер ызы-чуу болгон көрүнүш кайрадан көзгө тартылды. Бозоро түштүм. Ал тема менин маанайымды чөктүргөндөй сезилгенге, биротоло ушул тема менен чөгүп кетпейин деп багытты берки нукка бурганга аракет кылдым.

– Айт, – деген Жеймс Картер накта индиялык «Гурунун» кейпин кийди.

– Багажникке түшкөнгө чейин сиздерди жакшы көрчүмүн, «Багажникке» түшүп, чыккандан бери негедир салондогуларды желкем көрсүн болуп, иттей жаман көрүп калдым. Ошол жек көрүүм азыркыга чейин дат баскан темирдей кетпей жатат. Бул дагы – ыңгайлуулукбу?

– Ал сенин – Эгоң, «Ички Мениң», – деп тимеле «Лао Цзынын» кимоносун кийип, Конфуцийдин кейпине түштү.

– Эгому кантип тизгиндеп, жан дүйнөмдү кантип тынчтантам? – деп мен дагы чындыкты билүүгө, асылдыктан тайбоого болгон дадалатымды жумшап, чыркырап турдум.

– Ал үчүн күндөй болуп жарык чачышың керек. Күндөй болуп ысытышың керек, бирок күйгүзүп салбооң абзел.

– Татаал экен!

– Татаал! – дегиче татаал жолдор артта калып, алдыбыздан «Сосновка» посту жапжарык болуп тосуп алды. Жанараак сүйлөшкөн боюнча Жеймс жездемдин ачык-айрым



жооп бербегенине караганда мен эми бир болсо кайра «Багажникке», Иван жездем «Рулга» олтуруп калуубуз мүмкүн. Жеймс жездемдин философиялык, психологиялык баарлашуусунан кийин, мен анын илимий-билимий, ары эзотерикалык жүйөөлөрүнө ынанып, «Багажникке» сүйүнгөн бойдон бойташташым керек. Бирок, менде андай сезимдер жокко эсе. Көрөйүнчү, балким багажникке киргенде ыңгайлашып калаармын.

Сосновканын аркы-берки тарабында кыйма-чийме жол талашкан: жол менен катар тизилген жүк ташуучу, жеңил машинелер кыжыйт. Эгерде ушунча жүктү тизчү болсоң Бишкектин жарымын жөн эле ээлөөчүдөй. Чымчыктай учуп бийиктен карасаң, кумурскалардын уюгун айланчыктап, дарбазадан күтүп алган күзөтчү кумурскалардай дан, жем ташыган, тырмалап-тытмалаган күнүмдүк көрүнүш. Нымтырап отуруп, ошол текшерүү пунктуна жетип, төлөнгөн деген дүмүрчөктү көргөзүп өттүк. Посттон өтүп эле Иван Фитин экөөбүз орун алмаштык. Математикадагы орун алмашуудан сумма өзгөрбөйт деген менен, бирок шартыбыз өзгөрдү. Рулдан багажникке өтүү тээ бала кездеги бала бакчага таштап кеткен апамдын узап баратканын көрүп, жүрөгүмдүн кылы үзүлчүдөй ээрчип, алып кетсе экен деп ыйлаганымды эстеп, эми дагы көзүмө жаш алып, мостоюп; мен – багажникке, Иван Фитин шаңдаган бойдон рулга олтурду. Белгилүү обонду мурду менен кыңылдап созо баштады. Маанайы жакшы болгондуктанбы же башка себептенби, машинени кайсаңдатып, моторду катуу басып айдады. Мындай кылыгы салондогуларды да, мени да ирээнжитти. Ушунчалык чунчүгөнүмдү Айсулуу же эжемдер көрбөгөнү үчүн биринчи ирет багажникке чын дилимден ыраазы болдум.

Бишкекке аяк-быягы 50-60 чакырымдай калды. Эгер психологиялык жогорку басынтууну эске албай, физика-

лык жагын карай турган болсок мындайга чыдаса болот. Бул жер бейиш эмес, бирок тозоктун да оту эмес. кынык алган жай. Ооба ичи тар, ыңгайсыз, буту-колуң кысылуусу турган иш. Бирок адам баласы ошого деле көнөт экен. Муну Иван жездемдин бат кубулуп, жүзүн үйрүгөнүнөн, кийинки сөздөрүнөн баамдадым. Бирок, андай дейин десем, дал мендей акыбалда калган Иван жездемдин аргасыз ушундай кадамдарга баргандыгын түшүнүүгө болот.

Ошентип, опоң-чычаң абалда, бул жагы эми аз калды, чыдап койсом тойго жетебиз деп жаман ойлордон алыс болуп, Сосновкадан түз Кара-Балтаны көздөй бараткан-быз. Аңгыча Жеймс Картер, Иван Фитинге Кызыл-Дыйкан аркылуу кетебиз деп буюруганы угулуп, машине ыргагы менен оңго, кайра солго бурулду. Чынында бул жолго Ош-Бишкек таксичилери, шаарга шашкандар жүрүшөт. Он чакырымга чукул жол кыскарып, жол тыгын жок, бирок бул жолдун абалы Кара-Балта жолунан начар. Андыктан, бул жакка бурулганыбызды дал ушинтип божомолдодум. Көпкө жүрбөстөн машине «лык» токтоду. Жеймс Картер менен Иван Фитин бири-бирин «жүр» дешип, машинеден түшүштү. Багажникке көнүп калганга – аалам гүлистан болуп, не бир мемиреген тынчтыкка бөлөндүм. Жамбаштап жаткан кандай ыракат ээ? Көйрөңдөнүп рулдун эмнесине кызыктым, билбейм. Ал жерге токто, бул жерге токто, машиненин бузулган жерин оңдо, суу кайнап кетсе «эмнеден кайнады?» деген өңдүү түйшүк көп. Машинесин бузуп алсаң, оңдоп бер деп мээңди жегеничи. Ийй, ушул рулга отурган адам оңбойбу дейм да. Бирок, ал жерге көнүп алган адам да ошонун азабына чыдап, ыңгайлуулугуна жыргаганчалыгы бар. Багажникте бейгамчылык көбүрөөктөй сезилди. Рулда чайып, багажникте капарсыз кетесиң. Багажникте кааласаң уктайсың, бирок узакка эмес, кантсе да бул жерге жылуу-жумшак матрас төшөлгөн эмес. Бул жерди антип-минтип



төшөнчүнү калыңдап алганың менен баары бир темирдин катуулугу жамбашыңа өтүп, сыздатып кирет. Кааласаң отурасың, бирок отуруу ыңгайсыз, кантсе да бул жер жумшак отургуч эмес, жонуңду жору кылып темирге жөлөнүп кетесиң. Ушундай пилус, минустары бар. Ушинтип, ар кандай ойлордо келе жатканмын. Аңгыча Цзинцзин Тиртеева мага кайрылып:

– Жезделериңди чакыр, эртелетели. Чаңкадык, суу алганча чык, – дебеспи.

– Эже, билесиз го, багажник сыртынан гана ачылат, – деп илбериңки жооп бердим.

– Ийй, кап, Айсулуу, күйөөңдүн эшигин ачып кой, – деди. Айсулуу ачаарын укканда бир жагы кудуңдай, бир жагы оңтойсуздана түштүм. Кудуңдаганым – аны көргүм келгени, ал эми ыңгайсызданганым – бүрүшүп жатканымды алсыз катары баалайбы деп түйшөлдүм. Дал мен ойлогондой болду, Айсулуу багажникти ачып, менин бүктөлгөн абалымды көрүп, түнөрө түштү. Бетиндеги жаман ойду окуганда башым «зың» этти. Калп эле тамашага салып турдум да, түз эле узуну он беш метрге жетпеген, айбанчага окшош, бир кабат, чакан дүкөндү көздөдүм. Унааны дүкөнгө капталдаштырып токтотуптур, түшүп-чыкканыбыз дүкөн ичине көрүнбөйт экен. Ансыз да терезелерин жарнак баннерлер менен тосуп салышыптыр. Эч капарым жок эле кире берчү жердеги муздаткычтан сууну алдым, эсеп-кысап кылып, жездемдерди чакырганы баратып, дүкөн ичиндеги сөздөрдү тыңшоого аргасыз мажбур болдум. Анткени, дүкөндүн эшиги толук жабылбай, өздөрүнчө сырдашып жаткандай. Өмүрүмдө минтип сөз тыңшабадым эле, кулагымы эшикке жакындаттым. Иван Фитин бизденби, жолдонбу, зээни кейигендей:

– Бажалар ынтымак болушубуз абзел. Антпесек, Тиртеевдер сиркебизди сыгып, сызга отургузат, – деген сөзү

арданудай угулду. Тиртеевдерден агарып, Тиртеевдерден көгөргөнүн колу-коңшу гана эмес, атпай журт, баары билет. Мейли эми, Иван Фитин «Багажникте» сыгылган ызасынан, бер жагы аракка тоюп, алжып калды дейли. Ал эми Жеймс Картерди кайсы ит капты? Мурунку арак ичип алып, бажасы жана Тиртеевалар менен болгон ыйкы-тыйкыны эске албаганда балээдей болуп Нүзүп бийдин курун тагынып, Бакайдын тонун жамынып, руль менен багажникти каалагандай калчап, өзү – Кан, өзү – Бий болуп келатпады беле? Бажасын тыйып, ары жөндүү, ары адамгерчиликке үндөө пикирин айтса керек деген күдүктүү ой пайда болду. Ал атайылаппы, же провокация кылыппы, же Иван Фитинди кубаттаппы, айтор, тигиге кошулуп мени каралап кирди:

– Таабалды – өзү жаман да! Жакшы болгондо мурункусу менен ажырашпайт эле. Бу турушунда Айсулууну деле кетиргидей.

– Туура. Дагы ачуубузга тийчү болсо, башта үйлөнүп-ажырашкан деп абийирин төгөлү, – дегенде нес болуп калдым. Ушундайды укканыңда кадырлаш, кандаш болгон тууганыңдан түңүлөт экенсиң. «Кантип ушулар менен чогуу тамак ичип, кантип чогуу басып жүрөм?» – деп түтөп кеттим. Тууганды турпаты алтын болбой, чыладай баттактады. Иван жездем өчөгүшкөн адамдай ызырынып:

– Наказ өз ордун билсин. Кайни деген кайнидей эле жолу менен жүрсүн да, туурабы? Жөн койсоңуз багажникке кыпчылды. Болуптур десеңиз төбөбүзгө чыгып, рулду талашканын эмне дейсиз? – деп аябай ызырынды. Багажникте келатып ызасы топтолуп калган сыягы.

– Туура айтасың, Иван. Сеники тууру! – деп отко май чачты Жеймс Картер.

– Таабалдыны куп жайладык! – деди эле. Жеймс Картер:

– Айтпа! – деп Иван Фитинди коштоп каткырык салышканда, буту-колума кан жүгүрбөй, денемди сезбей калдым.



Тилим буйдаланып артка тартылды. Сол капталымды чалгы менен чапкандай, таптакыр жансыз болуп калды. Ушинтип инсульт болуп, баспай калыптыр дешсе, «Койчу эй, жомокту айтпачы» дечү элем. Көрсө «өзүңкү өзөктү өрттөйт» деген ушул турбайбы? Байкаштырсам рулда келе жаткан Иван Фитин деле «бөдөнө» суусунан жутуп жатат. Экөө аракты ичип бүткүчө сөздөрү менен мени куурайдай өрттөп салышты. Багажникке алты жүз чакырым чыдаган болсом, азыркы үч мүнөттүк сөзгө туруштук бере албай, көч-көн тамдай кулап бараттым. Ичимдин ачышканы: кокустан ооруга чалдыгып, майып болуп, төшөктөн турбай калчу болсом, же мерт кетип өлүп калсам, жанагы багажниктеги таңгакталган ири акчанын доорун сүрө албай каламбы деп каңырыгым түтөп, күйгөн оттой туталандым. Ушундай калемпирдей ачуу ой менен жай кулап бараттым. Жерге жети карыш калганда бир кол таяп калды. Карасам Цзинцзин Тиртеева. Чамасы мен жоголуп кеткенге артымдан келгендей.

– О, ботом, сага эмне болду? – дегенде, нары жакта Жеймс Картердин:

– Ошон үчүн мен сага рулду бердим. Тиртеевалярбы, Таабалдыбы, буларга түк ишенбе? Булардын ушундайын-да өпкөсүн жулуш керек! – дегенин уккан Цзинцзин эжем баарын түшүндү. Ачуусу келди, бирок мен күткөндөй эмес, көнүмүш адаттай эле:

– Болбойсуңарбы! – деп кыйкырды. Чаң-тополоң салат бекен дегем. Ооз учунда эле тилдеди. Ызаланган абалда:

– Абже, ушул элеби? – десем.

– Ээ, Таабалды! Сен, билбейсиң да.

– Эмнени билбейм?

– Баары бир жашсың да. Буларды күйөө бала, Айсулууну келин деп коёт. Келин менен күйөө баланын колтугунда котур ташы болот. Ошол неме кез-кезде кычышып калат.

Абысындар бекинип алып, ушинтип тырманышат, түшүндүңбү? Баягы «бөрү баласы ит болбойт» дегендей эле, – деп оозумду ачырды. Бирок менин кайнаган ызам баары бир сууган жок. Абжем жардамга эч кимди чакырбастан суудан сузуп, бети-колумду учуктады. Башымдан сылап, көзүмө тигилип:

– Тууганыңдан, досуңдан, кесиптешиңден, санаалашыңдан жөнүнөн алыстабайсың. Башында жан күйөр адамың: «Ал өлгүдөй кыйтыр, эки жүздүү, өз көмөчүнө гана күл тартат. Алдап кетет. Сени пайдасына колдонуп жатат. Ага көп жакындаба, тигиндей, момундай», – деп кыял-жоругун, пейилин кеп кылса; түк ал сөздү кулагыңа илбей, көңүлүңө албай, алар сени досуңдан, таанышыңдан, тууганыңдан, кесиптешиңден кызгангандай кызаңдап, эч ишенбейсиң. «Тууган, күндө эмес – күнүндө» сыңары ошол күндөрдүн бир күнүндө мына азыркыдай көрүнүш «Себеп» болот. Ошол «Себеп» биротоло кол үздүрөт. Мурдагы баары менен жакшы мамиле түзүп, баарына тегиз болом деген «Аруу оюң» ойрон болот. Баарына тегиз жагуу мүмкүн эмес. Аракеттенбе дагы. Жумурткадан кыр издегендер чекеден чыгат. Мына дал ушундай адам итиркейиңди келтирип, иренжитет. Мурдагы сый-урматты ортодон таппай каласың. Көрдүңбү, адамдар бири-биринен жөнүнөн эле алыстабайт. Адамдар жакшы адамдардан үлгү алышат деп келет, негизи жаман адамдардан кээде биз күчтүү кайрат алабыз. Кээде куйту адамдын ыплас мамилеси – адамды өзүн-өзү баалоосун төмөндөтөт, өзүн-өзү жей баштайт, мындан улам жыйынтыгында аябай алсырап, чүнчүп кетет. Аягы барып – дербиш, ичкич, бомж, же оорукчал адамга айланат. Кептин чындыгында тушаган санааңды бирөө-жарымга айтсаң: «Өткөн өттү, кеткен кетти» же «Болоор иш болду, болбосо: «Насип эмес экен, башыңды оорутуп эмне кыла-



сың?» – деген сыяктуу үстүртөн гана жооп болот. Мындай учурда өзүңдөн башка эч ким сени жакшы түшүнө албайт. Туңгуюктан чыгып кетүү – өзүңдүн гана аракетиңе көз каранды. Мен өзүмдүн ким экенимди билем деген ой менен гана алдыга кадам таштоо керек. Ал эми жандын тынчтыгы кырдаалды түшүнгөндөн кийин пайда болот.

– Ал эмне деген түшүнүү? – деп тилим кыбырап, буту-колум чымырап, жан кире баштады.

– «Жакшыдан басып кутул, жамандан качып кутул» дегендей кыйбат кылган адамдын анык жүзүн эрте байкап, андан эрте кол үзгөнүбүз – адамга мемиреген тынчтык, эбегейсиз тынчтанууну алып келет. Муну түшүнүүдөн соң жан дүйнө тынчтыгы келет. Анын артынан чыйралуу менен кайрат, толукшуган кубаттануу келет. Ушул сыноодон, ушул сабактан өткөн соң, тиги түзүлгөн кырдаалга ыраазычылык билдиресиң. Анткени, ошол кырдаал, ошол сабак аркылуу, сенин руханий байлыгың өсүп, адебиң арууланат. Адамдык касиетиң бийиктейт. Албетте, мындай жаман кырдаалсыз, кыйноосуз эле акыл-парасатка жетсем деп күсөйсүң, бирок, жашоонун мыйзамы ушундай экен.

– Кол үзбөйүн деген далалатыңдан майнап чыкпай турбайбы?

– Негизи – таза, адилеттүү, ыймандуу адамдар; дос, тууган, жакшы санаалаштан ушундай себептерден улам кыйналуу менен азап менен кол үзөт. Үзбөй коюу мүмкүн эмес.

– Наадандарчы?

– Алар кагаз жырткандай мамилени опоңой үзүшөт. Анткени, анын көздөгөнү түбөлүк достук, туугандык жакшы мамиле, адамгерчилик эмес, өздүк жеке гана кызыкчылык болгон. Кеп чындыгы ушул, – деген Цзинцзин Тиртеева муздаткычтан дагы эки желим суу алып: – Жүрөктү түшүрүп койбодуңбу, баары бир жашсың да, – деди. Колу-бутумдун бир аз чымыраганын эске албаганда кан жүгүрүп,

кадыресе мурункудай болуп калыпмын. Жездемдер дале бакылдап, «жинди» суудан уруп жатышат. Цзинцзин Тиртеева мээримдүү тиктеди. Анын көз карашында бүт мен ойлогондорду ал дагы ойлонгонун түшүндүм. Абжеме карадым да:

– Мейли, булар жат эмес – жезделерим. Алиги ким бирөө айткандай «жинди болсо да өзүбүздүкү». Силерди эми ажыраштырып тынбайын.

– Акылыңдан айланайын.

– А эгер досуң, тууганың, кошунаң, кесиптешиң менен ушундай кырдаал жаралып калса кандай болот? – деп бушайман жедим.

– Призманын, палитранын башка жагынан алардын анык жүзүн көрөсүң. Түйшөлөсүң. Кыйналасың. Жашоо улана берет. Кошунаңды көчүрүп ийе албайсың, шартың болсо өзүң көчүп, кутуласың. Досуңдан, тууганыңдан, кошунаңдан, сүйүктүүңдөн, кесиптешиңден кол үзөсүң. Кол сууп калат. Жер төгөрөк эмеспи, жамандык-жакшылыкта көрүшөсүң, мурдагыдай жалындап учураша албайсың, анткени кол эбак эле сууп калган. Кээ бирлери көз менен, баш ийкеп ылымылык алик алат. Жамандык-жакшылыкта сунулган кол жасалма, аргасыз сунулат. Арийне, алар сенин ишеничиңден чыккан үчүн мамиле мурункудай болбойт.

– Аларчы?

– Алар деле так эле сендей ойлонот. «Ошол мүшкүлдүү кырдаалды ушул жаратты», – деп ар-ар жерде жалаа жаап, сени күнөөлүү деп чыгышат. Ыңгайы келсе, жок нерселерди сага шыбап жаманатты кылышат.

– Бет тырмачылык эмеспи?

– Ар кимдин өзүнүн чындыгы болот, – деп Цзинцзин Тиртеева жооп бергенде, Жеймс Картерге ушунчалык кыжырым кайнаганга кычыктанып кирдим:



– Жеймс Картерге эмнеге тийдиңиз эле? «Таабалды биринчисин кетирген», – деп жалганды ышкыртып атат. Ушу «сары машканын» эмнесин жактырдыңыз? – деп.

– Сага даба жок экен. Кычыбай жөн сүйлөсөң. Жездең ичип алып, мастыктан ушинтип жатат. Ал деле жаш кезинде суудай тунук, тоодой бийик болчу. Кээ бир адамдар жашы өйдөлөгөн сайын кыялы бузула баштайт турбайбы?

– Ал америкалык болсо, сиз кыргыз болсоңуз кантип табышып алдыңыздар?

– Табышуу, таанышуу кадимкидей эле интернет аркылуу болгон.

– Кандайча?

– Мен ал кезде окууну жаңы бүтүп, Бишкекте калдым. Сингапур элчилиги конкурс өткөрүштү. Мен дагы катышып, конкурстан ийгиликтүү өтүп, элчиликте – катчы, котормочу болуп иштеген маал. Жумуштан кийин батирге келип, дебейдегидей ноутбук чукуламай. Ишке байланыштуу чет жактагылар менен англис, кытай тилинде көп жазышат элем. Албетте, кызматтан сырткары жеке тааныштык кылып, тийишкендер деле болот эле, аны тануугa болобу? Ошол күндөрү «Жеймс Картер» деген ысым менен бейтааныш жаран кат жазып калды. Кызыгы, ал Американын элчилигинде катардагы кызматкер болуп иштейт имиш. Интернет аркылуу жазышып жүрдүк, бирок, жолугушууга шашпадык. Бир күнү Жеймс жолугушууга чакырды. Иштин көптүгүнө шылтап, ынабай жүрдүм. Өзүң айткандай фамилиясын көрүп, америкалык болсо деп чочулоо болду. А балким шылуундур, «Элчиликте иштейм» – деп жалган айтып жатат деген арасат ойлорго чулганып, аны олуттуу кабыл албай, жолугушууну четке какканымдын себеби ушул болду. Ал эми Жеймс жаксурасам тырып калгандыктанбы утуру жаза берди. Жашын менден бир жаш кичүү экенин укканда: «Иничекти башыма тартамбы?» – деп көңүлүм сууган.

– Братишкаңыз турбайбы?..

– Жашы боюнча ошондой. Ошентип, виртуалдуу баарлашуу уланып жатты. Балким ушундай ашыктык жазышууга деле жагып жатса керек, акыры аны менен кездешүүгө макул болдум. Алдамчы, шылуун болсо керек деген стереотип мээме сиңип калганга биринчи жолугушууга Мырзайым жээнимди ээрчитип чыктым. Таң калычтуусу Жеймс дагы Дональд аттуу инисин ээрчитип келиптир. Алгачкы жолугушууда аны америкалык деген божомолум туура чыкса, ал менин «Цзинцзин» деп жазылган атымды, азият түсүмү көрүп, кытай кызы деп ойлогону туура эмес чыкты. Бир аз сейилдеп, бат эле үйүбүзгө таркадык. Коштошоордо Жеймс менин көзүмө үңүлүп:

– Көрүшкөнчө, – деди эле, мен болсо ооз учунда, формалдуу жылмайып:

– Кош, – деп кутулдум. Арадан канча убакыт өттү билбейм, ошол күнү Лакшминин туулган күнү болчу, телефон шыңгырап калды, карасам «Жеймс» деп экрандан аты бадырайып чыкты. Негедир мурунку ишенбөөчүлүк кетип, мага белгисиз тааныш сезим жан дүйнөмө «дүрр» этип от жагып, ошол жалын бүт денемди каптаганга жооп берүүгө шаштым. Тарых музейинде илимий фестивал болуп жатканын айтып, ошол жерге барып келүүнү сунуштады. Бул маегибизди Лакшми угуп калды. Буга чейин Жеймс тууралуу азыноолак ага маалымат бергем. Өзүм болсо барам-барбайм деп чайналып турганда, Лакшми:

– Эже, жакшынакай жерге чакырып жатпайбы? Барып келиңиз, – деп калды.

– Туулган күнүң болуп жатат ко? – деп шылтоо издедим. Лакшми болсо:

– Туулган күн бир саатта бүтөт да, – деп көшөрүп жатып, жолугушууга кызыкдар болуп, бети-кашымды боёп, жасантып, узатты. Илимий фестивалга бардык. Бу сапар мен



жээнимди, ал инисин калтырып, жалгыз келиппиз. Ушуну баамдаганга бири-бирибизди тиктеп «бырс» эте жарылдык. Тилекке каршы, фестиваль кызыксыз болду, а балким бизге ошондой туюлгансыды. Отурайын десек бош орун жок. Төгөрөк эки адам бата турган «пуф» бар экен, ошого аңкысылып, жонубузду бири-бирибизге такап олтурдук. Аңгыча жаныбыздагы олтургучтар бошоду:

– Тиги жакка көчпөйлүбү? – десем.

– Ушул жерден эч жакка жылбай олтура береличи, – деди. Кафе-ресторанга чакырат деп ойлогом, ал болсо жаш баланы алдагандай балмуздак алып бергенге, негедир балмуздактай сууй түштүм. Минткеним, эркектин март, колу ачыгын жакшы көрчүмүн. Битир окшойт деген пикир жаралды. Жадесе менин дарегиме: «Мыймыйым, күнүм, чырагым», – деп эркелетип жазгандары былжырак эркектин образын жаратып, кандайдыр бир иренжүү сезим куйкамды тырыштырып, олку-солку кылды. Ал болбой эле ушул татаризде жаза берди. Канткен күндө да, кайсы бир күч желкемден сүдүрөп, ууга жарабаган итти моюнунан жетелегендей мажбур менен жолугушууларга барып жаттым.

Кийинки жолугушууда унаасына олтургузуп Чолпон-Атага бет алдык. «Рух Ордону» кыдырып, андан ары Көл бойлой басып, кыйла черибиз жазылды. Алтын кумдуу көл жээгинен шарпылдаган сууларга жан дүйнөбүз мемиреген тынчтыкка бөлөнгөндө – «жолдошум ушундай эркек болсо» деген ой кыялымда кылт этти. Шаардагы ири дүкөнгө кирип, жарашыктуу кофта алып бергени көңүлүмдү кыйла элжиретти. Жолугушуунун кульминациясы катары «Теплоходго» чакырып, жайыл дасторкондо сыйлап, гитара чертип, мен жакшы көргөн «The Beatles»[1] тобунун «Yesterdауин» ырдап, маанайымды оголе көтөрдү. Теплоходдон чыккандан кийин «битир» деп ойлогонумду айтсам күлдү.

[1] Битлз – Англиялык рок тобу.

Бара-бара ортобузда жакындашуу, ишеним сезимдери жанып, сыр бөлүшө баштадык. Жеймстин апасы эбак эле каза болуп, өткөнкү ээрчитип келген Дональд – сага окшоп аталаш иниси болуп чыкты. Буларда деле өгөйлөө деген неме бар экен. Өз апаңа кантип жетсин деп, Жеймсти жактырып, аны аядым. Дональд иниси «Жеймс кыргыз кызы менен жолугушуп жатат», – деп ата-энесине жеткизсе, өгөй энеси Жеймсти айныткanга аракет кылат. Мен муну кийинки телефон чалуудан баамдап калдым. Бир күнү сейилдеп баратсак өгөй энеси телефон чалды:

– Жеймс, Джулия аттуу аябай татынакай, америкалык кыз таптым. Сүйлөш. Кыргыз кызга үйлөнсөң кыйналасың. Алардын дини, тили, үрп-адаты, жашоо салты таптакыр башка. Ушунча болуп калды, ачыгын айтсам, ал сенин теңиң да эмес, – деп сүйлөгөнү даана угулду. Жеймс бул сөзгө терикпей, токтоо болуп:

– Жок, апа, Джулия менен таанышпайм. Мен өзүмдүн теңимди таптым, – деп мени жароокер тиктеди. «Теңимди таптым» деген сөзүн укканда жүрөгүм элжиреди. Анын үстүнө, апасына жетеленме болбой мүнөзүндөгү чечкиндүүлүгү менен мени арбап алды.

Бизде тоскоолдуктар күчөй берди. Жеймстин өгөй апасы караманча каршы чыкканы аз келгенсип, атасын да бизге каршы тукурду. Биздин фронтто да чыңалуу күчөдү. Роза аттуу досумдун Ислам деген жигити:

– Ак баш америкалыкты башыңа урасыңбы? Сени ойнотуп туруп, бирди төрөгөнүңдө таштап кетет. Кыргыз жигиттери түгөнүп калыппы? – деп ал дагы, ата-энем, башка туугандарым да мени айныткanга көп аракет кылышты. Сен ал кезде кичүү элең, кабардар эмес окшойсуң.

– Чекесин уктум эле, чынын айтсам олуттуу маселе экенин азыр түшүндүм.

– Ошол каршылык күчөгөн кезде Жеймс турмуш куруу сунушун киргизди. Мен «ак же көк» дебей кайттым. Анткени, менде баары бир толук ишеним жок болчу. Ойлоно берип жинди болуп кетейин деп Лакшмиге жарылдым. Анын кубанычы коюнуна батпай «Сунушту кабыл алыңыз, ал сизди жактырганы көз көрүнө көрүнүп турбайбы?», – деди.

– Ислам аяшым, туугандар караманча каршы чыгып жатпайбы? – десем.

– Эже, турмуш сиздики, – деп мени үгүттөп. – Салт бөлөк болгон менен мүнөзүңөр окшош, тил бөлөк болгон менен дилиңер бирдей, дин башка болгон менен билимдүүсүңөр, эң башкысы, ортоңордогу ашыктык сезимиңер бар. Ошол маанилүү эмеспи, – деп мага жаккан сөздөрдү айтты. Акыры баш коштук. Туугандар: «Кызыбызды Америкага жибербейбиз, Кыргызстанда жашайсыңар», – деген талапка Жеймс макул болду. Арадан канча убакыт өтүп, кесиптешибиз Ошко турмушка чыгып, түштүккө Жеймс экөөбүз унаа менен жөнөдүк. Жолдуката дарыялардын, тоолордун, табийгаттын коoздугуна аябай суктанды. Ал эми Ошко келген соң, ушул жерди өтө жактырып калды. Өзү жашаган Айова штатына аябай окшоштуруп, «Ошто жашайлы», – деген сунушун киргизип, оюн ишке ашырды. Эми адам болгондон кийин бара-бара тилди үйрөндү, салтты сүрүштүрдү, кыргызчылыкты өздөштүрдү. Жакшыны көрүп жакшы болду, бакшыны көрүп бакшы болду дегендей. Ошондуктан, сенин буларга ачуун келип кычып турганыңды туура түшүндүм. «Туугандын турпаты алтын, күйөөнүн карааны айбат». Тууpa түшүн, – деди да, – Лакшми, сууну ал, – деп эки желим сууну Лакшми Тиртееvага берип, Иван Фитин менен Жеймс Картерди дүкөндөн кубалап чыкты. Иван жездем да кыйла мас болуп калганын көрүп, ачкычты алып:

– Иван, багажникке чык. Бир аз болсо да дем ал. Ээ, бо-том, Жеймс, арактан өчүңөр бардай ичипсиңер го? – деп күйөөсүнө сүйлөдү.

– Кыргыздар – тойго барсаң тоюп бар дешет, уккансыңбы? – деди.

– Сен качантан бери кыргыз болуп калдың? – деди эжем.

– Мен америкалык кыргызмын. Индеецтер менен кыргыздардын ыраң-башы, теги-гени окшош, сураша келсе бир уруудан чыгып калуусу мүмкүн – деди эле, буга даба жок экен дедиби, үндөбөй, мага карап:

– Таабалды, тездет эми. Тойго жетип баралы. Укканыңды унут. «Бозочунун сөзү боткого жарабайт» дейт. Баары жакшы болот, – деди. Лакшми Тиртеева биздин сөздү түшүнбөдү, Иван жездемдин ичкенин байкабай:

– Эмне жакшы болот? Эмнеге Иванды багажникке тыктыңар? Рулга отурганына беш мүнөт боло элек, – деп, Цзинцзин эжемдин сүрдүү жүзүн көрүп, деми өчтү. Айсулуу да эч нерсени түшүнбөй калды. Бул «окуя», бул ой Цзинцзин эжемдин жана менин эсимде гана жашап калды, эжем мени кайра тиктеп:

– Биз бир боорбуз, – деп сооротуп койду.

Бир боордош болгонубуз менен жанагы сөздөр утуру кулагымда жаңырганда өзүм көксөгөн рулда эмес чокту кармагансыдым. Жеймс Картерди утуру тиктейм, ал эч нерсе болбогондой аракка кекирип баратат. «Таабалдыны жайладык. Өзү жаман да. Жакшы болсо, анда эмнеге ажырашып кетти? Мунун бир балээси бар», – деген жалган, ушак сөздөр пластинкадай тынбай мээмде айланып, анын айлануусу майрамдык көөнүмдү айнытты. Жеймс Картер алардын сөзүн «уккан жок», – деп ар нерсени айтып ырсактайт. Булардын итчилигин эстеген сайын ызама келем.

Тойго белгиленген убакыттан кечигип келдик. Сырттагы адамдардын көптүгүнөн той башталa электигин түшүндүк. Тиртеевдер тойго деген буюм-теримдерди кызмат кылган балдарга карматып, ичкери киришти. Мен унааны токтоочу жайга коюмуш болуп, багажниктеги таңгакталган



акчамды ишенимдүү жерге жайгаштыруу максатында, далдоораак жерге токтотуп, элдер тойканага кирип кеткиченти олтурдум. Унаа эшигин ачып, акырын эки жагыма көз жүгүрттүм. Чыйпылыктаган жуп ала-чыйырчык багажниктин үстүнө конду. Бир саамга буларды таң кала тиктеп, бир жерден көргөндөй эстей албай турдум. Эске түштү, тооба, булар эрте мененки акчаны таап алгандагы Жалал-Абаддын курортундагы алачыйырчыктар турбайбы? Өлүшпөптүр. Кудай ушинтип өмүр берсе тирүүчүлүк улана берет турбайбы? Же, булар дагы тойго келиштиби? Тойду эстеп көөнүм жарк дей түштү, алар да менин оюмду улай «чырык-чырык» деп мага түшүнүксүз тилде бир нерсени айткысы келип безилдеп сайрашты, эшикти жапканымда маңдайдагы даракты көздөй учушту. Кандайдыр бир жагымдуу сезимди тартуулаган ала чыйырчыктарды кубалап баскым келип, кайра берки оюм күчтүүлүк кылып, астейдил багажниктин эшигин өйдө көтөрүп, эки жагыма көз жүгүрттүм, элдин баары өздөрү менен алек. Аңдып, артымдан түшкөн жан жок. Багажниктин ылдыйындагы тутканы кармап, өйдө көтөрүп, ток тепкендей «дирт» эттим. Көзүм караңгылашып, буттарымды титирек басты. Кошумча дөңгөлөк, таңгакталган акча жок. Жаадан атылган миңдеген жебелер жүрөгүмө, көзүмө сайылып, сайышып-сайышып, оорутуп кирди. Көргөн көзүмө ишенбей бош жерди колум менен сыйпаладым. Алаканым кузовдун муздай темирин гана сезип жатты. Эч кандай кошумча дөңгөлөк, эч кандай курткам, эч кандай акча тургай жыты жок. Таап алган байлыгымды сактай албаганыма каңырыгып түтөп, өпкөм көөп, көзүмө жаш тегеренип, көкүрөгүм күйүп баратты. Акчанын күйүтү өтө жаман турбайбы? Жок издеген андан жаман. Эң жаманы ким алганын билбеген, дайынсыздык андан жаман тура. Эң кордугу – жанымда жат эмес, туугандарымдан бирөөсү алганын элестеткенде: «Менин акчамды алганга кан-

дай дити барды?» – деп өлүп, тирилдим. Мен муну мындай койбойм. Жолдуката текшерип келгем, акча жайында болчу. Багажниктин түшүп калчудай тешиги жок. Акчаны ким уурдашы мүмкүн? Цзинцзин, Лакшми же Айсулуу Тиртеевабы? А балким, Жеймс Картер же Иван Фитинби? – деп күмөндүүнү издеп, шыбыранып жатканымда доошу тааныш болгон Шайтан Напсинин үнү кулагыма:

– Пенденин жаны Манкүрдө,
Казана ээси Накирде.
Тапалагын бекиткен,
Күнөөнүн баары Банкирде, –

дебеспи. Көзгө көрүнүп, кулакка каңырыш угулганына караганда, акча дей берип жинди болуп, эми шайтан менен түз сүйлөшүп калдым окшойт деп каңырыгым түтөп, жер тепкиледим.

Тойго Тиртеевдердин улуу-кичүүсү, аксакал-көксакалы – баары келди. Мурдараак араздашып жүргөндөр чымын чакпагансып, жасалма жылмайып, өөп-жытташып саламдашып жатышты. Мындайды көргөн санаам андан бетер саргайып, төбө чачым тик турду. Көрсө адам – физикалык кысылуудан психологиялык кысылууга кабылганда жан дүйнөң ийненин көзүндөй тарыйт тура!

Той ээси Тагай Тиртеев менен учураштым. Көздөр көздөшүп, кубанычы менен куттуктадым. Адамдын кубанычын бөлүшүү опол тоодой бакыт экенин Тагай Тиртеевдин көзүн көргөндө гана түшүндүм. Салыштырып болбойт. Тойго катышпай турган адамдай болуп конвертти чөнтөгүнө салдым. Той ээси таң калгандыгын билдиргиче, башкалар колунан кысып, нары имеришти. Той башталды. Тойдо эмес отто жүргөндөй алеп-желеп тер басты. Алаксыйын деген аракетимден эч майнап чыкпады. Акча жоготкон санаам чырмап, айламды алды. «Акчаны бербей койсочу? Иштетип жиберген болсочу? Мас болгон эки бажа бекитип коюп, кийин бөлүшүп алышчасы?» сыяктуу түмөн ойлор жөргөмүштүн желесиндей мээмди чырмап салды. Сабалган иттей кыйналдым. Болбосо, тойдун өзүнчө жагымдуу жагы бар эмеспи. Көптөн бери көрүшпөгөндөргө жолугасың. Күтпөгөн адамдарың ушунчалык сагынуу менен чындап күткөнүн көргөндө суу бойлой сейилдегендей сергийсиң. Ошону үчүн той менен батаны кыргыз ызат кылат. Тойго ичип-жеш үчүн эмес, көз көргөзүп, кубанычын бөлүшүп, сагынычтын көкшүнүн суутуш үчүн келишет. Тулку боюмду, кыттай оюмду чылк санаа басты. Той да бүттү. Эки жаш бактылуу болуп ортодон узап баратканы деле тынчсызданган жүрөгүмдү баса албады.



Башта макулдашылгандай Цзинцзин Тиртееванын борбор калаадагы батирине кайттык. Мен рулга, алдыңкы орундукка Жеймс Картер отурду. Түнкүсүн эч ким деле көрбөйт деп арткы орундукка төртөө тыгылды. Байкуш «Багажник» аңгырап бош калды. Той башталганда эле жок жоготуп, чокто куурулуп, чыдамым кеткенге рулга олтурарым менен сурап кирдим:

– Кошумча дөңгөлөк жок. Анын үстүндө курткам бар эле. Ким алды?! – дедим, күнөөлүүнү таап, акчамды алып, сазайын бере турган болуп. Жинигип турганымды баары сезди.

– Кошумча дөңгөлөктү тиги Шайтан аке сураганынан бердим. Куртка Цзинцзин эжемде. – деди Иван Фитин тойдун шааниси али кете элек, эч нерсени түшүнбөй.

– Эже, куртка сиздеби? – деп кыжырымды тыйганга аракет кылдым. Эгер курткамды пакети менен бербесе мага демектен жердин түбүнө житип кетсе да, куш болуп асмандега учуп кетсе да тополоң чыгарыппы, коркутуп-үркүтүппү, колдон келген-келбеген бардык ыкманы колдонуп алышым керек эле.

– Ооба, Иван мага берди, сага берем деп такыр эстен чыгып кетиптир. Ме! – деп курткамды акчасыз кайтарды. Ызам жүлүнүмдү сыздатып, ачуум жүрөгүмдү тилгенде, кимди гана болбосун чаап салуудан кайтпай турган акыбалга түшүп:

– Абже, акча кана?!! – деп машинени жарып ийчүдөй кыйкырдым:

– Береке тапкыр, бакырбай сүйлө, бул жерде дүлөй жок, – деди, сылык гана.

– Ммм.... – деп көзүмдөн каар төгүлүп, маңдай-кабагым тырышты, олуттуу жооп бергенге аракет кылды Цзинцзин Тиртеева:

– Акчаны билбейм, Иван мага ушул куртканы эле берди, – деди эле, дагы деле ачуум басылбай каным кайнап кирди. Эгер бетме-бет турган болсок, чалгы менен чаап ийүүдөн деле ийменбей турдум. Ошол короңдогон доошум менен:

– Жезде, акчаны эмне кылдыңыз?! – деп эжем калып, эми жездеме өттүм. Жеймс Картер митаам киши, иштин чоо-жайын билип, аралашат. Ал утулган тарапта болбошу керек. Ошондуктанбы, кулак түрүп угуп жатты. Айсулуу деле эч нерсени түшүнбөгөнгө ал деле унчукпады. Унчукса кайын эжелери ошол жерден тилин тартып коюшу мүмкүн экендигин деле билет. Бирок, анын деле чыдамы жете турган жерге чейин эле жетет. Чектен чыксак, анын дагы үнү чыгат. Иван жездем кыйкырганыма ызырынбай, эч кандай чочулоосуз, күнөөсү жоктой токтоо болуп:

– Акчаны көргөнүм жок. Бирок, чындап эле төрт бурчтуу, салмактуу буюм бардай сезилди. Ачып караганым жок. Ошол бойдон эжеме бергем.

– Абже, акчаны бериңиз?!! – деп мени ойнотуп жаткандай сезилгенге чыдамым түгөнүп, өзүм күйбөгөн тарашадай түтөй баштаганга айкырдым.

– Кайсы акчаны? – деп Цзинцзин Тиртеева өлүмүш



жооп берди. Чептей термелбей анын деле, мунун деле бети чымырап койбойт. Буларда уят-сыйыт такыр калбаптыр. Мындай көңүлкош абал кыжырымды келтирип, шаабайымды суутту.

– Ал кайдагы акча, Таабалды? – деп чыдамы түгөнгөн Айсулуу да аргасыз ордо оюндарына аралашты.

– Аки-чүкүсүн кийин айтып берем, – деп ага катуу тийбегенге аракет кылдым. Абжеми көргөндө каным кайра козуду. Тиштенген бойдон: – Абже, бирөөнүн акчасын бекитип алып, кайра бербей койгонго кандай акыңыз бар?! Ойлонсоңуз, же өзүңүздүкү аздык кылып жатабы?! – деп тиштеп да алдым.

– Билбейм, Иван мага куртканы эле берди, акча-пакчаңды билбейм, – деди дагы деле мурдун балта кеспей. Же Иван жездем, же Цзинцзин эжем алдап жатат деп кеңгирей түштүм. Олуя болсом опоңой билип алмакмын:

– Жезде, менин абалымды түшүнүңүзчү? Ал акча мен үчүн өтө маанилүү, – дедим, алсырап. Үнүм кыргылданып, көзүмө жаш алып, жалынып-жалбарып кирдим. Ушинтип жалоорусам, кайтарса керек деп. Бир жагы кыйкыра берип үнүм деле бүтүп калды.

– Кызык экенсиң, сенин акчаңдын мага эмне кереги бар? – дегенде делбе боло баштадым. Ушундай абалымда машинени токтотуп, эжемдин батирине кире баштадык. Дилим кансырап, оюм ойго-тоого чуркайт, акылым тыянак чыгара албай нес. Демек, Иван Фитин кошумча дөңгөлөктү чыгарып жатып акчаны көргөн. Аны Шайтан Напсиге берип, акчаны бекитчү жерге бекитип, далилин бекемдөө үчүн курткаңы Цзинцзин Тиртеевага кармата салган. Иван Фитинге ишенген нак келесоомун. Бу ишти «Парижде» жайлаптыр, эми моюнга алышы кыйын. Бирок, Иван жездем ачык-дааана эле: «Куртканын ичинде бурчтуу, салмактуу буюм бар эле, Цзинцзин эжеме карматтым», – деп айтпадыбы? Макул,

Иван Фитинге ишендик дейли. Бул айтканы да чындыкка коошуп турат. Эмнеге анда Цзинцзин Тиртеева курткамды эми гана кайтарды? Ага акчанын эмне кереги бар? Өздөрүнүкү саман. Же «ашыкча дөөлөт баш жарбайт» деп акчаны Жеймс Картер экөө макулдашып, ортодон чайкап жибериштиби? Баш-аягы көрүнбөйт. Акча – Пайгамбарды жолдон чыгарган дешчү эле. Чын тура. Эми эмне кылсам? Ушинтип эле утулуп беремби? Жок, батирге кирели, бирден сураштырып чыгам. Акчаны мен таптым, демек меники. Иван Фитин кошумча дөңгөлөктү берип жатканда Шайтан Напси карап турган, демек, курткадагы акчаны ачып кароого мүмкүнчүлүгү болгон эмес, туруш-турпатында Цзинцзин Тиртеевага карматкан. Из ушул жерден чаташып жатат. Болду, акча Цзинцзин Тиртеевада.

Сүйлөшүп алгансып баары ашканага топтолушуптур. Мен кирерим менен Цзинцзин Тиртеевага асылып кирдим:

– Абже, акчаны сиз алыпсыз, – деп мурункудай кыйкырбадым, бирок, ызырынганым үнүмдүн ачуулугунан, жүзүмдүн үңүрөйгөнүнөн билинип турду.

– Ким айтты? – деди дагы деле кашы кагылбай, кирпиги ирмелбей. Көзүнө сая тиктеп сүйлөгөнгө мажбур болдум:

– Жездем айтты го: «Бурчтуу, салмактуу нерсеге куртка оролгон экен, ошол боюнча бердим», – деп. Демек, акча – Сизде, – дегенимде Жеймс Картердин да акылы ойгонуп:

– Аа, баягы Жалал-Абаддагыбы? – деп көзү ойноктоп, оозу оймоктой болуп.

– Ооба, ошол, – деп жездеме карадым. Жеймс Картер аралашкан болсо маселе сөзсүз чечилет. Ал үн кошуп кирдиби, демек мүшкүлдү эбак талдап бүткөн. Эми чечүүнүн жолун гана издейт. Албетте, өз пайдасын эч унутпаары анык.

– Ээ, катын, акчаны сен алыпсың. Бул жагы түшүнүктүү болду. Ортодон тең бөлөлү. Жууп, ырымын кылалы, – деди күйөөм мен айткандай.



– Мен эч ким менен бөлүшпөйм, – дедим. Бышырып коюптурбу буларга. Мээнетти мен кылсам, даярына көнүп калышкан да.

– Кандайча бөлүшпөйсүң? – деп Жеймс Картердин ачуусу келди. Иван Фитин Жеймс Картердин аралашканына маани берип, ал да шыралгага илешип калууну көздөдү:

– Кошумча дөңгөлөктү мен алып бердим. Катылган акчаны мен тапкам. Менин дагы үлүшүмдү берип койгула, – деди эле, Лакшми Тиртееванын кызыгуусу артып:

– Абже, акчаны сизге Иван таап бериптир. Эгер өзү бекитип алса эмне кылат элеңер? Туугандар, иттей ырылдашпай, ымалага келип, тең алтыга бөлөлү, – деди Лакшми Тиртеева акча дегенди укканда маанайы ачылып.

– Мен эч ким менен бөлүшпөйм, – деп көшөрдүм.

– Кызык экенсиң. Кантип бөлүшпөйсүң? Акча кимде? – деди, Жеймс Картер. Булардын былжырак кебине кыжырым кайнап киргенге:

– Абже, акчаны жакшылыкча бербесиңиз...

– Ии-ииии..., эмне кыласың? – деп кылыя тиктеди. Тамгамды кайтаруу үчүн бардык нерсеге даяр экенимди билдирип:

– Жамандык кылганга өзүңүз түртүп жатасыз! – деп коркутуп,

– Өлтүрөсүңбү? – деп какшыктап, баарыбызды тегерете тиктеди эле. Тамашасы жок, олуттуу оюм бар экенин билдирип:

– Мажбур кылып жатасыңар! – дедим. Буга Жеймс Картер ызаланып кетти белем:

– Таабалды! Эмне деп дөөрүп жатасың, оозуңа карап сүйлө! – дегенин укканда кызыктай болуп кеттим. Эмне кылаарымды деле билбей, бушайман жегенге, жалынып-жалбарып кирдим:

– Абже, эмне себептен акчамды бербей жатасыз? – дедим жалдырап.

– Себеби, акча сеники эмес? – деди күтүүсүздөн. Муну укканда бардыгыбыз алеки секундда акчаны ортого коёт деп Цзинцзин Тиртееваны таң кала тиктедик. Дубалда илинген сааттын жебеси гана угулган тынчтык орноду. Демек, акчаны кантип тапканымды айтып берсем берет экен деп:

– Меники, – деп жоошуган аттай өзүмдү бастым. Абжем ишенимдүү көздөрүн менин жалдыраган көздөрүмө туштап:

– Болуптур! – деди.

– Абже, чоң ыракмат! – деп сүйүнүп кеттим, «Болуптур», – деген макулдук сөзүн угуп.

– Жаман шашмасың да, коё турчу.

– Макул, кулак сизде, – деп илбериңки боло калдым заматта.

– Макул, акча сеники дейли! – деп дагы бирдеңкени айткыча эле...

– Ооба! Меники! – деп ийдим кубана. Абжем кубанганыма мисирейе карап:

– Канча акчаң бар эле? – дегенде ок жеген макулуктай буйдалана:

– Жүз долларлыктар, беш миңдик сомдор бар эле, – деп шаша-буша айттым.

– Макул, мунуңа ынандым. Эми жүз долларлыктан канча, беш миңдиктен канча бар эле, жалпы суммасын да так айтчы, садага болоюн? – дегенде маң болуп, үй тапшырмасын аткарбаган окуучудай, мукактанып калдым. Абжем ушул жерде таамай сөзү менен өлүм жазасын аткарган касаптай кылычын тик көтөрүп, желкемден ылдый чапты:

– Демек, акчанын так суммасын билбейсиң?

– Мммм.... – деп акчаны эсептебей койгонума өкүнүп



калдым. Эсептеген болсом деле «Кайдан алдың?» деп акчанын булагын сураса, айта албайт элем. Ушундан пайдаланып демилгени колго алып, абжем – тергөөчү, мен – кылмышкерге айландым:

– Акчаны кайсы жерден уурдадың? – деди ордунан ыргып туруп, менин артыма өтүп, желкеме туштап кесе сүйлөдү.

– Нан урсун, уурдаганым жок. – дедим, анын жүзүн окуй албай. Ал дагы эле артымда турган абалында:

– Анан...

– Таап алдым! – деп акыры агыман жарылдым.

– Таабалды «бакс» таап алыптыр. Ха-ха-ха! – деп Жеймс Картер каткырып. – Ээ катын, иниңи эмне эле кыйнап жатасың? Таап алыптыр. Болду эми, сурагылай бербечи. Акчаны апкел, бөлүшөлү, – деди эле.

– Былжыраба! Эч кандай бөлүнбөйт.

– Акча меники! Бөлүшпөйм! Мен аны Жалал-Абаддан бери коруп келе жатам, – дедим.

– Таабалды, көрдүңбү?

– Эмнени?

– Сен «Акчаны бөлүшпөйм» деп канча кыжаалат болуп жатасың. «Акчамды таап бергиле» деп кыйкырынып да жатасың, жадесе жалдырап да жатасың. Керек болсо бир туугануң болгон мени өлтүрөм деп жатасың. Туурабы?

– Кыжаалатчылык деп жумшартып айттыңыз. Туз жуткандай туталанып турам.

– Түшүндүңбү?. Сен таап алган акчаңды – жоготуп алганыңа азап чегип жатасың.

– Түшүнбөйт деп ойлодум эле. Ыракмат түшүнгөнүңүзгө.

– Эми ушул акчанын чыныгы ээсин элестетип көр, канчалык азап чеккенин. Балким, бул – мамлекеттин олуттуу

мекемесинин акчасыдыр? Майыптардын кем-өксүгү, тамагынын акчасы болсочу? А балким, кары-картаңдардын дарысынын же ымыркай таштанды балдарга жумшалчу акчадыр?

– Муну менен эмнени айткыңыз келип турат? – деп шаабайым кыйла сууду.

– Акчадан иштеттиңби?

– Ооба. Молдо жездем берген беш миңди жездем барсеткасына салып, сөрүдө унутуп калган экен.

– И-иии.

– Бир болсо жанагы шудуңдаган таз баш киши алып койгондой. Жездем «Сен алдыңбы?» дегенде, берки акчаны таап алат деп корккомундан беш миңдиктен бирди сууруп, иштеттим, – дегенде...

– Эмне тез кубулуп кетти десе, а жашшабагыр. Ошондо эле өлгөн экенсиң да, – деп кытмыр тиктеди Жеймс Картер.

– Дагы алдыңбы?

– Жүз доллар.

– Иштетпесең, ордуна коюп коёлу, иним. Акчаны өз ээсине беребиз, – дегенде кыйналып, уялып жатып, төш чөнтөккө уялаган «долларбайды» сууруганда жүрөгүм «чызз» этип ооруксунтуп араң бердим. Айсулуу жок болсо бербесем керек эле, жумшаганымды көргөн эжем:

– Макул, муну ордуна кошуп коёлу, берки беш миң ортодон иштетилди. Аны биз ордуна коёбуз, жада калса аны Жеймс жоготкон турбайбы? Мына силер издеген акча, – деп жашыл түстүү, инкассатордук төрт бурчтуу, мага таанош сумкени стол үстүнө «тап» этип койду. Бугачекти бул ири акча же жок экендигин азил-чыны аралаштыра сөз талашып, ар кимиси өз билгенин ооз учунда гана айтышып, эгер чындап бар болгон болсо, «Бизди унутпагыла. Менин шыралгамы берип койгула», – өңдүү сөз кошуп, кайсарланып жатышкан. Ал эми үстөл үстүнө инкассатордук сумка Нью-Йорктогу кудум «Эркиндик» статуясындай кокойгондо баары бир саамга дендароо болушту. Баягы сүйүктүүңө эң алгачкы жолугушууга барып, анын сулуулугунан, ички сезимдериңдин баёолугунан сүрдөп, сөз айтууга даай албай турган абал орноду. Инкассатордук жашыл сумка сыртынан геометриялык төрт бурчтуу фигуранын сөлөкөтүн берген менен ичинде миллиондогон жашылбайлар пачкелеп, таңгакталып турганын аңдаганга соттун чечимин күткөн айыпталуучудай баары үн катпай калышты. Мен муну жоготуп алып, тойдо чок үстүндө отургандай ичимен кан өтүп, жүрөгүм ачышып калганга тапалагымы кайрадан көргөн көзүмө ишенбей үстөлгө акырын басып келдим. Ойнотуп алдап жатышабы деген күмөн туулганга акырын жибин чечтим, акчанын жыты «бурр» этип таноому аралаганга башым тегеренди. Мен муну талаадан таап алсам да, өзүмдүн жан боорумдай болуп калганга жок табылганына энем өлгөндөй боздоп жиберейин деп өзүмдү араң кармадым. Астейдил сумкенин оозун бошотуп, кудум аял кишинин ич кийимин чечинткендей ылдый сыдырдым. Пластик кленкаларга нык оролгон 100 долларлык, 5000 сомдук, 100 юандык, 500 евролук пачкелеген купюралар экенин көргөндө оозум кургап, таманым ысып чыкты. Цзинцзин эжемин, «Акчаны ээсине кайтарабыз», – деген чечими эске түшкөндө «2» алган окуучудай башым шылкыйып, отуруп калдым.

Ньютондун бүткүл дүйнөлүк тартылуу закону болгон Гравитация күчү баарын жер шарына тартып тургандай бөлмөдөгүлөрдүн баарынын алайган көздөрүн чабыттаган жан-дүйнөсүн, ойду-тоону омкоргон ой дараметин үстөл үстүндөгү акча кудум Гравитация законундай өзүнө магниттей тартып баратты. Булардын көңүл кылдарына кыяк

тартып, кыял чордонун ээлеген үстөл үстүндөгү «таңгакталган сом, доллар, юан, евролор» аларды жомоктогу учуучу килемге отургузуп, кыйыры көрүнбөгөн кыялдар дүйнөмүнө учурду. Жеймс Картер ар нерсени ойлоду, ардеңкени мерчемдеди. Дипломатиялык ишмердигинде акчаларды тутамдаган, ар иштерди каржылаган, иштеткен, табыштаган, эмне гана кылбаган. А эмнеге анда үстөл үстүндөгү акча терисине жармашып, оюн чаташтырууда? «Акчаны ээсине тапшырабыз», – деген Цзинцзин Тиртееванын намазын оңой эле тескери окуп коём. Эң башкысы муну таап алган Таабалдыга бир аз шыралга берип, калганын өзүм иштетсем болчудай. Анткени «Унаа» меники болуп жатпайбы. Ал эми Таабалды менен Айсулууга бир батирге жете турган акча берсем ошого албетте ыраазы болот. Цзинцзин акчаны ээсине кайтарам деп көгөрүп туруп алса эмне кылмак? Ушунусуна шүгүр десин. Ал эми Иван Фитин менен Лакшми Тиртеевага бербей койсом, ар отурушта сасыткы сөздөрүн сүйлөп, кулак-мээми кагышат. «Калган акчаны кандай сарп кылам?» – деген собол жанганда Жеймс Картердин көзү тандырдагы оттой жалжылдап, ыргалган көңүлү жүрөгүн элжиретип «Туулган күнүңүз менен мистер Президент – деген үлбүрөгөн көйнөкчөн Мерилин Монрону жандай басты. «Мунун көзү өтүп кетпеди беле?» – деп таң кала, куттуктаганына баш ийкеп, аны чанып, жапжаш, ары супсулуу болгон актриса Элизабет Тейлорду тоотпой, кыялына кыяк тарткан, өзгөчө татынакай аялзатын дырдай жылаңач абалында кучактаган бойдон яхтада баратты. Бугачекти «Унаа» меники болгон болсо, эми «Яхта» меники болот. «Яхтага» кимди чыгарып, кимди чыгарбоону өзүм чечем», – деген, жайдак жүргөн күтүү сезими бышты аттай жылгадан окуранып чыга келди.

Иван Фитин аскердик кызматында тутамдаган акчаларды көз алдынан далай өткөзгөн. Чек арадан: акча баңги заттарды, мыйзамсыз товарларды ташып өтүүдөгү эбегейсиз акчаларды мамлекеттин куржунуна түшүрүүгө салымын кошкон. Танып болобу анча-мынча шыралга кадары оозун майлаган учурларга жол берген. Анысына эч өкүнбөйт. Анткени белекти чын ниетинен ыраазы болуп тартуу кылышкан. Атүгүл, «кепилдик беребиз – бул жөн гана ыраазычылык», – дешип, ант ичишип, кээ бири каргашкан. Негизи мыйзамды так сактап, принципиалдуулук жана чынчылдыкка ыктап иштеген. Акчаны – каражат катары гана пайдаланган. А эмнеге анда үстөл үстүндөгү таңгакталган сом – доллардар оюн кемирип, асма укол алгансып кан тамыры менен агып кыжаалат кылууда? Ушул таттуу оюу менен колунун келишинче, алынын болушунча күрөшүп, акыры ушул азгырыкка эмнегедир моюн сунууга аргасыз болду. Ушу кезде дароо канатын жайкалткан кыял кара кер атка учкашкан Иван Фитин да демделген аштай бүлкүлдөп кирди:

– Мен Иван Фитин – Кудайдын сүйгөн пендесимин, өз кесибимдин профессионалымын, элдин сүймөнчүк уулумун, үй-бүлөмдүн татыктуу түркүгүмүн. Эң башкысы бул акча ачыкталбай калып кетүүсү толук мүмкүн болчу. Шайтан Напси кошумча дөңгөлөктү сураганда, бул акчалар курткага оролгон абалында мен таап алдым. Жаман ойго алдырып, Суусамырдын бир жерине кымтып койсом, ким мага күнөө тага алат эле? Туурабы? Эч ким! Андыктан акчаны ээсине кайтарбастан ортодо бөлүнүшүн талап кылам. Албетте Жеймс Картер мени кубаттап чыгаары анык болуп калды. Ошондо Жеймс Картер экөөбүз акчанын 80 пайызын 40/40 тең ортодон бөлүп алабыз. Ал эми Таабалды менен Айсулуу Тиртеевдер 20 пайызын алганга сүйүнүшсүн. Акчамы эмнеге сарп кылам?

Уучулук – менин жан дүйнөм. Өзүм – нак Уучумун! Мен-мин деген заманбап курал-жарактарды, ок-дарыларды са-

тып алам. Күчтүү курал-жарак, жетиштүү ок-дары жанымда болсо – жаныбарың да, жаныжогуң да «кың» эте албайт деп, жаңы чыккан айды тиктеп кудуңдады.

Айсулуу менен Лакшми Тиртеевалар деле кудум Жеймс Картердей, Иван Фитиндей болуп бул акчага ээр токуп, ат кылып минип ары-бери чапкылап, кыялдар дүйнөсүнө сүңгүдү. Жалгыз Цзинцзин Тиртеева гана акчаны – Ээсине» кайтарам деген оюнан чегинбей үшүгөн колдорун куушуруп, ойлуу олтурду.

Жанареки отургучта мостойгон абалда канча олтурдум, бир маалда көзүм ойноктоп, акча жыты мурдуму кытыгылап, жүрөгүмү тыбыратты. Кайдан-жайдан жанагы Шайтан Напси пайда болуп, эки колун кулагыма такап, шыбырап кирди:

– Бул – сенин акчаң. Цзинцзин Тиртеева жолтоо кылса, союп сал! Акча дүйнөнү башкарат. Күч – атасын таанабайт, – деп көздөн кайым болду. Тиги кулактан кирген сөз буйрук болуп каныма, жадыма сиңгенге заматта стол үстүндөгү инкассатордук сумкени колума алып:

– Акча – меники! Уктуңарбы?! – деп алдыга умтулганымда Жеймс Картер жолду буюн деп калды эле, – Жолтоо болбогула!!! – деп кыйкырып, Айсулууну жетелеген бойдон батирден заматта атып чыктым. Түсүмдүн жырткычтай түнөргөнүн, тамагым айрылгыдай кыйкырыгымды уккан Тиртеевалар менен жезделер ордунда цементтей катты. Шамалдай куюндап таксиге чыгып, «менмин» деген мейманканага жайгаштык. Акчам менен аялым жанымда болгон соң дүрбөлөңгө түшкөн жаным жай алды. Жан жай алганда курсагымдын ачканын сездим. Акча санаасы менен болуп, олтурган тойдо бир бүдүр тамактан өтпөгөн. Тамак буюртма кылсак кайнатма – бирдемелерди алып келишкенине ичим чыкпай, сыртка жөнөдүм. Караңгы түнгө жарык



тартуулаган килейген дүкөндөн чучук-эт, куурулган тоок, суусундуктун түрүн алдым. Мейманканага кайтканда жол боюндагы кийим сатуучу дүкөндүн көргөзмөсүндөгү манекенге кийгизилген саркеч аппак шымы көңүлүмө жакты. Эскини шыпырып, жаңыны кийдим. Айсулуу көрсө деле дудук кыздай эч үндөбөйт. Анын үндөбөгөнү кыжырымды келтирди. Же бир шымың жарашыктуу экен десечи, алып келген даамдардан бир тилим ооз тийсечи. Өлүп кет дедим да, табитим ач карышкырдай болуп, эт-чучуктан жеп кирдим. Сугунуп, оозума толтуруп, чайнанып жатканда балкон эшиги «Кы-ыыйч», – деп ачылды. Ушу кезде жанагы эң алгач Өзгөн мунарасынан кездештирген, кийинчерек Кара-Көлдө «өз билемдик» сотуна алган бойлору шатыдай, ыраңы капкара, орсойгон тиштери канга боёлуп, коюу узун чачтары жер чийген, көздөрү чагылгандай чартылдап, үстүнө кара чапан кийип, күмүш куруна китеп кыпчып, түк баскан колдоруна чоң темир айбалтаны көтөргөн, эгиз козудай опокшош эки жолоочу балкондон кирип келишти. Бири канжарынан тамган канды аарчып, өгөө ташка курчутуп кирди. Үй алдына боз үй тигилип, Айсулуу менен апамдын кошогу угулган тажия зыйнаты кайрадан көз алдыма келип, ажалдын ачуу даамы даамданды. Жан алгыч айбалтасын мага кезеп:

– Акчаны ээсине кайтарам деген убадаң кана? Тамагыңды тыйбагандыгыңдан таттуу жаныңдан айрыласың, – деп кан тамган айбалтасын үстөлгө чапканда, тамак-ашка чачырады. Булардын шумдуктуудай түсүн көргөндө жүрөгүм түшүп калды. Жаным көзүмө көрүнүп, корkконумдан жалынып, жалдыраганга өттүм:

– Суранам, жаныма тийбегиле! – деп.

– Жан ширин бекен?

– Аябай!

– Жолдо «Ыңгайлуулук» боюнча сөз кылып жаттыңар беле?

– Ооба.

– Анда угуп ал. Жан – Кудайдыкы, денең – жердики. Түйүлдүк жаткан тон – перзенттин ыңгайлуу жайы. Жарык дүйнөгө келгенде кийим кийгендей денеге ыңгайлашат. Жан денеге жайгашып, ал жерди ыңгайлуулукка айлантып, чыккысы келбей калат. Жандын ыңгайлуулугу – сүйүүдө. Кудайды, ата-энесин, жубайын, Мекенин, колу-кошунасын, дос-жарын, кызмат-жумушун, эли-журтун сүйүп жашаган инсан ар дайым бактылуулукта жүрөт. А дененин ыңгайлуулугу – кабыр.

– Эмнеге?

– Эстесең. Адам «Жакшы уктап, эс алып алсам экен» деп өмүрү өткүчө эңсейт. Ошол түбөлүк уйку кабырда болуп жатпайбы?

– Кабырдан сүйлөп калдыңар, баары бир жанымды алып тынат экенсиңер, – деп миң жашагым келип жатса да, жашоодон чындап түңүлдүм. Коркунуч кетип, аёо сезими панардай жанды. Апам менен Айсулуу көз алдыма тартылды. Ушуларга кыйын болот. Түйүлдүктөгү төрөлө элек балам эске келди. Ал кантет экен? Ушуларды ойлоп, баарын тескеген, Кудайдын сөзүн сүйлөгөн булар кимдер? – деген ой келип:

– Силер кимсиңер? – дедим.

– Жаратkандын Азиреил Периштеси, – деп чөнтөгүнөн бир тутам арканды сууруп: – Сага берген мүмкүнчүлүктү пайдалана албадың, – деп артыма өтүп, моюнума сыйыртмак салып, муунтуп кирди. Кайрадан көзүмө бейиштен түшкөн кой тартылды, кудум койго окшоп төрт буттап, чөк түштүм. Аба жетпей өзөрүп калдым. Кылтакка түшкөн бадылыктай тыбырчылап, абадан жутунайын дейм, же тамагымдан өтсөчү? Төбө чачымдан чапчып, артка кайрып, кудум



койду курмандыкка чалгандай кызыл өңгөчүмдү кырсылдатып, бууп салды. Көзүмө ала чыйырчыктардын балапандары тартылды. Жат ала чыйырчыктар балапандарга темир тикен жедиргенде аш кыла албай муунуп, «тап» этип жерге кулап жан бергендери эси-көөнүмдөн кеткис болгон. Муну ойлогондо жадыма акча эмес, бир гана жаным көрүндү. Кандай гана болбосун айла таап, кандай гана болбосун мүмкүнчүлүк таап, жанды аман сактап калуу – дүйнөдөгү эң негизги максатыма айланды. Он гүлүмдөн бир гүлүм ачыла электе, минтип жан берүүгө өзүмдү кыйбай турдум. Биринчи жолу акча, байлык, бийликтен – «Абанын» кымбаттыгын сездим. Ушунча жашап, басып-турганыма, ичип-жегениме, сүйлөп, жөн гана дем алганга бир ирет да ыраазы болбопмун. Эч кандай айлам да, аргам да калбады. Өлөт деген ушул экен деп тирүүчүлүк менен кош айтышып жатканыма аябай ызаландым. «Эмнеге жаш болсом да жаштыгыма карабай жанымды алып жатат?», – деп кан жутуп Жараткандга, анын Периштелерине, ата-энеме, бир туугандарыма, колу-кошуналарыма, айтор, бүт баарына наараазы болдум. Ойлорум быт-чыт болуп, наалыган наарazычылыгым моюн сунууга, өлүмдү аргасыз кабыл алууга айланып баратты. Өлүмдү ушунчалык бат кабыл алуума эмне себеп болгонун өзүм деле аңдабай калдым. Болбосо, жашагым келип жатты, аябай жашагым келип, жашоонун ар бир күнүнө, ар бир көз ирмемине маани бербегениме, ата-энеме, бир туугандарыма, досторума, кошуналарыма болгон таарыныч сууга сиңгендей жок болуп, ал сезим – аларга жетиштүү жылуу мамиле жасабаган арманга айланды. Айсулуума, атүгүл, табийгатка да тиешелүү көңүл бурбаганыма бармак тиштеп, өкүнгөнүм кеч болуп, ичимден кан өтүп, дилим сыздап турду. Тээ, жолдугата, «асан-кайгы» болуп, «Багажникте» кысылганым тозоктун отундай сезилип жатпады беле? Көрсө ыңгайлуулуктун туу чокусу «Багажник» болуп

чыкты. «Багажниктен» качам деп, минтип ширин өмүрүмдөн айрылып жатам. Азыркы акыбалым, бир бутум көрдө, бир бутум жарыкчылыкка таянып, аракет кылып жаттым. Айсулуу да менин акыбалымы көрүп ыйлап-сыктап, жан далбас кылганы менен, бу дөөдөй болгон жан алгычтарга алы жетпестигин түшүнгөндө, минтип ит муунткандай арам өлбөй, эң-кур десе адамча жан берсем экен деп эңсеп калдым. Мурдума абаны жутайын дейм, мурдумдан барган аба кызыл өңгөчкө жеткенде буулуп, ары өтпөй, өзөргөн өпкөм капастагы чымчыктай тыбырчылап-тырпырайт. Бир эле дем алып өлсөм, ыраазы болот элем деп эңсегеним – аба. Ушу кезде экинчи жан алгыч канжарын ашказаныма матырды. «Чызз» этти. Көзүмдү караңгы түн каптап, адам чыдагыс ооруксунуудан кыйкырып, онтодум. Канжардын дарты катуу болгондуктан жоон ичегим улуу заарамдан салаңдагандай сезилди. Бир кезде, деңизде толкуган кемедей болгон жаным абада калкыгансыды. Бир болсо жаным чыгып баратты. Согушта Мекен коргоп, элин коргоп өлгөн баатырлар эмне үчүн элдин эсинде түбөлүк калганын эми гана түшүндүм. Кээ бир адамдар оор илдетке кабылып, же кырсыктап калса, эл-журт анын дарылануусуна акча жыйнап, кол кабыш кылышса, бейтап айлап-жылдап дарылануптур, анан гана: «Паланча өлүптүр, түкүнчө акка моюн сунуптур, бечара оору менен күрөшүп жатпады беле?», – деп сөз кылышчу. А, менин өлүмүм, чиркейди шапалак менен чаап өлтүргөнгө тете болбодубу, аттиң. Өлгөндө да жөн өлбөй «Ууру» атыгып өлүп жатпаймынбы? Кудум чиркейдей эле бейпайда өмүр сүрдүм. Чиркей элдин канын сорсо, мен өзгөнүн аманатына ээ болгонго далалат кылдым. Кээ бир улгайгандар улагага тырмышып, керээз айткысы келбей, жашоого үмүт кылгандардын акыбалын жон терим менен сездим. Керээз айтууга чамынуу – чоң энеңдин оюну эмес экен. Айсулууга оюм аркылуу кайрылдым: «Жаным, мен



өлдүм. Таабалды өлөр алдында: «Акчаны ээсине кайтарып бергин деди», – деп керээзимди айттым. Арыраакта айбалтасын жөлөп койгон жан алгыч каардуу көзүн аңырайтып, канкордук менен муунтуп жатат. Жаңы алган аппак шымымдын арт жагы кыпкызыл кан менен эмнегедир кара түскө боёлуп калыптыр. Кызылы кан экени түшүнүктүү, ал эми кара түс эмне экенин такыр түшүнбөдүм. Көзүмдүн карасы кетип, ак каптап калганын көргөн Айсулуу эч нерсени түшүнбөй, жанымда эчкирип ыйлоодо. Көз жумулуп, жан чыкты. Жаным абада калкып, майит ылдыйда көмкөрөсүнөн сулайды. Жаным ыңгайлуулукка айланткан денесине тырмышып, чыккысы келбей жатты эле, мына минтип эркин абалда калганда түрмөдөн азаттыкка чыккан адамдай жыргай түштү. Атүгүл, жанаарак түрү суук жан алгычтарды көргөндөгү коркунуч тыптыйпыл жок болуп, алар менен кадыресе тең ата сүйлөшүүгө белсенип калдым. Жан алгыч жаныма келип:

– Ичер сууң бүттү. Көрдүңбү, жада калса уурдалган акчага алган шымың да сага буюрбады. Эми жеген казы-чучукту да кусасың, – деди. «Майит тыякта жатса, мен быякта жүрсөм, кантип кусат экенмин?» – деп башым жетпей, тиги кызыл-кара канга боёлгон шымды тиктеп, сурадым:

– Кызыл түс кан экенин түшүндүм. Ал эми тиги кара түс эмне?

– Эй, сен, бизди көргөндө эле, коркконуңдан шымыңа жайлап койдуң! – деп каткырыкты калың салды.

– Канжарды ичке матырдыңар да, туурабы? – деп анын каткырыгына ызаланып турдум.

– Канжар-манжарсыз эле, чочуганыңдан ашказаның айрылып, улуу заараңдан кан кетти. Шымың кан менен бокко боёлду, – дегенде бу сапар да эмнегедир кой жаныбар эске түштү, тооба. Койду багажникке жүктөөр алдында же мууздаар алдында оозу-мурдун думчуктурганда улуу заарасын ушатып койчу, ошондой болгон турбаймынбы деп ойлон-

гуча тиги жан алгычтар менен кошо өйдө көтөрүлүп жөнөдүм. Айсулуу бара-бара кичине көрүнүп, бөлмө, үй, шаар кичирейип, ак булуттардан бир канча эсе өйдө кең мейкиндикке чыктык. Бир тарабы: көк майсан, жанынды жыргаткан шырылдаган дарыя, жаркыраган жылуу күн, танооңду магдыраткан жагымдуу жыт, түркүн куштар: Бахтын, Моцарттын, Вивальдинин сүйкүмдүү музыкаларын сайроодо. Экинчи тарабы: жүрөк үшүн алган алоолонгон от, кулактын кужурун алган ач кыйкырыктар, жан чыдагыс өкүрүктөр, куйгөн талаадан чыккан ит өлүгүндөй сасык жыт, курукчулуктан тилин салаңдатып суу издеген макулуктар, түтүндөн түнөргөн асман. Ошол эки тараптын ортосундагы шиш аскадагы жалгыз аяк тайгак жол менен баратып баарыбызга тааныш болуп калган каарманга туш болдук. Өңү көмүрдөй капкара, көздөрү киртейип, оозундагы тиши түшүп жок болгонбу, жаактары эмшейип, тытылган кийиминен кабыргалары эсептелип калыптыр. Аны жанынан көргөндө көргөн көзүмө ишенбей калдым. Бул жанакы жашы элүү бештер курактагы, орто бойлуу, курсагы чедирейип салаңдаган, кыймыл аракети шыпылдаган таз баш киши – Шайтан Напси экен. Албетте, мурдагы чедирейген курсак шылынып, жалтырган таз баш чала айдалган жерге окшоп одурала болуп, көтөрөм аттай өлөйүн деп калыптыр. Кыймыл аракети да мурункудай шыпылдабай, сылтып басканына караганда өлгүдөй сабоо жегендей араңжан. Шайтан Напсини көрүп аң-таң калгыча кийинки каармандар дагы, албетте, кызыгууну жаратканын жашырып болобу? Үстүлөрүндө жыщылган аскер шинели, буттарында тамтыгы чыккан өтүк, моюнга чейин канга боёлгон Гитлер менен Сталинге куюп койгондой окшош эки адам канга толгон миң литрлик казандан аскерлердин үзүлүп-жулунган башын, бут-колдорун, кулак-мурундарын, оюлган көздөрүн туулга менен алып, ирэтте турган мүчөсүз аскерлерди хирургиялык ийне менен тигүүдө. Оро-парада, тиги боз үйдөй казандагы канды агартабыз деп, эчкинин болгону бир чыныдай сүтүн саап, казанга куюп жатышат. Канча жылдан бери ушул иш менен алек болгондоруна караганда чарчап-чаалыгып калышкандай, утуру маңдайынан аккан терди жеңи менен сүртүп, кайра эле жогорку иш менен алек. Наполеон менен Чыңгыз Ханга кебетеси окшош кишилердин эркек мүчөлөрү тимеле былжырап, курттап кетиптир. Бирин ыргытса, кийинкиси жан жерин тиштеп, кургурларды курутуп жатат. Бирөөнүн каарынан катуу коркуп калышканбы, айтор, жан жери тигинтип жатса да, тизе бүккөн абалда зордукталган кыздардын канга боёлгон денелерин жууп, тазалоодо. Көздөрүнөн жаш эмес кан агып, ыйлап олтурушат. Султан Сулейман менен Темирланга түспөлдөш эки эркек гаремдеги ар улуттагы туткун, энеси өбө элек кыз-келиндерден кечирим сурап, алардын канга боёлгон кийимдерин чарага салып, эзгилеп, жууп олтурушат. Бул каармандарды дүнүйөнү өз доорунда колуна мыкчыган белгилүү инсандарга окшотуп, Кудайдын Периштесинен сурайын десем, ал менин оюмду алдын ала окуп алгандай го: «Мммм...», – деп, «Ушундай» дегенсип башын ийкеди, мунусун түшүнсөм, түшүнбөсөм да, оозум ачылып: «Бул жер эмне?» – деп сурадым, жан алгычтын бирөөсү:

– Тиги жазууну окусаң, – деди, жазууну окууга үлгүрбөй катуу ылдамдыкта бараткaнга кылчайып карасам «Ашкана, Китепкана» деп жазылчу табличкадай, бадырайып «..... кана» деген жазуунун аягын гана окуп калдым.

– Толук окуганга үлгүрбөй калдым, – дегенимде, экинчиси билинер-билинбес мыйыгынан жылмайып:

– Мертинбей мизи курч Манкүргө,<br>Сестенбей жан алгыч Накирге,<br>Шайтандай Напсиге кул болбой,

Тан бердим күн болгон Банкирге!
Кубантып заар чачкан Манкүрдү,
Нурдантып каарданган Накирди,
Азели ааламда көрбөгөм,
Бейиши болгон Банкирди, –

деп ырын окуду. Ойлонуп көрсөм аз жашасам да, бирөөгө зыяным тийбегени менен бейишке түшкүдөй жарытарлык деле иш кылбапмын. Эсиме уурдаган акчам эске түштү. Ал кылмышка жатпайт деген пикир жаралып: «Эмне мен бейишке түштүмбү?» деп ичимден кымың эте кубанычтуу ойлоно калдым. Осурганым угулгансып, жан алгычтар каткырып, маскаралагансып чын ыкластан ыкшып күлүштү.

– Биз баарынын оюн окуп турабыз! Пенденин ниети менен пикири алаканга салгандай болуп, бадырайып көрүнүп турат! – деди Кудайдын Периштеси. Оюмду окуп алганга уяла түштүм, мунумду байкап калганга ырсалаңдаганын коюп, жүзүн олуттуу кылып:

– Ишке ашпай калган таттуу кыялдарыңды эмне кыласың? – деди күтүүсүздөн.

– Кайсы?

– Аппак кардай унаа менен заманбап ремонттуу батир алып, Айсулуунун контрагын төлөп, ага баш-аяк сарпай кылам деген.

– Кудайдын Периштеси – ал махабатымдан кайттым!

– Эмнеге?

– Кудай жок жерде береке болбойт, – деп мен дагы акыл уюй баштаган оюм менен бөлүштүм.

– Мунуң туура. «Кудай кааласа» деген сөздү эсиңден чыгарып, Кудайды унутуп, өз билемдигиңе салдың.

– Ишенсеңиз, ал кыялдар башында канчалык таттуу болгону менен, анын кесепети көр азабындай болду. Столбага байланып, эл таш бараңга алып, бир өлүп, бир тирилип, сиздердин эскертүүңүздөр менен жаным аман калгандан кийин, муну аян катары кабыл алсам деле кыйлага дейре нес болдум. Жан дүйнөмдү титирек каптап, тамактын даамы билинбей калды. Кан басымым башка тээп, караңгы көрдө жаткандай жан дүйнөмдө тополоң башталды. Жылан жутуп алгансып, көөнүм айланып, өтө жаман абалга кептелдим. Туугандарым: «Унааны башкарып бер», – деп чакырганда чаяндын алкымында чайналып азапка батканымды заматта унутуп, кайра эле Текеберчилик моюнума отуруп, шайтандай ойлоруму жетеленип кеттим. Андыктан, ушул сыяктуу арсыз кыялдарымдан толук кайттым.



– Эмнеге андай чечимге келдиң?

– Ишенсеңиз, жанымда келе жаткан периштедей туугандарымды көзгө илбепмин. Сүйүүсүн, өзүн, өмүрүн мага арнаган жубайымдан – жаман иштерди жашырыпмын. Жакындарымдын арзуусун чанып, Жаратканга, табийгатка кыянатчылык кылып, жаны жок акчанын кулуна айланыпмын.

– Баракелде! Акча капчыкта туруш керек, сен жүрөгүңө киргизип албадыңбы!

– Моюндайм.

– Ал эми сен эңсеген кыялдарыңды, буюм-теримдерди бешене тер, адал эмгек менен ишке ашырып жатышпайбы?

– Туура.

– Анда ошентпейсиңби?

– Адал акчаң деле – Азгырык.

– Кызык, дагы кошумчаң барбы?

– Бар.

– Айт.

– Дүйнөдөгү эң негизги ереже – Ата-энең, Мекениң, досуң, туугандарың, өнөктөшүң, кесиптешиң арткан ишенимге өмүр өткүчө темирдей бекем болуу. Ушул эрежени кар-

мансаң өмүрүң гүлгө айланары – улуу чындык. Ушул сенин нукура – «Ыңгайлуулугуң!»

– Кайрадан өмүр берсек эмне кылат элең?

– Эң оболу жардамга муктаж болгондорго кол кабыш кылуу ойлорумду ишке ашырмакмын. Ак менен караны, арам менен адалды, ишеним менен кыянатчылыкты, өмүр менен өлүмдү ылгап калбадымбы? – дегенимде шуулдаган үндөр чыкты.

Жанагы, же бейиш эмес, же тозок эмес түшүнүксүз жерден ылдыйлап, ак булуттарга жакындадык, асмандан ылдыйлап, шаар көрүнүп, бөлмө көрүндү. Денем чөк түшүп, ыраңым көрдөй. Айсулуу эчкирип ыйлоодо. Тиги дүйнөдө жүргөн чоң атам, чоң энем, таятам, тайнемдер пайда болуп: «Кагылып кетейин, Манкур! Айланып кетейин, Накир! Бир ачууңду бер. Жаш эмеспи – жаштык кылды. Жан соога», – деп арачылап, жалынып жатышат. Өлүп калган дос-тууган, кошуна эже-ага, ини-карындаштардын сөлөкөттөрү колумдан кармап, жан алгычтын колунан чыгарып алалы деген жан далбасынан майнап жок. Буларды көргөндө ого бетер жашагым келип, абадан дем алайын дейм. Ушул эңсөөмдү, тиги чапанчан окугандай го, жаныма келип:

– Эгер акчаны ээсине кайтарсаң, жардам берем, – деген сөзүнүн кайталаганы кулагыма кайрадан шыбыр угулду. Аба жетпей жатканга оюм менен минтип жооп бердим:

– Бул акча мага бапаа кылбады. Желкем көрсүн! Аны таап алгандан бери – жан алгычтар жандап, утуру көзүмө шайтан көрүнүп, минтип жанымды сууруп жатасыңар. Эгерде жанымды алып калсаң, мындан кийин адамча жашайм. Эч качан бирөөнүн акысын жебейм. Туугандарым менен, жамаат менен ынтымакта болом, – дедим.

– Столбага байланып, эл ташбараңга алып, муунтуп киргенде мындай убаданы айтып, өлгүдөй каргангансың. Эмне унтуп калды деп жатасыңбы?



– Моюндайм. Аны түш катары кабылдап алыпмын. Көрсө аян тура. Бир жагынан тиги шыпылдаган таз баш киши да жолдон чыгарбадыбы?

– Мунуң туура, шайтан адамдын кейпине кирип, сени жолдуката азгырып келе жатат. Сенин өзүңдүн напсиң дагы ошого жол берип жатат да, Таабалды.

– Түшүнгүдөй болдум го. Эми чындап кайталанбайт, өлүп кетейин, – дедим. Кансыраган канжар көтөргөн жан алгыч беркиге көзү менен «Болду, жетишет» дегендей ымдады эле, ал сыйыртмакты бошотту. Экөө бирдей балкон жакка бурулуп, сыртты көздөй жөнөштү. Балконго жеткенде айбалта көтөргөнү башын бурду. «Жөн эле бармак эмизген окшойт, баары бир биротоло өлтүрөт экен» – деп үмүттүн кылы үзүлгөндө, мени тиктеп:

– Айсулууну жардамга чакыр, – деп көздөн кайым болушту.

Калкып жашаганга жыргай түшкөн жаным жерге «лап» этип түшүп, «Ыңгайлуулуктан» чыгып, «Ыңгайсыз» денеме жуурулушуп, арбактар көрүнбөй калды. Денем – кудум «Багажниктей» миң ыңгайсыз, ары куник болсо да, жалган дүйнө – ушунчалык катаал болсо да, тытылып-түгөнгөн турмушуң – өлгүдөй оор болсо деле «Багажниктегидей ыңгайсыздыкта» аябай жашагым келди. «Багажникте» Бишкекке чейин эмес мага демектен Меккеге чейин кетүүгө макул болуп, колумду араң көтөрүп «Жардамга», – деп Айсулууга ишаарат кылдым. Дагы эле аба жетпей ок жеген макулуктай кыңкыстап жатам. Мына жыйырма, отуз секундга ушундай уланса биротоло жан бермек болуп калганда Айсулуу алынын жетишинче жонума «дүп» этип муштады. «Ыыыых-ыыыых», – деген кыйылдак пайда болуп, биринчи ирет азыноолак аба келди. Эгер кадимки демейдеги дем алганды жүз пайыз деп эсептесек, азыркы келген аба он пайызга да жетпейт. «»Ыыыых-ыыыых», – деп дагы эле тыбыр-

чылап жатам. Бүт денемди титирек менен көл-шал кара тер басып, алым кетип жатса да бүт күчүмдү топтоп дем алдым эле, өпкөмө жетпей эле ичиме кирип пайдасыз болгондой болду. Арадан он, он беш секунд өттү. Чамасы жанагы мени муунткан жан алгыч өлө турган деңгээлге жеткирип туруп, коё бергендей. Эгер дагы жыйырма секундга уланса эми чындап жан берем го деп жатканда Айсулуу колдорун асманга көтөрүп күчүнүн болушунча жонума дагы «дүп» этип сокkондо оозу-мурдум титиреген бойдон: «Ыыыы-ыыыых», «Ыыыы-ыыых», – деп абадан оозу-мурдума топтоп өпкөмө айдаганымдан эч кандай майнап чыкпады. Баштараак бөлмөдөгү буюм-терим көрүнүп жатты эле, эми көзүмдүн көрүүсү тумандашып, жарыктыкты өчүрүп, тамызгандай акыбалга кептелдим. Айсулуу ушуну байкап калганга эки колун бир муштумга бириктирип, алынын болушунча отун жаргандай жонума чапты. Бармактай эт оозумдан заматта учуп чыкты. «Ыыыых – Ыыыыых», – деп тээ өпкөмдүн ылдыйынан кыйылдаган «Хыыыйк», – деген өлгөн адамдан чыкчу кыйылдак чыгып, жөтөлүп, какап кирдим. Жаш мөндүрдөй төгүлдү. Жаным асман-жер болуп, денем солкулдап, титирек каптады. Ток этери – бир өлүп, кайра тирилдим. Баятан бери Айсулуунун кеби угулбай жаткан болсо, эми гана кулагымдын парсылдагына жан кирип, угуусу ачылды:

– Таабалды! Арам акчанын кереги жок! Сен мага кереksиң! Өлүп, тирилдиң, – деп жалынып, шолоктоп жатыптыр. Нары барып, бери келгенге жан дүйнөмдөгү мурунку ач көздүк аңгырап бош калды. Тиртееваларды, Жеймс Картер менен Иван Фитинди жек көрүү кумга сиңгендей жок болду. Өлүп, тирилдим, 9-март менин экинчи туулган күнүм болуп калды.

Инкассатордук сумкени көтөрүп, Айсулууну жетелеп Тиртееваларга, Жеймс Картерге, Иван Фитинге жолугуп, акчаны өткөрүп бердим.



– Таабалды, соңку окуяны угуп жатканда мени да басырык баскандай муунуп, кыйналып кеттим, – деди жолоочум Исраил мырза.

– Кеп чындыгында деле ошондой болгон.

– Шегим жок дечи. Эгер андай болбогондо өлүп кетсең дагы акчаны кайтарбайт элең. Бир собол бар, сурай берейинби?

– Сураңыз.

– «Ашкана, Китепкана» сыяктуу табличкадагы «.....кана» деген жазууну гана окуп калдым деп жатпайсыңбы? Чамасы ал жериң «Сураккана» окшойт?

– Балким..,

– Тиги түсү суук эки жолоочу сени муунтуп жатканда Айсулуу чочуп-почуп калбаппы?

– Исраил аке, мен дагы Айсулууга дал ушундай суроо салдым.

– Эмне деди?

– Мени жинди деп ойлобоңуз, Айсулуу аларды көрбөптүр.

– Койсоң?

– Айсулуунун айтуусунда: «Ыраңың заматта боппоз болуп, көзүңдүн карасын ак каптап, айбанга окшоп төрт буттап, жип менен моюнуңдан муунткандай аба жетпей какапчакап: «Ыыыы-х, ыы-ыыых», – деп кыйылдаган үн чыгып, мага кол жаңсап, жардамга чакырдың. Жонуңду, моюнуңду көргөзүп «Жардам бер», – деп ишаарат кылганча аба жетпей: «Ыыыых, ыыыыы-х», – деп көздөрүң аңтарылып калды. Адам көрсө ушинтип өлөт турбайбы деп жонуңа күчүмдүн болушунча чапкылап кирдим. Бир кезде оозуңдан чоң тиштем эт бүкүлү чыкканда кышылдап, оонап, энтигип, эчкирип ыйлап кирдиң», – деди.

– Эй, Таабалды, токтой турчу, бул жагы түшүнүктүү болду. Ал эми тиги пакеттеги таңгакталган акчанын тагдыры эмне болду? – деп бүйүрү кызый сурады жолоочум болгон Исраил мырза.

– Ошко келгенден кийин Тиртеевалар интернет, соц. тармактар, тааныштары аркылуу «жок» табылганын кабар беришти. Кимдер гана келбеди? Дал мага окшоп, «Палан миллион доллар», «Түкүн миллион сом» – деп акчанын так суммасын айта албай, куру кайткандарга күбө болдук. Жок ээси табылгыча жарым жылдай убакыт өттү.

Бир күнү Жеймс Картердин үйүнө боорунда «милиция» деген жазуусу бар унаа токтоду. Машинеден формачан эки милиция менен бирге кымбат костюм кийген кычыраган киши түшөт. Ал – жеке ишкер экен. Акча жоготкону тууралуу жана денесине жаракат алганы боюнча милицияга арыз менен кайрылган экен. Милициялар ошого коштоп келгендей чамасы, аныгын так билбейм. Цзинцзин Тиртееванын жанагинтип сураганына тиги ишкер: «Паланча пачке жүз доллар, түкүнчө пачке беш миң сом, паланча пачка жүз юан, түкүнчө пачка беш миңдик рубль, паланча пачка эки жүздүк евро», – деп акчанын тыйын-тыпырына чейин так суммасын айтат. Ишкерге Кудай берди болуп акчасын кайтарып берет. Ыраазы болгон жолоочу Цзинцзин Тиртеевага ири акчаны сүйүнчү катарында бергенде абжем такыр ынабай: «Бирөөнүн акчасы эч качан бирөөгө буюрбайт», – дейт. Акчадан жарым жартылай үмүтүн үзгөн ишкер ыраазычылык катары деп миң сомдуктан бир пачканы сунуш кылат. Цзинцзин Тиртеева анын көшөргөнүн көрүп, бир купюра гана алып, калганын кайтарып берип:

– Эмнеге ал жерге бекитип койдуң? – деп сурайт. Күүгүм маалда акча ташуучу инкассациялык унаа кечигип жаткан-га, ишкердин зарыл иштери болгондуктан, таңгакталган акчаны өз машинесине жүктөйт. Кылмышкерлер аңдып,



артынан түшкөнүн байкайт. Курорт жакын жайгашкандыктан дароо ошол жакка бурат. Жолдун чукул бурумдары, алактап шашкандыктан телефон колдон ыргып, аяк-быякка чалганга мүмкүнчүлүк болбой калат. Ажаткананын артына өтүп, жанагы мен таап алган жерге бекитип, кайра ажатканага кирген жеринен кылмышкерлер кармап кетет. Машинесин тинтип, шаар сыртына алып чыгып, кыйнашат. Канчалык кыйноого дуушар болсо да акчанын бекиткен жерин айтпай кутулат. Тилекке каршы, жараты күчөп, кан көп кетип, эси ооп, ооруканага түшөт. Ошол кезде мен акчаны таап, анын бекиткен жеринен алып кетип жатпаймынбы. Чамасы «Ошол акчаны кайдан алдың?» – деп чакырып жатышат окшойт тиги Мункар жана Накир аттуу тергөөчүлөр.

– Таабалды, «Тергөөчүлөр Мункар менен Накир суракка чакырды» деп жатасың. Булар тиги Өзгөн мунарасынан, Жалал-Абаддын курортундагы ажатканадан, Кара-Көлдөгү ашканадан, Бишкектеги мейманканадан көрүнгөн немелер эмеспи?

– Коюңузчу, аке. Антип коркутпаңызчы.

– Коркутпай-нетпей эле. Буларың атына караганда жанагы адам өлгөндөн кийин сурак алчу Кудайдын Периштелерин айтып жатат окшойсуң, – деп андан ары өз оюн айтып кирди.

– «Багажнигиң» – бул адамдын мээси. Багажникке күлүч топтомдорун, кошумча дөңгөлөк менен бирге пайдасыз да пайдалуу да башка нерселерди толтура берип башаламан болгондой. Адам мээсине керектүү да керексиз ойлорду толтуруп алып, ошондон азап чегет, же ыракаттанат. Руль – бул адамдын жүрөгү. Рулду башкарган Таабалды Тиртеев таттуу кыялдарга жетеленип, машинени аварияга дуушар кылып коёюн дебедиби? Демек, рулду түз башкарсаң ойлогон жериңе түз жетесиң дегендей. Жүрөгүңдүн тазалыгы – түз жолдон чыкпоонун көрсөткүчү. Руль талаш – напси менен

болгон күрөш. Шайтан Напси – аты айтып тургандай жолдон чыгаруучу, адамды азгыруучу кадимки «Шайтан». Сиз таап алган Акча – Азгырык. Акчаны «Багажникке» бекитип, тойго чейин бекитип барам дегениңиз, акчаны мээңизге биротоло сиңирип алганыңыз. Керек болсо «Акчаны багажникте кучактап келе жаттым», – деп жатпайсызбы? Оюңузду акча гана ээлеп алгандыгы. Рулду алдырып кайра рулга олтурганыңыз, жүрөгүңүз бирде акчаны ээсине кайтарам деп, кайра айныганыңыздан кабар берет. Жол – бул адамдын өмүрү, баскан жолу. «Тойго жетебизби? Унаа бузулуп калса, же балакет болсо жетпей жолдо калып кетебизби?» – деп сар-санаа болуп жатпайсыздарбы? Демек той – бул тиги ыйык китептеги Кудай убада кылган, Пайгамбарлар айткан – Бейиш. Ал эми жуп ала чыйырчык чала өлүк жатып, сиздин жардамыңыз менен тирилип кетти деп жатпайсызбы? Жуп ала-чыйырчык сиздин адебиңиз. Адебиңиз өлүп калбай, напсинин кулуна айлантпай сизди жамандыктан сактап калды.

– Ммм-ммм... эмне болду? – деп сурадым кайра Исраил мырзанын унчукпай, мени карап калган кебетесин байкап.

– Таабалды, кечирип кой иним. Бир суроо. Жанагы Мункар менен Накирди кайра көрбөдүңбү? – деди эле, оңтойсуздана, ыраңым бозоруп кетти. Исраил мырза:

– Кайра көрүпсүң ээ? Аларды эстегенде өңүң боппоз болуп калды. Кайрадан кайсы жерден көрүштүңөр?

– Шаарга жеттик Исраил мырза, кийинки жолугушууда айтып берейин.

– Кантсе да, аман бол балам.

– Аман болуңуз, – деп жооп узатып, Исраил мырзаны айткан жерине жеткирип, суракка чакырган дарекке бет алдым. Чочулоо же кооптонуу деле болгон жок, кандайдыр бир жоопкерчиликтүү жолугушуу болорун ойлонуп, унааны орто ылдамдыкта айдап баратып, дагы бир кызыктуу көрүнүшкө туш болдум. Өңү тааныш неме кол булгап



турат. Сооп иш кылып, жолоочуну жолубуз бир болсо ала кетейин деген пикир жаралды. Жанагы жолоочуга үч-төрт метр калганда көргөн көзүмө ишенбей калдым. Бул жанакы жашы элүү бештер курактагы, орто бойлуу, курсагы дирейип салаңдаган, кыймыл аракети шыпылдаган таз баш киши Шайтан Напси экен. Ыраң-башы бышкан дарбыздай болуп, тээ алгачкы жолуккандагыдай. «Токтосомбу же токтобосомбу?» деп арсар болдум. Ашып кетсе бир-эки секунддун аралыгында жуп чымчык унаанын алдында пайда болуп, тиги жолоочуну унаага отургузууга жолтоо кылгандай тарызде унаанын айнегине жакын учуп, менин көңүлүмдү өздөрүнө бурдуруп жатышты. Алардын мага тааныш жуп ала чыйырчыктар экенине көзүм жеткенде, эски таанышка учурагандай кубандым. Бу сапар мурункудай тынчсыздаsuccessors тескерисинче абада эркин, каалаганын чырыктабай, тескерисинче абада эркин, каалаганынып чырыктабай, мени кандайдыр дай бирде өйдө, бирде унаага жакын учуп, мени кандайдыр бир улуу жолго жолдоп, ушул багытымды колдогондой унааны коштоп учуп баратышты.

*Адабий-көркөм басылма*

**Сулайманов Жыргал**

**БАГАЖНИК**

*Роман*

Редакторлору: *Жумадин Кадыров, Нургүл Абдразакова*
Дизайнери *Мырзабек Кадыров*
Компьютерде калыпка салган *Рая Терибаева*

Басууга 19.02.2025-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 16,75 басма табак. Нускасы 1000.

«Улуу Тоолор» басмасынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, А. Үсөнбаев көчөсү, 149.

Тел.: 0772347028; 0705347028

300c.



**Сулайманов Жыргал Токторбаевич** – 1976-жылы 21-январда Ош облусунун Алай районунун Гүлчө айылында туулган. 1991–1995-жылдары Ош айыл чарба техникумун аяктаган. 1995–1998-жылдары Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университетин бүтүргөн. 1998–1999-жылдары Ош шаарындагы Батыш Билиминин Ош Институтунун (OIWE) аяктаган.

Үй-бүлөлүү, 2 кыз, 1 уулдун атасы.

2001-жылы Израил мамлекетинде стажировка өтүп келген. 2003-жылы Голландия мамлекетинде стажировка өтүп келген.

2018-жылы «ДИЛКӨӨНҮМДӨ ЖАНГАН ОТ» аттуу повесттер жана аңгемелер жыйнагы жарык көрдү (348 бет).

2019-жылы «ӨЗҮҢДҮ ИЗДЕ» романы, «КАРА РОЗА» повести жана аңгемелер жыйнагы жарык көрдү (471 бет).

2020-жылы «ЭФИР-1» жана «ЭФИР-2» телесериалынын сценарийин жазган.

2021-жылы «ЖЫЛАН ЭНЕ» романы, орус тилиндеги «ВОРОН» (орус тилинде) аттуу повести жарык көрдү.

(Контактык тел.: 0555 20 10 20, 221 10 22 10, ВатсАпп: 0555 20 10 20)

